КЫРГ
09
К-93

К-93 Кыргыз адабия-
тынын очерктери.

1943. 11-20 стр. отс.

ИРБИС

7364

КЫРГЫЗСТАН ТАРИХ, АДАБИЯТ ЖАНА ТИЛ
ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ

М. И. БОГДАНОВА, Ө. ЖАКИШЕВ, Т. САМАНЧИН,
К. А. РАХМАТУЛЛИН

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ОЧЕРКТЕРИ

Фрунзе КЫРГЫЗМАМБАС 1943

## РЕДАКЦИЯДАН

Бул китеп бүткүл кыргыз адабиятын белгилүү доорлорго ж
на түрлөргө жараша жыйынтыктап көрсөтүүгө умтулган бир
чи аракет болду.

Кыргыз фольклорун жана революциядан мурунку кыр
адабиятын жыйноо жана жалпы кыргыз адабиятын талдап иш
чыгуу жумушу аяктала элек. Ошондуктан бул китеп оче
катарында түзүлдү. Демек, илим изилдөө иши мындан ары ө
гүшүнө жараша бул китептеги айрым далилдердин, айрым ко
тундулардын толукталышы, өзгөрүшү мүмкүн. Мына ошонд
тан фольклордун жана колониялык доордогу адабияттын (
бул китепке киргизилбеди. Советтер кезиндеги адабият
болсо, азыркы күндө алдыңкы катарда турган чыгарма.
гана киргизилди. Бирок кыргыз совет адабияты да мын
ары дагы толуктанышы шексиз, анткени биздин азыркы иш
турган жозуучуларыбыз да жана жаңыдан өсүп чык
жозуучуларыбыз да улам жаңы, улам кооз чыгармаларды б
мек. Ал жаңы чыгармалар, албетте, кыргыз адабияты катары
орун алууга тийиш экендигине талаш жок.

Бул китеп жөнүндөгү эскертүүлөрдү Кыргызстан Агартуу
Комиссариатына жана Кыргызстан тарих, тил жана адабият и
изилдөө институтуна жиберүүнөрдү өтүнөбүз.

---

Гос. Публичная библиотека Киргизской ССР
им. Н. Г. Чернышевского
212388

I бөлүм

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ

## I

Өзүнүн көп кылымдар бою тарихи өсүү жолун баскан кезинкыргыз эли сөз искусствосунун сандаган көп түрдүү чыгармаларын иштеп чыгып, чогултуп келди. Алардын ичинен бириндатарды фольклор, же ооз эки эл творчествосунун чыгармалары ээлейт.

Өзүнүн жазуусу чыга электе чейин эле кыргыз элинин чөйрөсүнөн Калыгул, Арстанбек, Кылыч, Токтогул жана башкаларга окшогон эл акындары көтөрүлүп чыгып, алар өздөрүнүн поэзия чыгармаларын берүү менен кыргыз элинин адабиятына өзүнчө зор түзүштү.

Ооз эки сөз чыгармасы—фольклор—кыргыздын азыркы жазма адабиятына зор таасир этип, жазма адабият кыргыз элинин ооз эки чыгармасынын кенчинен материалдар сузуп алып турат. Маселен, либретто „Айчүрөк", „Балбай" поэмасы жана башка мол өндүү чыгармалар бүт бойдон фольклордун материалдарына негизделип курулган.

Кыргыз элинин фольклордук чыгармасы, СССРдин башка элдеринен фольклордук чыгармалары катарында, кыргыз элинин тарыхынын байыркы же октябрьга чейинки доорлорунда гана чыккан, Октябрьдан кийинки доорлордо да кыргыз элинин жаңы турмушун жана мамилесин көргөзгөн сандаган жаңы чыгармалар чыкты жана чыгып жатат.

Кыргыз фольклору кыргыз элинин жазуусу чыга электен алканча мурун кыргыз элинин арасына ооздон оозго өтүү адамы менен таралып келген ооз эки көркөм сөз чыгармаларынын жыйынтыгы болуп эсептелет. Бул чыгармалар тукумдан тукумга өтүп, өзгөртүүлөр киргизилип, коллективдин чыгармасы болуп кала берген.

Фольклор айтуучулар ал чыгармаларды аткарган учурда өз тараптарынан өзгөртүүлөр, кошумчалар киргизип, элге ашкере белгилүү болгон темалардын импровизаторлору катарында эл орточосуна чыгышкан. Алардын айрым таланттуулары профессионал ырчыга айланып, акыр аягында алардын ичинен эл акындары, ырчылар чыгышкан.

Азыркы биздин доорубуздагы бир топ белгилүү эл акындарынын ичинен төмөнкүлөрдү айтып өтүүгө болот: Токтогул, ордендүү Тоголок—Молдо, ордендүү Алымкул Усенбаев, ордендүү Калык, Осмонкул Бөлөбалаев.

Фольклор чыгармалары өзүнүн жарыкка чыгышы жана өсүшү кезинде бир элдин айлана чөйрөсүндөгү өзүн курчап турган турмушту байкоосуна жараша, дүйнөгө көз карашын, пикирин, тажрыйбасын жана даанышмандыгын көргөзүп келген. Ошон үчүн эмгекчилер массасы түзгөн эл чыгармасы илим жүзүндө бекеринен фольклор деп аталбайт.

Бул термин англиялык эки сөздөн түзүлөт: „Фолк“—„Эл“, „Лорф“—„көз караш“, „дүйнөгө көз караш“, „даанышмандык“: буларды жыйнактап келгенде жалпы „элдин элестүү көз карашы“ деген сөз болуп чыгат.

Искусство, өзүнүн өсүп келаткандагы жаш учурунда, синкреттик* болгон, демек, ал өз алдынча тармакка бөлүнгөн эмес. Поэзия бий жана музыка менен тыгыз байланыштуу бо..гон. Ал кезде байыркы замандын идеологиясы айрым түрлөр ажыратылып бөлүнө элек болучу. Ал идеологияда дин көз к..раштары табийгат закондорун жана коомдук тартиптерди ж..йынтыктоо менен айкалышып, элестүү жана эмоциональдык т.. менен берилүүчү. Искусство ал кезде алардан тышкары жаш..ган эмес. Ал кездеги идеология менен искусство синкреттик м..нөздө болгон. Ыр бийден бөлүнүп чыгып кетелек эле. Ыр мен.. бий эмгек процессинин ажырагыс бир бөлүгү болуп, адамдар ыр.. бий аркылуу табийгатты жана сыйынган кудайларын райымд..кылууга, демек, ошону менен аларга таасир этүүгө аракет к..лышкан. Кийин өнүккөн каада ырлары дин маанисинде болу..саясы, моралдык жана укук мамилелерин көрсөткөн. Айбан жана өсүмдүктөр туурасындагы жомоктор, кишилердин табигатка көз караштарын көрсөткөн. Мифтер адамдардын дүйнөн.. жаратылышы жана коомдук бийлик туурасындагы түшүнүг.. баяндашкан. Кийин жагында түзүлгөн легендалар тарихте бол.. өткөн учурларды бириктирип турган; ал эми м..кал-лакапт.. болсо кишилердин моралдык пикирлерин жана тажрийбадан чы..кан даанышмандыктарын көргөзгөн **.

Ооз эки эл чыгармасы, же фольклор, жалпы алганда, ар ба..ка түргө бөлүнгөн чыгармаларга бай. Маселен: эмгек, каада, ур.. адат ырлары, мифтер, жомоктор, легендалар, лакаптар, мака..дар, табышмактар, ири баатырлык эпостор ж. б.

А. М. Горький „Эмгекчи элдин ооз эки эл чыгармасын би..бей туруп, анык тарихин билүүгө болбойт“ деген *** Чындыгы.. да фольклордук чыгармалар эл өзүнүн өсүшүндөгү басып өтке.. бардык этаптарды көргөзөт жана аны айкындайт.

---

* Синкретизм—кубулуштардын же элестердин байланыштуу, бөлүнбөгөн б..лушу.

** Толугураак Г. Н. Поспеловдун „Адабият теориясы“ деген китебинин 17-22-б. кара.

*** А. М. Горький „Адабият туурасында“ деген жыйнак, 3-басылышы, Москв.. 1939-ж., 455—456-б.

Фольклор тууралында сүйлөп, В. И. Ленин „ушул материал менен элдин муңу жана күткөнү тууралында эң сонун изүүлдөө жазууга болор эле“ деп көргөзгөн*.

Кыргыздын фольклору башка элдердин фольклорундай болуп, узун жол басып, коллективдик чыгармачылык процессинде түзүлгөн. Коллективдик чыгармачылыктын мынчалык күчтүүлүгүнө далил,—А.М. Горькийдин айтуусу боюнча,—„жүздөгөн кылымдардын ичинде жеке бир кишинин чыгармасы Илиада же Калевалага теңдешерлик эчтеме түзгөн жок, индивидуалдык жеке гений түп тамырында эл чыгармасы жатпаган бир дагы толук нерсе берген жок, мурун элдин жомогунда, легендасында жашабаган бир дагы дүйнөлүк типти бере албады“.

II

Айрым элдердин чыгармачылык өсүү жолунда негизги эки тенденциянын өз ара таасир кылышы байкалат:

1. Бир элдин чыгармасынын спецификалык бөтөнчөлүгү ошол эл коллективинин социалдык-экономикалык жана турмуштук мамилелери менен белгиленет. Мына ошонун өзү ар бир элдин чыгармаларынын айырмасын белгилейт. Ар бир элдин өзүнүн тематикасы, өзүнүн геройлору, курчап турган табийгатка да, өз коллективинин ичиндеги социалдык чөйрөгө да өзүнүн мамилеси бар.

2. Бирок айрым элдердин чыгармасындагы спецификалык бөтөнчөлүктөр менен бирге бардык элдердин адабият чыгармасында жалпы бир тенденция бар экендиги да көрүнөт. Ага себеп— адам баласынын коомунда анын түрдүү коллективдери өзүнүн тарихий өсүшүндө жалпы бир жолду басып өтөт.

Адам баласынын коомунун тарихи өндүрүш күчүнүн жана аны менен кошо өндүрүш мамилелеринин өзгөрүшүнө жана өрчүшүнө жараша белгиленип отурган. Жолдош Сталин өзүнүн „диалектикалык жана тарихий материализм жөнүндө“ деген жумушунда байыркы замандан биздин үстүбүздөгү күнгө чейинки өндүрүш күчүнүн өсүшүн төмөндөгүдөй сүрөттөгөн: „Орой таш куралдан жаа жебеге өтүү, ошого байланыштуу аңчылык менен жашоо турмушунан айбандарды үйрөтүү жана байыркы мал чарбачылыгына өтүү; таш куралдан металл куралына өттүү; (темир балта, темир тиштүү соко ж. б.) жана, ошого байланыштуу, өсүмдүк айдап, дыйканчылыкка өтүү; металл куралдарынын андан ары оңолуп, материалдарды иштөө, темирчиликке өтүү, гончар өндүрүшүнө өтүү, жана ошого байланыштуу, өнөр кесибинин күчөшү, өнөр кесибинин дыйканчылыктан бөлүнүшү, кесип өнөрүнүн анан мануфактура өндүрүшүнүн өзүнчө өсүшү; кесип өнөрлөрүнүн курал өндүрүшүнөн машинага өтүү жана өнөр кесип—мануфактуралык өндүрүшүнүн машина өнөр жайына айланышы; машина системасына өтүү жана азыркы машиналаштырылган ири өнөр жайынын чыгышы,—адам баласынын тарихинен берки коом-

* Бул цитата Вл. Бонч.—Бруевичтин“ Ленин поэзия тууралында эске түшүргөндөрдөн“ деген китебинен алынды.

дун өндүрүш күчүнүн өсүшүнүн абдан кыскача жалпы карти
сы мына ушундай".

„Тарихтен берки өндүрүш күчтөрүнүн өзгөрүшүнө жана ө чүшүнө жараша—кишилердин өндүрүш катнаштары, алард экономикалык катнаштары өзгөрүп жана өрчүп отурган.

Өндүрүш мамилелеринин негизги беш тиби тарихте бел луу: байыркы—общиналык, кулдук, феодалдык, капиталистт социалисттик"*.

Кыргыз фольклору да өзүнүн түзүлүү жана баюу процесс де ошол тенденциянын экөөн көргөздү, алар:

1) Жалпы бардык элдердин чыгармасынын өсүү жолунда негизги бир тенденция.

2) Кыргыз фольклоруна гана тиешелүү болуп, аны башка э дердин фольклорунан ажырата турган спецификалык айырма.

Ошентип, бир жагынан, кыргыз фольклору ар түрдүү элде дин адабият чыгармасынын жалпы өсүшүнө таандык тенденци ларды өз ичине алды. Бул тенденциялар тиешелүү өндүрүш м милелеринин өсүш стадияларын көргөзөт. Бул жагынан кырг фольклорунун башка элдердин фольклору менен окшош экенд ги, маселен, мына мындан билинет: кыргыз фольклорунда д башка элдердин фольклорунда да бир түрдүү өндүрүш мамил лерин көргөзгөн жалпы жанрлары бар. Маселен, түрдүү элде дин, анын катарында кыргыз элинин да эмгек ырлары, түрдү каада ырлары, баатырчылык эпостору ж. б. бар.

Өзүнүн коомдук өнүгүшү жагынан бирдей стадияны басып ө көн элдердин жанрлары жалпы болушу менен бирге аларды тематикасы да бирдей экендиги көрүнөт. Маселен, феодалды мамилелерди баштан кечирген коллективдерде оозэки творчес вонун бир катар көркөм чыгармаларынын темасы феодалды коомдун социалдык теңсиздиги, феодалдардын өзүнүн кол ас тындагыларга кылган мамилеси болуп, булар ошол кездеги эз лүүнү, жакырчылыкты жана көкөй кестиликти көргөзөт. Бул жа гынан кыргыз фольклорунда атайын өзүнчө „арман" деген жан да бар; мындайча айтканда тагдырдан даттанып, орундалбага тилек туурасында, жакырчылык жана кууралчылык жөнүндө ы далган ырлар. Бул арман ырларында феодалдык коомдун социал дык теңсиздиги артыкча айкын көргөзүлгөн.

Бул өңдүү чыгармалар, бирок башка шарттарда, башка э дерден да табылат. Бул өңдүүлөр, маселен, октябрьга чейинк орус фольклорундагы түрдүү кошоктор (ыйлап кошуп ырдага ырлар), рекруттук жана солдаттык ырлар жана башкалар болот

Ар түрдүү элдердин фольклору үчүн жалпы тенденция жан окшош жанр, сюжет болуу менен бирге кыргыз фольклорунд да, ар бир элдик коллективдин фольклорунда да өзүнө тиешелү болгон өзүнчө касиет, өзүнчө специфекалык бөтөнчөлүк бар.

Жалпы жанрлар жана сюжеттер кыргыз материалы, кыргы элинин баатырларынын элеси, анын урп-адаты, турмушу, кыс

---

* Жалпы Союздук Коммунисттик (большевиктер) партиясынын тарыхи. Кыска курс 1185.

ісын айтканда анын элдик бөтөнчөлүктөрү аркылуу көрүнөт. исал катарында кылып, бир түрдүү жанрга жаткан жана бир рдүү сюжетти көргөзгөн кыргыздын жана орустун чыгармалаын салыштырууга болот. „Курманбек“ же „Эр—Табылды“ чырмалары өзүнүн жанры жагынан баатырлык поэмаларга жатат, ожети жагынан болсо баатырлардын өз элинин боштондугу үн кармашкан күрөшүн көргөзөт. Бул жерде бул күрөш жа баатырлардын өздөрү кыргыздын өз турмушунун шартында ргөзүлгөн. Баатырлар өздөрүнүн кыргызча аттары менен, кырздын феодалдык турмушунда, кыргыздын кийими жана жара ж. б. менен көрүнөт. Ошол жанр жана сюжеттеги орустун атырчылык эпосундагы, маселен, Микуля Селянинович туураындагы былинаны көргөзүүгө мүмкүн.

Мында баатыр да, шарт да ошол кездеги орус турмушунун негизинде көргөзүлгөн.

Албетте, буга карап кыргыздар бул жанрды же бул сюжеторустардан оошторуп алды, же болбосо орустар кыргыздарн алды деп болбойт, анткени ар бир элде өзүнчө окшош макт жана тилек туулуп, өрчүүгө мүмкүн, анан ошого жараша анрлар жана сюжеттер туулат. Бир кездерде бул элдер өз башрынан бирдей турмуш стадиясын кечиргендиктен, алардын ркөм чыгармаларында да бирдей жанрлар, бирдей сюжеттер улган.

Бирок бул бирдей жанр жана сюжеттер ар бир элде өзүнчө түрдүү айкын мазмунда болот.

Бирок кыргыз фольклорунун спецификасы жалаң гана мында ес. Кыргыз фольклорунда башка элдерде жок өзүнчө жанр р бар экендиги да кыргыз фольклорунун спецификалык бөтөнлүгүн жана айырмасын көргөзөт. Маселен, „Бекбекей“, „Шыілдаң“, „Айтышуу“ ж. б. Анан кыргыз турмушунун жана анын рба формасынын бөтөнчөлүгүнүн негизинде чыккан өзүнүн сюеттери да бар.

Тил айырмасынан башка да кыргыз фольклорун башка элдерін фольклорунан айырмалай турган факт—кыргыз фольклорун өзүнчө техникалык эрежелери, өзүнчө сүрөттөө түрлөрү ар,—булар кыргыздын тил бөтөнчөлүгүнүн негизине курулган. га ыр түзүүнүн өзүнчө системасы жана акындык техниканын р топ башка ыктары менен эрежелери мисал боло алат.

Кыргыздар өзүнүн тарихий жолунда бир катар коомдук экомикалык формацияларды, маселен, байыркы общиналык, кулк, феодалдык курулуштарды жана капиталисттик курулуштун тин басып өтүп, социалисттик коомдун стадиясына киргендикн, бир катар жанрларда өзүнүн басып өткөн этаптарынын калктарын сактап келген жана анда толуп жаткан жана көп түрү жанрлар менен сюжеттердин системасы бар. Кыргыз фольклорунун бул байлыгы башка улуттук коллективдер менен болн ар түрдүү мамилелер аркылуу дагы арткан.

Кыргыз эли өзүнүн фольклору аркылуу алда качан унутулуп, мө катар сөз болуп калган ишенүүлөрдү, түшүнүктөрдү көрзгөн ырымдарды жана каада ырларынын калдыктарын биздин

Ыбрай Абдурахманов, Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча, „Манас“ эпосун жазган.

Кыргыз фольклорунун үлгүлөрүн, лакаптар-макалдарды, ырымдардан алынган үзүндүлөрдү, айрым фольклор терминдерин түшүндүрүп, профессор К. К. Юдахин өзүнүн „Кыргызча-орусча сөздүк“ деген сөздүгүндө берген (Москва, 1940-ж.).

Кыргыз фольклорунун үлгүлөрү эне тил жана адабият окуу китептеринде *, кыргыз тилиндеги майда китепчелерде, „Народное творчество“ журналдарында** орус тилинде которулуп жарыя кылынган ж. б.

1940—41-жыл Кыргыз Илим Изилдөө Институту „Манас“ эпосунун эпизоддорунун серияларын басып чыгаруу ишин жүргүзгөн.

Кыргыз фольклорунун маселелери кыргыздын орто мектептери жана Кыргыз Педагогия Институту үчүн түзүлгөн програмаларга да киргизилген.

Кыргыз фольклорунун көп түрдүүлүгү, аны баяндап жазып келген учурда, албетте, тиешелүү классификацияны керек кылды.

Кыргыз элинин арасында кыргыз фольклорун түргө бөлүү иши ачык болбосо да, „жомок“ деген наам менен бардык аңгеме кылып сүйлөнүүчү жанрларга айтылган (ыр менен да, кара сөз менен да айтылгандардын бардыгы). Ошентип, жомок категориясынын ичинде „Манас“, „Семетей“, „Сейтек“ өңдүү баатырчылык эпостору да, эпикалык жанрлардын калган башка түрлөрү да кирген.

„Жөө жомок“ дегенге көбүнчө проза менен айтылган жомоктор кирген. Ыр түрү менен айтылган жомоктор „ыр жомок“ деп аталган.

Ыр поэтикасынын бардык түрлөрү жалгыз гана ыр деген наамга топтолгон.

Ушуга жараша айтуучуларды „ырчы“ же „жомокчу“ деп бөлүү болгон.

Ушуну менен катар, ыр курулушунун техникасы боюнча, кыргыз фольклорун ыр, кара сөз, жорго сөз деп бөлө турган каада бар. Ыр деп, жалпы ырга айтылса, кара сөз деп, проза менен айтылган сөзгө, жорго сөз деп жамактап, макалдатып айтылган ырга айтылат.

Окуу практикасында кыргыз фольклорун иштөө системасы киргизилген, бул, Кыргыз Педагогия Институтунун адабият факультети үчүн кыргыз адабияты боюнча түзүлгөн програмада көрсөтүлгөн. Бул програманын автору К. Рахматуллин.

К. Рахматуллин өзүнүн кыргыз адабиятын иштөө системасында кыргыз адабиятын колониялык доорго чейинки адабият, колониялдык доордогу жана азыркы кыргыз адабияты деп бөлөт.

Фольклорду баяндоо жагынан К. Рахматуллин чыгармаларды төмөнкү түрлөргө бөлгөн:

---

* Абдукаримов жана Жакишев—„Адабият“ орто мектептердин V класстары үчүн окуу китеби, 1937-ж. Фрунзе.

** „Народное творчество“ журналын кара, 1937-ж. № 7 89-б.

Каралды балаң жерисен,
Как башына көрүнсүн.
Тшой, тшой, тшой коюм,
Мааратып балаң жерисен,
Балакет сага көрүнсүн.
Өзөөрүп балаң өлбөсүн.
Өзгөчө маарап мекирен.
Ачкадан балаң өлбөсүн,
Артыкча маарап мекирен!
Тшой, тшой, тшой коюм...

**3. Дыйканчылык ырымдары.** Көбүнчө табийгаттын сырдуу күчүнө карата айтылат. Мында адам табийгаттын күчүнөн бир нерсени сурайт, буюрат же талап кылат. Бул өңдүүлөрдөн кыргыз фольклорунда „жайы“ деген ырым бар. Адам „жайы“ аркылуу көбүнчө күндүн жаашын тилейт.

Байыркы түрктөрдүн VII—VIII кылымдардагы эстеликтеринде (орхон жазууларында) бул өңдүү түшүнүктөр учурагандыктан, табийгаттын күчүнө каршы багытталган түрдүү ырымдардын чыккань миң жылдап саналган байыркы доорго кетип, биздин эрабыздын баштапкы учурундагы, кыргыздар Енисей дарыясынын боюнда тургандагы мезгилге кетет деп билүүгө керек.

Күндү жайчы „жай таш“ деген өзгөчө таштын күчү менен аванын ырайын өзгөртмөк болот. Бул „жай таш“ койдун кур- сагында болот имиш.

Биз төмөндө келтирген „жайы“ кыргыздардын арасына ислам дини таралгандагы доорго туура келет. Байыркы ырымдар араб—парсы формуласынын түрүнө киргизилип, көпчүлүк массага түшүнүксүз болгон жана ал сөздөрдүн бузулушуна караганда жайчынын өзүнө да түшүнүксүз болууга тийиш. Мына ошонун натийжасында жайчынын ырымы түшүнүксүз сөздөрдүн додосуна айланган. Маселен, кургакчылык болгондо жаан тилеп күн жайлангандагы жайынын бир үлгүсү:

## КУРГАКЧЫЛЫКТА КҮН ЖАЙЛАП, ЖААН ТИЛЕГЕН ЖАЙЫ

„Картанын су[illegible] кырка дут менен туман абрахинаф шихаф, кар[illegible]н жасын макинин, хранаталык, боз булутну теңирим сенден тиледим. Аккан булут бери кел, тез кел! Булутум жетип кел! ах аракетин арайын сизин макинин нашчиф жаслаң шаман мусан факум, ааляу—акбар“.

Күн жайлагандын бул техникасы—сансыз ирет кайталоо болгон. Маселен, жайчы кырк чыбыкка кырк ирет өзүнүн жайы сөзүн кайталап, анан чыбыктарды суугa салат. Анан улам-улам төрт жагына тегеренип, жайыны кырктан төрт жолу айтат. Жайчы мүрзөнүн топурагын алып, ошол айта турган жайыны кырк жолу айтып, топуракты асманга чачкан. Анан жайчы сууга жатып алып, жайыны кырк жолу айтат. Мындан тышкары да жайчы өзүнүн жайысын 70.000 жолу айтууга тийиш болгон...

**4. Дарым.** Кыргыз арасында дарым деп, оору кишилерди эмдегенде дем салуу ырымына айтылат. Ошону менен бирге ал оору кишилерге суу бүркүү жолу менен эмдөөнүн өзүнчө бир түрү болуп эсептелет.

Өзүнүн техникасы жана мазмуну жагынан ырымдардын түрдүүчө болушунун себеби эки маданияттын таасиринин натийжасы: бир жагынан байыркы шамандык, экинчи мусулман маданияты. Мусулман маданияты кыргыздарга XVI кылымдан кийин таасир эткен. Мындай техникалар жана ырымдар байыркы түрк элдеринде да, арабдарда да жана ирандыктарда да бар болучу.

„Дарым" деген терминдин астына, биз өзүбүздүн классификациябызда дарымчы, эмчи-домчулардын дарылоосун жана ырымдарынын бардык түрлөрүн чогулттук.

Алар мына булар:

1. Көчөт көчүрүү.
2. Куучу.
3. Бадик.
4. Албын.
5. Жылан жана курт чакканга дем салуулар.
6. Түрдүү ооруларга дем салуулар.

Фольклордун бул түрүнүн биз үчүн чоң мааниси бар, анткени, ал, башка түрлөргө караганда таптык формацияга чейинки калдыктарды жана магиялык түшүнүктөрдү көп сактаган.

Ырымчылар иштин учуна чыккан профессионалдар—башкылар болуп, алар бир жагынан эмчиликтин да—знахарлыктын да, экинчи жагынан шамандыктын да функцияларын аткарышкан.

Бакшылардын функциясына табийгаттан келген кырсыктар менен, суу, кургакчылык, ачарчылык, өлөт менен күрөшүү ишине „жардам" берүү кирген. Демек алардын функциясына табийгатка таасир эте турган нерселер да жана ошону менен катар эмчилик кылуу да кирген.

Ошентип, биринчи учурда бакшылар сыйкырчы катарында чыгышса, экинчи учурда эмчи катарында чыгышкан.

Бакшы менен бирге эмчилик кылуучу атайы эмчилер да болгон, алар араб тили менен „табып" деп аталган, жана молдолор да эмчилик милдеттерин аткарышкан.

Эмчилик ырымдарынын айрым түрлөрүнө токтолуп өтөлү.

**1. Көчөт көчүрүү** деп, ооруну башка бирөөгө башка бир нерсеге көбүнчө союлуучу малга көчүрүү жолу менен ооруларды эмдөөгө айтылат.

Көчөт көчүрүү жолу менен ооруну эмдегенде айтылуучу ырымдар оорунун мүнөзүнө карата айтылган.

**2. Куучу.** Ооруган кишиден жинди, албарстыны кууп чыгууну көздөгөн эмдөө болот. Ооруган кишиден, жин албарстыны кууп, көбүнчө тууп кэра баскан аялдарды эмдеген кишини „куучу" деп айтат*.

---

* Ф. Поярнов, куучу—„жинди", албарстыны жана башкаларды тааныган киши деп белгилейт.

Албарстыны кууганда тиешелүү ырым айтылат, ал ырымдын үлгүлөрүнүн бири төмөнкү боло алат:

Кенжүдүйү санжүвөндүйү,
Санжүү, санжүвөндүйү
Аласак бери, ак бери,
Бастым туу, албарсты бастым, дал
Албарсты бастым, сары албарсты,
Чил чал барач сууканач бак сулайман,
Дөөталаа дөөталайсалам суу дейт.

**3. Бадик.** Бадик деп, кыргыздар өзүнчө бир ооруну түшүнүшөт. Бадик менен ооруган кишинин мойну, бети шишип кетип, киши көгөрө баштайт*.

Бакшы-табыптар бадикти мындайча жол менен эмдөчүү. Ооруну тегерете жалаң кызыл көйнөк кийген кыздарды отургузуп алып, бакшы-табыптар бадик айта баштайт:

Көч, көч Бадик көчүрөйүн,
Көмүрдөй атың өчүрөйүн.
Ала тоону ашырайын,
Агын сууну кечирейин.
Кырга көч!

Кырдын отун оттогон кыйырга көч!
Бийикке көч!
Бийик тоону оттогон кийикке көч!
Арал-арал аралга көч,
Будур, будур, будурга көч;
Будур отун оттогон бугуга көч!

Бей ыймандын өзүнө көч!
Бей намаздын көзүнө көч,
Менден эмес кудайдан,
Байгамбардын бардыгы менен,
Бир кудайдын жардыгы менен

мына ушуну үч кайта окуп чыгып, тургат! тургат! тургат! чирик тургат! деп түкүрөт.

Бакшы бадик айтып жатканда кыздар хор менен „Кудай тилегиңди бересин" деп, бакшы ырымын бүткөнчө айтып турушкан.

Расим боюнча бадик үч маал: таң атканда, түндө, жана күн батканда айтылган.

**4. Албын дарымы.** Көбүнчө аванын сейректигинен болгон түтөк оорусуна айтылган. Албын даарымынын сөздөрү көбүнчө түшүнүксүз болуп, уят сөздөрү да болот.

Мисал катарында албын дарымынын төмөнкү үзүндүсүн алалы:

---

* „Бадик" деген койдун да оорусу бар. Аны „бадик" же „тегеренме" дейт (К. К. Юдахиндин—орусча—кыргызча сөздүгү. 62-бет).

## ТҮТӨККӨНДӨГҮ ЭМ

Албын, албын, албын тай,
Албын ала чаар тай.
Чаар токум чекетай,
Тууйт алдым тарагай,

5. **Жылан жана курт чаккандагы айтылуучу дарымдар** кыргыз элинде калдык катарында сакталып келген ырымдардын ичинен чоң орун алат.

Жылан жана курттардан дарымдаган эмчини түкүрүүчү деп айтат.

Түкүрүүчүнүн ырымы мына бул:

## ТҮКҮРҮҮЧҮНҮН ЭМИ

Бий, бий, бий келет,
Бий ашында үй келет.
Кара койдун каны менен,
Сары эчкинин жаны менен
Менден эмес, кудайдан,
Так сулайман сүрүп чык.
Быжы, быжы, быжыман,
Быжымандын кебиман.
Кашкардан келген кара курт,
Кабыргасы мала курт.
Отуз омурткадан чык,
Кырк кабыргадан чык.
Шылкылдаган муундан чык,
Былкылдаган жүлүндөн чык.
Менден эмес, кудайдан,
Так Сулайман сүрүп чык.

## КАРА КУРТ ЧАККАНДА

Быжы быжы быямын,
Мен быжынын кенимин.
Алабата күлүмүн,
Ажыдаардын өзүмүн.
Боору чаар кара курт,
Боорунду жара тебермин.
Түркүстанда түмөн курт,
Түрүп барып айдармын.
Жаргенттеги жети курт,
Жетип барып айдармын,
Курттун жолун байлармын,
Быжы атасы камбар чык,
Козунду кармай чык,
Таш дөбөдөн танбай чык,
Кум дөбөдө турбай чык.
Сүф!! Сүф!!! Сүф!!!

Суук тийгенге, сасык тумоого, тиш оорусуна (мант) жана башка ооруларга каршы ырымдар толуп жатат.

Бул ооруларга каршы ырымдарды жалаң гана эмчи, бакшы кылбастан, жалпы кемпирлер да өздөрүнчө эмдей беришкен.

Сасык тумоого каршы кылган ырымга мисал:

## САСЫК ТУМОО ТИЙГЕНДЕ КЕМПИРЛЕРДИН КЫЛУУЧУ ЭМИ

Караңгы түн менен, кара суу менен кет,
Күн күбүрөгөнгө кет,
Түн түбүрөгөнгө кет.
Ичейин дегенге көрүн,
Жейин дегенге көрүн.
Көзү жаманга көрүн,
Сөзү жаманга көрүн.
Туу ай, туу ай салакети
Балакети болсо кошо кет!

Ушул сөздөрдү айтып туруп, ичине туз, май, талкан орогон эски курмушуну отко кармап, анын сасык түтүнү менен ооруну ыштап, анан ырымдап туруп ыргытып жиберишет.

## СУУК ТИЙГЕНГЕ КАРШЫ ЫРЫМ

А кудай оомийин, жер оомийин, суу оомийин
Айры мүйүзүндү, ача туягынды айтып койдук,
Арнап чалдык, эрте айттык, кеч бердик,
Бакыр алдуу, кой шыйрактуубуз,
Эшик ачса үйгө көрүнөт, түндүк ачса төбөгө көрүнөт.
Кандын касабынан сакта,
Казынын дооматынан сакта!
Бар балаадан сакта,
Жок жалаадан сактагын,
Оомийн аллааху акбар.

Ушул сөздөрдү айтып туруп улакты мууздап, өпкөсүн оорунун башына, колуна, аркасына чаап, итке ыргытат.

Дагы толуп жаткан урп-адат ырымдары бар. Аларды кыргыздар „абжип“ дейт. Жана да душмандан сактануу үчүн, жолго чыкканда жол оңсун үчүн айтыла турган жана ошол өңдүү ырымдар да бар.

Биз жогоруда айткандай, ырымдар магиялык түшүнүктөрдүн натийжасы болот. Ошол магиялык түшүнүктөргө жараша ырымдар эки негизги топко бөлүнөт:

1) Профилактикалык магияга жаткан ырымдар, ал ырымдардын максаты—бир нерседен сактоо, коргоо же алдын алуу.

2) Кайтарма кыла турган магияга жата турган ырымдар, алардын максаты—бир нерсеге таасир этүү.

Ырымдардын биринчи тобуна „кылоо-кылоо“, „мал телүү“ өңдүү бир катар мал чарбачылык ырымдары, „абжип“ өңдөнгөн урп-адат ырымдары, сапарга чыккандагы жана душмандан сактануу ырымдары ж. б. кирет.

Экинчи тобуна „кууучу", „көчөт көчүрүү" ж. б. өңдүү бардык эмчилик (дарым) ырымдары кирет.

Ар бир элдин түрдүү өсүш баскычында жашап келген бул магиялык түшүнүктөр кыргыз элинин фольклорунда эки маданияттын—байыркы түрк жана араб-иран маданияттарынын айкалышы натийжасында келип пайда болду.

Байыркы түрк элдеринин ичинде мындан көп жылдар мурунку доордо шаманизм түрүндөгү түрдүү магиялык түшүнүктөр өкүм сүрүп келген.

Буга эч кандай байланышсыз түрдө бул өңдүү түшүнүктөр арабдарда да, ирандыктарда да болгон.

XVI кылымда, кыргыздар Тянь-Шаньда араб-иран маданиятынын өкүлдөрү менен учурашкан учурда, түрдүү магиялык түшүнүктөр да тиешелүү иретте кошулуп кеткен. Мына ушунун натийжасында ырымдардын ичинде шамандык катмарлардын болушу менен бирге мусулмандардын салттары кошо көрүнөт. Муну биз жогоруда келтирилген мисалдардан көргөн элек.

Ырым, дарымдардан башка кыргыз фольклорунда төлгө тартуу бар. Төлгөнүн ташы 41 болуп, төлгө салганда төмөнкү сөздөр айтылган:

Табыла турган болсо,
башың тогуз, аягың сегиз, беш энең бештен,
бешиктеги бала сүйүнгөндөй, ачпас алым, ай
төгөрөк, таштан төлгөм так сүйлө. Кумалак
төлгөм куп сүйлө. Табыла турган болсо, кырк
бир оң колуңа ооп түш. Табылбай турган
болсо, кырк бир сол колго ооп түш.

## III. КААДА ЫРЛАРЫ

Каада деп биз коомдук турмуштун зор маанилүү учурларында бүткүл коллектив тарабынан өткөзүлүүчү церемонияны түшүнөбүз. Маселен, урушуу алдында, жортуулга чыгуу алдында, ууга же жылдын мезгилине карата жумушка чыгуу увагында кылынган каадалар (маселен, малды жайытка чыгаруу, эгин эгүү, эгин жыйноо жана башка ошол өңдүү мезгилдер) болот.

Көпчүлүк элдерде каада ыр аралаш бий түрүндө болуп, ал табийгатка магиялык таасир этүү максатын көздөгөн.

Кыргыз каадаларында ырлар гана калып, бийлери жок.

Биз жогоруда эскерткен ырымдардагыдай, кыргыз элинин каадаларында да шаман жана мусулман маданиятынын аралашканы айкын көрүнөт.

Каадалар өздөрүнүн мазмундары жагынан, төмөнкүлөргө бөлүнөт:

1. Мал чарба каадалары. Бул каадаларда мал жайыттын жакшы болушун, малдын жакшы төлдөшүн ж. б. тилешкен.

2. Дыйканчылык каадалары. Мында бүт коллектив жаздын жакшы болушун, эгин ийгиликтүү чыгып, асылы мол түшүшүн тилеген.

3. Социалдык каада. Бул каадада жортуулдун жана башка коомдук мааниси бар иштердин ийгиликтүү чыгышын тилешкен.

4. Урп-адат каадалары. Буларга кыз алуу, кыз берүү, жалпы той каадалары, өлүк көмүү каадалары ж. б. кирген. Бул каадалар башка каадалардын арасында көбүрөөк жана тазараак сакталып, биздин күндөрүбүзгө жетти.

Дыйканчылык каадаларынан жердин, суунун урматы үчүн курмандык чалуу каадасын көргөзүүгө болот. Мындай курмандык чалуу каадасы „таюу“ деп аталган.

Таюу, салт катарында, көктөм убагында суунун боюнда өткөрүлгөн. Таюу ырымында жердин асылдуу болушун, келерки жылы суунун жана эгиндин мол болушун тилешкен. Бул ырымды иштөө мезгилинде „көк башыны“ сууга салуу адаты болгон. Көк башыны сууга салса, суу мол болот деген элдин түшүнүгү бар эле*.

Дыйканчылык каадаларынын категориясына жазында күндүн теңешкен (22-март) күнүн майрамдоону—кыргыз арасындагы белгилүү „ноорузду“ ** киргизүүгө болот.

Бул күнү салт боюнча буудайдан же арпадан ботко жасалуучу. Кечинде тоодон арчанын бутактарын алып келип, ачык жерге от жагып, арчанын бутактарын күйгүзүүчү. Кемпирлер түтөгөн арчанын бутактары менен үйдүн ичин ыштап, мына муну айтшуучу:

Алас, алас,
Балаадан калас,
Эски жыл кетти,
Жаңы жыл келди.
Айдан аман,
Жылдан эсен бололук.

Ошол кезде балдар оттон секирип, кагынышуучу.

„Жарамазанды“ да каада ырларынын катарына кошууга болот. Бул ырды майрам ырлары деп атоого да болот, анткени аны мусулмандардын орозосу болгон рамазан айында, көбүнчө, балдар ырдачуу.

Ооз ачкандан зоорго чейин балдар чогулуп алып, үймө—үй кыдырып, кудай ырыс-таалай берсин, деп мактап жарамазан айтышчуу.

Бул ырлар көркөм жана элестүү болгон. Мисал үчүн ал ырдын кайсы бирлерин келтирели.

ЖАРАМАЗАН

Ассолоомалейким жарамазан,
Он эки айда бир келген орозо жан.
Ушул үйдүн түндүгү кайың экен,
Бизге берер буюму дайын экен.

---

* Ушинтип сууга салуу адаты башка элдерде да болгон, маселен, орус элинде (кара: Ю. М. Соколов, „русский фольклор“ б. 61-63).

** Нооруз—жаңы жыл күнү (март айында), проф. К. К. Юдахиндин „Кыргызча-орусча словарын кара).

Жарамазан айта келдик кыдырата,
Кызың ичик кабысын кудырата.
Уулуң кулун байласын шыгырата.
Түнөп өтсүн үйүңө камбар ата.
Тийип өтсүн үйүңө биздин бата,
Жарамазан айта келдик эшигиңе,
Ак кочкордой бала берсин бешигиңе.
Ай каныштай кыз берсин кешигиңе,
Сулуу чыкса кантесин насибиңе.
Ассолоомалейким дөөтү калем,
Төрдө жаткан жигитке барды салам,
Саламымды жеткирген алда таалам.

**Социалдык-саясы мааниси** бар каада ырларынан **Манас**, Семетей, Сейтек өңдүү жаңа башка баатырларды жоого атказгандагы элдин батасын, же мындайча айтканда элдин тилеген тилегин айткан ырларды белгилеп өтүш керек. Бул ырлардын кыргыз элинин турмушунда кандай зор мааниси бар экени апачык көрүнүп турат.

Мисал үчүн элдин Манасты чоң казатка атказганын алалы:

Көпчүлүк көзүң жаштады,
Көсөмдөр сөзүн баштады.
Азиздердин жаны үчүн,
Шейиттердин мубаарек
Сызылган кызыл каны үчүн.
Алдатаала өзүңдөн,
Тиленебиз ан үчүн.
Канымды астын кылба деп,
Капырды үстөм кылба деп.
Карып-мискин тилендик,
Дубабызды сыйла деп.
Бегимди астын кылба деп,
Бейжайды үстөн кылба деп.
Бечара карып тилендик,
Дубабызды сыйла деп.
Казат мындай болор-бу,
Калкы кытай оңойбу.
Кан козголгон оңорбу,
Мээнет мындай болорбу,
Бээжин шаары оңойбу,
Бек козголгон оңорбу.
Барса келбес жер деген,
Башкы адамдан бер жакка.
Беттешкен пенде жеңбеген.
Аттанганы алыс жол,
Отуз түмөн орчун кол,
Он кишиче көрүнбөс,
Жараткан өзүң жардам бол!

Сапарга чыккан оң мен сол,
Ал сөздү айтып буркурап,
Адамдын баары чуркурап.
Колунда бардын баарысы,
Койдой чуулаап калышты.
Тогуз кылып той союп,
Оокаты орто адамдар,
Базардан алып кой союп,
Бечаранын баарысы,
Чоң көчөнүн четине,
Жоолугунун бетине,
Жетиден санап нан коюп,
Тоо таянган байлары,
Бирден байтал байлады,
Ай туякка чалганы.
Баары жогу жыйылып,
Бата берип калганы.

(Айтуучу манасчы Сагымбай Орозбаков, кол жазма дептер 148—149-беттер).

**Урп-адат каадаларынын** ичинен негизги орунду той (кыз алуу, кыз берүү ж. б.) жана өлүк көмүү каадаларын алат. Бул каадаларда айтылган ырлар „кошок“ деп аталат.

Той жана өлүк көмүү каадалары өздөрүнүн негизинде уруу курулушунун традициясын жана көз карашын көрсөтөт. Уруу общинасынын доорунда болгон той жана өлүк көмүү каадаларынын коомдук жана коллективдик формалары уруу курулушунун жыгылышы менен жеке үй бүлө турмушунун факторуна айланат. Бирок, жеке факторго айлануу менен бирге, кошоктордун тематикасы бузулбастан, тукумдан тукумга калып келген. Каада салттарынын көпчүлүк эрежелери да акыргы мезгилге чейин сакталып келет. Кошоктор кыргыз фольклорунда да башка элдердин фольклорундагыдай, тукумдан тукумга өтүп келген салт ыктарын, айтуу жолдорун, формулаларын толук пайдаланган. Мына ошонун натийжасында, кошоктор, жалпылоочу-жыйынтыктоочу мүнөздөгү чыгарма жана тарихий мааниси бар документ болуп эсептелет. Бул кошоктордо социалдык тематика зор орун алып, бизди элдин тарихий өткөн турмушу менен, анын социалдык турмушу жана урп-адаты менен, жыйынтыгында, эзүүгө, укуксуздукка, жакырчылыкка каршы протест жасаганы менен, ошону менен бирге жашап турган курулушка кыжыры кайнап, аны жек көргөнү менен тааныштырат.

Ал өңдүү кошоктордун үлгүсү болуп, „дыйкандын аялынын кошогу“, „Устанын аялынын кошогу“, „Кал-Мергендин аялынын кошогу“, „Шекербек манаптын кошогу“ ж. б. саналат.

Жогоруда айтылган кошоктордон дыйкандын аялынын кошогун келтирели:

## ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Асылым дыйкан жыргалым,
Асылың көрүп жыргадым.
Бала-чакаң жаш калды,
Баркыңды санап куурадым.

* * *

Бармактарын барбайтып,
Басаган элең жыргалым.
Ортондорун оркойтуп,
Орокчу элең жыргалым.
Кабыргасын каржайтып,
Карылуу элең жыргалым.

* * *

Батыра чапкан кетменди,
Байкаган үрөн сепкенди.
Өзү дыйкан табышкер,
Ойлонбогон өктөмдү
Арыкка суусун бурганым,
Айылга жыйын курганым.
Ак буудай айдап нанын жеп,
Аштык багып турганым.
Адамдан талап кылбаган,
Асыл элең жыргалым.

* * *

Булуңга буудай сепкеним,
Буудайга алган кетмениң,
Талаага таруу сепкеним,
Таза урунган кетмениң.
Кош өгүзүн байлаган,
Шаймандарын шайланган.
Кара жерди каңтарып
Эшилтип эгин айдаган.
Эл кеткенде жайлоого,
Эгиндин башын жайлаган.
Буурусунун буктурган,
Кара жерге суктурган.

* * *

Жылжыган сыргак сен элең,
Сырыңды билген мен элем.
Сырттаным дыйкан барында,
Эминеден кем элем.
Ойдо жаткан таш элең,
Орокчунун башы элең.
Сууда жаткан таш элең,

Сугатчынын башы элең,
Кырда жаткан таш элен,
Кырманчынын башы элең,
Калың кара туугандын,
Казанга бышкан ашы элең.

* * *

Кырды кырдай басканым,
Кызыгып ороо казганым.
Башкага жаман көрүнсө,
Өзүмө жакшы арстаным.
Толуп жатат өнөрүң,
Билбепмин сенин өлөрүң.
Береке кирген ашыма,
Бейли жумшак береним...

* * *

Асылым дыйкан арстаным,
Талыкпай ташка басканым.
Кара жолтой какшаалга,
Жок эле менин жазганым.

Кошоктор аялдар поэзиясынын жанры экени белгилүү, бирок, мурунурак замандарда муну эркектер да аткарган болуш керек. Фольклордун көп жанрларындагыдай, кошоктордо да, традициялык ~~поэтика~~ импровизация учуру менен кошулган. Жаңы кошоктор традициялык композициялык пландарды жана өтө бай стиль ыктарын, ырчылыкты кең түрдө пайдалануу жолу менен түзүлөт.

Кыргыз фольклорундагы той жана өлүк көмүү кошоктору ырчылык формасы жагынан эки топко бөлүнөт.

1) Эмоционалдык кыйкырыктар, үндөө жана илеп менен айтылган кыска лирикалык чыгарма катарындагы кошоктор; алар, маселен, төмөнкүлөр:

## КЕЛДИБЕКТИ КЫЗЫ САЙКАЛДЫН КОШКОНУ

Биринчи жылдыздынси
Кан атам
Бирлиги эле кыргыздын.
Төртүнчүсү жылдыздын,
Төрөсү атам кыргыздын.
Бешинчиси жылдыздын,
Берени эле кыргыздын.
Алтын казык жылдыздын,
Ардагы эле кыргыздын.
Жетигени жылдыздын,
Жеткилеңи кыргыздын.
Сегизинчи жылдыздын,
Теңизи эле кыргыздын.
Тогузунчу жылдыздын,

Толугу эле кыргыздын.
Чолпону эле жылдыздын,
Султаны эле кыргыздын.
Кутпасы эле жылдыздын,
Кутманы эле кыргыздын.
Какшаса да табалбайт,
Ботодой боздоп бир кызың.

2) Көлөмү чоң чыгарма катарында болгон кошоктор. Алар көбүнчө өлгөн кишини кошкон кошоктор. Бул кошоктордо эмоцияны берүү менен бирге өлгөн кишинин турмуш жайы, үй турмушу, эл арасындагы мамилеси, үй бүлөөгө кылган мамилеси толук айтылат.

Мындай кошоктор лиро-эпикалык, кээде эпикалык чыгармага айланып, өлгөн кишинин элинин турмушун, болуп өткөн маанилүү окуяларды кең түрдө аңгемелейт. Мына ошону менен кошоктор былинага жакындап келип, ири эпикалык чыгарма катарында аны менен бир катардаш жерден орун алат.

Кыз алуу, кыз берүү ырларынан жана кошоктордон төмөнкү түрлөр көрүнүктүү болду.

## АТА-ЭНЕНИН КЫЗЫНА АЙТКАН НАСИЯТЫ:

Элиң буйруп сен бардың,
Эрмеги жок мен калдым,
Алтындан шакек колго сал,
Абысын билбей кеп айтса,
Асталап айтып жолго сал.
Күмүштөн шакек колго сал,
Күлө багып жолго сал.
Күйөөнүн көөнүн кирдетпе,
Күнүгө бизди тилдетпе.
Алганың көөнүн кирдетпе,
Атаң деп бизди тилдетпе.
Аянбай колдон келгенин,
Конокту жайла ал келсе!
Керилип карап олтурба,
Кечинде маарап мал келсе,
Аман бол бактың ачылсын,
Алдыңдан көөхар чачылсын!

## ЭНЕСИНИН КЫЗЫ МЕНЕН КОШТОШКОНУ

Кулунум карчыга куштай талпындың,
Дакеге ороп сактадым,
Кадырлуу кайның келгенде,ы... ы...
Эч айлаңы таппадым.
Ак үйүмдө айнегим,
Самоорумда чайнегим.
Куюшканын куймалап,

Курдашыңа бергемин.
Тайлакты бакса төө болот,
Кулунду бакса бээ болот,
Кош аман бол кулунум!
Кыз деген буйлалаган төө болот.

## КЫЗДЫ УЗАТКАНДА КАТЫНДАРДЫН КОШКОНУ

Кер жорго минип көч башта,
Келеңгер чачпак бош ташта.
Кер жорго башын ийбесин,
Келбеттүү келин ким десин.
Карадан кийген бешмантың,
Капшытынан кетпейби?
Кадырлап алган өз күйөөн,
Кадырыңа жетпейби?
Алтындан ээриң жез кадак,
Алтынын алып атка жап,
Акылың менен жатка жак.
Боз торгой элең агаңа,
Боорукер элең жеңеңе.
Боз торгой конду саз жерге,
Боорукер кетти жат жерге.
Элиң конду жөлөкө,
Энең берди бөлөкө,
Айлың конду саз жерге,
Атакең берди жат жерге,
Алтындан соккон үбөлүк,
Бийкечим айчылык кеттиң түбөлүк.
Кудагый ак ийик бердим саптап ал,
Ак шумкар бердим таптап ал,
Көк ийик бердим саптап ал,
Көк шумкар бердим таптап ал,
Бийкечти минтип бакбасаң
Көп кыйнабай колго сал.

Кошоктор негизинен урп-адат ырларынын айрым бир түрү
ылушуна карабастан, биз өзүбүздүн классификациябызда **д и ф ф е р е н ц и я л а п**, алардын бир тобун уруп-адат категориясына,
ір тобун каада ырларына кошобуз.

Аны колдонушубуздун себеби—кошоктор туурадан туура
үк көмүү каада ырларынан чыгып, алардын көпчүлүгү акыркы
акка чейин өлүк көмүү каадасы менен тыгыз байланышта ту-
т. Маселен, өлгөн кишинин катыны, кызы жана жакындары
т айылдын алдында ыйлап, жалаң өздөрүнүн гана кайгысын
тпастан, атайы бир адатты, кааданы, милдетти өтөгөнсүп жат-
ндыктан, аны биз каада ырларынын категориясына коштук.

Мындай типтеги кошокко, „Күл ойрон“ деп эрин кошкон ко-
окту киргизсек болот. Өлгөн күйөөсүн „Күл ойрон“ деген эпи-
т менен катыны төмөнкүдөй кылып кошкон:

## КҮЛ ОЙРОН

Асылым арпа күл ойрон,
Кандай жорук баштадың,
Катын менен баланды,
Каран түнгө таштадың.

***

Жашында өлгөн оңорбу,
Жаш кезинде тул калган,
Мендей бейбак болорбу,—
Кара бет атка конорбу.

***

Жесир калды кайран [illegible]
Үч балаң калды жет[illegible]
Эки башты айырган,
Эгем таала боору таш.

***

Арпа ичинде бир буудай,
Такта будай дечү элем,
Эл ичинде арпамды,
Сакта кудай дечү элем.
Кызыл тоону этектеп,
Кыргыек салып кеткенби?
Кыргыегин качырып,
Кытайга элчи кеткенби?
Желеде калды тайларың,
Жетим калды балдарың.
Чыктада калды тайларын,
Чыркырап калды балдарың.

Каада, салт катарында айтылбай, өзүнүн муң-зарын, эзилүүгө даттаганын, укуксуздуктан, жакырчылыктан жадаганын, ошону менен бирге жашап турган курулушка кыжыры кайнап, зейни кейигенин айтууга пайдаланылган кошокторду уруп-адат ырларына киргиздик. Бул өңдүү кошоктор уруп-адат ырларынын экинчи циклындагы „арман“ жанрына жакын келет.

Төмөнкү ал өңдүү типтеги кошокко үлгү боло алат:

## НАСЫЯГА КЕТИП, ЖАБЫР КӨРГӨН КЕНЖЕКЕ КЫЗДЫН КОШОГУ

Атбашынын сазында,
Чоко болуш сашында.
Кара сакал соодегер,
Болуштун келди кашында.
Өзүмдү угам сатылган,
Балалуу кырсык чатылган.
Көтөрмө кеңге көтөрүп,
Көргөнүнөн катылган.
Кагазга бастың мөөрүңдү,

Катчылар тапты жөнүндү,
Беребиз деп бул койду,
Болушуң тапты бул ойду.
Жылкы ичинде чаптар ат,
Боолук салса карматат.
Насыя алды аманат,
Насыяга кыз берип,
Атаке, өзүнө калды жаманат.
Карчыга салсаң кууга сал,
Кадырым билбейт какбаш чал,
Картайган картка бергенче,
Кардымды жарып суугa сал.
Торгоду болуш сөзүндү,
Торук кылды өзүндү.
Аласа картын ээрчитип,
Ачты белем көзүндү.
Калдыбай минди кара атты,
Сасыкбай минди сары атты,
Болушу минди боз атты.
Кенжекени кейитип,
Ташкентти көздөй узатты.

*
* *

Атагы чыккан Ташкенттин,
Жолунда кетип баратам.
Адырайган бир карттын,
Колунда кетип баратам.

Кошокту кайым формасында айткан учурларда көп болот. Анда кошокчулар бир нече киши болуп, бирөө баштайт да, калгандары кошуп, улантып кете беришет.

Кайым түрүндөгү кошокко төмөнкү үлгү боло алат:

Бугу Чыныбай баатыр өлгөндө эки кызы кайым айтышып кошкон. Ошол кайым айтышкан эки кыздын кошогу.

1-кызы.—Чың байла Жүке белиңди,
2-кызы.—Чыгарба Жүке береки,
Атаңдан калган элиңди.
1-кызы.—Атаке ак үйдө салган терезең.
2-кызы.—Ак үйгө терезе салбаса,
Жер кепе болуп калбайбы,
Чыгарба, Жүке, атаңдан калган кераэзиң.
1-кызы.—Атакем күлүгүнүн куйругуна үкү тактырган.
2-кызы.—Куйругуна үкү такканда,
Кыз беде аны ууру алып кетет деп,
Кулпулу үйгө бактырган.
1-кызы.—Атакемдин күлүгүнө күрүчтөн таштап илебиз,
2-кызы.—Атакемдин ашында анын күлүктүгүн билебиз.
1-кызы.—Атакемдин атына буудайдан таштап илебиз.
2-кызы.—Буудай бутуна түшүп кетпейби,
Атакемдин ашында анын буудандыгын билебиз.
1-кызы.—Атакем желиндеген маралдай.

2-кызы.—Атакем жатып калды арман күн
Жети өгүздөн аралдай
1-кызы.—Атакем музду бузган балталап,
2-кызы.—Атакем бугуну билди чалкалап,
1-кызы.—Оргочор менен бел калды.
2-кызы.—Жер кайда кетмек эле, он эки болуш эл калды.
1-кызы.—Жети өгүз менен жер калды.
2-кызы.—Жети старчын конурат, Тилекмат уулу эл калды.
1-кызы.—Атакемдин субайы ашык миң болгон.
Сулманда сиздей ким болгон.
2-кызы.—Атакем бээ байталы миң болгон,
Беренде сиздей ким болгон.

Кошоктордун ичинде кээ бир кишилердин тирүү кезинде өзү өзү кошок кылып айтып кеткен кошоктору бар. Тирүү кезинде өзүнүн кошогун даярдап койгон киши өзүнүн кошогунда өзүнүн өмүр баянын, бардык ой-пикирин, баштан кечирген окуяларын айтып, өзү өлгөндөн кийин кошууучу кошокчуга мени ошондой кошкун деп, керээз кылып тапшырат. Ал ошону менен, өзү өлгөндөн кийин кошокчу анын турмуштагы бардык басып өткөн жолун, анын жакшылыктарын жана кылган эрдиктерин толук кылып кошууга жардам кылган болот.

Кыргыз элине белгилүү куудул Куйручук өзү тирүү кезинде келинине төмөндөгү кошокту өзү айтып берип жаздырган:

Ушул жарык дүйнөдө
Бузук ишти кылбаган.
Булбулу деп, кыргыздын,
Букардын журту сындаган.
Ак барaң мылтык кармаган,
Аркарды атып шаңдаган.
Алты уруу кыргыз чогулса,
Аңгеме сөзүн жардаган.
Анысын угуп улуктар,
Алдырсак, деп каалаган.
Алты күн ооруп жатпастан,
Аттанып кеттиң паанадан.
Күкүктөй тилиң сайраган,
Көптүн көркү шаңдаган.
Көрүнбөй жаткан улуктар,
Көрсөк деп булар таңдаган.
Айтышкан менен талбаган,
Ар түрлүү сөзүн камдаган.
Абалкы өткөн бай-манап,
Алдына тартуу камдаган.
Ак жамбы күмүш теңгесин
Атакеме арнаган.
Эрегишкен душманга,
Ат соорусун салбаган.
Акырдан аты жем жеген,
Алыстан уккан дегдеген.

Айтышам деп бай-манап,
Алдына басып келбеген.
Күлүгү арпа жем жеген,
Күрүчүн басып демдеген.
Көбүнчө ата сөзүнө,
Душманың жакын келбеген.
Кайран ата береним,
Казакка тийген керегиң.
Кара жердин алдынан,
Какшасам чыкпайт дарегиң,
Кыйыным атам береним,
Кыргызга тийген керегиң.
Боз топурак алдынан,
Боздосом чыкпайт дарегиң,
Каратка жапкан кажары,
Капылет келди ажалы.
Кадырман атам өлгөнүн,
Калың элге чачалы.
Тулпарга таккан кажары,
Туюнтпай келди ажалы.
Топурактын алдынан,
Тууганың таппай тажады.
Ак бараң мылтык асынган,
Алыстан жылкы ашырган.
Астынан чыккан душманын,
Ак жолборстой качырган.
Адырдан уулап түлкү алган,
Ак сүлөөсүн мүлк алган.
Ардактуу атам деп келип,
Алыскы элдер үн салган.
Өлбөй пенде ким калат,
Булбул конгон тал калат.
Карысы өлсө артында,
Нускасын жаштар карманат.
Ажал-өлүм чиркинге,
Аманат жаның алданат.

Кошок жанры кыргыз фольклорунда жалгыз өлгөндү кошуу үчүн гана эмес, өткүр эмоцияларды жана баштан кечирген окуяларды айтуучу адабият ыгы катарында да пайдаланылган. Буга ботосу өлгөн төөнүн ботосун жоктоп боздогону классикалык үлгү боло алат.

## БОТОСУ ӨЛГӨН ТӨӨНҮН БОЗДОГОНУ

Эки эмчегим тирсейтип,
Эмизбедим ботомду.
Жайлоонун чөбү жалбырак,
Жегизбедим ботомду.

Талдын башын сыдырып,
Жардын башын кыдырып,

Элге-журтка дайындап,
Ээрчнтпедим ботомду.

Эрмек кылып эмизип,
Телчитбедим ботомду.
Бороонду куну жоготуп,
Издетбедим ботомду.

Келин-кызды чогултуп,
Тиздетбедим ботомду.
Калың килем жаптырып,
Жүктөтбөдүм ботомду.

Сарбандарга бактырып,
Чиркетбедим ботомду.
Анжыянды чалдырып,
Асылдан жабык салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып,
Жүктөтбөдүм ботомду.
Көбүргөнгө көшүлтүп,
Көлбөтбөдүм ботомду.

Көзүм карап турганда,
Төлдөтбөдүм ботомду.
Сарымсакка жайкалтып,
Көлбөтбөдүм ботомду.

Көзүм тирүү чагында,
Төлдөтбөдүм ботомду,
Жалбыракка жайкалтып,
Семиртбедим ботомду.

Сары атанда туз берип,
Кемиртбедим ботомду,
Жаш балдарга ылайык деп,
Ойнотбодум ботомду.

Аста сылап уктаса,
Ойготбодум ботомду.
Ал балдарды куудуруп,
Ойнотбодум ботомду.

Кошок жанры советтик эл чыгармасында уланып өскөн традициялык фольклор түрлөрүнүн бири болуп эсептелет. Ага мисал белгилүү акын Абылкасым Жутакеевдин „Ленин кошогу“ деген кошогу (1890-ж. туулуп, 1933-ж. өлгөн).

Өзүнүн сюжети жагынан кошокко жакын нерсе „Жоктоо“, бирок анын кошоктон айырмасы жоктоолор каада ырларына эмес, урп-адатка кошулат; ошондуктан анын мисалы урп-адат ырларынын бөлүмүндө келтирилет.

Эң аягында, каада ырларына батаны да киргизүүгө болот.

Бата кыргыз элинин ар түрдүү турмуш шарттарында айтылган, маселен, намаз окуганда, сапарга чыкканда, мал сойгондо жана башка толуп жаткан учурларда аткарылган.

Төмөндө батанын бир үлгүсүн келтиребиз:

БАТА

А кудай айланайын,
Таш көчүүндөн сакта,
Тайгак жолуңдан сакта,
Кыр кыялаган жооңдон сакта,
Кыйындык өлүмүнөн сакта,
Падышанын каарынан сакта,
Шайтандын заарынан сакта,
Эчки аралаш теке бер,
Эшик ачык меке бер,
Менин өзүмө жеке бер.
Кечиктирбей быйыл бер,
Аллохуакбар!

## IV. ЭЛ СӨЗДӨРҮ ЖАНА ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАР

Бул типтеги жанрлардын ичинде кыргыз элинин көп кылымдардан бери жыйналган тажрийбасы кенч болуп калган чыгармалар кирет да, ал чыгармалар кыска макалдар катарында же уйкаштуу сөздөр же үлгү-насыят түрүндө берилет.

Ал типтеги жанрдын составына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот.

1. Макалдар.
2. Лакаптар.
3. Санат ырлар.
4. Насият ырлар.

Алардын ар бирине айрым токтололу.

**1. Макалдар** кыргыз элинин турмушунда кең орун алып, практикалык ишинен келип чыккан. Ал макалдар коллектив пикирин кыска түшүндүрүп, түрдүү аракеттерди, мамилелерди жана шарттарды жыйынтыктайт—жамдайт.

Макалдар толук пикирдүү, элестүү кылып берилип, акыл айтуучу тыянак менен бүтөт.

Макалдардын көпчүлүгүнүн максаты угуучуга пайдалуу акылнасият, үлгү берүү болсо да, мазмун жана форма жагынан алар эки чоң топко бөлүнүүгө мүмкүн:

а) Акыл-насиятты туура мааниде берүүчү макалдар. Формалдык жагынан бул насияттар тупадан туура угуучунун өзүнө карата айтылып, баяндоочу экинчи жактын формасында берилет.

1. Тишиң барда таш чайна;
2. Темирди кызуусунда сок.

б) Насият же үлгү сөздөр констатациялоо формасында берилип, үчүнчү жак туурасында же жаксыз айтылат.

1. Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшойт.
2. Эрге кылган жакшылык жерде калбайт.

Мазмуну жагынан макалдар турмуштун түрдүү жагын е... коонун тажрийбаларын жамдап көрсөтөт.

Макалдардан биз төмөнкүлөрдү көрөбүз:

Элдин эрдик, баатырлык тууралуу айтка... дары, маселен:

1. Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи.

2. Душмандын сыртында болгончо ичинде бол.

Эл тууралуу жана коллектив тууралуу айтылган сөзд...

1. Калк айтса, калп айтпайт.

Бирдики миңге, миңдики түмөнгө.

Кыргыз фольклорунда аялдар тууралуу, алардын үй турмушундагы жана коллективдеги туткан орду жөнүндө айтылган макалдар аз эмес, маселен:

1. „Катын эрден чыкса да, элден чыкпайт.

2. Жакшы болсо катының, келип турар жакының; жаман болсо катының, качып турар жакының.

Макалдарда кишилердин сапаты, кулк-мүнөзү, адамгерчилиги көргөзүлгөн, маселен:

1. Акылдуу отко карайт, акмак казанга карайт.

2. Мал көтөрөт өлүмдү, дос көтөрөт көңүлдү.

3. Коркконго кош көрүнөт.

Бир катар макалдарда социалдык мамилелер, элдин байларга, молдолорго кылган мамилеси көргөзүлгөн, маселен:

1. Бай салык салса, кул чарык салат.

2. Сопу согон жебейт, жетсе кабыгын да койбойт.

Макалдардын бир тобу малды, айлана шартты байкоону көргөзөт; бул байкоолор көбүнчө, кишилердин ортосундагы мамилени символикалык (каймана) түр менен айтууга пайдаланылат.

Ошо сыяктуу бир катар макалдарда айлана чөйрөнү байкоолор алар менен параллел салыштыруу үчүн колдонулат (элестүү параллелизм).

1. Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт, ичи ооруган күлкү сүйбөйт.

2. Тоону-ташты сел бузат, адам затты сөз бузат.

Түрдүү макалдардын мазмунунда элестүү параллелизм болуу менен бирге чарба жөнүндө акыл берүү да бар. Маселен, „жаман атты жакшы бакса, тулпар болот“.

Башка сөз менен айтканда макалдардын мазмундары элдин көз караштарынын бардык жактарын, анын социалдык мамилесин, өндүрүшүн, анын турмушун ж. б. көргөзөт.

Макалдардын ичинен, тарихий багыты жагынан ар башка топтору бөлүнүп көрүнүшү мүмкүн. Ал топтор бүгүнкү күнү жоюлган, бирок байыркы заманда байкалган мамилелерден баштап, октябрьга чейинки да, октябрьдан кийинки да татаал социалдык мамилелерди көргөзөт.

Макалдар тамсилдерди же башка бир көркөм чыгарманы жамдоо натийжасында түзүлүүгө да мүмкүн, тетирисинче, макалдардан насият мүнөздүү чыгармалар чыгууга да мүмкүн, маселен, санат ырлар. Ал тууралуу төмөнтөн караңыз.

Өзүнүн көркөмдүк ыгы жагынан, көп учурларда, макалдар же элестүү параллелизмди көрсөтөт, маселен:

„Баатыр болуп, бай болсоң,
Бүрдөп чыккан терексиң
Баатыр болуп жок болсоң,
Үрүп чыккан серексиң".

же символикалык мааниси болот, аны биз „бир карын сары майды бир кумалак чиритет" деген өңдүү макалдан көрөбүз.

2. **Лакаптар** да макалдар сыяктуу болуп, мааниси да, чыгышы да бирдей. Лакаптардын макалдардан негизги айырмасы: макалдар бир көрүнүштү баяндап келип, тыянак жасайт же шартты айтып, андан коюлуп чыгуучу тыянакты берет.

1. Сокурдан сакчы койсоң элиңди чаптырасың.

Же эки карама каршы логикалык бөлүктөрдү берет. Месселен, „Жаман кий да, жаман ич", ошентип, макалдардын логикалык эки мүчөлөш бөлүгү бар.

Лакаптарда бул эки бөлүк болбойт. Лакаптар айрым курч, эсте калуучу сөздү же сүйлөмдү айтат.

Мына кыргыз лакаптарынын бир нече үлгүсү.

2. „Алын билбеген алек",

2. „Минип жүрүп атын издеген".

4. „Шодокондун бүркүтүндөй жутунбай" жана башкалар.

**3. Санат ырлар.** Булар бир катар уйкаштуу афоризмдерден же макал-лакаптардан түзүлгөн ырлар. Демек, санаттар макал-лакаптардын негизинде өсүп чыккан чыгарма болуп эсептелет.

Санат ырлар менен макал-лакаптардын байланышы болгондуктан аларды кээде „терме" деп аташат.

Балким, санат ырлар, өзүнүн баштапкы жетилиш этабында, ыр түрүндөгү айрым уйкаштуу мисалдар катарында чыгышы мүмкүн:

„Ырда десең ырды айтам,
Ар санаттан бирди айтам".

Аягында санат ырлар зор маанилүү болуп өсүп кетишкен.

Өзүнүн мааниси жагынан санат ырларын философиялык жана нрава үйрөтүүчү лирикага киргизүүгө болот. „Санат" деген сөздүн өзү акыл айтуучу сөз же үлгү алууга боло турган мисал болот.

Ырчы санат ырларында макал-лакаптарды стиль түзүү катарында пайдалануу менен бирге, санат ырда макалдардын түрүн өзгөртүп, рифмага багынтып, импровизациялоо аркылуу жаңысын да түзөт.

Санат ырлары ачык, элестүү сөздөр аркылуу морал жөнүндө, адамдын кулк-мүнөзү, дүйнө, табийгат жана социалдык мамилелер жөнүндө насият, акыл берет.

Стилистика ыгынын негизгилеринин бири катарында, санаттар келтирилген фактыларды макал жана афоризм менен салыштыруу жолу менен курулат. Мисалга алганда:

„Бирге жатпа биткорго,
Соода кылба сүткорго,

Айыл конбо анткорго,
Жолдош болбо айгакка.
Мүдүрүлтөт тайгакка.

Санаттардын бир бөлүгү бир катар афоризмдерден куралып, өзүнчө бир темага багытталат. Мисалга „Эрдик“ (баатырлык) жөнүндө“ деген санатты алалы:

### ЭРДИК (БААТЫРЛЫК) ЖӨНҮНДӨ

Туу-туу куйрук туу куйрук,
Тулпар минген эрди айтам.
Туу куйругун керилтип,
Шумкар салган эрди айтам.
Кара мылтык дүрмөттөп,
Атып жүргөн эрди айтам.
Кара макмал кулпу тон,
Сатып жүргөн эрди айтам.
Карагайга как болуп,
Аштап жүргөн эрди айтам.
Калың колду ээрчитип,
Баштап жүргөн эрди айтам.
Тамды тешер уурунун,
Сабы келтек чоту бар.
Жоого тиер жигиттин,
Жүрөгүндө оту бар.
Тайлактын таза жүнү бар.
Булбулдун муңдуу үнү бар.
Пер колдогон жигиттин,
Миң кишилик сүрү бар.
Чебер болмок бармактан,
Чечен болмок таңдайдан.
Найза-сайма эрдиктен.
Ат жоорумак тердиктен.
Баатыр болмок жүрөктөн.
Балбан болмок билектен.

Санаттардын экинчи бөлүгү афоризм менен макалдардын термесинен курулуп, ар түрдүү темаларга багытталат. Маселен, бир санат ырда төмөнкүдөй санаттарды учуратабыз:

Аргымактын азганы,
Аркы-терки басканы.
Азамат эрдин азганы,
Көчкөндө жөө басканы.
Аргымакта жол жок деп,
Жолго таштап өтпөңөр.
Азаматта мал жок деп,
Журтка таштап кетпеңер.
Жамгыр жаап сел келсе,
Жазда болсо кыш мен тең,

## АК ЫРГАЛ

Тоту куштай сыланган,
Боюң таза, Ак ыргал.
Буркурап жыпар жыттанган,
Койнуң таза, Ак ыргал.
Ыргал, ыргал, ыргал жан,
Ыргалышкан кыздар жан.
Боз улан менен өскөн жан,
Күмүш топчу күйдүм жан,
Ыргалжан сени сүйдүм жан,
Күйдүрбөчү кыздар жан.

Лирикалык эл ырлары өздөрүнүн мазмуну жана көркөм формасы жагынан көрүнүктүү айырмасы барына карабастан, формалдык жагынан ал ырлардын поэтикалык стили бирдей. Бул ырларда туруктуу ыр темасы, традициялык элестер, композициялык түрлөр, дайым колдонула турган эпитеттер жана курч сөздөр, ыктар иштелип чыккан.

Кыргыздын ашыктык лирикасынын эң жакшы көргөн түрү— салыштыруу. Бул түр жалпы эл лирикасында да бар. Мында жакшы көргөн кишисинин сезими табийгаттын сырткы кубулушу менен, өсүмдүктөр, айвандар жана башкалар менен теңдештирилет. Маселен:

Булбулдун муңдуу тилиндей,
Бүркүттүн жаргоо жүнүндөй,
Кел ойнойлу Айтамак,
Жан адамга билинбей

же башка мисалды алалык:

Ай кырандан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,
Айкалышып жаткандай,
Күн кыраңдан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,
Күбүрөшүп жаткандай.

Же мына бу мисалды алалык:

Белестен чыккан айдайым,
Беш кара боз тайдайым.
Кыраңдан чыккан айдайым,
Кысыр эмди тайдайым.

**2. Айтышуу**. Урп-адат ырларынын андан кийинки түркүмүнөн болуп эсептелет.

Бул түркүмдүн негизги айырмасы эле бул ырды айтышкан эки киши аткарып, ырдын мазмуну айтышуучулардын бир бирине карата берген жообуна жараша түзүлөт.

Түзүлүш формасы жагынан айтышуунун үч түрү бар:

а) Суроо жана жооп менен айтышуу, маселен:

## КҮЙӨӨ ЖАНА КОЛУКТУ

Бир кыз күйөөсүн чанып жүрсө, күйөөсү: „Мени сен жеңип кетсең, башкага кеткин, эгерде жеңе албасаң мага тиесиң, деп-тир. Анда кыз макул деп, экөө айтыша баштаптыр.

Колуктусу—Күн күркүрөп күз болуп,
Көйкөлгөн шибер саз болду.
Жамгыр жаап жаз болду,
Кайкалаган шибер саз болду.

Атакем Алай кеткенде,
Энекем үйдү чечкенде,
Алты атанга жүк артып,
Алды, кийин бек тартып.
Ак дайра кечип жол тартып,
Алайга кетем кантесиң?

Күйөөсү — Алайга кеткен жериңде,
Сары иңгенге чөп артып,
Саргая кууп мен барып,
Сага жетсем кантесиң?

Куу иңгенге чөп салып,
Кумсара кууп мен барып,
Кууп жетсем кантесиң?

Колуктусу—Кууп жетер жериңде,
Коктуну басып койкоңдоп,
Кырды басып кылчаңдап,
Кызыл түлкү мен болуп,
Кырга кетсем кантесиң?

б) Табышмактуу кылып айтышуу.

Кыргыз фольклорунда айтышуунун бул түрүнө тиешелүү болгон „Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы“ деген кызык бир айтышуу бар. Кыргыз Тарих, Тил, Адабият, Илим Изилдөө Институтунда сакталуучу фольклор фондунда мунун эки варианты бар. Биринчи вариант акын Тоголок-Молдонун оозунан Нарында жазылган, экинчи вариант Таластык Абайылдаев Тууганбайдын оозунан жазылган. Тоголок-Молдонун варианты адабий тил менен түзүлүп, экинчи вариант сүйлөмө тил менен түзүлгөн.

Бул чыгарманын сюжети түрдүү элдердин жомокторунун сюжетине жакын. Мына ошол жакындык түрдүү элдердин адабият таануу процесстеринин бирдиктүүлүгүн дагы бир жолу далилдейт.

## ТАЛЫМ КЫЗДЫН АЙТКАНЫ

Адамзат бендеси сүйгөн нуру ким болот?
Асман менен закымдап, жүргөн нуру ким болот?
Арасында тунарык, кирген нуру ким болот?
Асман, жерди жарыткан, ачык нуру ким болот?

Асман жерди бүркөгөн, сасык нуру ким болот?
Асман жердин зыйнаты, анык нуру ким болот?
Жан бүткөндүн баарысын, тазалаган ким болот?
Жарды дебей, бай дебей, жаралаган ким болот?
Бир ордуна кебелбей, турган нуру ким болот?
Талымдын тартпа домогун, таба салгын жомогун!

## КӨБӨКТҮН ТАПКАНЫ

Адамзат бендеси сүйгөн нуру таң болот,
Асман менен закымдап, жүргөн нуру ай болот.
Арасында тунарык, кирген нуру түн болот.
Асман, жерди жарыткан, ачык нуру күн болот.
Жер, асманды бүркөткөн, сасык нуру туман дейт.
Жер, асманды жарыткан, анык нуру жылдыз дейт.
Жан бүткөндүн баарысын, тазалаган эки көз.
Жарды байды кейитип, жаралган суук сөз,
Эл ортосун ынтымак, кылган нуру ширин сөз,
Бир ордуна кебелбей, турган нуру убада.
Таптымбы Талым сөзүңдү, келтирди кудай кезиңди,
Аптыкбагын Талымкыз, ачмак болдум көзүңдү!

в) Диалогдордон түзүлгөн айтышуулар. Буга „Эркек бала менен кыз баланын айтышканы“ кирет. Анын үзүндүсүн төмөндө келтиребиз:

Эркек бала:—Алтын боолу ак шумкар,
Алты өрдөккө салайын.
Азыр маалым болсо да,
Чырагым сени алайын.
Күмүш боолу ак шумкар,
Көп өрдөккө салайын.
Көбүрөөк маалым болсо да,
Чырагым сени алайын.

Кыз бала: — Күмүш боолу көк шумкар,
Көп өрдөккө салбагын,
Күлкү болуп каларсың,
Күндүз мени албагын.
Алтын боолу ак шумкар,
Алты өрдөккө салбагын.
Ашкере чыгып сен өзүң,
Азыр мени албагын.

Мазмуну жагынан айтышуулардын составына төмөнкү түркүмдөрдү киргизүүгө болот:

1. Кишилердин кемчилигин, кемтигин, маселен, жалкоолукту, ач көздүктү жана ошол өңдүүлөрдү көргөзүп күлгөн айтышуулар. Бул өңдүү айтышууга „Бороончунун жалкоо менен айтышканы“ дегенди мисал кылууга болот. Анын үзүндүсүн төмөндө келтиребиз:

Тартынбай айтып чындыкты,
Жалкоолордун көзүнчө,
Жалгыз жүрүп ырдаймын,
Жаман жалкоо көрүнсө,
Жаныма тең туш кылбаймын.
Эртең менен эртелеп,
Ударниктей иштеймин.
Укмуштуу жумуш издеймин.
Кайраттанып иштесек,
Эгинге толот кампабыз.
Толук алсак эмгекти,
Сакталат биздин жаныбыз.
Сатылбайт чарба малыбыз.
Турмушубуз оңолот.
Сага окшогон жалкоолор,
Түбү менен жоголот.

Айтышуу жеңилген жалкоонун төмөндөгү сөзү менен аяктайт:

Жалкоо: — Уялбай айтам сырымды,
Ушул оокат айынан,
Үй кепеге тыгылдым.
Ударник сага жыгылдым.
Болбой бир айтам сырымды,
Болбогон оокат айынан,
Бир тамга келип тыгылдым.
Ударник Бороончу сага жыгылдым.

2. Бир биринин тапкычтыгын жана акылдуулугун сыноочу айтышуу. Биз жогоруда мисал келтирген „күйөө менен колукту“ же „Көбүк кан менен Талым кыз“ деген өңдүүлөр буга мисал боло алат.

3. Ашыктык мүнөзүндөгү айтышуулар. Мындай айтышуулар аркылуу ар ким өз көңүлүндөгү ашыктык—сүйүү сезимдерин берген. Жогоруда келтирилген „Эркек бала менен кыз баланын айтышканы“ деген буга мисал боло алат.

4. Көркөм сөзгө усталыкты көргөзө турган айтышуу. Мындай айтышуу көбүнчө сөз менен жекече чыккандай түргө айланып кетүүчү. Бул өңдүү айтышууга атактуу кыргыз акындары Эшмамбет менен Токтогулдун айтышканы жатат. Анын мисалын келтирели:

Эшмамбет —Чолок чаар жылкыдай,
Чортоңдогон немесиң,
Чочугансып сүйлөгөн,
Кортоңдогон эмесиң.
Ар чеңгелим беш кадак,
Бир муштасам өлөсүң.

Токтогул — Жалдуу кара айгырдай,
Жалпылдаган эмесиң,
Арабаны көргөндө,

Талпылдаган эмесиң.
Жаактууга жай бербес,
Жайдак атка бой бербес.
Кара башыл текедей,
Таркылдаган эмесиң.

Эшмамбет —Адырга бүткөн жекенсиң,
Айлыңа качан кетесиң,
Алты кыл жок ээгинде,
Апама окшош экенсиң.

Токтогул — Кара эчкинин терисин,
Каптап алган экенсиң.
Жараткандын көп кылын.
Мактап алган экенсиң.

5. Ошону менен бирге акындар тарабынан өзүнүн тарабындагы чоң кишини (өзүнүн манабын, байын) мактап, каршы тарабтын чоңун кордоп айтышкан айтышуулар бар.

Айтышуунун бул түркүмү манаптардын, байлардын арасында саясы жана экономикалык күрөш жүрүп, акындар бул күрөштөрдө курал катарында пайдаланылган феодализмдин саркындысы болот.

Бул акындардын бай-манаптарга көз карандылыгын көргөзгөн жанрдан кийин жагында мактоо, арноо жана аларга карама-каршы кордоо жанрлары чыккан. (Булар тууралында төмөнтөн караңыз).

6. Феодалдык коомдогу жана капиталисттик мамилелер тушундагы социалдык теңсиздикке, жакырчылыкка жана эзилүүгө каршы айтылган айтышуулар. Буга кедей менен байдын айтышканынан мисал келтиребиз:

„Барпы акын 16 жашынан Назарбай деген Ачылык байга жүрөт. Назарбай жыйынга ырдабаганы менен өзүнчө акынсымак киши болгон. Барпы акын ошол өзүнүн кожоюну Назарбай менен айтышканы:

Назарбай—Үйүмдө жүргөн уулумсуң,
Үч тиллалик кулумсуң.
Таптагын кулум саманды,
Жумшаймын сендей жаманды.
Эртең менен турбайсың,
Актабайсың ашымды,
Көтөрбөйсүң башыңды.
Тойгуча жейсиң нанымды,
Бакпайсың барктап малымды.
Билемин кулум алыңды,
Баргың келет апаңа.
Пул бергемин атаңа.
Кызын баалап береби
Өткөргөн менин булума.
Урсам бирөө кой дебейт,
Тилдесем сендей кулума.

Барпы — Тоӊголок кести бутумду,
Малыӊа кантип барамын.
Чон акырга толтуруп,
Жылкыӊа саман саламын.
Кыйналып жүрүп өлбөсөм,
Кегимди сенден аламын.

Айтышуунун форма жагынан толуп жаткан түркүмдөрү бар. Буларга „С а р м е р д е н“, „А л ы м с а б а к“ жана башкалар кирет.

Сармерден формасындагы айтышуу ар дайым той-тамашада, зоок кечелеринде колдонулган. Отургандар катары менен кезектешип, ырдап, овон салышкан, алар ошол жердин өзүндө импровизациялап—оюнан чыгарып, же эсиндегисин айткан. Ошону менен ал ырлардын тематикасы түрдүчө болууга мүмкүн эле.

Алымсабак болсо, ооз эки айтышуу болуп тиешелүү темага карата айтылып, ага жооп берүү милдеттүү болгон.

**3. Арман.** Арман—кыргыз фольклорунда кошокко жакын жанр болуп эсептелет. Мында да таалайга таарынып, самаган тилегине, ойлогон оюна жетпегендикке муӊканып айтылат. Кошоктон армандын айырмасы, арман өз керт башы туурасында ырдалат; кошок болсо, эгерде каада кошогу болбосо, көбүнчө башка киши туурасында айтылган.

Кыргыз фольклорунда мындайча айтканда армандын үч тобун көргөзүүгө болот:

а) Турмушунун начардыгы жөнүндө айтылган арман (сүйгөнү сүйгөнүнө кыянат кылуу; зордуктап күйөөгө берүү же үйлөнтүү, жалгыздык жана башкалар). Бул типтеги арманга мисал катарында төмөнкүнү келтиребиз:

## НАСИЯГА КЕТКЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Атакем жетелетти төөнү,
Атакем жетиндирди күйөөнү.
Көӊ чогуна кактанган,
Менин күйөөм жакшы деп,
Атакем кайындарга мактаган.
Кушуӊду салсаӊ куугa сал,
Соодагерге бергенче,
Кардымды жарып суугa сал,
Ителги салсаӊ куугa сал,
Соодагерге бергенче,
Ичимди жарып суугa сал.
Топуну кийген сен болдуӊ,
Тозокко түшкөн мен болдум.
Кемселди кийген сен болдуӊ;
Кейишке түшкөн мен болдум.
Чеч төбөнүн сазында,
Соодагер келди карыган,
Кантып чагып чай берип,

Мени алууга камынган.
Атбашы-Нарын ара жер,
Насияга кыз берген,
Атакем өзү кара көр.

Же болбосо:

### ЧАЛГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Күнгөйдүн күнү баткан жок,
Күйөөдөн мага айткан жок.
Тескейдин күнү баткан жок,
Теңтуштан мага айткан жок.

* * *

Алтымыш ашкан ак сакал,
Чалга кетип баратам.
Атам сатып башымды,
Малга кетип баратам.
Пайдасы жок жаныма,
Чалга кетип баратам.
Жээктен тышка сүрүлгөн,
Жанга кетип баратам.
Өз башыма ээ болбой,
Малга кетип баратам.

б) Армандардын экинчи тобу кийинки учурда таптык карама-каршылыкты түшүнгөн доордо чыккан болуп, бул армандар октябрьга чейинки социалдык мамилелерге арналган. Бул өңдүү арманга төмөнкү мисалды келтирели.

### ЖОКЧУЛУК

Жок болсо дөөлөт колуңда,
Жок экен дарман боюңда.
Чыгарбасам арманым,
Жокчулук чыкпадың менин оюмдан.
Бирөөдөн алсам бере албай,
Калтаң кылдың жокчулук.
Таштан тайбас кезимди,
Жалтаң кылдың жокчулук.
Бир сөзүмдү көп кылып,
Бабыр кылдың жокчулук.
Паанайымды пас кылып,
Жабыр кылдың жокчулук.
Куу башымды кейитип,
Алсыз кылдың жокчулук.
Бир тыйындын артынан,
Алдантасың жокчулук.
Бечараны бир койго,
Жалдантасың жокчулук.

Жатсам саана тынчым жок,
Өң аздырдың жокчулук.
Турсам минер атым жок,
Жөө бастырдың жокчулук.
Кыймылдарга дарман жок,
Калтыраттың жокчулук.
Бассам муунум бошотуп,
Сандыраттың жокчулук.
Жипсиз байлап моминтип,
Жалдыраттың жокчулук.
Бир сөзүмдү жүйөгө,
Киргизбейсиң жокчулук.
Жаман жакшы баркымды,
Билгизбейсиң жокчулук.

**4. Кошокту** биз каада-салт ырларын текшергенде айтып кеттик эле. Анткен менен кошок, жанр катарында, өзүнүн милдетине жана мазмунуна жараша, каада-салт ырларынын катарына да, урп-адат ырларынын катарына да кирүүгө мүмкүн.

Биз жогоруда көргөзгөндөй, өлгөн кишини каада-салт боюнча милдеттүү түрдө кошуп ыйлоо кызматын аткарбаган кошоктор урп-адат ырларынын катарына кошулат. Мында кошок өлгөн кишинин жакын туугандарынын чын күйүтүн көргөзгөн өзүнчө адабий түр болуп чыга келет.

Кыргыз фольклорунда чыгармага көбүрөөк эмоционалдык түр берүү үчүн кошок акындык түр катарында кеңири пайдаланылат.

Бүл өңдүү кошокторго мисал үчүн төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот.

„Тоту куштун кошогу“ „Ботосу өлгөн төөнүн боздогону“ же болбосо „Тебетей кошогу“ ж. б.

**5. Жоктоо ырлары.** Өлгөндү жоктоо ырлары өлгөндү көмүү каадасынан тышкары, аны эске түшүрүү катарында айтылат. Абдыкалык Чоробаевдин эл акыны куудул Куйручукка карата жазган ыры буга мисал боло алат.

## АБДЫКАЛЫК ЧОРОБАЕВДИН ЖАЗГАН ЖОКТООСУ

Чечени элең кыргыздын,
Намыс үчүн тырмыштың.
Ким болсо да тартынбай,
Бетин ачтың кылмыштын.
Тамашаң таңды атырган,
Күлкүң күндү батырган.
Кубултуп сөздү сүйлөгөн,
Куйручук баатыр акылман.
Баатыр болуп найза жеп,
Маңдайыңда так болгон,
Манаптын жаагын сындырып,
Маскаралап ат койгон.
Таңдайың таңшып сүйлөгөн,
Таңданып элиң дүрбөгөн.

Учур болуп өлүмдүн,
Өтүп кеттиң дүйнөдөн.
Өрнөктү элге таратып,
Бир күнү тынчып турбадын.
Калмурза булбул, Найманбай
Катарында ырдадың.
Сөзүң, калды калкында,
Ак калпак кыргыз жалпында.
Улантабыз тарихка,
Нуска кылып артында.

6. **Коштошуу ырлары.** Көбүнчө, айрылуу мезгилинде ырдалган. Бул ырларда эл менен, сүйгөн жары менен, курбу-курдаштары менен коштошуу учурлары ж. б. айкын бөлүнүп көрүнөт.

Коштошуу ырына мисал кылып, Балык акындын эл менен коштошконун келтирели.

## КОШТОШУУ

Балык акын өз элине көчүп кетерде коштошкону:

Топурак Бел Шыбак Бел,
Тооң менен аман бол
Кызыл Адыр, эчкилү,
Кыркаң менен аман бол.
Суу сураса бал берген,
Суусар энем аман бол.
Ат сураса төө берген,
Ажыбек атам аман бол.

7. **Керээз ырлары** деп, өлөр алдында урук-туугандарына, балдарына же элге айтып кеткен керээзди түшүнөбүз. Манас эпосунда керээз ырынын толук түрү—„Манастын керээзи" деген бар. Төмөндө анын үзүндүсүн келтиребиз:

## МАНАСТЫН АБЫКЕГЕ АЙТКАН КЕРЭЭЗИ

Аганы жөнгө салып жүр,
Аганын тилин алып жүр.
Инини жөнгө салып жүр,
Ининин тилин алып жүр.
Сенин адам болор кезегиң,
Абийир тапсаң ошол чак,
Атаң Жакып карыды,
Ата-энеңди жакшы бак.
Талаа толгон мал калды,
Казына толгон зер калды.
Айры төө болсо андан көп,
Алты жүз кызыл нар калды.
Мал курусун нетейин,
Байкатып сөзүм кетейин.

Элиңе душман тоорутпа,
Элиңдин көөнүн оорутпа.
Айлыңа душман тоорутпа,
Айлыңдын көөнүн оорутпа...

**8. Кордоо ырларын** өзүнүн мазмуну жагынан:

1) урп-адат мамилелерин, 2) уруучулук мамилелерин, 3) социалдык мамилелерди мүнөздөөчү үч түркүмгө бөлүүгө мүмкүн.

Кордоо ырлары көбүнчө эл жыйылган жерлерде, той-тамаша ж. б. орундарда акындар, ырчылар тарабынан ырдалып, отургандардын кылык-жоруктарын шылдың кылышкан.

Кордоо ырларынын көпчүлүгү кыргыз элинин уруу мамилелерин көргөзгөн. Бул кордоолордо башка (жат) урууну кордоп, анын өкүлдөрүн жамандашкан. Кордоонун бул түрү балдардын „акыйы" менен жакындашат, ал туурасында төмөн жактагы мисалды караңыз.

Көп убактарда акындар мындай кордоо ырларында кандайдыр бир манаптын тарабында болуп, анын душманын жамандаган. Ал эми жамандалып жаткан манаптын акыны өз манабын жактап, анын душманы болгон манапты жана анын уруусун жамандоо менен буга жооп берген. Ошентип кордоо ырлары айтышууга айланып, мындагы максат бирин-бири маскаралап, басынтуу болот.

Мисал үчүн Найманбай менен Калмырза деген **эки акындын** ортосундагы айтышууну келтирелик.

Найманбай—Балыктын уулу Найманбай,
Айта берем аргандай,
Атам Балык ыракмат,
Ар кимден көргөн ыракат.
Мен куштан тууган буудайык,
Текөөрүм темир болуучу.
Кулунум сени Калмырза,
Кандай айтсам ылайык.

Калмырза—Адам тууп куш болдуң,
Карыганда Наяке,
Калмырзага туш болдуң,
Сен куштан тууган буудайык,
Канекей мен кайсы кушка ылайык?

Найманбай—Балам атыңды коюп берейин,
Кыргый деген бир куш бар,
Бөдөнө кууп бөлбөгөн,
Башка кууп көрбөгөн.
Короолу кууса корголоп,
Суу бүркүттү көргөндө,
Качып берген жорголоп.
Мен бүркүт деген балбанмын,
Сен өндөгөн балдарды
Нечени эңип алгамын,
Текөөрүмдү малгамын.

Калмырза—Наяке айтайымбы айбыңды,
Чукуюнбу дайныңды
Айтайынбы зайбыңды?

Найманбай—Мен да зайыбың көргөмүн,
Зайыбыңды көрсөм жеңгендей,
Жеңең десем энеңдей.
Картайган зайыбың бар тура!.
Кире тарткан төөдөй,
Тартайган зайбың бар тура!

Акындар кээде өз меценаттарынан ыза көрүп калганда, маселен, манап акынды жетишерлик сыйлабай койгондо же такыр эле сыйлык бербей койгондо кордоо ырларын ырдашкан. Мындай кордоо ырларында акын манаптардын ач көздүгүн, сараңдыгын маскаралаган, жыйылган элдин алдында аны күлкү кылган, ошентип кордоо ырларын каршылык көрсөтүү—протест куралына да айландырган.

Маселен, ырчы Бекназардын Мамытбек манапты жамандаган кордоо ыры кызык (ал манап ырчыны ырлары үчүн уруп койгон экен).

Урганың менен Мамытбек,
Бошобойт акын дарманы.
Азелде бузук туулдуң,
Курманжандын балдары.
Катыны талак Карыбек,
Кабыргам тээп сындырдың.
Мурунтан канкор туулуп,
Бүгүнкү күндө билдирдиң.
Силер көпсүң мен жалгыз,
Ылажым кетип тек болдум.
Ырдагым келди кыжынып,
Алымбектин баласын,
Алымбектин беш беги.
Энеңдин жедиң карасын.

Ошол эле кордоо ырынан алынган экинчи бир үзүндү.

Жетимдерди ыйлатып,
Жетип жедиң Маамытбек.
Кедейлерди какташып,
Кесип жедиң Маамытбек.
Жалгыз аттуу кедейдин,
Атын жедиң Маамытбек.
Акча берсе паралап,
Макул дедиң Маамытбек.
Бечараны ыйлатып,
Тутуп жедиң Маамытбек.
Бээ союп уурулук,
Чучук жедиң Маамытбек.

Мына ушунун баары экономикалык жагынан акындардын байларга көз каранды болгондугун көрсөтөт. Бул авал алардын чыгармаларынын тематикасына да белгилүү бир таасир кылды.

Өнүгүп жаткан таптык карама-каршылыктар кордоо ырларында көрүнүп турат. Бул карама-каршылыктар ар түрдүү манаптардын жана социалдык топтордун өкүлдөрүнүн ортосундагы мамилелерден көрүнөт.

Мындай учурларда кордоо ырларын бай-манаптардын өкүлдөрүнө наараазылык көрсөтүү үчүн пайдаланышкан.

Эшендерди шылдыңдаган ырлар мына ушундай кордоо ырлары болот. Биз муну, маселен, төмөнкү кордоо ырынан көрөбүз:

Өлүмтүк болсо сактайсың,
Жаназага бул алып,
Көрүндө тынчып жатпайсың,
Баш үйрүтмө деп салып.
Напсыңды бузуп жүргүздүң,
Айтканың ырас чын болсо,
Өзүңө залал тийгиздиң.
Дамбылдамын деп жүрүп,
Элдин баарын булгадың,
Мындай кылсаң дамбылда,
Өлүп көрдө куурагын.
Төрт чалыяр деп жүрүп,
Төбөңдөн тиер бекенсиң.
Ийман мазам деп жүрүп,
Ыймансыз өлөр бекенсиң.
Келооми шарип деп жүрүп,
Кепинсиз өлөр бекенсиң.
Көпчүлүктүн ичине,
Жетпей өлөр бекенсиң.
Алкымыңдан жегениң,
Өтпөй өлөр бекенсиң.

Элди алдап, кем өлчөп берип, акчасын ашык эсептеп алуучу соодагерге элдин наараазы болгондугу көп кордоо ырларынан ачык көрүнүп турат. Маселен, соодагерлер жөнүндөгү төмөнкү кордоо ыры ушундай:

Ыйман мазам пирим деп,
Кымбатка саттың малыңды,
Сурабай менин алымды,
Ичиме салдың жалынды.
Тизгиндеп кармап жетелеп,
Келтиресиң ачууну,
Көрбөдүм сендей катууну.
Каракаш аттуу күлүк деп,
Мактап саттың соодагер.
Малайларды куйгузуп,
Акын жедиң соодагер.
Ыйманыңды өрттөтүп,
Даки бердиң соодагер.
Жетимдин кебин кыйраттың,
Жети айлык акы төлөбөй.
Жер каратып ыйлаттың,

Чинек булга чыдабай.
Паттамды карга бастырган,
Ысактай палит бойдон көр.
Өлчүлүк алды шайымды,
Билбейсиң менин жайымды.
Калпыңдан түшкөн кардан көр,
Эл ичинде жылоолоп,
Уятымды кетирдиң,
Нысабы жок соодагер.
Шерменде кылат шекилдиң.
Аларсың менден булуңду.
Көрбөдүм сендей зулумду.
Ачууланып тыңшабай,
Түгөттүң менин ырымды.
Мурунтан билбей курудум
Соодагер сенин сырыңды.

Социалдык карама-каршылыктар өскөн сайын кордоо ырлары бир жагынан байлар менен манаптардын зордук-зомбулугуна, эзүүсүнө, экинчи жагынан колониячылардын эзүүсүнө элдин наараазы болгондугун уламдан улам көбүрөөк көрсөтүп келди. Ошентип кордоо ырларында социалдык тематика барган сайын чоң орун алып, бул ырлар өнүгүп жаткан тап күрөшүнүн эң күчтүү куралдарынын бири болду,

9. **Акый-Акыйнекти кордоо ырларынын бир түрүнүн калдыгы деп, атап айтканда уруу мамилелерин көрсөтүүчү кордоо ырларынын калдыгы деп эсептөөгө болот.**

Уруулардын арасындагы касташуу өтмүш иш болуп калды. Уруулардын касташууларын бай-манаптар атайы ырбатып туруучу. Кыргыз элинин ар түрдүү уруу топтору,монолиттүү коллективге баш кошкон эле, ал эми уруу антагонизмин кыргыздардын негизги эмгекчи массалары жаман көрө турган. Ошондуктан уруулар арасындагы карама-каршылыкты көрсөтүүчү кордоо ырлары да өз маанисин жоготот. Кордоо ырларынын бул түрү чоңдордун арасында өз баркынан улам барган сайын ажырап, биздин кезибизде мурунку өткүрдүгүн такыр жоготуп койду. Бирок ошондой болсо да кордоонун бул түрү Октябрь революциясына чейинки балдар фольклоруна өтүп акыйга айланып кетти.

Сөздүн тар маанисинде алганда акый айтышып урушууга жатат. Кеңири, абстрактташтырылган мааниде кыздардын ырдап айтышкандыгы болот. Балдардын фольклорунда акый 14 жашка жетелек кыздар аткаруучу кордоо ырынын бир түрү болуп эсептелет. Акыйга кээде эркек балдар да катышкан. Бирок чоң адамдар акыйга катышкан эмес.

Акый ырларында адетте башка урууну келекелеп, биринин тегин бири кордоп ырдашат.

Мындай акыйга мисал кылып мына буларды келтирсек болот.

Самсалаган сен энең.
Илме тиккен мен энем,
Илелеген сен энең.
Улуу тоонун боорунан
Улар аткан мен атам,
Улуу кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сен атаң.
Кичи тоонун боорунан,
Кийик аткан мен атам.
Кичи кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сен атан.
Чериктердин кыздары,
Чепкен бычкан турбайбы?
Челек-челек жарманы,
Кептеп ичкен турбайбы.
Күйөөсү келет дегенде,
Үй ордундай жерлерге,
Ойноп чыгат турбайбы.

**10. Мактоо ырлары**. Кордоп ырдоонун тескерисинче, айрым адамдарды жана аларга таандык нерселерди (аялды, үйдү атты ж. б.) мактоо үчүн ырдалат.

Мактоо ырларынын а дегендеги мааниси, калыбы, мактай турган адамынын ак көңүлүн карматып, бир нерсе өндүрүп алууда болсо керек.

Мисал кылып төмөнкү ырды алалык.

## МАКТОО

Байбектин ашында Калмырза ырчынын Бугу уруусун мактап айтканы:

Түмөн ашып таш басып,
Түмөнө кырк күн жол басып,
Таган ашып таш басып,
Таманы кырк күн жол басып,
Ала баш келип Калмырза,
Акының келип үн катты.

Күчүктөгү Кененбай,
Көкүрөктө Алыбай,
Көл бугусу бары бай,
Арбытып айтсам кептерин,
Акын экен Калмырза.
Баатыркан менен Балтабай,
Эки бирдей дөөм ай.
Ысагалы, Сагымбай,
Ырыстуу бугу барың бай.

Коңур өлөң ала баш,
Жайлооң артык баары саз.
Букарасы малга мас.

Зайыптардын кийгени,
Жаркыраган кызыл шай,
Көл бугунун ичкени,
Жаркенттен келген кызыл чай.
Жайыңкысын жегени,
Кысыр эмдүү жалдуу тай.

Жийдебай менен Байгазы,
Ырыстуу бугу балдары.
Кыдыр аке, Баатыркан
Кыйладан кеңеш табылган.

Кыргыз адабиятында мактоо жанры Октябрь революциясынан кийин оданын айрым бир түрүнө айланып бараткандыгы байкалат. Маселен, Алымкул Усенбаевдин, Калык Акыевдин же Бөкөнбаевдин „Сталин жөнүндө" деген ырлары же Аалы Токомбаевдин „Ленин" деген ыры мына ушундай ыр.

Мактоо ырларын кээде бир нече ырчы кошулуп алымсабак айтышып да ырдайт. Мындай учурда ар бир ырчы өзүнүн импровизация чеберчилигинин элементин ырга кошпой койбойт.

Кордоо ырлары, акый жана мактоо ырлары ар түрдүү жанрга таандык болуп, ар биринин өзүнчө өзгөчөлүктөрү жана кайдан чыккандыгынын тарихи бар. Ошондой болсо да бул жанрлар өзүнүн айтылып техникасы жагынан бир топко кошулуп көбүнчө диалог системасында түзүлөт.

Мына ошентип кыргыз ырларына ырчылардын коллективдешип катышуусу хор түрүндө аткарылбастан, экиден болуп дуэт жана диалог түрүндө же алымсабак айтышуу түрүндө аткарылган.

11. **Арноо ырлары.** Көбүнчө сүйгөн аялына же сүйгөн адамына арналган ашыктык ырларына жатат десек болот. Арноо ырлары өзүнүн мазмуну боюнча мактоо ырларына жакын, анткени арноо ырлары да мактоо ырлары сыяктуу мактоонун бир түрү болуп келген.

Арноо ырларынан анча-мынча мисал келтирелик:

Эңкейиште булагым,
Эңкейип атым сугардым.
Элиме эрмек болсун деп,
Секетбай сен деп чыгардым.
Кайрылышта булагым,
Кайрылып атым сугардым.
Калкыма эрмек болсун деп,
Кара көз сендеп чыгардым.

12. **Оюн ырлары же селкинчек ырлары.** Мындай ырлар жаштар селкинчек тепкенде ырдалган. Бул ыр селкинчектин терметилишинин ыгына—тактысына ритмелешип келип, бир калыпта тең термелүүгө чакырып турат. Маселен:

## СЕЛКИНЧЕК

I

Бурулчанын селкинчек,
Бурбай тепчи келинчек,
Алымкандын селкинчек,
Андай теппей мындай теп
Сүйүмкандын селкинчек,
Андай теппей мындай теп,
Сен теппесең мен тебем,
Арам катын келинчек.
Айланайын жеңеке,
Айлыма кетем эмесе,
Алда кокуй ичим ай,
Ий, кокуй ичим ай,
Кагылайын жеңеке,
Кайтып кетем эмесе,
Үйрүлөйүн жеңеке,
Үйүмө кетем эмесе.
Жылас болгон жеңеке,
Жыгылып кетем эмесе.

II

Жибек жоолук үлбүнчөк,
Жигит кыздар чогулуп,
Тебе турган селкинчек,
Тээп өтчү келинчек.
Кызыл жоолук үлбүнчөк,
Кыз келиндер чогулуп,
Тебе турган селкинчек,
Тээп өткүн келинчек.
Кызыл жоолук түрдөй жан,
Кыз экенде гүлдөй жан,
Жашыл жоолук үрдөй жан,
Жаңы чыккан гүлдөй жан.
Сүйүмкандын селкинчек,
Сөөп тепкин келинчек.
Чунак катын тепкиле.
Бир бириңе карашып,
Күйө тепкин келинчек.

**13. Бешик ырлары**. Өзүнүн аткарылыш техникасы жагы селкинчек ырларына окшош келет, анткени ал ырлар да ба сын терметип отурган эненин бешик терметишине ритмелеі турат.

Бешик ырларынын мазмуну эң эле көп түрдүү болот. Беі ырларында баланы ыйлаба деп соороту, башынан өткөргөі рүн, ата-энесинин, жакын адамдарынын өмүр баянынан жана авалынан алынган моменттерди айтып берүү кең орун алат.

Бешик ырларынын мисалдары мына булар:

4 стр. нет.

Кызын алдырган Үркөр ызаланып жетигендин аркасынан ба чыгат.

Жетигендер барып, каккан казыктай болуп, былк этпей т ган Алтын-Казык деген жылдызга барып корголойт да: „биз көрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качып келдик, адил эм сиңби, бизди Үркөрдөн куткар“ дешет.

Үркөр:—„Кымыз ичкендики, кыз алгандыкы болот, чочубай жүрө бергиле“ дейт. Бир увакта аркасынан Үркөрлөр барат Алтын Казыкка айтышат.—„Калыссың, жалган кепти укпаган, орундан жылбаган, Үлпүлдөк деген кызымды 7 каракчы ал качып жеткирбей жүрөт, калыстык кылып кызымды алып б дешет.

Алтын казык: „Кызың өзү көөндөнүп качкан чыгар. 7 кар чы менин эбиме кирбейтко, силер көп эмесиңерби, артынан к каракчыларга жетпейсиңерби, кызыңды тартып алып кетпе ңерби“ деп, Үркөрдү жетигендин артынан салды, ошо күн ушу күн Үркөр, Алтын-Казыкты айландыра Жетигенди кууп кал

**II. Жомоктор** деп ооз эки айтылган аңгемелерди түшүнө аларда жалгыз фантастика менен катар эмгектин жана тир ликтин невак өтүп кеткен формалары да айтылат. Алексей М симович Горький мындай дейт: „биз жомоктордон жана миф ден „Айванаттарды үйрөтүү, дары чөптөрдү табуу, эмгек к лын ойлоп табуу жагынан болгон иштердин белгилерин көрө Жерде жүрүүнү тездетүү жөнүндө—„тез жүрүүчү өтүк“ жө дө—ойлошту... жылкыны үйрөтүп алышты... Бир түндүн ич ийрип, килейген кездеме токуп алуу жөнүндө самашты, бир дүн ичинде жакшы турак үй салып алуу жөнүндө дегдешти ийикти ойлоп таап алышты... Василиса Премудрая жөнүндө мок чыгарышты. Байыркы жомоктор менен мифтердин макс ылайыктуу экендигин далилдөө үчүн дагы нечен миса келтирүүгө болор эле“*.

Кыргыз элинин ичинде жомоктор „жөө жомок“ жана мок“ деп эки бөлүнүп айтылат. „Жомок“ деп жонунан эпо чыгармалар бүт айтылат. Эгер жомок ыр менен айтылса, „Ыр жомок“ деп коёбуз.

Мазмуну боюнча кыргыздын жомоктору төмөнкүдөй түр гө бөлүнөт:

1. Айванат жөнүндөгү жомоктор.
2. Кереметтүү жомоктор.
3. Турмуштан алынган жомоктор.
4. Анекдот жомоктору.

Жомоктордун айтылган түрлөрүн шарт менен алып отур башкача айтканда, маселен, айванат жөнүндөгү ар бир жом кереметтүү жомоктордун элементтери да болушу мүмкүн ошону менен катар балдар жомогу болуп калышы да мү Экинчи жагынан ал жомоктор социалдык мамилелерди да, даанышмандыгын да көрсөтөт.

---

* М. Горький „Адабият жөнүндө“ 2-басылышы, 366—370-беттер.

1. **Айванат жөнүндөгү жомоктор**. Адепки замандагы мергенчилер айвандарды акыл-эстүү деп, ойлонууга да, аракет кылууга да жарайт деп жана адам кылгандын баарысын кыла алат деп жүргөн кездеги байыркы тарихий замандарда келип чыккан.

Бул жомоктор адамдын табийгатты узак увакыт бою байкашынын жана ал байкоолорду мифтик түшүнүктөр менен боёп бириктирүүнүн натийжасында келип чыккан.

Кыргыздын айванат жөнүндөгү жомокторунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

а) айванаттардын же канаттуулардын арасындагы өз ара мамилелер. Мисалы, „Төө, жолборс, илбирс, аюу, чөө, карышкыр жана түлкү" деген жомокто түлкү, жолборс, илбирс, аюу, карышкырдын дос болуп, жайлоого чыгышы жана түлкүнүн бардык айвандарды амал менен жегендиги айтылат.

Же „Акылдуу чычкан" деген жомокту алалы, анда акылдуу чычкан өзүнүн айлакерлиги менен мышыктын тырмактарынан кутулгандыгы айтылат.

Ыр менен жазылган жана кыргыз эли арасында абдан белгилүү „Буудайык" деген жомокту алып көрөлүк. Бул жомокто буудайыктын торго түшүшү жана тапка келбей коюшу, кармаган саятчынын боорун жеп тапка келиши, бардык көзүнө көрүнгөндөрдү алышы айтылат. Буудайыктын дагы качышы, саятчынын баласы издеп жүрүп таап, ханга алып барса, дагы тапка келбей коюшу, таап келген баланын боорун жеп дагы тапка келип, акырында дагы качып кетиши көрсөтүлөт.

б) Жомокто адам менен айвандын ортосундагы өз ара мамиле көрсөтүлүшү да мүмкүн, муну „абышка, карышкыр, түлкү" деген жомоктон табууга болот. Анда:

Абышка карышкырга жакшылык кылып, аны өлүмдөн куткарса, карышкыр абышкага жамандык кылгандыгын көрсөтөт.

**„Ууру жолборс жана аюу"** деген жомокто, кандын чаар атын уурдайм деп, уурунун жолборсту минип алышы, жана жолборс ооругу жабышты деп качып жүрүп, аюуга жолугушу, аюу экөө ууруну жейбиз деп келип өздөрүнүн өлүшү жөнүндө айтышат.

„Абышка менен түлкүнүн аңчылыгы" деген жомокто түлкү абышка менен дос болуп, жырткыч айбандарды амал менен абышкага өлтүртүп, өзү аман калганы айтылат.

2. **Кереметтү жомоктор.** Мындай жомоктордо баатырлардын жортуулу жана укмуштуу окуялуу даанышман жоруктары, колукту издеши, укмуштуу буюм таап алышы, амалкөй тапшырмалардын орундалышы, эбегейсиз кыйын тоскоолдуктарды жеңип чыгуу, тез эле зоронп кетүү ж. б. айтылат.

Кыргыз элинин эбегейсиз көп кереметтүү жомокторунун ичинен, мисалы, төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1) „Мундуубай деген адам баланын азабынан карыганча кайгыга белчесинен батып жүрүп, карыган кезде мазарга сыйынуунун аркасында бир эркек балалуу болот. Баланын аты Көкүл, өзү тубаса баатыр болот. Бешиктен бели чыкпай жатып, ага тил бүтөт. Аны менен Керкулун деген тулпар туулат. Ал тулпар

адамдын тилин билет жана акылы адамдыкынан артык б
Көкүл Керкулунду минип алып, бир желмогуздан качып,
кер кан деген канга асыранды бала болот. Акыры Көкүл ж
гузду өлтүрүп, асыранды атасынан, өз атасына барат.

2) „Көчбөс бай“

„Көчбөс бай“ деген бай болот. Бул байга жез кемпир к
болуп, аны суунун боюнан кармап алып өлтүрмөкчү болот. (
до Көчбөс бай малын берет. Бирок жез кемпир макул бо.
Эң айласы кеткенде, баламды да берейин дегенде жез к
бошотот. Көчбөс байдын баласын алууга жез кемпир ка
Бала жез кемпирди эрдик кылып өлтүрөт. Ошону' менен б
максатына жетип, үйлөнүп, ойноп-күлүп жатып калат.

3) „Алтын куш“

Өмүрүн жашартып турган бир абышканын алмасын
куш алып кетет. Абышканын баласы кушту издеп жүрүп
да, жеңишке ээ болот.

4) „Кандын уулу жана дөө перинин кызы“.

Бир кандын уулу перинин кызына ашык болуп, ал
Ашык дос деген досу издеп жүрүп табат. Кызды алса а
ласына кастык кылат. Баласы адилдик менен атасын жеңе
дос экөө жакшы турмушта туруп калат.

5) „Жайыл мерген“

„Жайыл мерген“ менен Эмил мерген дайыма экөө б
генчилик кылып жүрүчү эле. Бир күнү экөө мергенчили
жүрүп, кокусунан үңкүрдө жаткан желмогузга кезигип
мерген колго түшүп, Эмил мерген качып кетет. Жайы
желмогузду амал менен өлтүрүп, туткундагы кишилерд
туп, мал пулун алып, туткундарды жай-жайына тарата

3. **Турмуштан алынган жомоктор.** Бул жомокторд
тикалык жомокторго караганда, чын турмуштан алынг
лер абдан көп болот. Аларда турмуштагы өзгөчөлүктөр
лик жана чыныгы нерселер фантастикалык элементте
коодолуп гана берилет.

Өзүнүн мааниси жагынан турмуштан алынган жомок
гизги эки элемент бар: ашыктык жана социалдык-экон
элементтер бар. Мындай жомоктордон биз баатырларды
лышын да, бай-манаптарды, молдо-эшендерди келекеле
раларды да көрөбүз.

Кыргыз элинин турмуштан алынган жомокторунун
биз кедейлердин жакшы турмушка умтулушун жана үк
шын көрсөтүүчү жомокторду көп учуратабыз. Жакш
жөнүндө болсо, мурун кедейлер дөөлөттүү жана бай ад
байкоо же жомоктон угуу аркылуу гана билген. Кырг
торунда шаарлар, сарайлар, хандар, купецтер жөнүнд
чылык жана отуруктуу тиричилик жөнүндө аңгемел
тургандыгын да ушуну менен түшүндүрүүгө болот.
баарысы жакшы турмушка умтула баштагандыкты, ош
катар өз турмушуна алымсынбагандыкты жана нааразы
дукту көрсөткөн.

Турмуштан алынган жомоктордун ичинен болжол менен төмөнкүдөй топторду бөлүп чыгарууга болот.

Хандар жана байлар жөнүндө:

1) „Азиз Жаныбек кан".

Мында Азиз Жаныбек кандын элге кылган зулумдугу жана канга акылдуулук менен жооп берип кутулган эл ичиндеги билермандар көрсөтүлөт.

2) „Катын албас кан".

Кандын жаш кезинде алган аялы өлүп калат да, ал эми такыр аял албайм деп үч-төрт жыл аялсыз жүрөт экен. Бир жылы эли-журту чогулуп келип, каным аял албай жүргөнүңүз болбойт, тандап кыз алыңыз деп, болбой койгондон кийин, айласы жок макул болот. Анда бүтүн кыздардын барын жыйгыла, мен үч суроо берем, ошол суроону ким чечсе ошону алам дейт. Суроону бир кедей кызы чечип, ошону алат экен.

3) „Сарыбай кан"

Сарыбай деген кан өлөрүндө элине жар салып, мен өлгөндө Акшумкар кушумду учуруп, ошол кимдин башына консо, ошону кан кылгыла дейт. Кандын кушу бечара балага конуп, ошол кан болот.

4) „Чал менен кандын аңгемеси"

Чал өзүнүн акылдуулугу аркасында кандын вазирлерине түйүндүү сөздөрдү чечип берип, бай болушу көрсөтүлөт.

Кедейлер жөнүндө:

1) „Кедейдин жаш баласы" мында баланын кубулуш өнөрүн үйрөнүп, ата энесин баккандыгы жөнүндө айтылат.

2) „Канаатчыл кедей „мында бир кедейдин канаатчылыгын, ошол канааттанчылык менен жакшылыкка жетишкенин көрсөтөт.

Аялдар жөнүндө, аялдардын жакшы жана жаман жактары, ал-жайы жөнүндө:

1) „Акылдуу катын". Кан кыз тандаган кезде, кандын табышмагын бир кедей абышкандын кызы таап, канга тиет. Кан кызды башкага акыл айтпоого буйрат. Кыз (Кандын алган аялы) башкага акыл үйрөтөт. Кан коё бергиси келгенде, аялы акылдуулук менен туруп калат.

2) „Жаман катын". Мында бир сулуу аялдын бузукчулугун, эрине кылган кара санатайлыгын, акырында күйөөсүнүн жеңишке ээ болгондугун көрсөтөт.

3) „Жапалак байдын аялы". Мында Жапалак байдын сулуу аялын Жаныбек кан алгысы келгени, аялдын акылдуулук, амалдуулук менен кандан кутулгандыгы жөнүндө айтылат.

4) „Кемпир, чал". Мында Кемпирдин акылсыздыгы, чалынын жакшы көңүлдүүлүгү жөнүндө айтышат.

Таздар жөнүндө айтылган жомоктор өтө көп, маселен:

1) „Жети таз менен жеке таздын аңгемеси". Мында жеке таз жети тазды амалдуулук менен жеңгендиги жөнүндө айтат.

2) „Чыныбек таз жана Кара кан". Мында Чыныбек таз канды акылдуулук менен алдап, жеңип алышы жана аялынын өтө акылдуулугу аркасында көп кыйын абалдардан кутулуп кан болгондугу көрсөтүлөт.

3) „Таз бала". Мында таз бала башын айыктырган адамдан өнөр үйрөнүп, карыган ата-энесин багышы жана кубулучу менен урушуп, аны жеңип, кандын кызын алгандыгы көрсөтүлөт.

Кыргыздын тиричилигине акырындап кирип бараткан отурукчуу турмуштун мисалдарынын негизинде **дыйканчылык жана дыйкандар жөнүндө:**

1) Маселен, „Акылдуу дыйкан". Мында кан акмак адамды издеткени, акмак табылбай, бир акылдуу дыйкан кандын жана вазирлердин акмактыгын мойнуна салгандыгы көрсөтүлөт.

2) „Кош айдаган үч бала". Мында үч бала кош айдап жүргөн күзүн жоготуп коюп, ким алгандыгын ойлоп тапкандыгын көрсөтөт.

Мергенчилер жөнүндө, Маселен: „Акылдуу мерген". Бир мерген түлкү менен, дос болуп, аюунун казнасын, алып аны өлтүрүп, мерген менен түлкү жакшылыкка жетишет.

Адамдардын өз ара мамилелери жана кемчиликтери жөнүндө, маселен:

1) „Ак көңүл менен кара көңүл" Ак көңүл менен кара көңүл бакыт издеп саякатка чыкса, ак көңүлдү кара көңүл алдап, ат тонунан ажыратат. Бирок акыры аягы ак көңүл бактылуу болуп, кара көңүл бактысыз болуп, киши колунан өлөт.

2) „Ак санатай менен кара санатай" Ак санатай менен кара санатай жолдош болуп, азыктары түгөнгөндө, ак санатайдын атын жана эки көзүн оюп жеп, кара санатай кетип калат. Бирок кыдырдын жардамы менен ак санатайга көз бүтүп, зоволосу көтөрүлүп, кан болот. Кара санатайдын кара ниеттиги түбүнө жетип, жырткычтарга жем болуп өлөт.

4. **Шылдыңдоо түрүндөгү анекдот жомоктордо** адамдын кемчилик-кемтиги жөнүндө айтылат. Буга мисал кылып муну айтууга болот:

1) „Жан бакты" Мында бир жан бакты жалкоо эл кыдырып жүргөндүгү, бир айылга барып, тууй элек уйдун уузун, күтүп, 8-9 ай жаткандыгы жана башкалар жөнүндө айтылат.

2) „Кара макмал жорголо". Мында бир акылсыз кемпир чалы менен урушуп жатып, жалгыз атын саттырып, макмалдан чапан алдырып киет. Ачтык бышканда боону абышка кемпир жөө ташып, жөө басат. Ошондо аштык ташып коршолгон кемпирди чалы, кара макмал жорголо, деп, какшыктап айтып берет.

3) „Телибай тентек". Мында Телибай тентектин жоруктары жана анын акылсыздык менен жок болушу жөнүндө айтылат.

Анекдот жомокторунун ичинен молдолор менен эшендер жөнүндө айтылуучу жомокторду айрым бөлүп кароого болот. Мындай жомоктордо молдолор менен эшендердин сарандыгы, ач көздүгү жана дагы башка кемчилик-кемтиктери шылдың кылынат.

Маселен: „Молдо". Бир молдо дубаналарды канааттандырам деп жүрүп, өзүнүн мүлкүнөн бүт ажырайт. Андан кийин өзү карыз акча алган адамдан качып бара жатып, кокусунан бир абышканы жана бир жаш баланы өлтүрүп коёт. Анан казыга калыска түшүп, бул кылмыштын баарынан жазасыз кутулуп кетет.

2) „Кожонун аңгемеси" мында кожонун алдамчылыгы, эл ал

кожонун бетин ачып, жалганчылыгын чыгарып күлкү, кылгандыгы жөнүндө айтылат.

**III. Тамсилдер.** Адамда кыйытып айтуу акылы өсө баштаганда жана кыйытып айтуу акылы аркылуу өзүнүн мамилесин билдирүүгө тийиш болгондо, айванат жөнүндөгү жомоктордун негизинде тамсилдер чыккан. Ушул максат менен айвандардын өзгөчөлүктөрүн жана өнөкөттөрүн байкоо негизинде, адам бул өнөкөттөрдү сүрөттөп айтууну адамдын сапатын мүнөздөө үчүн да пайдалана баштайт.

Маселен, түлкү митаамдыкты, коён коркоктукту көрсөтөт ж. б.

Мына ошентип, тамсилдер айван менен адамдын элесин салыштыруу негизинде түзүлөт.

Тамсил баяндап айтылат да, ал баяндоодон же өзүнчө формулировка кылынган, же тексти боюнча ачык түшүнүүгө боло турган корутунду чыгат.

Тамсилдин жомоктордон айырмасы: тамсил акыл айтуу мүнөзүндө болот да, аллегориялык* мисалдардын негизинде коомдун нраваларын жана кемчилик-кемтиктерин критикалап, бетин ачып, сүрөттөп көрсөтөт.

Кыргыз фольклорунда тамсил менен жомокту (айрыкча айванат жөнүндөгү жомокторду) көп учурларда аралаштырып чаташтырып жиберишет.

Жакында эле кыргыз тамсилдери „месел" деп аталуучу эле. „Тамсил" деген термин башка элдерден, көбүнчө жаңы метод мектеп аркылуу алынып, жакында гана пайда болду.

Тамсилдерге мисал кылып эки топ келтирүүгө болот, аларда:

а) Катышуучусу айван болот. Маселен:

## КАРКЫРА, ТҮЛКҮ

Бир каркыра менен бир түлкү экөө дос болуп, бир чуңкурга уя жасап, бала чыгарышкан экен. Каркыра тышка чыгып кеткенде түлкү анын бир балапанын жеп коёт. Бир убакта каркыра келет. Анда түлкү көз жашын мөлтүрөтүп кокуйлап, өкүрүп ыйлайт, сеники-меники жок эле, кошунам, узун моюн баланын бириси жок, деп ыйлайт.

## КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ

Эчтеңке таап жээрге жарабай турган бир кары, оору үкү менен бир алгыр кыргый тааныш болот. Кыргый үкүнү өзүнөн артык кылып багат. Аягында экөө кучакташкан кыяматтык дос болот. Анан экөө алыс сапар кетет. Кыргыйдын эптүүлүгү менен алгырдыгы аркасында жакшы күн көрүшөт. Үкү оорусунан бүт сакайып, өз тамагын табууга өзү жарап калат.

Анан ар кимиси өз күнүн көрөлүк деп, экөө биргелешип ууга чыгат. Нары учуп, бери учуп, эчтеке таба албай калышат.

---

* Аллегория-кыйытып айтуу. Бул адабий түр аркылуу абстрактуу ойлор жана түшүнүктөр конкрет элестер түрүндө берилет. Маселен, Манастын күч-кубаттуулугу арстан катарында берилет (Арстан Манас).

Анда үкү кыргыйды акырын чакырып алып камайт. „Мен сени жеймин“ дейт. Кыргый акыреттик достугун жана көп кызматын айтып ыйлайт.

Анда үкү — „жакшылыкка жакшылык — эштектин иши, жакшылыкка жамандык — эшендин иши, дүйнөдө жашамак, алышмак, күрөшмөк, алы жетпес — алдаламак, айла кылмак, иши кылып күндү өткөрмөк“ деп кыргыйды мыжып өлтүрөт. Аны жеп тоюп алып, кагынып учуп кетет.

б) Катышуучусу айван менен адам болот. Маселен:

## ДЫЙКАН МЕНЕН ДОҢУЗ

Бир дыйкандын эгини жакшы чыгып, жайкалып келгенде бир жактан доңуздар келип, эгинди тебелеп, тумшугу менен каза жерүүчү болду. Бир нече мертебе дыйкан доңуздарды кууп, эми колобос деп ойлоду. Бирок доңуздар эгинди ойрондой берди. Анда дыйкандын аябай ачуусу келди. Бир күнү доңуздардын эзилуу чоңун кармап алды да, терекке бек таңып койду.

Чоң таякты колуна алып:

Өзүң айдагандай эгинди жеп жатасың, жазда кош айдаганда кайда элең?— деп, түпкө келтирип туруп бир чапты. Чочко корсулдап, чыңыра баштады.

„Тукум сепкенде кайда элең?—деп, дагы андан бетер сабады.

— „Арык чапканда кайда элең“?—деп, андан бетер карсылдатып чапты. Доңуз чарк айланып, жер сууну бузуп чыңырып, эгерене баштады.

Бирок, дыйкан анысына карап, боору ооруган жок, андан бетер ачуусу менен, дамыл албай сабай берди.

— „Эгинди сугарганда кайда элең, ия, чочко?!!!! ошентип, доңуздун тумшугунан кан кетип, чыңырып жатып өлгөн экен.

**IV. Легендалар**—деп элестүү аңгемелерди айтабыз. Мындай аңгемелер кээде фантастикалык окуялар жана кубулуштар менен түзөлгон болуп, тарихий окуяларды же тарихий адамдарды кээрөттөп көрсөтүүнүн негизинде түзүлөт. Мындай аңгемелер элдин окуяларынын тарихин же айрым адамдардын өмүрүн сүрөттөй берет, бирок алар коолдолгон жана фантастикалык элементтер менен жыкч толгон.

Легенда менен мифтин ортосунда айырма бар: легенда тарихий фактылардын негизинде түзүлөт, миф болсо, көбүнчө табияттын кубулуштарын түшүндүрөт.

Кыргыз элинде айтылып жүргөн легендалардын ичинен эки топту белгилөө керек: I) кыргыз урууларынын теги жөнүндө жана кыргыздын эл коллективинин чыгышы жөнүндөгү легендалар, мындай легендалар уруу куу (санжара) негизинде түзүлөт; 2) кыргыз эли башынан өткөргөн ар түрдүү тарихий окуяларга тиешелүү легендалар.

Легендалардын биринчи тобуна мисал кылып кыргыздардын кайдан чыккандыгы жөнүндөгү легенданы, же саяк уруусунун кентип келген селсаяктан чыккандыгы жөнүндөгү легенданы алууга болот.

Легендалардын экинчи түрү чукул мезгилге таандык болуп кыргыз эли башынан өткөргөн ар түрдүү тарихий окуялар жө нүндө баяндайт. Буга мисал кылып „Таласстын тарихи“ деген ден көрсөтүүгө болот.

Мындай түрдөгү легендаларда тарихий окуялар жана факты лар эч кандай фантастикалык коోздоосуз эле айтылат. Алардын кээ бирөөлөрү кыргыз элинин эсинен гана чыга элек тарихий окуяларды айтып көрсөтүү негизинде ар түрдүү тарихий ырлар түрүндө берилет. Мындай тарихий ырларга 1916-жылы кыргыз дардын кытайга качышын көрсөтүүчү белгилүү „Кытайга качып барганда“ деген чыгарманы кошууга болот. Бул сюжет эл акы ны Ысак Шайбековдун „Кайран эл“ деп аталган чыгармасына негиз болду.

**V. Поэмалар** Кыргыз фольклорунун эң көп таралган, бардыкка эң белгилүү болгон жана дүйнөлүк адабияттын кенчине айлан ган бир түрү—поэмалар болот.

Поэма деп адетте көлөмү жагынан өтө ири, мазмуну жагы нан баатырдык иштерди көрсөтүп, зор окуяларды ичине алган эпостук чыгармаларды айтабыз.

Поэма деген терминдин эки мааниси бар экендигин айта ке түү керек. Эл эпосунда бул терминдин жогоруда биз айткандай мааниси бар, жазма адабиятта ал болсо лирикалык-эпостук жанр дагы чыгарма болуп эсептелет.

Кыргыз фольклорунда поэманын негизги 4 түрүн бөлүп айтуу га болот:

1. Баатырдык поэмалар.
2. Новеллалык поэмалар
3. Романтикалык поэмалар.
4. Социалдык саясы поэмалар („Замана“ деп аталгандар).

**1. Баатырдык поэмалар.** Кыргыз элинде феодалдык мами лелер күчөп жана өнүккөн доордо түзүлгөн, ошону менен катар алардын сюжети ошол доордо жетишерлик даражада иштелип чыккан, ал эми кыргыз элинин коомдук формацияларынын өнү гүшүнүн кийинки доорунда болсо, бул поэмаларга жаңы нерсе лер кошулуп, элдин идеалдарын жана үмүттөрүн өз ичине ала баштаган.

Кыргыз элинин баатырдык поэмаларынын ичинен Манас, Се метей, Сейтек, Төштүк эпосу айрыкча бөлүнүп чыгат. Булар биримдик циклге кошулуп, өзүнүн өлчөмү, материалды кенир алышы жана эл чыгармаларынын бардык түрлөрүн пайдаланышы жагынан башка элдердин баатырдык чыгармаларынын ичинен биринчи орунду алат.

Манас эпосунун бул цикли кыргыз элинин ооз жүзүндөгү көркөм чыгармасынын көп кылымдардагы бардык тажрийбасын бириктирип, чебердик менен кооздоп чыккан.

Айтылып өткөн эпостук чыгармалардын ар бирин анализдеп отурбастан эле, кыргыздын баатырдык эпосуна жалпы жонуна төмөнкүдөй мүнөздөмө берүүгө болот, ал эми алардын ар бири не мүнөздөмө берүү ишине очерктердин келерки чыга турган сериясын багыттайбыз.

Кыргыз элинин баатырдык эпосу:

1. Өзүнүн көз каранды болбостугу үчүн кыргыз элинин кү-ıү жөнүндө жана улут баатырларынын баатырдык иштери ıүндө баяндайт.

2. Баяндоонун борборунда негизги аракет кылуучу болуп, гана киши турат да, ал киши элдин эркин, эрдигин, баа-дыгын, даанышмандыгын жана санаасын көрсөтөт.

3. Негизги геройдун жана анын жанындагы үзөңгү жолдош-унуң образы (элеси) өз элинин мүнөздүү белгилерин көрсө-, өтө урматталып сүрөттөлөт.

4. Тарихий окуялар жана ырлардын негизги идеялык мазму-айрым геройлордун аракеттерин жана алардын жеке тагды-ı толук сүрөттөп айтуу негизинде берилет.

5. Идеяларды жана түшүнүктөрдү айрып билдирүүнүн негиз-куралы—гипербола (геройдун күчүн жана баатырдыгын ıра сүрөттөө) болуп, бул гипербола фантастикалык элемент ен коoздолот.

Баатырдык эпостун өзгөчө белгилери жалпы жонунан мына ундай.

**2. Новеллалык поэмалар.** Новеллалык поэмалар деп кандай-ı бир окуяны же айрым геройдун укмуш окуялуу жорукта-ı өз кучагына алуучу чыгармаларды айтабыз. Манас сыяктуу ма-эпопияларга салыштырганда, бул чыгармалардын айырмасы ıдай: өзүнүн композициясы жана мазмуну жагынан аларда ерийла аз болот, сюжеттин түзүлүшү жеңил келип, ар түрдүү лизиялар менен көп таталдаштырылбайт. Новеллалык поэма-кыргыз эпосунун кийинчерээк чыккан түрү болушка тийиш, чыгармалар Манас эпосу түзүлүп бүткөндөн кийин гана өнү-баштаган окшойт.

Мындай поэмалар октябрь революциясынын алдындагы доор-ı фольклорунда кеңири таралып көпчүлүгү авторлоштурул-чыгармалардын түзүлүшүнө негиз кылынып пайдаланылган. Мындай жанр жөнүндө бул сериянын кийинки чыга турган ебинде толук айтмакчыбыз, ошондуктан бул жерде аларга ıпы мүнөздөмө берүү менен гана тим болобуз.

Новелла чыгармаларына мисал кылып, маселен, Кедейканды уугa болот.

Кедейкандын кыскача мазмуну төмөнкүдөй:

## КЕДЕЙКАН

(Кыскача сюжет)

„Илгери кыргыздар ачарчылыкка учураганда бир кыргыз ркмөн элине тентип барат. Ал ачкачылыктан өлүп, андан рээз аттуу бала калат. Анын энеси да өлүп, тоголок жетим олуп калгандан кийин, ал бала Гулсаана деген бир бай аялга барып малай болот. Керээздин аты Кедей жетим аталып, жак-ıы иштеп, бай аялга бала болуп, жагып жүрөт. Кедей тың ıып, өзүнө тандап жигиттерден жолдош алып, байлардын ма-

лын уурдап, малай жүргөн аялды байытып, жетим-жесирлерге кайрылышып турат.

Кедей жетимди жок кылуу үчүн, байлар канга арызданат. Кан Кедейди кармап келүү үчүн кырк жигит жиберет. Аны Кедей билип калып, жолдоштору менен кеңешип, ал жерден качат. Кырк жигит аны таппай, Кедейди багып аман алып калган Гүлсаана деген кемпирди канга алып барышат. Кандын вазири кемпирдин мал-мүлкүн баягы даттанган байларга талатат. Кемпир талаада калат. Муну угуп Кедей ызырынып, кемпир энесине келет. Энеси балага ыйлап жайын айтат. Кедей энесин сооротуп, вазирди жана залим канды да өлтүрөмүн, малыңды алып берип, сени кор кылбай багамын деп, жолдоштору менен канга каршы жөнөйт. Кедей барып вазирди өлтүрөт. Кандын, вазирдин жигиттери Кедейди кармап аябай уруп орго салышат. Кедейдин жолдоштору ор кайтарган бечарага чынын айтып жалынып, Кедейди ордон чыгарып алып, баары качат. Кедей энесине барып учурашып, энеси жана жолдоштору менен коштошуп кетээрде энеси Кыва деген шаарда ак эшен деген эшен, Азимкан деген кан бар, ошолорго барып таза жүр дейт.

Кедей нече күн жөө жүрүп олтуруп. Ак эшенге барат, муңун, арманын айтат. Эшен Кедейди арамдык кылбаймын дедирип, касам ичирет. Кедей эшенде жүрүп, анын сырын билип жана өзүнүн да баштан өткөндөрүн айтат. Эшен канга кадырлуумун деп мактанат. Кедей, эшенден „кадырың болсо, кандын тагын үч күнгө алып бере тур“ деп сурайт. Эшен Кедейди ээрчитип барып, кандын тагын сурайт. Кан кыйылып-кысталып жатып тагын, кийимин берет. Кедей кан болуп, вазирлерди катуу кармап, элге кан болгондугу жөнүндө жар чакырат. Кечикпей кандык укукту өздөштүрүп, казнасын элге чачат. Эшен, Азимкан жандарынан коркуп качат. Кедейкан түркмөн элинен баягы өзүнүн өгөй энесин, жолдошторун алдырып кандыкты сүрүп жатып калат.

Андан кийин Азимкандын тагдыры башталат. Ал кордук көрүп, катын баласынан ажырап жүрүп, кийин кокусунан үй бүлөсүн таап, башка бир канга вазир болуп туруп калат“.

Бул чыгарманын мазмунуна негиз кылып Кедейдин канга каршы күрөшү жана анын ханды жеңип чыгышы алынган.

Манас эпосундагы окуяларга салыштырганда бул новелла чыгармасынын сюжеттик түзүлүшү эң эле жөнөкөй, негизги окуянын өрчүшү менен катар ар түрдүү аракеттердин айтылышы кыйын эмес, жеңил.

Лирикалык элементтери менен катар Кожажаш чыгармасы да геройдун өз өмүрүнүн эбегейсиз зор окуяларын көрсөтөт жана сюжеттик түзүлүшү жагынан алда канчалык оңой.

## КОЖОЖАШ

### (Кыскача сюжет)

„Таластын башында, Каракол деген жерде кыргыздын, кытай деген бир уруусу жашап турат. Ошол кытай уруусунан Карып дегендин улуу Кожожаш кыйын мерген чыгат. Кожожаш ж..ш

кезинен эле кара кылды жара аткан мерген болуп, 20 түтүн элди жалаң мергеничилиги менен асырап турат. Айлап-жумалап тоодо жүрүп, кийикти көп атып, элди багып жүрөт.

Кожожаш эр жеткенде элинде Зулайка деген атактуу сулуу кызды чоң той берип алат. Кожожаш алган жары Зулайка менен ойноп күлүп жүргөндө, бир күнү жаман түш көрөт. Ал түшүн аялына айтат. Аялы Кожожаштын мергенчилигине каршы эле. Ошондуктан аялы Кожожашты чочутуп, мергенчиликке барбасын деп жаманчылыкка карата жоруйт. Ага болбой Кожожаш түшүндө көргөн сур эчкиге бармак болот. Зулайка бул жолу Кожожаштын мерт болорун билип, барба деп асылат. Ага Кожожаш болбойт сур эчкини издеп жөнөйт.

Кийиктердин кай берени сур эчки түш көрүп, Кожожаштын келерин билип, текесине айтып, улактары менен бирге башка жерге кетет. Кожожаш тоолорду кезип издеп жүрүп, сур эчкини таап, 40 улагын кырып, сур эчкинин чоң текесин да атып өлтүрөт. Андан кийин сур эчкини тоодон-тоого кууп жүрөт. Сур эчки Кожожашка жалынса да болбойт, акыры сур эчкиге жетип өлтүрөрдө, сур эчки Кожожаш мергенди „тегерегиң зоо болуп, ортосунда камалып кал“ деп каргайт. Эчкинин каргышы туура келип Кожожаш көк жалама зоонун ортосунда калат. Кожожаштын эли келип мергенди зоодон ала алышпайт. Кожожаш мерген зоодон түшөм деп өлөт.

Кожожаштын аялы Зулайканын боюнда калат. Андан Молдожаш деген бала туулат. Ал да мерген болуп, сур эчкинин каргышы менен атасынын зоодон өлгөнүн угуп, энесинен сурайт. Энеси жашырып айтпайт. Ага баласы Молдожаш болбой дайнын абдан угуп алып, сур эчкиден атасынын кунун алмакка жөнөйт. Сур эчкини Молдожаш таап, аны кууп жүрүп, кармап алып, атасынын куну үчүн өлтүрөрдө, сур эчки өзүнүн кайберен кызы Ашайранды Молдожашка берип аман калат. Молдожаш сур эчкинин кызын алып, элине келип, жакшы турмушта жашап калат“.

Кыргыз элинин новелла поэмаларынын ичинен, жогоруда айтылгандарынан башка дагы: Мендирман, Көбөккан, Олжобай, Акбермет, Буудайык сыяктууларды көрсөтүүгө болот.

Биз жогоруда айткандай, бул новелла чыгармалары колониялык доордо сакталып келген романтика поэмалары менен аралашып, жазуу жүзүндөгү адабияттын айрым түрлөрүнүн түзүлүшү үчүн бир канча негиз болду. Бул чыгармалар кыргыздын белгилүү акындары тарабынан буларга окшош наам коюлуп түзүлгөн авторлоштурулган чыгармалар үчүн негиз болду. Маселен, Мендирманды Тоголок молдо авторлоштурду. Токтогул Кедейкан деген чыгарма түздү. Секетаев Сопубек Олжобайды авторлоштурду ж. б.

3. **Романтикалык поэмалар**—ооз жүзүндө айтылып жүргөн эл чыгармалары негизинде чыккан ири поэзия чыгармалары болуп, новелла поэмасынан айырмасы: романтика поэмалары адамдардын турмушун жана окуяларды өтө толук алып, майда-чүйдөлөрүнөн бери көрсөтөт. Аракеттерди өрчүткөн увакта мындай

поэмаларда ар түрдүү ситуациялар жана эпизоддор эң эле көп болот.

Романтикалык поэмалар Октябрь революциясынан кийинки доордо жазуу адабиятына айлануучу кыргыз фольклорунун кийинки өнүгүш стадиясы болду.

Романтикалык жана тарихий поэмалар катарында Тоголок молдонун: Шырдакбек, Жаңыл Мырза, Аткан таң менен Сүйгөн бай, Кыз махдынды Бек арстандын алганы, Арманжаш, Алатоо сыяктуу поэмаларын же Шамырканов Кылычтын тарихий материал негизинде түзүлгөн (1911-жылы) „Зилзала“ сыяктуу поэмасын көрсөтүүгө болот.

Кыргыз адабиятында „Замана“ деп аталган социалдык-саясы поэмалар да ошол доорго жана авторлоштурулган чыгармалардын тибине жатат деп айтсак болот. Булар кээде Зарзаман, Халзаман, Акырзаман, Замана деп аталып, буларда колониялык эзүү жазылып, кыргыз элинин ага каршы чыгышы көрсөтүлөт.

Романтика поэмаларын жана социалдык-саясы поэмаларды колониялык доордун чыгармалары катарында бул китепте эмес, келерки китепте карап чыкмакчыбыз.

**VI. Сатира чыгармалары.** Фольклордон жазуу жүзүндөгү адабиятка өтүп бараткан жанр болуп эсептелет. Булар мазмуну жагынан кыргыз фольклорунун өнүгүшүнүн кийинки доорундагы авторлоштурулган чыгармаларга жатат. Булар кыргыз элинде колониялык доордо чыккан, ошондуктан аларды очерктердин кийинки серияларында толугурак карап чыгылмак. Коомдук нравалардын жаман жактарына автордун ирониялап, шылдыңдап мамле кылышы сатира чыгармаларынын өзгөчөлүк белгиси болот. Башкача айтканда сатира чыгармалары критикалоочу, нраваны жазып көрсөтүүчү повестьтер болуп эсептелет.

Кыргыздардын арасында сатира аңгемелерине биринчи иретте Куйручуктун жоруктары-айткандары кирет.

Мисал кылып төмөнкүлөрдү келтирелик:

„Бир күнү Куйручук калың жыйында отурса, манаптар өздөрүн сынатып олтурушуп, Көкүмбайды сынаталы, Куйручук туура сөз менен жалтанбай тике айтса, мындан кийин эч кимибиз бирдеме деп айтпайлы дешип, Куйручукту жандарына чакырышат да, „Көкүмбайды сынагын“ дешет. Анда Куйручук айтат: „Маңдайы жазык балбан төш, жолборстой маараган, көзүнүн асты менен караган, имерилип кайтадан элин кайсаган, жесе жардыга жарты кашык аш арттырып койбогон, букараны кууртан, камырдай жууртан, бүркүт кабактуу, мүлүшкөрлүк адаттуу, кан тырмактуу, кара жемсөө залимдин бири, анын эмнесин сынайын, таноосу тар экен, балдары калың букаранын тепкисинен чыкпайт, деген экен.

Эл күлүп калса, Көкүмбай ызаланып, менин балдарымды жамандап сынайсың деп, бир атын зордук кылып алып койгон экен.

Кочкордо Көбөгөн деген манаптын үйүнө Шабдан, Баяке, Манапбай деген чоң манаптар конот. Анда Куйручук да бирге

конот. Тамак жээрдин алдында сөздөн сөз чыгып, манаптар өздөрүнүн эрдиктерин, баатырдык кылгандарын, эчтемеден коркуп сезбестигин мактанышып айтып отурушат. Булардын айткан сөздөрүнө караганда Үрүстөм, Дастан, Азиретаалы, Манас келип жакалап сүйрөтсө да тоотпос, сезбес түрлөрү бар. Куйручук муну ойлоп, секин эшикке чыгып, эшикте куюшкандаштырган аттардын биринин соорусуна шак эттире, алаканы менен чаап жиберет да, бир карган кемпирдин үнүндөй болуп, үнүн кубултуп кокуйлап калат.

— Шабданың менен жерге кир, Баякең менен көргө кир, Манапбайың жылас болсун, соолуп согоно болуп калгыр ая, эт жебей, таш жесемчи, эт аңдып табактардын түбүн жеймин деп келип, бутумду сындыра тептирип алдым, ээ кокуй-кокуй—деп жатып калат. Үйдөгү манаптар кемпирдин үнүн уга калып: „Алда кокуй ай, эмне болуп кетти экен, аттарды үйдүн жанынан алыс байлатпай, жаман болгон экен“ дешип, шашып, чочуган бойдон Шабдан, Баякелер эшикке чыга калышат.

Анда Куйручук „Баракелде баатырлар. Эчтекеден коркпогон эрлер, сундурган найза тартпаган эрлер, сумсайып жоодон качпаган эрлер, жалаңкычтан сезбеген эрлер, жалаң жоого беттер эрлер, бир кемпир тайгаланып жыгылса чочуган эрлер, кайсы бир баатырларды туштарыңарга теңебей, эрдигиңерге мактанып отурбадыңар беле. Эми эшикке чуркап чыкканыңарга жол болсун баатырлар“ дейт. Отурган элдер күлүп калышат.

VII. **Анекдот** деп адетте кичине көлөмдүү юмордук—күлкүлүү аңгемелерди айтабыз. Анекдоттун композиция жагынан жомоктон мындай айырмасы бар: анекдотто бир гана эпизод же бир гана окуя айтылат. Анекдотко мисал кылып муну келтирүүгө болот:

## АКЫЛДУУ КОНОК

„Үч конок бир айылга барып, бир чоң үйгө түшсө, үйдө киши жок экен. Камчыларын илип, төргө отурушат. Анан бирөө тура калып ашкананын ичине караса, бир сан, бир карчыга туруптур, аны көрүп кайтадан ордуна отурат. Кечикпестен үйдүн ээси келип амандашып: „кечкурун келип калышыптыр, эми буларга жарма-марма кылып бергиле“ деп баягы этти салбас болот.

Коноктордун бирөө куу экен: „мобу үйүңүз нече баштуу“ дептир, анда бай,—„80 баштуу“ дейт. Анда баягы конок тура калып „канакей санайынчы“ деп керегенин башынан: „бир, эки, үч“ деп келип, „кой жаңылып кетет экемин, сен карчыга менен сандан өйдөкүсүн сана, мен карчыга менен сандан төмөнкүсүн санайын“ деп жанындагы жолдошуна айтыптыр. Ошондо баягы бай уялып кетип карчыга менен санды салып бериптир“.

Анекдот мүнөзүндөгү аңгеме өзүнүн составы боюнча татаал болсо, анда жомокторго кошулат да, анекдот жомок деп аталат. Анекдот жомоктору жөнүндө болсо биз жогоруда айтып кеткенбиз.

Кыргыз фольклорунун негизги жанрлары жалпы жонунан айтылып өткөн түрлөр менен бүтөт.

## СОВЕТ ФОЛЬКЛОРУ

Владимир Ильич Ленин 1918-жылы эле эл чыгармасына улуу революция берген „сонун" арым жөнүндө жазган болучу. Бул сөздөр экономикалык жана саясы курулушка тиешелүү эле, бирок ошондой болсо да ал сөздөрдү маданияттын бардык жактарына, ошону менен катар элдин поэзия чыгармасына да, толук тиешелүү деп айтсак болот.

„Октябрь революциясынын улуу күчү жана эл аралык мааниси мында: эксплоататорлордун эзүүсүнөн жана капиталисттер менен помещиктерге кулча эмгек кылуудан боштондукка чыксак экен деп эмгекчилердин эңсеп жүргөнүн ал иш жүзүнө ашырды. Адамзаттын эң мыкты уулдары нечен-нечен кылымдар бою деп-деп келген нерселерин ал иш жүзүнө чыгарды"* дейт жолдош Молотов.

Мына ушулардын баарысы кыргыз элинин поэзиялык чыгармаларынан ачык көрүндү. Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз элин эки жактап эзүүдөн: падышалык самодержавиенин эзүүсүнөн жана жергиликтүү улуттук аристократия менен буржуазиянын эзүүсүнөн биротола куткарды. Бул эзүүдөн кутулуунун жана ырыстуу эркин эмгектин мотивдери совет доорундагы кыргыз фольклоруна абдан сиңди.**

Кыргыз акыны Абдулкасым Жутакеев кыргыз элинин падыша заманындагы оор авалын мындай деп сүрөттөйт:

„Манап, бай, бий, сот деген,
Кедейге теңдик жок деген.
Иш башына отурган,
Ыйман менен поп деген.
Бий олтуруп жол тапкан,
Манап байга балаа жок,
Букараны ыйлаткан,
Политсей менен кызыл чок.
Элди аябай кыйнашкан,
Бийлер жеген парааны.
Ак караны ылгабай,
Кедейге жапкан жаланы.
Барымталап мал алып,
Касам ичип жан алып,
Байлардын бейли бузулган,
Барага көңул карарып,

---

* „Правда" № 309. 1937-жыл 10-сентябрь. 1937-жылы 6-ноябрьда Чоң театрда болгон салтанаттуу чогулушта жасаган докладынан.

** Бул очеркте 1924-жылдан кийинки (Кыргыз жазуусу жана китеп адабияты пайда болгондон кийинки) доорго таандык фольклор чыгармалары гана каралып отурат. Бул доордон мурдагы фольклор совет адабиятына арналган айрыкча очеркте айтылмакчы.

Бий, старшин залими,
Журттан алган алымды.
Манап, байга кул болуп,
Кедейлер көргөн жабырды".

Же болбосо:

Чыныбай менен Шабданга,
Падышалык чен берип,
Чыныбай, Шабдан чен алып,
Багындырып эл алып,
Кан болдук деп кыргызга,
Канын сорду көп алып.
Байы менен манабы
Кедейге тийген залалы.
Жалпы кыргыз караңгы,
Жабырлык көргөн далайы.
Жаш агызып жүрүүчү,
Жарды-жалчы малайы.
Капкан салган аңчысы,
Эгин эккен малчысы,
Жабырлыкты көрүүчү,
Жарды кедей жалпысы.

Кыргыз элине боштондук берген, экономика жана маданият жагынан кыргыз элиниң дүркүрөп гүлдөшү үчүн бардык шарттарды түзгөн Улуу Октябрь Социалисттик Революциясын ал акын минтип мактап ырдайт:

Жыргады жандын баарысы,
Жашы менен карысы.
Улутка берген эркиндик,
Өкмөттүн калысы.
Теңдикте эркек, аялы,
Кызыл желек байрагы.
Тегизчилик доор келип,
Кедейдин баары жайнады.
Тегизчилик болду эми,
Жоголду жегич эртеги,
Ушул кезде жыргады,
СССРдин элдери.
Азап көргөн аябай,
Эмгекчилер иштешип,
Жарды-жалчы кедейге,
Жакшылык тийчү кез келип,
Жоготту оор жүктөрдү,
Жоолошканды бүктөрдү.
Партия баштап оң жолго,
Баарысына күч берди,

Тоголок Молдонун „Кедейлерге насият" деген белгилүү чыгармасы феодалдар менен буржуазиянын эзүүсү астында жүр-

гөн кедейлер менен эмгекчилердин оор, жакыр турмушун толук сүрөттөп көрсөтөт. Бул чыгармада кыргыз элинин өткөндөгү турмушуңа азыркы турмушун каршы коюп, эмгекчилердин караңгы, укуксуз турмушунун ордуна совет бийлигинин тушунда жыргалдуу, дөөлөттүү турмуш күткөндүгү көрсөтүлөт.

Революциядан мурунку турмушка социалисттик азыркы турмушту каршы коюп, мурун авалы эбегейсиз оор болуп келген аялдар жөнүндө да көп ырлар түзүлдү. Бул чыгармаларда кыргыз аялдарынын оор, жакыр турмушу жөнүндө, аялдардын өткөндөгү укуксуз авалы жана алардын совет бийлигинин тушундагы жаңы турмушу жөнүндө ырдалат. Аялдар жөнүндөгү ырлар, аялдарды билим, илим алууга, эркектер менен бирге ырыстуу, жыргалдуу турмуш түзүү үчүн коллективдешип эмгек кылууга үндөйт.

Аялдардын биринчи съездине арналган ырында Осмонкул Бөлөбалаев аялдардын совет бийлиги увагында жетишкен жеңиштерин ачык көрсөтөт.

## КЫЗ-КЕЛИНДЕРДИН ТУҢГУЧ СЪЕЗДИНЕ

Кайгынын түшкөн тоңуна,
Залим манап зорунда
Сатылып малдай жүрүшкөн,
Зарланып байдын колунда.
Сатылгандан кутулуп,
Шанданып съезд курушту
Социализм доорунда.

* * *

Баркын билип окуунун,
Мектепке кирди жабылып.
Кызуулап кызмат кылышат,
Кызылдан жоолук салынып.
Кыштактагы кыз-келин,
Съездге келди камынып.
Комсомолго кыз-келин,
Кол кармашып бекишти.
Шайыр болуп шанданып,
Бар түйүнүн чечишти.
Эркиндик алып колуна,
Эрки менен өсүштү.
Эпкиндүү кыз-келиндер,
Өкүлдүккө катталган,
Көңүлдөрү ачылып,
Күлүп ойноп шаттанган.
Эмгекке моюн сунушуп,
Эпкиндеп жумуш аткарган.
Айдай жаркып кыз-келин,
Аэроплан миништи.
Алты атар мылтык асынып,

Аскерликке кириштп.
Заводго кирип топтошуп,
Талдап жибек ийришти.
Кыз-келиндер жаркылдап,
Кызгалдактай жайнашты.
Автомобиль, трактор,
Аттан оңой айдашты.
Элеттеги кыз-келин,
Эпкиндүүсүн тандашып,
Өкүлдүккө шайлашты.
Жолбашчыбыз партия,
Аткарабыз ураанын
Комсомолка—шайыр жаш,
Эриктүү съезд курадың,
Съездиңе кубанып.
Салам айтып турамын.

Улуу Октябрь Социалисттик революциясы эл чыгармасында зор өзгөрүштөр жасап, эмгекчилердин бардык чыгармачылык күчтөрүн ойготуп, көкөлөтүп көккө көтөрдү. Социалисттик курулуштун жылдарында элдин дүйнөгө көз карашы өзгөрдү жана бул элдин поэзиясынын андан ары өнүгүшүнөн көрүндү.

Совет курулушу, жаңы экономика менен тиричилик-турмуш элдин ооз жүзүндөгү чыгармасын дүркүрөтүп өстүрдү. Кыргыз элинин советтик фольклорунда совет бийлиги менен социалисттик курулуштун тушунда чарба жагынан да, маданият жагынан да өлкөбүздө болгон зор алга жылуулар ачык жана толук көрсөтүлдү.

Буга акын Маматкулов Юсуптун „Кыргызстан гүлдөдү“ деген чыгармасы ачык мисал боло алат.:

### КЫРГЫЗСТАН ГҮЛДӨДҮ

Фрунзенин шаарынан,
Желбиреген туу көрдүм,
Келин-кызы аралаш,
Катары менен жыргаган,
Касиеттүү эл көрдүм.
Селбиндүү салкын жел менен,
Илгери Манас жол жүргөн,
Жетимиш түрдүү кол менен,
Туу алып өткөн эл кайсы?
Сен сураган калың калк,
Сталиндин эли деп,
Сурагандан эшиттим,
Туу көтөрүп көчөдө,
Сап-сап болуп турганда,
Туурасынан кезиктим.
Кызыл тазыл туу алып,
Көчө менен чубаган,
Элимди көрүп кубандым.
Кыргызстан дуулаган

Кыздарга кызыл кийгизди.
Кыргыздын баарын байытып,
Кызматын калкка тийгизди.
Жылдан жылга кубантып,
Асмандан тийген айга окшоп,
Кыргыздын баарын жыргатты.
Союздук биздин республика,
Законго туура иш кылып,
СССРде көп калкты,
Өзгөртүп көңүлүн куш кылып.
Сталиндей атанын,
Кылган закон ишине,
Кыргызстан биз турмак,
Кытайдын эли кубанат.
Түп законду бекитип,
Түркүк болдуң Сталин,
Сүйлөгөн сөзүң булбулдай,
Күкүк болдуң Сталин.
Орноткон алтын байрактай,
Чынарыбыз Сталин.
Ойлонуп закон иш туткан,
Мунарыбыз Сталин.
Суусап жүргөн кедейге,
Булак болдуң Сталин.
Калайык калктын барына
Чырак болдуң Сталин.
Бечара элге бел болдуң.
Кайрат күчүн арттырдың,
Адырлуу жерге жол салган,
Ажыратып душмандан,
Ата болуп бакканың.
Ардактуу берен арстаным,
Абалкы өткөн заманда,
Аш жебеген адамды,
Күн-түн ичкен тамагын,
Кант менен мамил чай кылдың.
Кадырын таап көп калктын,
Көңүлдөрүн жай кылдың.
Аялдардын кийгенин,
Атлас, жибек шай кылдың.
Илгерки залим заманда,
Эт жесе сөөк жетпеген
Эшикте калган кедейди,
Жегенин куйрук май кылдың.
Суусунуна ичкенин,
Кымыз менен чай кылдың.

Биз көргөн сыяктуу, Улуу Октябрьден кийин чыккан жаңы элдик поэзия чыгармасы идеологиялык жана көркөмдүк жагы-

нан өтө баалуу. Бул чыгармалардын мазмуну терең болуп, алар кыргыз элинин саясы жана көркөм маданиятынын деңгели чоң өскөндүгүн далилдейт.

Совет доорундагы кыргыз фольклору өзүнүн улуттук маданиятынын өсүшүн көрсөтүү менен катар, чыныгы интернационализмге аябай сугарылган. Анын тематикасында Советтер Союзунун башка элдериники менен бирдей болгон идеялар ачык жана элестүү түрдө айтылып келатат, нак мына ушул учур советтик жаңы поэзияны „формасы жагынан улуттук, мазмуну жагынан социалисттик“ кылып отурат.

Эл акыны Алымкул Усөнбаевдин Жогорку Советтин шайлоолоруна арналган „Шайлоо“ деген чыгармасы бүткүл совет эли үчүн бирдей болгон милдеттерди терең түшүнгөндүктү билдирет да, революциянын улуу жолбашчыларына кыргыз элинин абдан берилгендигин жана аларды абдан сүйгөндүгүн көрсөтөт.

## ШАЙЛОО

Эски убакта элде шайлоо болучу эле,
Пара берген байдан болуш келчү эле.
Шайлоодогу чыгымдарын чачышып,
Кедей канын бай-манаптар сорчу эле.

Анда байлар элге шайлоо кылчу эле,
Эки бөлөк жаакташып турчу эле.
Пара берген байдын уулун болуш деп,
Кедейлерди жолотушпай урчу эле.

Эски күндөн эркиндикке чыгарды,
Эрик тийип эмгекчилер кубанды.
Күндөй тийип, күндө нуру чачырап,
Гүлдөп турмуш күчкө толуп чыңалды.

Биздин турмуш мына жыргал тенчилик,
Мына сонун, мына туура кеңчилик.
Аэроплан ава менен жол салып,
Көкөлөшүп кызыл туулар желпинип.

Эмгекчиге эрик берген Ленин,
Айдан жарык ачкан элдин жүрөгүн.
Таалайбыз улуу көсөм Сталин,
Талкаладың тап душмандын түнөгүн.

Ээсисиң эриктүү жаңы турмуштун
Туткасысың гүлдөгөн өлкө курулуштун.
Өчпөс жарык өлкөбүзгө таратып,
Жаркыратып жаңы дүйнө тургуздуң.

Октябрьдин жыйырманчы жылында,
Мындай шайлоо болгон эмес кылымда.
Эл жаңырып, жер жаңырып гүлдөдү
Ырыстуубуз Сталиндин тушунда.

Өлкөбүздүн өчпөй турган чырагы,
Бар өмүрдүн соолбогон булагы.
Айбатыңа душман даап келе албайт,
Ава тиреп асмандагы кулачы.

Өмүрдүк бак өзүңүзгө каалайбыз,
Жыргал турмуш ушул жолдон тайбайбыз.
Эмгекчи үчүн Ленинче жол тапкан,
Жолбашчыбыз Сталинди шайлайбыз.

Өзүң берген шат турмушта жайнайбыз.
Душмандарды тургузбайбыз, айдайбыз.
Кеңештеши кеменгердин жолдошу,
СССРдин бузулбаган ордосу.
Эмгекчи үчүн койнун ачып кел деген,
Партиянын саясатын кең чечкен,
Камкорубуз Молотовду шайлайбыз.

Урматтуу күн ушул жолдон тайбайбыз,
Биригишип бирдик туусун кармайбыз.
Акыл кошкон азаматы элимдин,
Карыябыз Калининди шайлайбыз.

Өзүң менен эркиндикке жол чапкан,
Өлкө коргоп тап душманга ок аткан.
Тап душманды талкалашып жеңишкен,
Талбай чыккан далай күрөш жеңиштен.
Ворошилов маршалыбызды шайлайбыз.

Дүркүрөтүп түрдүү завод жүргүзгөн,
Эмгекчини эркиндикке киргизген.
Жер чокусу уюл деңиз жерди алып,
Учкучтарга аэроплан мингизген.

Караңгылык кайгы күндөн айрылтып,
Баарын ачып, асман жерди күлгүзгөн.
Улуу көсөм Сталиндин жолдошу,
Буда акылман кеңеш кошкон билгичтен,
Каганович жолдошту да шайлайбыз.

Жаңы турмуш жайнап жаткан элиңен,
Жакшы иштеген аял, эркек теңинен.
Калем кармап эл тилегин чийгенден,
Сталиндин өз жолунда жүргөндөн.
Асманга учуп аэроплан мингенден,
Колхоздорго жакшы иштеген балбандан.

Пахта, жибек, кызылчаны эккенден,
Стаханов кыймылында иштешип,
Жалкоолонуп күч сынаган кетменден.
Бир гектардан миң центнер алышып,
Планынан дайым ашык төккөндөн.
Арабыздан андайларды тандайбыз.
Эмгекчи элден ошолорду шайлайбыз.

Октябрь революциясынан кийинки доордогу кыргыз фольклоруна жыйырма жыл чамасы болду. Ал биздин көз алдыбызда өсүп, формаланып жатат. Революциядан мурунку доордун чыгармаларына караганда, совет доорундагы фольклордун чыгармалары поэзиялык формасы жана жанрдык туруктуулугу жагынан али өсүп жетише элек, ошондой болсо да кыргыз элинин советтик жаңы фольклору күн сайын өсүп, улам байып жана түрлөнүп баратат.

Октябрь революциясынан кийинки доордогу кыргыз фольклору үчүн мүнөздүү нерсе: ооз жүзүндөгү чыгарма менен жазуу жүзүндөгү чыгарма тыгыз байланыштуу болуп келди жана азыр да тыгыз байланышууда жана бул тыгыз байланышуу процесси өз ара бир бирине терең таасир кылуу негизинде жүрүп жатат. Биринчи жагынан фольклор негизинде китеп адабияты түзүлүп жана өсүп жатса, экинчи жагынан Октябрь революциясынан кийинки доордогу фольклорго китеп адабиятынын чыгармаларынын таасири улам барган сайын көп тийип жатат. Совет доорундагы кыргыз фольклору эки багыт менен өсө баштады. Атап айтканда: эл акыны же жазуучу чыгарган поэзиялык көп чыгармалар кат жүзүндө оформит этилсе да, бирок алар белгилүү эл чыгармаларына айланып, ооз жүзүндө көп таралды. Эл арасына кеңири таралган Токтогул Сатылгановдун „Кандай аял тууду экен Лениндей уулду“ деген, же Тоголок Молдонун „Кедейлерге насият“ деген, же Абдулкасым Жутакеевдин „Ленин Кошогу“ деген өтө күчтүү чыгармаларын ушундай чыгармалардын катарына кошууга болот. Ушундай чыгармалардын биринин текстин мисалга келтирелик.

## КАНДАЙ АЯЛ ТУУДУ ЭКЕН ЛЕНИНДЕЙ УУЛДУ

Түпкү атабыз кыргыздан,
Запкыны көрдүк душмандан.
Айтканда сөзүм жап-жарык.
Асманда тийген жылдыздан.
Он жетинчи жылында,
Николай тактан жылмышкан,
Кеңешти куруп Ленин,
Кедейге устум тургузган!

Басып жеген калкымды,
Бай-манаптар куулду.
Аты кедей балдары,
Артындан шорун жуулду.
Николай нанын жегендер,
Амалын таппай муунду,
Панардай жанып боштондук,
Бактыбызга туулду.
Кандай аял тууду экен,
Лениндей уулду!

Он жетинчи жылында,
Октябрьдин таңы атты.

Жаркылдаган большевик,
Жакшы заман жаратты.
Мусапырлар кубанып,
Мундууларга жол ачты.
Көп жылдар аккан тыйылбай,
Көздүн жашын кургатты.

Жетигиң Ленин куткарды,
Жезиттин жаккан отунан.
Жетилип кедей кутулдуң
Желмогуздун оозунан.
Желпинтип тууну көтөрдүң
Жергелүү кыргыз тоосунан.

Баягыда чайналдың,
Бай-манаптын тишинде.
Кантер айла табалбай,
Кан жуткансың ичинде,
Мындай заман болорун,
Көрдүң беле түшүндө?
Ачылды багың букара,
Аргымактай күжүлдө!

Ал кезекте мен дагы,
Айдоодо жүрүп ыйлагам,
Алсырап жатып туткунда,
Айлымды самап ырдагам,
Кыйноону тартып алтын баш,
Кырк кабыргам кыйраган,
Ырыска бүткөн Ленин
Ыйынды басты кыйладан...

Өмүрүнүн бардыгын,
Кедей үчүн зарып кылган,
Эзилген калың калкты,
Эркелетип барк кылган,
Паанайын элдин ачууга,
Башынан Ленин ант кылган.

Көзүм барда айтайын,
Көргөнүмдү калкыма,
Сайратайын тилимди,
Самап жүргөн жалпыңа.
Кубанамын булбулуң,
Ала-Тоо кыргыз даңкыңа!

Термеден айтты кебимди,
Кубанып балдар көңүлдү,
Салпактап учкан кулаалы,
Таптаган куштан жеңилди.
Ноктоодон башын куткарды,
Тозокто жаткан элимди.

Куп ыракмат айтабыз
Куттуктап асыл Ленинди!..,
Көзүмдүн жашы төгүлгөн,
Көп жылы тартып азапты,
Көйкүттө жатып телмирем,
Көңкү кыргыз көп калкым,
Көрдүңөр жыргал Лениндөн!..

Кечинен бер деп тилеймин,
Кейиген жанга өлүмдү,
Өбөктөп ыйлап түрмөдө,
Өткөргөм жаштык өмүрдү,
Кедейлер алып бердиңер,
Керимбайдан кегимди,
Ушунчалык жыргаткан,
Урматтайбыз Ленинди!..

Кенчилик доор чыкканда,
Териме батпай семирдим,
Тушалган темир чидерден,
Бошоткон бутун элимдин.
Атаңдай баккан алдейлеп,
Аманын тиле Лениндин!..
Кесири тийген кузгундар,
Келбес жайга көмүлдү,
Эзүүчү залим байлардан,
Эсиңе алсаң жаш балдар,
Эми жигиң бөлүндү.

Карып менен бакырга,
Калтырбай чачтың ырысты.
Кантип айтпай бул Токоң,
Казыркы жыргал турмушту,
Караңгы жаткан эл элек,
Катарга кошту кыргызды,
Кетпес дөөлөт, кең заман,
Кеңеш өкмөт туугузду!
Жетим менен жесирге,
Жемишиң бөлүп таратты.
Зарыккан элдин багына,
Ленинди жаратты.
Талыкпас кылып тактыңыз,
Шумкарга алтын канатты!

Ак калпак кыргыз элине,
Алтын, күмүш кен бердиң,
Эзилип жүргөн кедейге,
Энчисин бөлүп жер бердиң.
Кайгыда жүргөн элиме,
Кайрат кубат дем бердиң.
Ушунчалык жыргалды,
Урматтуу Ленин сен бердиң!

Ушуну менен катар кыргыздын китеп адабияты фольклордук сюжеттер негизинде түзүлгөн бир топ чыгармалар менен байыды. Маселен, акын Тоголок Молдонун иштеп чыгарган „Ширдакбек“. „Жаңыл мырза“ дегендери жана башкалар мына ушундай.

Мындай поэзия чыгармаларын эл акындарынын чыгаргандыгына карабастан, биз буларды кыргыз фольклорунун негизги фондусуна кошобуз, анткени алар эмгекчилердин массалык репертуарына кирип, элдин ооз эки чыгармаларына зор таасир кылышты.

Эл акындары менен жазуучулар чыгарган бир катар ырлар советтик фольклордун бөлүнбөс бир бөлүгү болуп, эмгекчилердин турмушунда эбегейсиз зор роль ойноп жатат.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз фольклорунда жүргүзгөн өзгөрүүлөр биринчи иретте тематикага тиешелүү. Ошону менен катар көркөмдүк формаларда да, фольклордун өз стилинде да өзгөрүүлөр болуп жатат. Мына ушуга байланышып поэзия лексикасынын, композициялык ыктардын өзгөрүүлөрү да, бир катар жанрлардын жоголушу да (маселен, дуба, салт ырлары сыяктуулар), мурдагы фольклордук жанрлардын түр жагынан өзгөрүп, жаңы шартка ылайыкталышы да (кээ бир былиналар, кошуулар, жомоктор ж. б.), жаңы жанрлардын чыгышы да (маселен революциячыл ырлар) байкалат ж. б.

Кыргыздын советтик фольклорунун тематикасы эң эле көп түрдүү жана октябрь революциясына чейинки фольклордун тематикасынан такыр эле башкача.

Октябрь революциясынан мурунку фольклордун тематикасында, эпос сыяктуу, байыркы заман темалары, революцияга чейинки лирика ырлары сыяктуу, адамдын башынан өткөргөн нерселер жана үй бүлө тиричилиги жөнүндөгү темалар абдан көп болор эле.

Кыргыздын советтик фольклорунун тематикасында азыркы замандагы окуяларга кызыгуу өтө күчтүү жана анда керт баштан өтүүчү нерселердин жана жалаң гана үй бүлө мамлелеринин ордуна жалпы улуттук таламдар, эл аралык жана саясы ири маселелер менен милдеттер көрсөтүлүп жатат.

Туташ коллективдештирүү жана кулактарды тап катарында жоюу, сталиндик беш жылдыктар, колхоз курулушу, маданий революциянын ийгиликтери жана дагы башкалар кыргыздын советтик фольклорунан кең орун алып отурат.

Маселен, „Колхоз турмушу“, „Оокаттуу колхоз“, „Колхозчулар“ жана дагы башкалар сыяктуу, колхоз турмушу жөнүндө жазылган ырлар ушундай.

*Токторалы Талканбаев*

## КОЛХОЗ ТУРМУШУ

Кубанып айткан саламым,
Кулак сал сөзгө тамымың,
Агайындар жыл сайын,
Алга басты кадамың.

Эски адаттар коюлду,
Бузук иштер жоюлду.
Колхоз болдуң кедейлер,
Берекеде тоюнду.

Кубанабыз заманга,
Даңкыбыз кетти ааламга.
Тегизчилик кез болду,
Аял-эркек тамамга.

Азаптуу заман кеткен кез,
Адил заман келген кез.
Ленин менен Сталин,
Барыңды тегиз эткен кез.

Бактылуу заман негизин,
Байкаңар элдин тегизин.
Ар майданда жакшы иштеп,
Чыңайлы эмгек жеңишин.

Эмгекке жалкоо болбоңор,
Кемчиликти оңдоңор.
Ортолук малдар көбөйсүн
Бекеринен сойбоңор.

Эртелеп жеп камыңды,
Көбөйт чарба малыңды.
Колхоздошкон дыйкандар,
Айда арбын наныңды.

Кыргызстан калкыбыз,
Артылды биздин даңкыбыз,
Ай ааламга жайылды,
Атактуу биздин баркыбыз.

*Осмонкул Бөлөбалаев*

## ООКАТТУУ КОЛХОЗ

Биздин колхоз жаңы заман доорунда,
Бирдиги чың коммунизм жолунда.
Большевикче сапат үчүн күрөшүп,
Төрт түлүктүү мал чарбасы колунда.

Чарба малын түгөлдөшөт күн сайын,
Карасанап жок кылышпайт бир тайын.

Уй, төө, жылкы, кой, эчкилерди төлдөтүп,
Дүрүлдөтүп өстүрүшөт жыл сайын.
Асыл тукум айгыр, бука алышкан.
Койлоруна таза кочкор салышкан.
Кыштын күнү жылуу жерге түнөтүп,
Жайдын күнү салкын төргө багышкан.

Кулун тайы моюн алышып ойногон,
Азоолору чалма салып мойногон.
Бир токтусун карышкырга жедирбей,
Бөөдөсүнөн бирин сатып сойбогон.

Бууралары кыштын күнү чамынган,
Букалары жем-чөп менен багылган.
Козусунун жүнү карыш сеңселип,
Кочкорунун куйруктары жарылган.

Эчкилери үн салышып бакырган,
Айгырына жем беришкен акырдан.
Мал көбөйтүп багышмакка мелдешип,
Туш-туштагы колхоздорду чакырган.

Атан төөсүн арабага үйрөткөн,
Өгүздөргө бүкүр соко сүйрөткөн.
Катар салып алты өгүздү түгөйлөп,
Кара чымды карыш кылып жиреткен.

Жаздын күнү кулун-тайы чыңырган,
Козу-улагы быжыр-быжыр чубурган.
Сан-сапатын жылдан жылга арттырып,
Саан уюн сарайына туудурган.

Колхозуна зыянкечти жолотпойт,
Кайтарышып жалгыз малын жоготпойт
Эгин-чөбүн арбын кылып көп камдап,
Кол салышып коом малын коротпойт.

Бар колхоздун малы ушундай багылсын,
Күндөн күнгө дагы күчөп чамынсын.
Жетүү үчүн эң алдыңкы колхозго,
Эпкиндешип эмгекчилер кам урсун.

*Барпы Алымкулов*

## КОЛХОЗЧУЛАР

Күн нурундай жаркырайт,
Колхозчунун турмушу,
Орундалып чыңалды,
Күндөн күнгө жумушу.
Эмгеги толук нак болду,
Колхозчу элге бак конду.
Арам пикир бузуктар,
Арабыздан жок болду.

Алтындай ак пахтабыз,
Ачылып гүлдөп кулпунду.
Эркек, аял биригип,
Жарышып ишке умтулду.
Кызыгып иштеп эпкиндүү,
Кызыл орден тагынды.
Жолбашчыбыз Сталин,
Ачты элим багынды.
Кубанышып колхозчу,
Кулпунган баркыт кийишти,
Шаттанып көңүл жайдары,
Күндөй жарык күлүштү.
Колхозчунун байлыгы,
Кең курулуш курулду.
Аргымактай алчактап,
Жылкысы өсүп чубурду,
Короодо кою эң семиз,
Соолугу төлдөйт жылда эгиз.
Кубанып жаңы турмушта,
Бардык жагы теп-тегиз.
Ферманын малы жайлоодо,
Төлдөп турган увагы,
Колхозчу малын кайтарып,
Өсүп турган увагы.
Алтындан кымбат пактаңар,
Аябай иштеп актаңар.
Балдарың ойноп жыргаган,
Жарашыктуу бакчаңар.
Улуу атабыз Сталин,
Узак көрсүн өмүрдү,
Берекелүү бейлибиз,
Жыргадык биздер көңүлдү.

Кызыл Армия жөнүндөгү тема ооз жүзүндө ырдалып жүргөн поэзия чыгармасынын эң жакшы көргөн темасы болуп эсептелет. Кыргыз элинин Кызыл Армияны жана өз жолбащчыларын эң жакшы көрүп сүйүшү ырларда жана поэмаларда эң ачык көрсөтүлөт. 77 жаштагы колхозчу ырчы Токтораалы Талканбаевдин Кызыл Армия жөнүндөгү ыры мына ушундай:

## КЫЗЫЛ АСКЕР

Кызыл аскер арстан,
Кайраты мол даанышман,
Баары баатыр эр жүрөк,
Жалтанбай жоого барышкан.

Тулпардай күлүк аттары'
Сүрүнөн корккон жаттары.
Эл коргоого берилген,
Эмгекчи элдин жаштары.

Канаттуу алгыр бүркүттөй,
Душманын койбойт үркүтпөй.
Болот текөөр, курч тырмак,
Жоосун жеңген жүргүзбөй.

Бары илгир берендер,
Кайраты артык дегендер,
Ону миңге татыган,
Жаза атпаган мергендер.

Жоо дегенде узанып,
Атканы жатат суналып,
Беттешкен душман кырылат,
Балтыркандай тууралып.

Күрөштөрдө толгон эр,
Калкына болот коргон эр.
Кызыл аскер башчысы,
Ворошилов кеменгер.

Сая кетпес атканы,
Атканы сулап жатканы.
Кубанычта баары шат,
Музыка кыяк тартканы.

Кылычтары болоттон,
Душмандарын колоткон.
Ворошилов алдында,
Жоо-жарагын оңоткон.

Коркпогонду коркуткан,
Баатыр аскер биздерде,
Жоосун жолдо бүктөгөн,
Асыл аскер биздерде.

Бир сунганда беш аткан,
Мерген аскер биздерде,
Кармашканын кулатып,
Жеңген аскер биздерде.

Касташканга алдырбас,
Балбан аскер биздерде,
Сунган мылтык жандырбай,
Алган аскер биздерде.

Баары бирдей каарман,
Кайраттуу аскер биздерде,
Чоюн муштум кабылан,
Айбаттуу аскер биздерде,

Кайраты ашып шер болгон,
Баары тегиз эр болгон,
СССР дей калкына,
Аскер тоодой бел болгон.

Акын Маматкулов Юсуптун „Ворошилов минген ат“ деген ыры Ворошиловду жана анын минген атын күчтүн жана жеңилбестиктин символу (белгиси) кылып, эпостук теңдештирүүлөр менен толгон ачык элестер аркылуу сонун сүрөттөйт.

## ВОРОШИЛОВ МИНГЕН АТ

Кызыл аскер азамат,
Окуу менен билген кат.
Он чакырым чапчыган,
Ворошилов минген ат,
Ат алдында башка экен,
Ай тамгалуу кашка экен,
Километр секирип,
Маршка ударник ат экен.
Миндеген кызыл аскерден,
Пулемёт менен замбирек,
Атылып жүрсө басылбайт,
Чууга ударник жаныбар.
Кечсе Волга дайрасын,
Сууга ударник жаныбар.
Кавказ тоосун басканда,
Зоого ударник жаныбар.
Каарданып киргенде,
Жоого ударник жаныбар.
Бийиктигин мен айтсам,
Оролдун кырка тоосундай,
Жем, чөп жеген акыры,
Тоонун тереӊ коосундай,
Жал, куйругу жарашып,
Жалтыраган кундуздай,
Кеӊ соорусу келишкен,
Жылкыдан артык сыягы.
Жарым тонна чоюндай,
Ар бир баскан туягы.
Чаап кирсе фронтко,
Тоо келсе да томкоргон,
Жерге баткан туягы,
Токсон тонна омкоргон.
Кишинесе чыгышка,
Япония жалтанган,
Кишинесе батышка,
Германия калтаарган.
Күмүштөн соккон куюшкан,
Шылтыраса басканда,
Шарыктын эли угушкан.
Күн батардын алдында,
Күмүштөн дорбо илинет.
Күтүрөтө чайнаса,
Үч күндүк жерге билинет.

Айчылык жер алысты,
Алты саатта жүгүрөт.
Наамын угуп күлүктүн,
Германия күйүнөт.
Ворошилов эр маршал,
Минген күлүк бул атка,
Жеңип чыккан ар дайым,
Кирген кезде казатка.
Ай тамгалуу кашка атты,
Арытпай артык баккан эр.
Аралап жоону чапкан эр,
Эмгекчиге эзелден,
Эркиндик берип жаткан эр.
Кызыл аскер атасы,
Ворошилов уулу экен.
Ленинград, Маскөөнүн,
Орто Азия, Ташкендин,
Ишеничтүү мууну экен.

Кыргыздын советтик фольклорунда улуу жолбашчыбыз— Ленин менен Сталиндин образдары абдан жакшы сүйүү менен ырдалып жүрөт. Аларды бардык ырларда кошуп ырдоо менен кыргыз эли ырыстуу, кубанычтуу турмуш жөнүндөгү өзүнүн ой-санаасын, өзүнүн тилегин билдирет. Ленин менен Сталин эзүүдөн, жакырчылыктан жана адилсиздиктен куткарган адамдар деп ырдалат. Алар—эмгекчилердин досу жана жактоочусу. Алардын образдарында даанышмандык, адамгерчилик, кичи пейилдик кыйсыны келип айкалышып турат, ошону менен катар алардын образдарынан алардын иштеринин эбегейсиз зор экендиги көрүнөт.

Ленин менен Сталиндин образдары кыргыз элинин жан аябай жакшы көрүп сүйүшү менен шаңданат, кыргыз эли аларга абдан ыразы жана аларга аябай берилген.

Эл акыны Осмонкул Бөлөбалаев Сталин жөнүндө минтип ырдайт:

## СТАЛИН

Ильич менен жолду бирге чабышкан,
Ошол жолдон элге таалай табышкан.
Эмгекчинин көзүн ачып жолду чаап,
Эркиндиктин чырак отун жагышкан.
Партиянын тайган эмес жолунан,
Кызыл тууну түшүрбөгөн колунан,
Саясаттуу билим жолго киргизип,
Эмгекчини ээрчиткенсиң соңуңдан.
Биздер үчүн тынып алып жатпаган,
Кеменгерсиң айтканынан кайтпаган.
Акыл менен агын суудан жол тапкан

Эмгекчини эркиндикке баштаган.
Лениндин орундаттың планын,
Партиянын ишке ашырдың ураанын.
Бардык ишти ленинче колдонуп,
Баш коштуруп эмгекчини курадың.
Кызыл тууну көкөлөтүп кармайсың,
Эмгекчиге жол көрсөткөн шамдайсың.
Өнөр, билим, курулуштар көбөйдү,
Күндөн күнгө күчөтөсүң чамдайсың.
Эмгекчини тиреп турган тирөөсүң,
Жеңиштерден жеңиштерге сүрөдүң.
Кеңеш менен жолду туура кармаган,
Дүйнөдө кеменгерсиң бир өзүң.

Кыргыз эли Сталинге жан-жүрөгүнөн ыразы экендигин частушка аркылуу ырдайт:

Кызыл көйнөк булактап,
Кыштактан чыксаң кылактап,
Кыштакты бирге салдырган,
Сталинге ыракмат.

***

Ак көйнөгүң булактап,
Айылдан чыксаң кылактап,
Айылды бирге салдырган,
Сталинге ыракмат.

Молотов району Кара-Кыштак колхозундагы Койчубай Кошматов Сталин жөнүндө мындай ырдайт:

Бул жыргалдуу заманда,
Адырдын бары мал болду,
Ар нерселер бар болду,
Кургаган жери көл болду,
Какшыгандар гүл болду.
Калкты ушундай жыргатып,
Кадимки өткөн заманда,
Сталиндей ким болду.
Соолбогон суулу көл,
Булагыбыз Сталин.
Дүйнөнү жыргаткан,
Чырагыбыз Сталин.
Дыйкандарды сугарган
Дариябыз Сталин.
Кедейлерди чоңойткон,
Тарбиябыз Сталин.
Күн асманда жылгандай,
Күлүгүбүз Сталин.
Күйүп турган чырактай,
Пилигибиз Сталин.
Айлама көлдө эки каз,
Айкыныбыз Сталин.

Дүнүйөгө барабар,
Алтыныбыз Сталин.
Жылдан-жылга бир абад,
Турмушубуз Сталин.
Төбөбүздө жыргаган,
Жылдызыбыз Сталин.
Кимиядай сөз айткан,
Гохарыбыз Сталин.
Ушарланып сөз сүйлөп,
Акыныбыз Сталин.
Сөзү ширин ааламга,
Акылыбыз Сталин.
Алтын балык дария,
Агын суудай Сталин.
Ар улутту бир кылган,
Ашуу кырдай Сталин.

## СТАЛИНГЕ

Эрк балбансың жаралгансың,—
Бактыбызга күйгөн шамсың...
Шордууларга аткан таңсың.
Бүтүн дүйнө эмгекчилер,
Үлгүңдү алды Сталин.

Чапкан жолуң чаркыраган,
Эмгекчини асыраган,
Нурдуу турмуш биздин заман,
Эмгек менен жер гүлдөткөн.

Эски калып, жаңыланып,
Жеңиш туусун колуна алып,
Эпкиндүүгө орден тагып,
Нуруң келди жаркыраган,
Шамың жанып Сталин.

Күлүп жайнап, калем кайрап,
Жай булбулдар тили сайрап,
Кызыл жагоо, кызыл байрак,
Уюмдашып окуп жаткан,
Биздин аймак Сталин!

Кара нээттер кастык кылып,
Жоготмокчу бизди жыгып,
Ал планы аңтарылып,
Талкаланды кайратыңдан,
Тап душманын таамай жыккан,
Тамырларын таарып кырккан,
Артык баалуу кеменгерсиң,
Асыл сырттан Сталин.

Орундадык тилек санаам,
Таң калышат дүйнө аалам.
Эркиңизде жаздым калем,
Жиберемин өз атымдан,
Ысык салам Сталин.

Ата мекендик улуу согуш эл чыгармачылыгы менен поэзия чыгармачылыгынын баатырдык жана патриоттук эң терең, эң мыкты чыгармаларын туудуруп, бүткүл совет элинин патриоттугун эбегейсиз жогорулатты.

Ата мекендик улуу согуштун коргоо фольклору, кыргыз элинин өзүнүн таалайлуу жарык турмушу үчүн күрөшкөндүгүнө эстелик болуп, элдин поэзиялык чыгармачылыгынын поэзиясына кирмекчи.

## КОРУТУНДУ

Кыргыз фольклорунун жанрларынын каралып чыккан түрлөрүн шарт менен схема кылып көрсөтүүгө болот.

Бул схеманын алдына койгон милдети—кыргыз фольклорунун негизги жанрларын санап чыгуу болуп гана, ал жанрлардын кайдан чыкканын жана кандай жолдор менен өскөндүгүн баяндоону көздөбөйт.

Ошондой болсо да, жанрлардын негизги түрлөрүнүн кандай иретте чыгышын принцип кылып алдык. Маселен, схеманын башына лирикалык жанрларды киргиздик, себеби өзүнүн чыгышы жагынан алар алгачкы болуп эсептелет, ал эми лирикалык жанрлардын башына булардын эң алгачкысы болгон эмгек ырларын койдук. Турмуштук ырларды аягына киргиздик, себеби, эмгек ырларына салыштырганда, алар кийинчерек чыккан.

Бирок ошондой болсо да, жанрлардын саналып өткөн түрлөрү бул китепте көрсөтүлгөн тартипте чыккан экен деп ойлоого болбойт.

Айрым жанрлардын кандай жолдор менен өскөндүгү жана кайсы этаптарда чыккандыгы жөнүндөгү маселе абдан изүүлдөнүп, терең иштелип чыгышы керек. Бул материалдарды изүүлдөөнүн азыркы этабында жанрлардын кантип чыккандыгы жана өскөндүгү жөнүндөгү этаптардын алгачкы жана болжолдуу схемасын гана берүүгө болот. Атап айтканда:

Жанрлардын эң алгачкы байыркы түрү эмгек ырлары болот, бирок ал ырлар композиция принциби жагынан да, текст материалы жагынан да бизге таза бойдон келип жеткен эмес. Кыргыздардын бул эмгек ырлары поэзиянын адепки синкреттик формалары ирип бузулгандан кийин түргө салына баштайт да, хор болуп аткарылгандыгы жана бий менен байланышы болгондугу жөнүндө азыр эч кандай белгиси жок.

Кыргыздарда эмгек ырынын жанр катарында түргө салына башташы жеке ырлар түргө салынган доорго туура келет. Бул толук түшүнүктүү иш, себеби кыргыздын эл коллективинин специ-

фикалык өзгөчөлүктөрү синкреттик стадияда болгон искусствонун өнүгүш доорунан бир кыйла кийин түргө салынган. Кыргыздардын эл коллективи мындан эки-үч миң жыл мурун, өзүнүн тарихий өнүгүшүнүн бир кыйла жолун өткөн жана өз поэзиясынын адепки формаларын жоготкон уруу жана урук топторунун негизинде искусство түргө салына баштаган.

2. Кыргыздардын эл коллективи мал чарбачылыгы менен күн көргөн доордо эмгек ырларынын негизинде бекбекей, андан бир аз кийин шырылдаң, анан койчулардын коңур күү сыяктуу жанрлары өнүккөн.

3. Кыргыздар дыйканчылык менен таанышкандан кийин гана дыйканчылык ырлары чыккан. Кыргыздар болсо Тянь-Шаньга келгенден кийин гана дыйканчылык менен тааныша баштаса керек.

4. Жанрлардын бул түрлөрүнүн өсүшү менен катар дуба ырлары да өсө баштайт. Дуба ырлары, ырлардын тематикасына (мергенчилик, малчылык жана дыйканчылык) караганда кыргыздарда невактан бери айтылып, мергенчилик, малчылык жана дыйканчылык стадияларынан өтүп, коллективдин өндүрүш ыктарынын өзгөрүшүнө жараша толукталып келаткан болушу керек.

Кыргыздар мусулман элдери менен (уйгурлар, чагатайлар) мамлелеше баштагандан кийин (кыргыздар мусулмандарга Тянь-Шаньда жолуга баштайт) бул дуба ырлары ислам элементтери менен толуктала баштайт.

5. Дуба ырларынын негизинде каада-салт ырлары чыгат. Каада ырлары да мал чарбачылыгы менен дыйканчылык өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

6. Каада ырларынан чыгып өнүккөн турмуштук ырлар коллективдин сезимин, пейилин билдирүүчү жана анын турмуш тажрийбасын жыйынтыктоочу ырларга айланган.

7. Элдин даанышмандыгын сомолоочу жана кристалдаштыруучу чыгармалар адам зат коомунун невактагы этаптарынан тартып эле чыга баштайт. Мына ошондуктан макал, лакап, табышмак сыяктуу чыгармалар кыргыз элинде илгерки замандан тартып эле башка жанрлар менен катар жана алар менен тыгыз байланышып өсө алган.

Дидактика чыгармалары жөнүндө болсо, алар жеке чыгармаларга өтөт жана чыгармачылыктын өң кийинки түрүнүн натийжасы болуп эсептелет.

Жаңылмачтар болсо кыргыз фольклорунун казнасына жакында эле кирген байлыктан болуп саналат.

8. Адепки-общиналык коом бузулган доордо өсө баштаган эпостук жанрлар каада ырларынын жана турмуштук ырлардын өнүгүшү менен тыгыз байланышта болуп келди.

Эпостук жанрлар элдин өткөндөгү баатырдык күндөрүн, ал эми баатырлардын образдары, элдин идеалдарын көрсөтөт.

Баатырлар эпосу фольклордун башка түрлөрүн да өз кучагына алып, элдин өз эки чыгармачылыгында эпостук чыгармалар түзгөн жана эпостук чыгармалардын кийинки түрлөрүнө

өзүнүн таасирин тийгизген, маселен, новелла поэмаларынын көпчүлүгүнө баатырлар эпосунун чоң таасири бар.

9. Фольклордук чыгармалардын негизинде жеке чыгармачылык өстү да, кыргыздын Тоголок Молдо, Алымкул Усенбаев ж. б. сыяктуу белгилүү акындары ар түрдүү сюжеттер негизинде өздөрүнүн автордоштурулган чыгармаларын түзүштү.

10. Кыргыздардын коллективи социалисттик коомдун стадиясына киргенде, кыргыз фольклору өспөй токтоп калган жок. Октябрь революциясынын кийинки эл чыгармачылыгы социалисттик курулуштун каармандык иштерин көрсөтүп, тематика жагынан дүркүрөп өсө баштады.

Элден дагы нечен-нечен таланттар чыгып, кыргыздын фольклору менен кыргыз адабияты Советтер Союзундагы элдерге белгилүү боло баштады.

11. Кыргыз фольклору өзү башынан өткөргөн өндүрүштүк мамилелердин этаптарын, өндүрүш ыктарынын, тиричилик турмуштун, коомдук акыл-эстин жана дагы башка коомдук байлыктардын этаптарын бүт көрсөтүп, өзүнүн түргө салыныш жана өсүш процессинде нечен кылымдык эбегийсиз зор жолдон өттү.

Ошондуктан кыргыз фольклору ооз жүзүндөгү искусствонун казнасы экендиги мындай турсун, кыргыз элинин тарихин, тиричилик-турмушун жана маданиятын изүүлдөө үчүн түгөнбөс булак да болуп саналат.

Улуу Октябрь социалисттик республикасына чейин кыргыз фольклору катка жазылган эмес. Лениндик-сталиндик улут саясатын ишке ашыруунун натийжасында, кыргыз эли өз жазуусуна ээ болду. Кыргыздын китеп адабиятын чыгарууга бул чоң себеп болду да, кыргыздын фольклор байлыктары ар түрдүү китептерде жана басмаларда басылып чыкты жана формасы жагынан улуттук, мазмуну жагынан социалисттик болгон маданиятты куруунун натийжасында кыргыз маданияты менен искусствосу да өстү, бул өсүш эл чыгармасында да, жазма адабиятта да чоң орун алды.

## ЭПОСТУК ПОЭМАЛАР

### „Манас", „Семетей", „Сейтек"

„Манас" жомогу уландысы менен „Манас", „Семетей", „Сейтек" деп, өзүнчө айрым үч эпостук поэмага бөлүнөт. Бирок айрым үч эпоско бөлүнүп айтылганы менен, баатырларынын образдары жагынан бирине бири уланып, сюжетин биринен сала бирине өткөрүп берип отургандыктан, бул үч эпос тыгыз байланыштуу үч бөлүмдүү бир эпос болуп саналат. „Манас" эпосунун түшүнүгүнө калган эки эпос да кирип кетет.

„Манас" эпосунун тарихий чыгышы тууралу так маалуматтар калган эмес. Манасчылардын көпчүлүгү муну жомок катарында талкуулабастан, чын болгон окуя катарында түшүндүрүп келет. Бирок булардын түшүндүрүүлөрүндө да баланча кылымда, түкүндөй бир окуянын үстүндө келип чыккан экен деген кескин пи-

жирлери жок. Сагымбай Орозбак уулу „Манастын" биринчи дептеринде жомокко киришүүдөн мурда төмөнкү эскермени жазат:

Мукамбет пайгамбардан мурда, төрт жүз жетимиш жылдары чамасында Түркстанда Угуз кан, андан кийин Аланча кан деген уруктар жашап турган экен. Аланча кандын уругунан байгур, уйгур деген элдер тарап, Кашкар, Жаргент, Хотен, Көөнө—Турган шаарларын уйгурлар салышкан экен. Байгурдун тукуму Анжиян (Фергана өзөнү), Чүй, Ысык-Көл, Лепси, Кара курум, Ертиш, Сары арка өңдүү жерлерди жайлашкан экен. Байгурдан, Бабыркан, Бабыркандан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, андан Ногой, Шыгай, Чыйырды деген үч уулу болгон дейт. Ногойдон Жакып, андан Манас, андан Семетей, андан Сейтек деп келет. Эпостун окуясын чын окуя катарында түшүндүрөт.

„Манас" эпосу кыргыз эл адабиятынын эң ардактуусу жана улуусу. Ал өзүнүн мазмунунун тереңдиги, элесинин байлыгы, көлөмүнүн кеңдиги жагынан башка элдердин дүйнөлүк атагы бар эпостору менен сөзсүз бир орунда турат.

„Манас" поэмасына кыргыз адабиятында миң жылдар бою сакталып келе жаткан эл ырлалрынын эң мыктысы, эң күчтүүсү жыйнакталган.

Байыркы кыргыз элинин башка элдерден теңдигин талашкан каармандык күрөшү поэманын мынчалык кең түрдөгү элдик мазмунуна негиз болгон.

Кыргыз элинин каармандык күрөшү Манас, Семетей, Сейтек, Бакай, Алмамбет, Чубак, өңдүү баатырлардын элеси аркылуу сүрөттөлгөн. Жомокчулар жалаң гана айрым баатырларга арналган чоң-чоң поэмалар куруу менен чектелбестен, кыргыз адабиятынын бардык байлыгын, бардык түрлөрүн пайдаланып, өздөрү жашаган доордун турмушун, бир канча даражада көрсөтүүгө аракет кылышкан. Ошонун аркасында нечен-нечен курч айтылган лакаптар, макалдар, көркөмдүк жагынан жогорку даражада турган кошоктор өтө чебердик менен „Манас" эпосунан орун алышкан.

„Манас" эпосу кыргыз элинин кайсы доорундагы күрөшүн сүрөттөгөнүн, качан келип чыккандыгын кесип айтуу өтө кыйын жана азырынча алдыда турган маселе. Бирок эпосто ырдалган элдин турмушуна, оокат тиричилигине караганда, поэманын башы алгачкы көчмөн феодализминин доорунда курулуп, өзүнүн өмүрүндө көп өзгөрүштөргө учураган.

„Манас" эпосу миң жылдар бою тулпардай чуркап, улам барган сайын ырына ыр, сөзүнө сөз кошулуп, далай жылды башынан өткөрүп, эчен доорду кечип келген...

Мына ушунун негизинде ар бир доордун жомокчусу өзүнүн дооруна карай, же өзүнүн керт башына бүткөн акындык талантына, даамына ылайык, поэманын сюжеттик уңгусуна дайыма дээрлик жардамчы бутактарын кошуп отурган. Ал эми угуучулар да өз катарында бир нече социалдык катмарларга, топторго бөлүнгөн. Жомокчулукту кесип кылып, айылдан айыл кыдырып, дайыма ат жалында жүргөн жай жомокчулар, кайсы социалдык катмарга же топко туш келсе, бир канча даражада ошолордун

суроосун канааттандырып айткан. Ошондуктан „Манас“ эпосу угуучулар арасында канча социалдык катмар болсо, ошолордун ой-пикирин, идеологиясын, күрөшүн жыйнактаган кол жеткис бир чоң жомок болуп чыккан.

„Манас“ поэмасынын негизги темасы, кыргыз элинин легендалык баатыры Манастын Алтайдан тартып Орто Азияга, Афганыстанга жана чет кытайга жасаган казатына арналган. Кыргыз эли байыркы замандан тартып кытай, калмак менен улагалаш, коңшулаш жашаган. Кытай мамлекети кыргыз эли менен бир нече жолу согушуп, кытайлар Түркстанды чаап алып, кыргызды өзүнүн өкмөтүнө багындырган. Кытай өкүмчүлөрүнүн кулдугунан кутулуу үчүн кыргыздар бир нече жолу көтөрүлүп, нечен кандуу согуштарды башынан өткөргөн.Мына ошондуктан „Манас“ жомогу кытай жана калмак өкүмчүлөрүнүн зордугуна учураган кыргыз урууларынын ар кимиси ар жерге тарап кеткендигинен башталгандыгы кокусунан келип чыккан иш эмес. Кыргызга коңшулаш калмактардын тынымсыз жылкы тийгенине жана алардын кыргыздарга көрсөткөн ызасына чыдабай эпостун баатыры Манас, 7—8 жашында эле 400 калмак менен өзү согушка кирип жеңип чыгат. Манастын калмактарды жеңген кабары чет Бээжиндин каны Эсенканга дүңк дей түшөт. Эсенкандын „Манасты байлап кел“—деп жиберген 45 дөөсү бала Манастан жеңилип, кээси качып кутулуп, кээси Манастын колунда туткунда калат. Мурда ээн-эркин Түркстанды басып, Мисирге өтүп жаткан кытайдын соодагерлери, кербендери эми Манастын талоонуна түшөт. Мурда кытай өкүмчүлөрүнүн эзүүсүнөн коркуп, „дүйнөгө“ чилче тарап кеткен кыргыздын уруулары Манасты кан көтөрүп, анын тегерегине жыйнала баштайт. Манастын кан көтөрүлгөнү, 400 калмакты чапканы жана Эсенкандын кырк дөөсүн жеңген даңкы калмак баатыры Жолой менен кытайдын кыраан баатыры Коңурбайдын ызаасын келтирип, кайратын күчөтүп, башталган жараны барган сайын ырбата берет. Манас бул арада Алтайдан тартып мурунку Түркстан, азыркы Орто Азия өрөөнүндөгү бытыранды кыргыздарды чогултуп өзүнүн өкмөтүнө каратат. Маргаланда кан болуп турган кытай баатыры Коңурбайдын атасы Алоокөнү качкындыкка учуратат. Мына ошонтип кытай баатырлары менен кыргыз баатырларынын ортосундагы жара ырбагандан ырбап туруп, эпостун (Семетей, Сейтекти кошпогондо) эң аянычтуу жана коолдук жагынан өзгөчө жогору турган „Чоң казат“ бөлүмүндө келип чечилет.

„Чоң казатта“ Манас кырк—чоросу баштаган көп кол менен Бээжинге аттанат. Биринчи урушта кытайдын бир топ баатырларынын үстүнөн үстөмдүк кылып, шаардын чет жакасын кармап алат. Бирок кытай көтөрүлүп бириккен экинчи урушта, кыргыздар үчүн чоң трагедия башталып, Манастын кырк чоросунун мыктылары окко учат. Кытай колунан өлгөнүнөн калганы артка чегинип, Манас жарадар болуп, Таласка кайткандан кийин, узабай дүйнөдөн көчөт.

„Чоң казатка“ камынуунун алдында эле, Каныкей өзүнүн акылдуулугу жана билгичтиги аркасында, Манастын Бээжин-

ге жасаган казаты кыргыздар үчүн өтө чоң трагедия менен бүтөрүн алдан билет. Алмамбет Манаска келери менен эле, „Кытай журту жөнүндө Манаска эчтеме айтпаймын“ дегизип Алмамбетке Каныкей ант ичирет. Жалаң гана Каныкей эмес, кытай журту менен „ойноо“ оңой эместигин Алмамбет да сезет. Бирок Манастан ийменгенинен анын тилегине каршы тургусу келбейт. Экинчиден жоолашып кытайдан качып чыгарында беттешкен баатырларынан өч алгысы келет. Алмамбет канчалык кайрат кылып, өзүнүн бардык согуш билимине сүйөнүп, кытайды жеңүүнү ойлосо да, кытай журтунун-жеңилбестигин алдан сезет. Бала чагында көлөкөсүндө ойногон чынарын „Чоң казаттын“ чалгынында жүргөндө көрүп, өзүнүн соо кайтпасына шектенген түрдө, жанындагы Сыргакка мындай дейт:

Менин туулган Чынарым.
Бүткүл чирип тамыры—
Такыр куурап болуптур.
Төбөсүндө сербейип,
Жалбырагы солуптур.
Таласка эсен кайтпаймын.
Бээжинден бекер кайтпаймын!..

Кытай журту жеңилбейт, деген идея „Манас“ поэмасынын башынан аягына чейин аралап өтөт. Манастан мурун эл чабуу, жер чабуу жагынан дүйнөгө атагы чыккан Искендер Зулкарнайын (Александр Македонский), Фарс эл эпосунун баатыры Рустем жана Азирет-Аалы өңдүү баатырлардын кытайга колу жетпегендиги эпостун бир нече жеринде ырдалат. Кытайдын жеңилбестиги, ал элдин кайраттуулугу, анын баатырларынын көптүгү жана маданиятынын жогору тургандыгы менен гана түшүндүрүлбөстөн, кытай журтунун өзгөчө көптүгү менен да түшүндүрүлөт. Кытай журту топон суудан аман калган. Ошондуктан анын күчү көп, деп Алмамбет менен Каныкей кенебеген Манаска бир нече жолу эскертишет.

„Ошол турган чоң Бээжин,
Казып койгон ору бар.
Камдалуу калың колу бар,
Барган душман кайтпаган,
Түптүү кытай эли бар.
Ошол турган Бээжинден,
Сулайман сурак албаган.
Экөөбүз эмес Бээжинге
Искендер изин салбаган.
Канчалык согуш болсо да,
Касиети кетпеген.
Экөөбүз түгүл Бээжинге
Азирет-Аалы жетпеген...“

„Кытай жеңилбейт“ деген идеяны бул ырдан башка да, ушул күнгө чейин эл ичинде айтылып келе жаткан: „кытай козголсо каптап кетет“ деген макал далилдейт. Нак ушул макалда айтыл-

гандай, чынында „Чоң казаттын“ акыркы урушунда Манастын жоокерчилигине каршы бүтүн кытай козголуп кыргыздарды кууп чыгышат.

Анын үстүнө, кыргыздын колуна (армиясына) караганда, кытай армиясы поэмада күчтүү кылып көрсөтүлөт. Ал бир нече түргө бөлүнүп, ар бир армиясы ар түрдүү куралданган. Кыргыз колунун куралы кытайдыкына караганда бир ыңгай көрсөтүлгөн (найза, ай балта, чоюн баш). Демек эпостун ыры боюнча кытай журтунун өсүшү кыргызга караганда алда канчалык алда, алда канчалык жогору турган. Бирок, ошондой болсо да кыргыз баатырларынын кайратуулугунан, акылмандуулугунан жана күжүрмөндүүлүгүнөн (Манас, Алмамбет, Бакай) „Чоң казаттын“ биринчи бөлүгү чет кытайдын жеңилиши менен бүтөт.

Кыргыз менен кытайдын мынчалык чоң урушунун негизги себептери кайсы тарихий маселелердин үстүндө болгондугу жана кайсы доордо келип чыккандыгы жогоруда биз айткандай, ушул күнгө чейин белгисиз маселенин бири болуп келе жатат. Мунун себеби биринчиден кыргыз элинин тарихинин изүүлдөнбөгөндүгү болсо, экинчиден эпостун тегерегинде да али күнгө чейин изилдөө ишинин жүрбөгөндүгү болуп жатат.

Эпосто сүрөттөлгөн окуялардын бир тобу фантастикалуу жомок мүнөзүндө ырдалган (Алмамбеттин күн жайлашы, чалгында кароолчу аркар, кулжага жолгушу, же Манастын кандарга ажыдаар ойноткону ж. б.). Жомокто мындай фонтастикалуу жерлердин бар экендигин жомокчулардын өздөрү да моюндарына алышат. Мейли Сагымбай, мейли Саякпай ырдын фантастикасы көп жерлерине келгенде угуучуларына төмөнкү төрт жолду тарта беришет:

„Көбү жалган көбү чын,
Көрүп келген киши жок.
Жармы жалган, жармы чын,
Жанында турган киши жок.

Бул төрт жолду жалаң экөөнөн эмес, бардык манасчы, семетейчилердин оозунан угууга болот. Албетте, жомокчулар өзүлөрү моюндарына алгандай, эпосубузда чындыкка жатпаган фантастикалуу жерлери көп. Бирок ошондой болсо да, эпостун чыгышына биздин күндөрдөн өтө алыс калган тарихий бир социалдык чоң окуянын, кыймылдын негиз болгондугу шексиз.

Манас кыргыз элинин тарихинда болгон болбогондугуна ачык жооп бере албайбыз. Бирок Манастын атына байланышкан, Талас өзөнүндөгү Манастын күмбөзүн, чыгыш Түркстандагы „Манас“ аттуу шаарды жана Иртиш дариясынын баш жагындагы Манастын атына коюлган бир жерди келтирүүгө болот. Элдин айтууна жана эпостун ырына караганда, жогорку келтирилген мисалдар эпосубуздун баатыры Манастын урматына коюлган дейт.

Эпосто булардан башка да казактын ханы Көкчөнүн катышкандыгы ырдалат. Бул жөнүнөн XIX кылымдын окумуштуусу Востоковед Чокан Валияханов: „Көкчө тарихий адам болгон“ деген.

Башка элдердин баатырлар эпосу сыяктуу „Манас“ да гениялдуу көркөм чыгарма эскермесинин бирине жатат. Манас, Чубак, Сыргак, Бакай өңдүү баатырлар чыккан эл дайыма башка бир элдин кулдугунда жүрбөө жагында болгон жана өзүн тынчтыкты сүйгөн улуу элдин катарында бекиткен. Эпостун баатырларынын чексиз эрдиктери, кайратуулуктары кыргыз элинин улам кийинкилери үчүн өрнөк болгон. Манас, Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак өңдүү баатырлардын элеси улуу кыргыз элинин кең мүнөздүү, оор басырыктуу, алдындагы тоосун албай койбой турган уландарынын сонун мүнөздөрүн жыйнаган. Эпосто жогорку баатырлар менен бирге, Каныкей аркылуу, өткөндөгү кыргыз аялдарынын алдыңкыларынын элеси көрсөтүлгөн. Каныкейдин элеси элине, жерине сөзсүз берилген акылдуу, билгич кыргыз аялынын элеси.

Кыргыз элинин улуттук поэзиясынын формасы эпосто такшалган түрдө жогорку даражаға жеткен.

„Манас“ жомогу эл арасына өтө кең таралган. Ошонун аркасында биздин күндөрдө „Манас“ жомогун укпаган, бир нече ооз жатка билбеген кыргыз эң аз учурайт. Жылдын кайсы гана мезгили болбосун, көбүнчө кыштын узун түндөрүндө жашкары, катын-бала дебей чогулуп, „Манас“ же „Семетей“ угушканын айылдын бардык жеринен жолуктурууга болот. Кичинеби же чоңбу ар бир айылдын өзүнүн жомокчусу бар. Бул жомокчулар революциядан мурда „Манас“ айтуу менен эл ичинде театрдын өзүнчө бир милдетин аткарып келген деп айтса да болот. Анткени кыйын жомокчулар карапайым ырчылардай жөн эле ырдап тим болбостон, айтып жаткан окуясынын кыймылын мүмкүн кадары колу менен да, өңү менен да берүүгө тырышкан. Жомокчулардын мындай кыймылга, аракетке усталары поэмага өтө чоң коздук киргизип, жомокчунун жанында сахнада бир нече киши ойноп жаткандай болуп көрүнгөн. Кээде ырдын бир калыпта уйкалышып, угуучулардын кулагын тажаткан жерлери жогорку кошумча кооздук менен жулунуп кетип отурган. Поэманын негизинен тартиптелген салмактуу бир овону бар. Бирок, поэмадан эл адабиятынын майда түрлөрү дурустап орун алгандыктан, тартиптеги овону бир канча өзгөрүлүп, бир топ баалуу жагына бет алган. „Манас“ боюнча азырынча жыйырмадан ашык мелодиялар жазылганы гана маалим.

„Манас“ эпосунун көлөмү азырынча 900 басма табак ырдан турат. Мунун ичине „Семетей“, „Сейтек“, „Көкөтөйдүн ашы“ кирет. Кээ бир манасчылардын жомогу боюнча, эпостун аягы Сейтек менен бүтпөстөн, анын укум—тукуму он чакты баатырларга бөлүнүп, Каралаев менен белгилүү манасчы Жаңыбай Кожековдун берген маалуматына караганда, алар да Сейтектин окуясындай окуялар менен бүтөт. Бирок көп айтыла бергендигинин аркасында, „Манас“, „Семетей“, „Сейтек“ композиция, сюжет жана көркөмдүк жагынан дурусураак иштелип чыгып, „Алымсарык“, „Кулансарыктар“ жогорку айтылгандар жагынан артта калган болуу керек. Анын үстүнө жомокчулардын оозунан таанышкан үзүндүлөргө караганда, „Сейтектен“ кийинкилери барган сайын тари-

хий негизинен айрылып фантастикалуу жомоктун изине түшкөн, али күнгө чейин бышып жетпеген айрым ырлар экенин көрөбүз.

Бир нече кылым айтылып жана курулуп келе жаткан „Манас“ поэмасына бир топ социалдык катмарлардын кошумчалары киргени сөзсүз. Кошумчалардын кириши биринчиден угуучулардын „социалдык заказдар“ аркылуу болгон.

Мындай кошумчаларды кече эле октябрь революциясы чыккандан кийин контрреволюциячыл улутчулдар да киргизүүгө бир топ аракеттер кылган. Улутчулдар маркум Сагымбайдын „Манасына“ таасир этүү үчүн түрк элдеринин „тарихынан“ көп „консультациялар“ беришимиш болушун, ошол аркылуу Сагымбайдын вариянттарына пантүркчүлдүк жана панисламдык идеяны көбүрөөк киргизүүгө аракет кылышкан.

1922-жылменен1926-жылдын арасында Сагымбайдын вариянтына „жол башчылык“ кылган контрреволюциячыл улутчулдар, Алач ордочулар Сагымбайды көпкө тоорушуп, эчтеке чыгара алышпагандан кийин, буйрук кылганга чейин баргандыктары жана далай жаман сөздөр менен тилдегендиктери жөнүндө Сагымбай өзүнүн арноо катынын биринде жазып калтырган. Сагымбайдын мына ушундай шарттарда жазылган „Манасында“ аздап болсо да, улутчулдардын таасири тийгенинин аркасында, жер суунун бир топ аттары түзөтүлүмүш болгон жана Манасты жалпы түрк элдеринин башында турган баатырга чейин жакындаткан. Ал Наполеон менен да беттешкен. Бирок мындай жерлери поэманын сөөгүнө сиңип кетпестен күч менен киргизилгендиги ушул күнгө чейин оркоюп көрүнүп тургандыгын байкоого болот. „Манас“ изилдөөчүлөрүнүн кээ бир ойлоруна караганда, эпостон кең түрдө орун алган ислам дини кийинки увакыттарда киргизилген, анткени эпостун эң алгачкы ырларында язычество болгондугу көрүнөт.

Мисалы, Манастын колу казатка аттанарда:

„Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак баранын огу урсун.
Көк милтенин чогу урсун.
Ак албарстын мизи урсун,
Сыр найзанын учу урсун“ деп ант ичет.

„Манас“ эпосунун үзүндүсү өткөн кылымдын 50-жылдарында биринчи жолу казак окумуштуусу Чокан Валийханов тарабынан жыйналган. Ал жарым басма табакка жакын ырдын мазмунун кара сөз менен орус тилине которгон. Бул котормо анын өзү өлгөндөн кырк жылдан кийин, 1904-жылы Н. Весоловскийдин редакциясы астында „орус императорлук географиялык коомдун этнография бөлүмүнүн, „XXIX томунда басылган.

Чокан Валийхановдун „Жунгария Очектери“ деген макаласында: „Манас“ кыргыз жомогунун жана мифинин бүт дээрлик жыйналган бир энциклопедиясы. Ал талаанын „Илиадасы“ сыяктуу бир нерсе... Бул поэмадан кыргыздын өткөндөгү географиялык, диндик, медициналык жана эл аралык турмушун билүүгө болот. Поэма өзүнүн өмүрүндө, биздин оюбузча, көп өзгөрүүлөргө

учураган. Поэма айрым окуялардан куралганы менен Манас баатырдын тегерегине топтолуп, өтө чоң поэма өсүп чыккан. Экинчи эпос „Семетей“ „Манастын“ уландысы жана ал буруттун „Одиссеясы“ деп жазган.

Ч. Валийханов эпостун кай бир өзгөчөлүгүн туура белгилегени менен, „Манас“ жөнүндө өзүнүн тар этнографиялык көз карашынан чыга албаган. Анын үстүнө ошол макаласынын дагы бир жеринде „Манасты“ жана „Семетейди“ бүт айтуу үчүн кыргыздар үч күндөн алты күнгө чейин керек деп сүйлөшөт. Бирок бул ашырылып айтылса керек деген ойдо калган. Ч. Валийхановдун бул пикири, биздин оюбузча, поэма жөнүнөн материалынын аздыгынан келип чыккан болсо керек. Анткени азыр, биздин колдо бар материалдарга караганда „Манас“, „Семетей“ „Сейтекти“ бүт угуу үчүн, кеминде бир нече ай керек экендиги көрүндү.

Манасты Валийхановдон кийин жазууга киришкен орус окумуштуусу академик В. В. Радлов болгон. Анын берген баасына караганда „Манас“, „Илиада“ менен бир иретте турган. Радлов белгисиз бир жомокчулардын оозунан жазылган үзүндүлөрүн немец тилине которуп, XIX кылымдын 60-жылдарында бастырып чыгарткан. Мындан башкада ал кишинин кыргыз тилинде, бирок орус ариби менен басылган бир китеби болгон. Кийинкиси кыргыз тилинде, орус ариби менен жазылгандыктан көпчүлүк окуучулар пайдаланууга бир топ оңойсуз болгон. Мына ошол күндөн тартып, улуу социалисттик октябрь революциясы чыгып Кыргызстанда совет өкмөтү орногонго чейин, эпос эч жерде жазылган эмес. Таланттуу жомокчулар өтө сонун жомокторун өздөрү менен ала жатып, алардын ордуна улам жаңылары келген.

Эпосту эң биринчи баштап айткан жомокчунун аты тарихта сакталбагандыктан, бул азырынча табышмак сыяктуу бир иш. Жалаң гана биринчи жомокчу эмес, бизге араң-араң аттары жеткен улуу жомокчулардын турмушу жөнүндө да толук маалуматтар жокко эсе. Бир гана Сагымбайдын айткан „Манасында„ жандама түрдө Жайсаң ырчы деген ат учурайт. Сагымбайдын буга—„жалаң үйдүн порумун, жарым күнү ырдаган“ деп берген мүнөздөмөсүнө жана казак жазуучусу Мухтар Авезевдин талдоосуна караганда, Жайсаң жалаң ат үстүндө чаап, баатырдын буйругун жарыялаган жай жамакчылардан болбоо керек. Эпостун сюжетинин өтө акырындык менен жайылышына караганда жалаң үйдүн порумун жарым күнү ырдаган адамга ырчылыктан жомокчулук мүнөздүү экендигин көрсөтөт. Ошондуктан Жайсаң ырчы, „Манас“ эпосунун курулушуна бир нече колкабыш кылышы мүмкүн. Бирок Жайсаң ырчы биринчи Манасчы экендиги тууралу кесип айтарлык далилибиз жок. Жайсаң деп эпосто кызмат аткаруучу жигиттерге айтылган. Поэманын кээ бир жерлеринде Жайсаң ырчы Ырамандын ырчы уулу болуп көрүнөт.

Манасчылар, мурда эл ичинде үзүндүлөнүп айтылып келе жаткан эпосту бир топ жыйнактап, тартипке келтирген адам—мындан беш жүз жыл мурда чамасында жашаган Токтогул деген акын болгон деп сүйлөшөт. Токтогул казактын атактуу Асан кайгысы, Жейренче чечени, Алдар көсөсү менен жана кыргыздын Акыл

Кара чачы, жана Толубай сынчысы менен замандаш болгон. Токтогул ырчыны Манасты сюжет жана композиция жагынан тартипке салган деп айткан манасчылардын пикирине „Токтогулдай ырчы бол“, Толубайдай сынчы бол“ деген элдин лакабы бир канча даражада жөлөк болгондугун көрсөтөт. Бирок Токтогулдун жаакта жок чоң акындыгынан башка, кесип айтарлык далилибиз жок.

Эпостун тарихинде биринчи манасчы эсебинде аты калган Келдибек болгон. Келдибек азык уруусунда XVIII кылымдын 50-жылдарында туулган. Келдибектин кандай турмушта жашагандыгы бизге жетпегендиги менен, анын жөнүндө өтө фантазияга ширешкен төмөндөгү кызык маалуматтар калган. Келдибек „Манас„ айтарында кырда жүргөн койчуларды келе бергин деген. Ал „Манас“ баштаганда жайыттагы малга ууру, бөрү тийбесин жана кеч курун короого өздөрү келерин алдан эскерткен. Келдибек кызыган кезинде, үй титиреп, борошо боройлоп, чак түштө күүгүм түшүп, көз байлаган караңгылыкта Манастын чоролорунун чаап өтүп жаткан аттарынын дүбүртүнөн жер титиреген деп сүйлөшөт.

Келдибектен кийинки манасчы Балык болгон. Балык Чүй өзөнүндө туулган. Балыкка ата-энесинин берген аты Бекмурат болсо да, анын оозу балыкка окшоп кичине жайыгыраак болгондуктан, эл Балык атка көчүрүп жиберишкен. Балыктын акындык күчүнүн толгон кези өткөн кылымдын биринчи жарымына жатат. Балык өзүнүн манасчылыгын түш көрүү менен түшүндүргөн. „Манас“ Балыктан анын уулу Найманбайга өтөт. Найманбай кыргыз элине акырындык менен белгилүү болгон. Балыктын тушунда Атбашы, Нарын, Кочкор өрөндөрүндөгү чоң манасчылардын бири Тыныбек болгон. Ысык-көл айланасында Акылбек, Чоюке деген манасчылар чыккан. Буларда өздөрүнүн эпостук акындык күчтөрүн, Балыкка окшоп, табийгаттан тышкары түш көрүү жолдору менен түшүндүрүшкөн. Тыныбек Балык менен замандаш болгону менен, жаш жагынан андан көп кичүү болгон. Өзүнүн замандаш жомокчуларынын ичинен Тыныбектин „Манасы“ өтө күчтүү болгон. Тыныбектин Манасын уккан карыялар ушул күнгө чейин, анын „Манасынын“ артыкча бир күч менен айтылгандыгына таң калгандай, „Манас“ „Тыныбек менен кетсин“ деп коюшат.

Булардан кийинки улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулу болгон. Ал 1867-жылы Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде Саяк уруусунда туулган. Сагымбайдын атасы Орозбак өз убагында Ормонкандын сурнайчысы болуп, өз өнөрүндө бир топ атактуу киши болгон. Сагымбайдын өмүрүн жакшы билген адамдар, анын бала чагында эле айыл арасында ыр ырдоого шыктуу экендигин, Найманбай менен Тыныбекти бир нече жолу уккандыгын сүйлөшөт. Ал гана эмес Сагымбай Балыкты абышка кезинде көргөн. Анын үстүнө Сагымбайдын агасы Алышер да бир айылдын тың жомокчусу болгон. Сагымбай жомок айта баштаган күндөн тартып, Алышер инисинин „Манасы“ артык экендигине баш ийген белги менен Сагымбайга батасын берип, өзү „Манас“ айтуун өмүрлүккө токтоткон.

Сагымбай жашынан эле ырга өтө шыктуу болгон. Жаматташ

айыл-апанын кыз оюндарында күйгөн, секетпай ырдап, теңтуштарынын ичинде ырчы атка конгон. Акындык касиет Сагымбайга бала чагында эле көрүнө баштаса да, ал да өзүнүн „Манас“ айтуун жомокчулардын традициялык түш көрүүсү менен түшүндүргөн.

Жөө туман баскан күздүн салкын күндөрүнүн биринде Сагымбайды сасык тумоо төшөккө көтөрүп урат. Төшөктө жатып Сагымбай бир түш көрөт. Түшүндө Кочкордун талаасы менен келе жатып, мурда түк айыл конбогон талаага күтпөгөн жерден заңкайган чоң-чоң ак үйлөрдүн пайда болгонун көрөт. Айыл үстүндө башынан аягына чейин соот кийип, опур-топур чапкылаган жигиттерди жана туяктары чарадай болгон аттарды көрүп таң калат. Айылга жакындай бергенде, жигиттердин ичинен четтеги албеттүү бирөөнө көзү түшөт. Сагымбай таң калган бойдон атынан түшүп, кез келген үйгө башбага баштайт. Биринчи үйдө таанычаган бирөөнүн, эки билекти каруусуна чейин түрүп таштап, Манастын балалык чагын жана биринчи жолу эл чапканын айтып жатканын көрөт. Калган он үйдүн баарында тең биринчи жомокчунун жомогун улап, „Манас“ эпосунун белгилүү окуяларын ырдап жаткан болушат. Сагымбай эң акыркы башбаккан үйүнөн төрдө отурган өңү жылуу жана шайыр бир адамга көзү түшөт. Ал шылдыңчыл экен. Анын сүйлөгөн сөзүнүн куудулдугунан олтургандар улам күлүп калышат. Бир оокумда төрдө отурган шылдыңчы Сагымбайга көзүн салып, „Мына бу бала „Манас“ айтат“ деп көпчүлүктүн көңүлүн Сагымбайга бурганда башкалары „айт балам“ деп жакалай кетишет. Өмүрүндө „Манас“ айтпаган Сагымбай „билбейм агайындар“ деп көпчүлүккө жооп бергенде, эшиктен колуна айбалта кармаган жаш жигит кирип келип, айтасыңбы, жокбу?—деп Сагымбайга айбалтасын көтөрөт. Анда шылдыңчыл менен катар отурган ак сакал „кой, балам, тийбегин, бул бүгүн айтпаганы менен, кийин жакшы „Манасчы“ болот“ дейт. Ошо кезде сурнай тартылып, доолбас кагылып, отургандар заматтын ортосунда аттарына минип, ызы-чуу түшүп жол тартат. Сагымбай ойгонуп кетип, сасык тумоодон айыкканын сезет. Мына ушул түштөн кийин Сагымбай а дегенде „Манастын“ айрым окуяларын ырдап, бир эки жылдын ичинде атактуу манасчы болуп чыга келет. Сагымбайдын өзүнүн айтканына караганда, дайым Манастын өзүн жана анын кырк чоросун көрүп жүргөн болот.

Сагымбай ат жалын тартып, манасчы эсебинде эл аралай баштаганында жалаң „Манас“ айтуу менен гана чектелбеген. Ал ырчы катарында ырдаганы менен, келин-кыздарга кошок үйрөткөн тажрийбасы да болгон. 1916-жылы кыргыз элинин падышага каршы белгилүү көтөрүлүшүндө Тянь-Шань тоосунун жана Ысык-Көл өрөөнүнүн кыргыздары менен Кытайга качкан. Кытай жеринде да Манас айтууну токтоткон эмес. 1930-жылы 60 жашында дүйнөдөн өткөн. Өзүнүн өмүрүнүн акыркы жылдарында Манастын барлык окуясынан баштап, „Чоң казаттын“ бүткөнүнө чейин 400 басма табак жазып калтырган.

Манас эпосу башынан аягына чейин толугу боюнча совет доорундагы жомокчу Саякбай Каралаевдан жазылды. Саякбай 1894-жылы Жети-Өгүз районунда мал баккан кедей чарбанын үй

бүлөсүндө туулган. Сагымбайдын атасы Карала бир айылдан чыккан бүркүтчү болгон. Саякбай жаш чагында кулактарда малайлыкта жүргөн. 1916-жылындагы көтөрүлүштө Кытайга качып, 1917-жылы жерине кайтып келген. 1918-жылы өзүнүн каалоосу менен кызыл армияда аскерлик кызматын аткарып, үч жылдан кийин армиядан бошогон. Армиядан кайткандан кийин айыл арасында ар түрдүү кызматтарды аткарып, айыл советинин төр агалык кызматында да болгон. Азыркы турмушу колхозчу. Атасына окшоп бу дагы бүркүтчү. Саякбай, Сагымбайга окшоп жаш увагында эле ырга шыктуу болгон. Манас айтуу жагынан, XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында жашаган көлдүн улуу жомокчусу Чоюкеден бир канча тартип алган. Элге таанылган манасчылык даражасына 23 жашында жеткен.

Саякбай да өзүнүн акындыгын „Манас“ айтканын эски жомокчулардын традициялык түш көрүүсү менен түшүндүрүп келген.

Жомокчулардын ушундай легендасы өз убактысында эл ичине кең таралып, чоң жомокчунун „даарыганы“, „колдогону“, „түкүргөнү“ бар экен деп угуучулар таң калышкан, мындай ишти акындын турмушунда дайыма боло турган закондуу бир иш сыяктуу карашкан.

Албетте, жогорку келтирилген легенда Манас жөнүндө таралган легенданын бир түрү болуп, эпоско өзүнчө бир коздук кийирген. Анын үстүнө жалпы легенда маселеси кыргыздын турмушунда жалаң „Манас“ эпосуна байланышып чыккан жаңылык эмес. Мындай легендалардын кече эле жакында өткөн „Манастан“ башка да баатырлардын, дуван жарган күлүктөрдүн, көзгө атар мергендердин тегерегинде айтылып келе жатканын дайыма угууга болот. Ошондуктан легенда жогоруда көрсөтүлгөн тарихий окуялардын жолчусу же баш сөзү сыяктуу бир нерсе. Легенданын башын жомокчулар, ырчылар чыгарса да, анын курулушуна жана бат таралып кетишине угуучулардын өздөрү да бир топ себеп болушкан.

Жомокчулардын өздөрүнүн акындыктарын табияттан тышкары күч аркылуу пайда болду дегендиктерин төмөнкү тартип менен түшүндүрүүгө болот.

Кыргыз ооз адабиятындагы поэзиянын түрлөрүнө карай акын: нускоочусу, жомокчу, жамакчы (ырчы) болуп бөлүнгөн. Ар бир айылдын өзүнчө жомокчусу, жамакчысы болгон. Аттары бир айылдын чөйрөсүнөн алыс кетпеген жомокчулар секетпай, күйгөн, кала берсе, айылдык ашта, тойдо мактоо, айтышуу сыяктуу ырлар ырдашкан. Айылдык жомокчулар „Манас“, „Семетей“, „Сейтек“ жана башка жомоктордон өздөрүнүн жаттап алган айрым бир үзүндүлөрүн гана ырдашкан. Бирок өтө чоң жомокчу менен нускоочу акындар турмушта өтө сейрек учураган. Үч кылымдын ичинде (XVIII—XX) чоң жомокчулар иретинде атагы чыккандар Келдибек, Балык, Тыныбек, Акылбек, Чоюке, Сагымбайлар болгон. Ошол эле үч кылымдын ичинде Калыгул, Арстанбек, Кылыч, Токтогул Сатылган уулу сыяктуу саналуу гана акындар өткөн. Буга окшогон чоң акындар жана чоң жомокчулар биринчи иретте өз доорлорунун саясы жарчысы болушкан. Бирок ар кими-

синин акындыгы, поэзиялары өздөрүнүн алган жанрлары боюнча өскөн. Кыргыздын жомокчусу орус адабиятындагы эпический акынга жакын бир жанр. Мына ошонун негизинде биз жомокчуларды кыргыз ооз адабиятында нускачы, жамакчы сыяктуу акындын бир түрү болгон деп эсептегибиз келет. Жогоруда биз мисалга алган манасчылардын кимисинин өмүр баянын алып карасакта, алардын өтө так акын экендигин көрөбүз. Сагымбай атактуу манасчы наамына конуп, журт кезип, топ аралап жүргөн учурунда да, ашта-тойдо келин-кесекке кошок үйрөткөнүн койгон эмес. Сагымбайдын талашсыз чоң акын экендигин анын жазып калтырган „Манасынын" ар бир бөлүмүнүн аягындагы арноо ырынан да көрүүгө болот. Каралаев отурган ордунан козголбой туруп ар кимге ыр менен өтө уста эпиграмма ойлоп чыгарганын жана бала кезибизде мындай деп ырдоочу элек деп, ырдаганын алда нече угуп күбө болгонубуз бар.

Демек, жомокчулар сөзсүз эпический акын болушкан. Ар бир манасчынын акындыгына карата эл ичинде даңкы чыккан.

„Манас" жомогу кээ бир жомокчулардын укумунан тукумуна өткөн. Сагымбай жаш кезинде бир топ жолу Балык менен Тыныбектин жомогун уккан. Ошентип жомокчулар „Манасты" түшүндө көрбөй эле, акындык таланттарынын негизинде үйрөнүү жолу менен жетишкен. Бирок чоң жомокчулар дайыма окутуучуларынан үйрөнүп гана тим болушкан эмес. Өздөрүнүн акындык күчтөрүнө карай, айрым сүйгөн окуяларын кеңитип, кээде кыскартып айтышкан. Мына ушул маселеде Сагымбай менен Саякбай Каралаевдин ортосунда бир топ айырма бар экенин көрөбүз. Мисалы: „Алмамбеттин арманы" деген бөлүмдө Сагымбай Алмамбет баатырды кытайдан дин үчүн качып чыгат деп бир гана себепке алып барып такайт. Саякбайга караганда өтө кыскартып бүтүрөт. Саякбай болсо, ошол эле Сагымбай айткан материалдын негизинде Алмамбеттин Манаска өтүшүн жалаң гана дин үчүн болгон иш эмес эле, анын таарынычы, эрегиши бар эле деп ырдайт. Ошондуктан Сагымбайдын айтканында „Алмамбеттин арманы", Сагымбайдыкына караганда композиция жана сюжет жагынан бир топ кызык жана дурус иштелген. Бирок жалпы „Манас" эпосунун композициясында Каралаевдики эпостон тышкаркы окуя катарында турган сыяктуу көрүнөт. Экөөнүн ортосундагы дагы бир айырма „Чоң казат" бөлүмүндө. Сагымбайдыкында Манас өзүнүн эң сүйүктүү чоролорунан түбөлүккө айрылып, өзү кытайдагы уруштан оор жарадар болуп, Таласка келгенден кийин, мекеге барып, андан кийин келип гана өлөт. Саякбай Каралаевдикинде болсо, жарасы ичине түшүп кетип, мекеге барбай эле үйүндө жатып өлөт. Мындан башка да кыргыз, кытай, калмак аралашкан калың урушту айтууда экөөнүн ортосунда бир топ өөдө-ылдыйлык бар. Каралаев жалпы уруш болгон жерин узартып айтат. Сагымбай мүмкүн кадар урушту кыска айтып, анын ордуна урушка чейинки окуяларды кеңитип, табийгатты, баатырларды жана алардын сүрөтүн өтө усталык менен берген.

Бул эки жомокчунун „Манасындагы" айырмалар булардан му-

рунку жомокчулардан калуу мүмкүн. Анткени, бирин-эки „Манас“ жыйноодо кызмат кылган жана Сагымбай менен Саякбай Каралаевден мурунку атактуу жомокчуларды көргөн ,уккан жолдоштордун пикирине караганда, жогорку келтирилген айырмалар мурун эле бар экендигин далилдейт. Бул жолдоштордун пикирлерин Кыргыз Тил жана Адабият Илим Изилдөө Институтунда Кыргызстандын ар бир райондорунан жыйналган жомокчулардын кол жазмасына караганда негизине Көлдүк, Чүй, Тян-Шань (Атбашы, Нарын, Кочкор) жана Кетмен-Төбө, Талас жомокчулары деп үч топко бөлүүгө болот. Бул үч топтун жомокчуларынын ортосунда, эл ичинде жалпы тартипте айтылып келе жаткан „Манас“ эпосунун сюжетин бузуп койгон башка бир айрым окуяларды кийирип жиберүү жок болгону менен, ар бир кийинки жомокчу өздөрүнүн ондоолорун өтө чебердик, өтө акырындык менен колунан келгенче киргизишкен. Бирок эпостун сюжетине өтө усталык менен кирген кошумчалар улуу гана жомокчулардын колунан келген. Алар эпостун жалпы сюжетинен чыкпаганы менен, өздөрүнүн кароосу боюнча бир окуяны кыскартып, бир окуяны узартып айтышкан. Эпостун сан жагынан эпсиз чоң өскөндүгүнүн бир себеби да ушул болуу мүмкүн. Ушунун натийжасында эпостун ичине кай бир жаңы тилдер жана кечеки эле жер суунун аттары кирип кеткендиги шексиз.

Биринчи жолу „Манас“ эпосу 1922-жылдан тартып, Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жазыла баштаган.

**„Манас“ жазыла баштаган күндөн тартып, жазууну башкаруу ишин буржуазиячыл улутчулдар өз колдоруна алышкан.**

Алар биринчи эле күндөн баштап, жогоруда биз айткандай, ар түрдүү „тарихий консультациялар“ беримиш болуп, Сагымбайды өз колдоруна алуунун аракетинде болушкан. Буржуазиячыл улутчулдардын Сагымбайды ыгы жок тоорушу, ансыз да өтө жаман шартта иштеп жаткан Сагымбайга өтө оор жумуш болгон. Мурун „Манас“ айтууда кысымга түшүп көрбөгөн Сагымбайдын жомокчулук ишине кыстарыла баштаган буржуазиячыл улутчулдардын аракети, анын жазуу ишине бир топ жолто болуп, барган сайын көңүлүн төмөн түшүрө берген. Анын үстүнө мурда эл ичинде „эркин“ бастырып жүрүп, өзүнүн сүйгөн бөлүмдөрүн ырдаган Сагымбай, эми, бир киши менен бетме-бет туруп, эртеден кечке „Манас“ айткан. Бирок мурдагысындай шар кете албай, кээде бир айтканын бир нече мертебе кайталоого туура келген. Мурдагы чоң үйгө жык толуп, анда-санда өзү менен кошо кызып, кыйкырып сүрөп отурган угуучуларынын үнү, бул жолу угулбаганы да Сагымбайдын көңүлдөнүп „Манас“ айтууна бир топ кесир кылган. Мына ушулар барган сайын Сагымбайды чарчата берген. Сагымбайдын жазуу ишинин өтө ийгиликтүү кете албагандыгынын дагы бир себеби: анын материалдык турмушу өтө начар болгон.

Бир жагынан жогорку шарттарда иштеп чарчаган жана анын үстүнө ушул кызматтын үстүндө нерв оорусуна учураган Сагымбай „Манасты“ жазуу ишин төрт жылга созуп, арaң 1926-жылы

бүткөн. Акындын айтуу боюнча өзгөчө эң акыркы жылы оор болгон. Бир топ оорунун жомокчуга жүк болгондугу да улам барган сайын акындык кубатын кемите берип, дайыма башкы жылдардагыдай күчтүү айтууга мүмкүнчүлүгү бошондой берген.

„Манас" поэмасын негизинен он бөлүмгө бөлүүгө болот.

Биринчи бөлүмгө — Манастын туулушу, балалык чагы жана алгачкы майда чабуулдары кирет. Бул бөлүм Манастын уруусунун кыскача тарихи менен ачылат.

Көгөй кандын Ногой, Шыгай, Чыйыр деген уландары болот. Чыйырдан тукум жок жалгыз Шакан деген аялы болот.

Ногой чоң болуп анын кандыгы бүтүн Орто Азияга жана Чыгыш Түркстанга таралат. Ногойдун Орозду, Үсөн, Бай, Жакып деген төрт уулу болот. Ногой өлгөндөн кийин, кытайдын кандары басып алып, төрт уулун төрт жакка таратып кууп жиберет. Ногойдун улуу уулу Орозду өзүнүн аялы менен Анжиянга көчүп конот. Эң кичүүсү Жакып Алтайга айдалып барып, ошондо туруп калат. Ал 47 жашында дүйнөгө атагы чыккан бай болуп, жалаң жылкысы кырк миңден ашат. Бирок Жакып эки аял күтсө да баласы болбогон. Бир күнү кечинде малдан кайтып баласынын жогуна ыйлап жатып калса түш көрөт.

Түшүндө тууруна бир буудайык байланат. Бул буудайыктын астына асмандап учкан канаттуулардын бардыгы далбайып айланып түшүп жатканын көрөт.

Буудайыктын жанына кайдандыр алача моюн ак шумкар келип конот. Ошол эле түнү аялы Чыйырды түшүндө алма жесе, алдынан 150 кезге чейин ажыдаар сойлоп чыгып, бүтүн ааламды сорот. Бакдөөлөт аттуу аялынын түшүндө туура тушуна эки тунжур байланат.

Жакып бул түштү жортуу үчүн мал союп, эл чакырса, Байжигит топтон суурулуп чыгып:

Ай тийген жердин баарысын,
Алат экен балаңыз!
Күн тийген жердин баарысын,
Күтөт экен балаңыз.

деп жооруп коёт. Жакып келгендердин баарысына сый берип таратат. Үчүнчү жылы улуу катыны Чыйырдынын боюна бүтүп, жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Ошол увакта Каңгайдын кара мергени жылкы чалган ак жолборсту атып өлтүрдү деген кабарды угуп, киши жиберип, жолборстун жүрөгүн алдырып, жеп, талгактыгы канат. Бала төрөлүүчү маалы жеткенде Жакып сүйүнчүсүнө кырк кара боз атты кермеге байлатып, өзү куржунга алтын күмүшүн артынып, биринчи сүйүнчүлөп келген кишиге бермек болуп атанып кетет.

Манас курсактан түшкөндө, үнү отуз жаш чамасындагы токтолгон кишиникиндей болуп, колуна кан чеңгелдеп түшөт. Оозанткanda бир карын майды жеп коёт. Төрөө үстүндөгү катындар олжого батышып, Акбалта катынынын жемесине чыдабай көк чолок аты менен Жакыпка сүйүнчүгө жөнөйт. Ал Жакыпты издеп барып, анын жалдуу кула бээни туудуруп, ак кула кулун-

дун тумшугун сыгып отурганын көрөт. Бул кулун кийин Манаска ат болот.

Манас бала кезинде өтө шок болот. Атасы Жакып аны, өзүнүн Ошпур деген койчусуна жардамчы кылып тоого чыгарып жиберет. Бирок Манастын тентектиги токтолбой, козуларды кырат. Бир күнү Жакыптын жылкысына тийген калмактын Домобий деген баатырын баш кылып, 400 калмакты кыргындайт. Манастан корkконунан 250 үйлүү калмак кол алдына кирип берет. Кыргылды баш кылып, айылындагы балдардан чоро курайт. „Манасты кармап кел" деп, кытайдын Эсенкан аттуу канынын жиберген дөөлөрүн өлтүрүп, асыл буюмдарын талайт. Манастын ордо атып жаткан томпою келген кытай баатырларынын төөсүнүн бутун сындырат. Манасты чаап алам деп, алты миң кол менен аттанып келген Нескара өзү араң качып кутулуп, колу Манастын талоонунда калат.

Манас он төрт жашка чыкканда аны мекеден келген Айкожо мусулман кылып, Аккелте деген мылтык жана Ач албарс деген кылыч тартуу кылат. (Экинчи варияантында Аккелте менен Ач албарс көктөн түшөт). Аккелте менен Манас бир атканда төрт жүз кулжаны өлтүрүп, алардын канына куралдарын кандайт. Ошол кулжа атылган суунун бою бара-бара Кулжа суусу атыгып калгандыгы ошондон экен деп сүйлөшөт.

Экинчи бөлүм Манасты кан көтөрүү. Манас 15 жашка келгенде, Алтайда жашаган кыргыздар чогулуп кеңеш курушат. Кеңешинде кытай, калмак менен беттешип калдык деп, коргонуунун чарасын чечишет. Алтайда турган кыргыздарды санай келгенде саны жүз миң болот. Манас кан болгондон кийин күчтүү кол уюштуруп, даңкы көтөрүлө баштайт. Калмактын каны Жолой менен болгон урушта Манас жеңип чыгат.

Үчүнчү бөлүм-биринчи казат. Сегиз жылдын ичинде Манас кытай кандыгынын өкүмүндө болгон бир топ шаарды, эл журттуу, Кашкардын алты шаарын бүт өзүнө каратат. Бул казатында Манаска чоң жардам берген Кошой баатыр болот. Манас бул казатынан чоң олжо менен кайтып, Кайып кандын кызы Карабөркке үйлөнөт.

Төртүнчү бөлүм-экинчи казат. Манас Орто Азияны алуу үчүн Алтайдан өзүнүн колу менен аттанып чыгып, жолдон Текес канды жеңип алат. Эпос боюнча ошол жер ошондон тартып Текес атыгып калат. Текес канды өлтүргөндөн кийин, анын ордуна иниси Тейишти кан көтөрүп, чоң той жасалат. Тойдо балбандар энишип, баатырлар сайышат. Манас менен сайышуу үчүн Карача кандын Кыз Сайкалы чыгат. Манас Кыз Сайкалды жеңе албагандан кийин, тиги дүнүйөдө никелеш жолдош болууга ант берип кетет. Үч жыл чамасында урушуп Чүй өрөөнүн бүт жана Фергана өрөөнүнүн жарымын чаап алып, Ташкенге өзүнүн жакыны Көкөтөйдү кан көтөрөт.

Бешинчи бөлүм-үчүнчү казат. Манас Ташкенден Алтайга кайтып, алты ай дем алыш жасагандан кийин, эң күчтүү жоосу Алооке канга каршы аттанат.

Алооке кан ошол увакта Орто Азияга кан болуп турат. Кан-

дын алтымыш уулунун кенжеси Коңурбай Бээжинде окуп жаткан увагы болот. Бул Коңурбай Манастын эң күчтүү душмандарынын бириңен болуп, акыр аягы Манас ошондон өлөт. Акылман аяр Алооке Манастан жеңилерин билип, урушбастан эле Манастын колуна карап берет. Өзүнүн эң улуу уулун Манаска тартуу кылып, кийин Манас Тибет журту менен уруша баштаганынан пайдаланып Алооке Бээжинге качып кетет.

Мына ушул учурда, кытайдын бир бөлүгүнүн каны Азизкандын уулу Алмамбет өзү бериштеден бүткөн бала экенин билгенден кийин, бир чети кандыкка таарынып, Манаска келүүнү ойлоп, көп жол жүрүп чарчагандан кийин, казактын каны Көкчөгө жолугуп, анда туруп калат. Көкчө экөөнүн ортосунда бир топ чатак чыгып, андан Манаска келип жолугуп, ага эң жакын чоросунун бири болуп түбөлүккө туруп калат. Алмамбеттин Манаска келип жолугушу Саякбай Каралаевдин вариянтында өзүнчө бир чоң бөлүм болуп иштелип чыккан.

Алтынчы бөлүм төртүнчү казат. Жакып Манаска аял алып бермекчи болуп, кыз издеп эл кыдырат. Букардын каны Темирдин кичи кызы Каныкейди Манаска алып бермекчи болот. Манас күйөөлөп барганда, Каныкей уруксатсыз үстүмө келесиң деп Манасты бычак менен билекке сайып алат. Ошондуктан Каныкей долу атыгып калган. Каныкейдин жакын синдиси Аруукеге Алмамбет үйлөнөт. Манас Афганстанды чаап алып, Афганстандын каны Акун кан Манастын жакын жолдошу болуп калат.

Жетинчи бөлүм-бешинчи казат. Манас бир нече увакыт Самарканда тургандан кийин, Таласка көчүп келет. Андан кийин Кенжут канды чаап алып, сулууларды олжолошот. Кенжут кандын кызы Алтынай Манаска тартууга келип, Сагымбайдын вариянты боюнча, Манастын төртүнчү аялы болуп калат. (Каралаевдин варйянты боюнча Манастын эки эле аялы болот).

Сегизинчи бөлүм—Көкөтөйдүн ашы. Манастын жакыны жана Ташкендин каны Көкөтөй өлөрүнүн алдында, уулу Бокмурунга керээзин айтат. Керээзинде мен өлгөндөн кийин аш бербегиле, малды коротпогула дейт. Көтөкөйдүн малы сансыз. Бокмурундан башка эркек баласы жок, кыз балага бай киши болгон. Көкөтөй өлгөндөн кийин Көкөтөйдүн керээзин угузуу үчүн жана бир чети кеңешүү үчүн Бокмурун Таластагы Манаска келет. Көкөтөйдүн керээзи башкача жорулуп, чоң аш берүүгө жана ал башка бүтүн дүйнөнү чакырууга убада болот. Ашка чейин өстүрүп турууга деп, элге Көкөтөйдүн малынын жарымын бөлүп беришет. Эки жылдан кийин Каркырага эл чогулуп, аш башталат. Ашка Коңурбай, Жолой чакырылып, кыргыздын кандарынын баары келишип, Манасты күтүп калышат. Манас ашка келгендерди теңсинбегенсип, манчыркап, кечигип келишине кыргыздын кандары жана калмак-кытайдын баатырлары наразы болушат. Бир ай кечигип жатып, Манас колу менен келип жетет. Кыргыздын кандары аны урмат менен тосуп алышат.

Бокмурун Манаска өзүнүн жакшы көргөн бир атын тартуу кылат. Манаска мындай урмат болгонуна Коңурбайдын ачуусу келип, Айдар ашка кабар берүү үчүн минип, дүйнөнү кыдырып

чыккан атты Бокмурундан суратып жиберет. Бокмурун кандарды кеңешке чакырып, алардын кеңеши боюнча атты бермек болгондо, Манас угуп калып, Коңурбай менен уруша кетип, анын колун бир топ кыргынга учуратат.

Тамашанын акырында ат чабылат. Жарышта Манастын Аккуласы чыгып келет. Ашта Манас душмандарына өзүнүн балбандарынын күчүн көрсөтөт. Ашта чатак чыгарган Жолойду Манас айылына чейин кууп таштайт.

Тогузунчу бөлүм—Чоң казат. Көкөтөйдүн ашында Манастын жеке бийлөөчүлүгүнө намыс кылган кыргыз, казактын кандары, аш үстүндө Манаска каршы уруша турган болгондо, Кошой, аш үстүндө уруш чыкса кытай менен калмак кыргызды талап кетерин айтып, ашты Манас бийлей берсин, кийин өзүм баш болуп Манасты чаап берем дейт. Кошойдун тилин алып, кандар ашты тынч өткөрүп, жай-жайына тарашат. Арадан туура бир жыл өткөндөн кийин, убада боюнча кандар Кошойго келишет. Кошой кандарга: карган абышканы шылдың кылбагыла, колуңардан келсе Манастын түгүн койбой чаап алгыла, деп жооп берет. Кошойдун жардамынан үмүтүн үзгөн кандар Төштүктүн жер алдынан чыкканына арналган кубанычтуу тоюна келишет. (Төштүк жерден чыгары менен Көкөтөйдүн ашына катышып,өзүнүн тоюн бир жылдан кийин берет).

Кандар Төштүктүн тоюнда Манас менен чындап урушмакчы болушуп, элчи жиберишет. Манас кандардын чакырыгын кабыл алып, кырк күндүк увакыт белгилейт. Бардык күчүн жыйнап, Манас менен урушууга талаптанып келген кандар коркконунан уруш ачышпай эле, Манастын айылына келип түшүп калышат. Манас кандарды Бээжинге казат кылууга чакырат. Кандар Манастын чакырыгын кабыл алышып, сандаган кол менен Бээжинди көздөй жүрүп калышат. Кыргыздын казатка аттанган көп колу чет Бээжинге жакындаганда, Манас Алмамбет менен Сыргакты чалгынга жиберет. Чалгынга кошулбай калган Чубак Манаска таарыныч кылып, Алмамбеттин артынан жөнөйт. Чубактын жаңжалынын аягы Алмамбет менен Чубак экөөнүн биринин өлүмү менен бүтөрүндө арага Манас түшүп экөөн ажыратып коёт.

Алмамбет менен Чубак экөөнүн жаңжалынан кийин чалгынга жөнөр алдында Манас Тал чокунун башына чыгып, турнавайын салып,кытайдын шаарын көрүп, эл журтунун көптүгүнө таң калат. Эмне үчүн Алмамбет мурун мага айткан эмес деп, Алмамбеттин тууралыгына шек кылып, андан сурай баштайт. Алмамбет мурун айтпай жүргөндүгүнүн себебин баяндап, артынан өзүнүн башынан өткөргөн окуяларына токтолот. Уруштун башы кытайдан жылкы тийүү менен башталып, биринчи урушта кыргыздар жеңип, Манас чет Бээжинге алты ай кан болуп турат.

Онунчу бөлүм—Кытай көтөрүлүшү. (Чоң казаттын экинчи жарымы) Манас Чет Бээжинде кан болуп өзүнүн өкүмүн жүргүзүп турганда, кытайлардын чоң көтөрүлүшү башталат. Кытайдын атактуу баатыры Коңурбай түгөнгүс кол жыйнап алып, Манаска каршы чындап уруш ачат. Бул урушта кыргыздын колу кыр-

тынга учурап, Алмамбет, Чубак, Сыргак өңдүү баатырлар окко учат. Манастын Аккуласына ок тийип, өзү Коңурбайдан оор жарадар болуп, Таласка кайтып, узабай ошол оорусунан өлөт.

Манас өлгөндөн кийин, Манастын Абыке, Көбөш деген бир тууган агайиндери Манастын мүлкүн талап, Каныкейди аялдыкка алмак болгондо, Каныкей бешиктеги Семетей жана кайын энеси Чыйырды менен Бухара шаарындагы атасыныкына качып кетет.

Манаска арналган ырлар ушуну менен бүтүп, мындан кийинки окуялар Манастын уулу Семетейдин эрдигине арналган. Семетей да Манас сыяктуу бир нече бөлүмдөн турат. Көлөмү Манастан көптүк кылбаса, аз эмес. Семетейден кийин Сейтек келет. Сейтектин поэмасы да бир нече бөлүмдөргө бөлүнүп, бардыгы жыйырма миң жол ыр чамасында. Булардан кийин Кенен, Кененден Алымсарк болуп кетет. Бул кийинки үч баатырга арналган поэма азырынча текшерилип бүтө элек.

Мына ушул өтө кыскача жазылган окуяларга караганда „Манас“ эпосу негизинен жалаң казаттан турганын байкоого болот. Урушка өтө көбүрөөк көңүл берилет. Бирок ошону менен катар той-тамаша, кыз оюн, аш жана бир топ кыргыздын оюндары эпосто өтө бай көрсөтүлгөн.

II бөлүм

# КОЛОНИЯЛЫК ДООРДОГУ КЫРГЫЗДЫН АДАБИЯТЫ

## ЗАР ЗАМАН АДАБИЯТЫ

Кыргыз Эли XVIII кылымдын экинчи жарымынан тартып, XIX кылымдын биринчи жарымына чейинки доорду бүт бойдон жоокерчилик турмушта өткөрөт.

Россия падышалыгынын экспедициялык аскерлери кыргыз жерине ыкыс берип, жакындап келип калган кезинде, бугу менен сарыбагыштардын чабышы башталат. Бул чабыш 1853-жылы башталып, 1860-жылга чейин, туура жети жыл созулат. Бул эки уруунун чабышы элдин башына түшкөн чоң түйшүк болгон. Сарыбагыш уруусунун кан аталган чоң манабы Ормон ушул чабышта өлөт. Чабыш улам уланып кете берет. Бул чабышта элдин каны кыяндай агат.

Кан, баатырлардын эрегишкен намыс, барымтасынын натийжасында кыргыз эли өз ичинен чабышып, тыштан келген жоого каршы турууга чамасы келбей, ага таланып, жер-суусунан, малы-башынан айрылып, каран түндө калган.

1860-жылдан тартып, 1880-жылдарга чейинки жыйырма жылдын ичинде Россия падышалыгы түндүк жана түштүк кыргыздарды бүт каратып алат.

Кыргыздар падыша өкмөтүнө тим гана багына койгон жок. Бир топко чейин моюн сунбай, ыгы келсе, азыноолок отряддарын чаап алып жүргөн.

Падыша өкмөтү Коконду 1875-жылы каратат. Бирок Анжиян, Наманган кыргыздары анчалык тез багынып бере койбойт. Кол курап, падышанын экспедициялык аскери менен согушат. Бирок падыша өкмөтү күчтүү отряддар жиберип, каруу-жарактын күчү менен акыры баш ийдирет. Элдин Балбай сыяктуу багынбаган эрлерин падыша өкмөтү асып, атып, Сибирге айдап жоготот.

Падыша өкмөтүнүн бул кылыгы жөнүндө Арстанбек мындайча ырдаган:

Ченчи келди, жерди алды,  
Бөөдөн тууган керди алды.  
Мен-менсиген эрди алды,

Кача турган жайды алды.  
Таластан чапты Маймылды,  
Баатырсынган эрлериң  
Сибирь жол көздөй кайрылды.

Баш ийбеген кыргыздарды каратууга падыша өкмөтүнө манаптар жардам кылган. Падыша өкмөтүнө багынбаган кыргыздарды Жантайдын уулу Шабдан жана бугу, солтонун кайсы бир манаптары кол жыйнап, чаап, багынтат.

Падышалык өкмөт 15—20 жылдын ичинде кыргыздын бардык элин жана жерин каратып алып, аны бир четинен өздөштүрүүгө киришет: 1868-жылы түндүк кыргыздарды болуштук (волосттук) админстрациялык бийлик бөлүктөрүнө бөлүү жөнүндө жобо чыгат. Эми бай-манаптар болуштук талашып, эл арасында кан төгүлгөн жаатчылык күрөшүн баштайт. Жергиликтүү бай манаптарга таянып алып, падыша өкмөтү кыргыздардын арасында бийлигин жүргүзөт.

Жер соорусу болгон Таластын оюна, Чүйдүн талаасына, Көлдүн жакшы жерлерине казак орустардын станицалары, кулактардын деревнялары орной баштайт. Шаарларды соодагерлер, чиновниктер ээлейт. Кыргыздар кыштоо салган, арык жүргүзгөн айдоо жерлеринен айрылып, тоого сүрүлөт. Тоодогу токой, бадалдардын бардыгы казнанын фондуна өтөт.

Падышалык самодержавиенин мээримсиз саясатына кыргыз эли чыдай албай, 1898-жылдары ага каршы көтөрүлүш чыгарды. Бул козголоң „Анжиян козголоңу" аталып, буга негизинен кыргыз, өзбек эмгекчилери катышат. Ушул козголоңдун шылтоосу менен, бай-манаптардын көрсөтүүсү боюнча атактуу акын Токтогул да айдалып кеткен. Токтогул ал козголоң жөнүндө мындайча ырдаган:

„Ак падыша" залимдин
Катуу үчүн сурагы,
Каарына чыдабай
Калың журт колун курады.
Ырайымсыз залимге
Чыдай бериш туурабы?!

1905-жылкы орус жумушчуларынын самодержавиеге каршы куралдуу көтөрүлүшү жеңилгенден кийинки Столыпиндик реформанын аркасында, кыргыз жерин колониялоо саясаты дагы күчөдү. Россиялык кулактар сандаган кыргыз жерине көчүп келе баштады. Кыргыздардын колунда калган азыноолак жайыт, айдоо, түзөң жерлери алардан дагы тартылып алынып, кыргыздар эми караманча тоо баштарына, зоо арасына сүрүлдү.

Бул саясат да кош муштум болуп, көпчүлүк кедей элдин башына тийди. Ошентип падыша өкмөтү колониялык саясатын кай жакты көздөп бурса да, баары келип көпчүлүк кедей элдин башына урула берген.

Жери-суусунан, малы-жанынан айрылган эл, акырында, падыша өкмөтү „солдат бер" деп башына кол сала баштаганда чыдай албады. Кыргыз эли 1916-жылы падыша өкмөтүнө каршы экинчи жолу көтөрүлдү. Кыргыз эли менен катар казак эли, өзбектер, түркмөндөр да козголуп, булар да падыша өкмөтүнө курал алып каршы чыкты. Акырында падыша өкмөтүнүн куралдуу аскерлери кыргыз элин өлбөс оокатын өткөрүп турган тоо-

ташынан да такыр кууп чыкты. Падыша өкмөтү ок өшөрүн мөндүрлөтүп, кыргыз элин кыра баштады.

Кыргыз элинин кылымдап өнүп-өскөн ата мекенинен ажыраган күндөрүн Ысак Шайбеков „Кайран эл“ аттуу поэмасында мындайча ырдаган:

Тополоңу тос болуп,
Тозуп кетти, кайран эл.
Бир биринен адашып,
Бозуп кетти, кайран эл.
Эртели кеч жүздөрүн
Көрүшпөдү, кайран эл.
Өкүмүнө падышанын
Көнүшпөдү, кайран эл,
Кымбат кылып Кашкарды
Кирип барды, кайран эл.
Антпегенде кантишет,
Акыл-эси айран эл!

Кыргыз элинин 1916-жылкы козголоңу Россия жумушчу дыйкандарынын революциясына танапташып кошулду. Большевиктер партиясынын жетекчилиги алдында жумушчу табынын улуу октябрьдик социалисттик революциясы жеңип, эркиндиктин улуу күнү кыргыз жерине да жаркырай тийди, жоголуп бара жаткан кыргыз эли кайта эл болду. Лениндин—Сталиндин партиясынын жетекчилиги астында, улуу орус элинин жардамы аркылуу кыргыз эли теңдикке жетти, колониялык эзилүүдөн кутулду.

Колониялык доордогу заманды ал кездеги эл акындары „Зар заман“, „Тар заман“ деп аташкан.

Зар замаң ырларында мурунку баатырдык поэмалардай сюжет жана баш геройлору (баатырлары) болгон эмес. Булар эзилген элдин авалын баяндаган сюжетсиз, герою жок кара (арман) ырлар болгон. Бул ырлар келечекти жоруп, же замандын түрүн ылгап айткан макал же лакап катарындагы ырлар болгон. Бул зар заман ырларын терме поэма дейбиз. Терме поэмага Кылычтын „Зар заманы“, „Чүй баяны“, Арстанбектин „Тар заманы“, Токтогулдун арман ырлары, Ысак Шайбековдун „Кайран эли“ сыяктуу чыгармалар кирет.

Терме поэма замандын авалы жөнүндө айтып, элдин [illegible]ганын, чачылганын, жер-суусунан, башынаң айрылып, тыштан келген зордукчул душмандардан эзилгенин баяндап, сүйлөйт.

Колониялык доордогу зар заман ырларын эки доорго бөлүүгө болот.

Биринчи доор—Калыгул, Арстанбек, Солтобайлар чыккан доор. Бул акындардын чыгармалары Кокон кандыгынын бийлигинен тартып, кыргыз элин Россия падышалыгы колонияга айландыра баштаган учур менен чектелет. Булар ырларын „Акыр заман“, „Тар заман“ деп аташып, чабылып жаткан элдин авалын баяндап, элдин келечегин жоруп ырдашкан.

Экинчи доор—Токтогул, Ысак, Кылычтардын доору. Булар кыргыз элин падыша өкмөтү биротоло каратып алып, падыша

өкмөтүнүн колониялык саясаты ашынып, элдин эки буту бир кончуна катылып турганда чыккан акындар. Булар ырларын „Зар заман“, „Замана“ деп аташып, ал замандын авалын терең баяндап, элди эзүүчүлөргө каяша кылууга чакырат.

„Зар заман“ ырлары Ысак Шайбековдун „Кайран эли“ менен аяктайт.

Колониялык доордо чоң баатырдык поэмалар өсүп чыкпаганы менен, мурунку баатырдык жомоктор эл арасында жаңы күчкө ээ болот. Кыргыз элине кол салып, элди чабууга аракет кылган жоолорду кайтарып, эл атасы атанып, жомоктогу эл баккан геройлор эми элдин тилеги, идеалы катарында болот. Матоодо калган эл ошондой баатырларды самайт. Мындай баатырлар жөнүндө болгон жомокторду эл сүйүп угушкан. Ошондуктан колониялык доордо мурунку баатырдык жомоктор өзгөчө орун алып, Чоюке, Акылбек, Тыныбек, Келдибек, Дыйкамбай, Балык, Сагымбайлар сыяктуу чоң жомокчу—манасчылар чыгат. Бул таланттуу жомокчулар баатырдык эпостордун окуяларын дагы кеңитип, алардын геройлорунун элестерин дагы күчөтүп, көркөмдүк күчүн дагы арттырган. Ошондуктан колониялык доордогу кыргыз адабиятында баатырдык чоң жомоктор да, жөө жомоктор да көрүнүктүү орун алат. Бирок булар колониялык доордун адабияты үчүн мүнөздүү эмес.

Колониялык доордо жогоруда аты айтылган акындардан башка дагы бир далай акындар чыккан. Бул акындардын жүздөрүн аныктоо үчүн булардын адабияттан алган ордун, алардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн белгилеш керек.

Акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө карай төрткө бөлүүгө болот: 1) **Нускоочу акындар**. Булардын чыгармаларынын идеялык салмагы оор, мааниси терең, элге санат, нуска ырлар айткан, өз доорунун өзгөчөлүктөрүн чыгармасында көрсөтө алган акындар. Булар—Калыгул, Арстанбек, Солтобай, Кылыч, Токтогул, Тоголок-Молдо, 2) **Жамакчы акындар**. Булар да көркөм сөз үлгүсүн калтырган ак таңдай акындар. Бирок булардын ырлары социалдык мааниси жагынан нускоочу акындарга караганда тайкы. Булар жамак сөздү үйрүп калчаган чебер акындар. Булар көбүнчө ашта-тойдо ырдаган ырчылар болуп эсептелет. Бул жамакчы ырчылардын алдыңкылары—Найманбай, Калмырза, Эшма[illegible] Бекназарлар. 3) **Жомокчулар**. Булар Келдибек, Тыныбек, Балык, Чоюке, Сагымбай, Саякбай ж. б. Булар да негизинен жа[illegible]к сөздүн устат чеберлерине жатат. Жомокчулардын акындыгы нускоочу, жамакчы акындардан кем түшпөйт. Бирок булар „Манас“, „Семетей“ өңдүү баатырдык чоң жомокторду айтууну кесип к[illegible]ылып, бул жомоктордон четке чыгышпайт. Бул жомоктордун чоңдугу, анын көркөмдүүлүгү, анын ичиндеги акылнасаат сөздөрдүн с[illegible]айлыгы аларды четке чыгууга да чамасын келтирбейт. Бардык [illegible]күчтөрүн ошол жомоктордун көркөмдүүлүгүн арттырууга жумш[illegible]айт. 4) **Куудул сөз устаттары**. Булар чукугандай сөз тапка[illegible] чечендер. Куудул сөз психологиялык жагынан өтө мүнөздүү [illegible]айтылат. Колониялык доордо чыккан мындай куудулдар Көкөтө[illegible] менен Куйручук. Куудул сөз жана че-

чендик эрмек катарында гана айтылбастан, анын мазмуну өтө маанилүү жана өтө терең элдик мүнөздө болот.

Куудул сөз менен чечендик айкын окуяны жана кишини алып сүйлөйт. Ал кээде окуялуу жана сюжеттүү келет. Бирок куудул сөздүн окуясы жөө жомоктукундай чубалжып келбестен, ылакап сөздөрдөй келте айтылат. Куудул сөз сүйлөгөн героюнун сырткы кебете-кешпирин, анын ички сырын мүнөздөп айтат. Окуянын болгон шарты да кээде сүрөттөлөт. Анын окуясы, геройлору жомоктогудай фантастикалуу болбостон, чыныгы, айкын болот. Куудул сөздүн өзгөчөлүктөрү ушул.

Акындар чыгармасынын бул төрт түрүн бири-биринен анча айра жиктөөгө болбойт. Жомокчулар негизинен ыр жамактаган акын болушкандай, нускоочу, жамакчы акындар да жомокчу болушат. Бул акындар „Манас", „Семетейди" айтпаганы менен, андан кичине трагедиялык, лирикалык поэма жомокторду айтышат. „Курманбек", „Кожожаш мерген", „Жаныш-Байыш", „Сарынжи-Бөкөй", „Шырдакбек". „Кедейкан" сыяктуу жомоктордун көбүн ошол жамакчы, санатчы акындар айтышкан. Ар бир белгилүү акын өзү чыгарган ырларын ырдоо менен бирге, алар репертуарларын чоң поэмалар менен толуктап, бирден, экиден айта жүргөн жомоктук поэмалары болгон. Ошондуктан акындардын чыгармачылык күчү элдик адабияттын негизинде арбып, төлгөп күчөгөн. Бирок акындар элдик адабият нускаларын айтуу менен гана бүтпөстөн, өздөрү ошол элдик адабияттын окуяларын курчутуп, элестерин күчөтүп, анын көркөмдүгүн арбыткан. Кээде эл оозунда болгон кичинекей адабияттык аңгеме же ылакап материалдарды акындар чоң поэма кылып чыгарышкан. Ошентип, биринчиден, эл адабиятынын негизинде акындардын өздөрүнүн акындыгы арбып чыкса, экинчиден алар—эл адабиятын өстүргөн. Ушул кездеги айтылып жүргөн элдик поэмалар аты унутулган нечен акындардын чыгармалык кол кабышы аркасында азыркы коолдук асылга жеткен.

Акын аталып кыргыз ооз адабиятынан орун алуу үчүн ал акын өз жамак чыгармаларынан башка да, бир нече чоң поэмаларды жана көп сандаган ырларды жатка айтышы керек болучу. Ансыз ал акын аталып, элдин ооз адабиятынан орун алалган эмес.

Кыргыз поэзиясы ар дайым музыка менен куюлушуп танаптаща келген. Бардык элдик поэзиялардын жана акындардын чыгармаларынын мазмунуна жараша музыкасы болгон. Урп-адаттык ырлардын ар кайсысынын өзүнчө музыкасы бар. Буга мисал катарында, бекбекей, кошок, шырылдаң сыяктуу ырларды айтсак да болот. Кыргыздын чоң акындары ошону менен бирге чоң комузчу жана үнүн кошуп ырдаган овончу да болушкан. Арстанбек, Токтогулдардын комузчулугу атайы комузчулардан ашып түшпөсө, кем болгон эмес. Овон, күү, комуз колунан келбеген акындын эң болбогондо өзүнө таандык овону болгон. Элдик поэмалардын өзүнүн музыкасы болот. „Манас", „Семетейден" тартып, „Курманбек", „Кожожаш", „Кедейканга" чейин ар бир поэманын өзүнө таандык музыкасы бар. Ошентип кыргыз

элинин поэзиясы эч качан музыкадан ажыраган эмес. Поэзия менен музыканын минтип сайкеш келишинин натийжасында акындардын чыгармасынын көркөмдүк күчү өтө чоң болуп, угуучуларга катуу таасир кылган. Акындардын көбү куудулданып ойногон артист да болушкан. Ошентип акындар жалаң адабиятты гана эмес, кыргыздын бардык элдик искусствосун да кошо өстүрө келген. Адабияттан элдик искусство эч ажырабай, ар дайым танапташа, тутумдаша өсүп келген.

Акындык чыгармалардын бул айтылгандардан башка дагы бир чоң өзгөчөлүгү—анын элдик мүнөздө болушу. Анткени акындар эл кубанса кошо кубанып, эл менен кошо кейип, элдин түйшүгүн туура көрсөтө алган. Акындар ырларын көбүнчө угуучу эл алдында ырдап чыгарышкан. Ошондуктан акындын ыры анын оозунан чыгаары менен эле угуучулардын алдына салынган. Акындардын чыгармаларын сынаган чоң сынчы—ошол угуучу элдин өзү болгон. Ыр элге жакса, эл аны ошол замат жат алып, аны оздон оозго өткөрүп, өз мүлкү кылып алышкан. Эгер элге жакпаса, аны эч ким эскербей, акындын өзү да экинчи оозуна албай, айтылган жеринде кала берген.

XX кылымдын башынан тартып, кыргыздын ооз адабиятынан жазма адабият бутактанып өсүп чыга баштайт. Жазма адабият дегендерибиз азыркыдай газета, журналдардын бетине басылып, же болбосо өзүнчө китеп болуп чыккан адабият эмес. Бул доордо акындардын арасынан бир катар сабаттуулары болот. Булар кадимки акындарча комузун күүгө келтирип, ага үнүн кошуп ырын чыгарбастан, ырларын кагаз бетине жаза баштайт.

XX кылымдын башында кыргыздын бай-манаптарынын балдары Казан, Уфа сыяктуу борборлорго окууга жиберилет. Кыргыздардын бай-манаптары татар, өзбек интеллигенттеринен чакыртып, мектеп ачып, балдарын окутушат. Булардын аркасында кыргыз арасына татар, чагатай жазма адабияты тарайт. Мына ушунун таасири менен кыргызда жазма адабият пайда болот.

Бул жазма адабият өз алдынча дагы эки багытта болот. Биринчиси—ошол кездеги буржуазиялык кыймылдын адабияты болуп, бай-манаптардын идеолгиясын жүргүзгөн. Бул адабият элге такыр жат болгон, ошондуктан ал эл ичине кең тарай алганы жок. Жазма адабияттын ушул багытынын өкүлү Осмонаалы молдо болуп эсептелет. Ал „Газали Шабдания" аттуу поэма жазган.

Жазма адабияттын экинчи багыты—реалисттик адабият. Бул багыт ошол кездеги замандын авалын туура баяндап, элдин эзилгенин чын сүйлөп, өз доорун туура көрсөтө алган чынчыл адабият. Бул адабият элге жат болгон эмес, кайта идея жагынан толук элдик мүнөздө болуп, эл арасында кең таралган. Жазма адабияттын бул экинчи багытындагы акындар ~~Кылыч~~, Тоголок-Молдо, Ысак Шайбеков, ~~Алдаш молдо~~ ж. б. Бул акындардын чыгармалары кыргыз адабиятынын тарыхынан тиешелүү орун алат.

Акындык чыгармалар тил жагынан элдик адабияттан эч ажыраган эмес. Акындардын чыгармалары кай-кай жагынан болбосун толук элдик мүнөздө болгон. Акындардын чыгармасынын эң со-

нун өзгөчөлүгү ушул. Ал кезде кыргыздын өз тилине ылайыкталып түзүлгөн жазуусу болгон эмес, ошондуктан кыргыздын ал увактагы жазма адабияты татар же өзбек тилинин негизинде жазылган.

Ошентип жазма адабияттын тили ооз адабиятынын тилинен алда канча ажырай баштайт.

## КАЛЫГУЛ

Калыгул кыргыз элин Россия падышалыгы колония кылып каратып алууга чейин жашаган акын. Кыргыз эли колонияга айланардын алдында башынан капсалаңы катуу бир нече доор өткөрөт. Калыгулдун бизге жеткен адабият мурастары көбүнчө ушул капсалаңдуу доорго таандык болуп, анан келечекти—орус падышалыгы бийлеген заманды мүнөздөп, ошол кездеги элдин авалын жоруй сүйлөйт. Калыгулдун адабият мурастары колониялык доордун алгачкы учуруна таандык болгондуктан, ал колониялык доорундагы кыргыз адабиятынан орун алган акындардын катарына кирип, бул акындардын аксакалы болуп саналат.

Калыгул бул доордо жашаган акындардын баарынан мурун жашагандыгы менен гана алардын аксакалы болбостон, ал адабияттык тематикасы жагынан да аксакал болуп саналат. Калыгул айткандарын жонунан „Акыр заман“ сөздөрү деп атаган. Калыгулдан кийинки 50—60 жылдар ичиндеги чыккан акындар да, өз учуруна карай, ушул Калыгул баштаган тематиканы кеңитип, тереңдетип гана отурушту. Калыгул баштаган бул тема кыргыз ооз адабиятында мурун болгон эмес, болсо да башка адабияттык формада айтылган.

Калыгулдун айткандары деп, ушул увакка чейин эл оозунда айтылып жүргөн макал формасындагы сөздөр анча көп эмес. Анткени—эл оозундагы толуп жаткан ылакап, макалдардын канчасы жана кайсылары Калыгулга таандык экендиги азырынча толук текшериле элек.

Калыгул „Акыр заман“ деген ырында өз тушундагы замандын авалын, замандын келечек түрүн, келечектеги элдин авалын жоруй сүйлөйт.

Кыргыз жерин туш-туштан курчаган душмандын кысымы күчөгөн заманда, бардык маселени найзанын учу, айбалтанын мизи чечип турган заманда, Калыгул эл арасында чындыкты, адилеттикти жүргүзүүгө аракет кылат.

Калыгул Ормондон мурун төрөлүп, Ормон хан болгонго чейинки доорду көрөт. Андан кийин Ормон хан хандык кылган доорду башынан өткөрүп, Ормон хандан бир нече жыл кийин дүйнөдөн кайтып, кыргыз элин орус падышалыгы каратып алар учурдун чеке белин көрө кеткен. Мына ошондуктан ал ошол өзү көргөн доорлордун бардык өзгөчөлүктөрүн мүнөздөп айта алган.

Калыгул айтылуу акын-ырчылардай эл кыдырып, эл алдында комузун күүлөп, үн кошуп ырдап берген эмес. Ал эл арасында кадыры чоң акылман киши болгондуктан, алдына кел-

ген элге, топ-жыйындарда өз чыгармаларын меселдетип гана сүйлөп берген.

Калыгулдун ырлары ошол замандагы үстөмдүк кылган салт-санааны ачык түшүндүрөт. Ал үстөмдүк кылган салт-санаа феодалдык бийлик жүргүзгөн хан—„баатырлардын" салт-санаасы болучу.

Калыгул феодалдык курулуштун идеологу катарында болгон киши. Калыгул феодалдык сословиелик артыкчылыктын бузулушун каалаган эмес. Эгер коом курулушу, элдин коомдук мамилеси мындан башкача болуп өзгөрүлө баштаса, анда замана Калыгул үчүн тап-такыр бузулмак эле. Падыша өкмөтү кыргыздарды каратып алгандан кийин, Калыгулга замана астын-үстүн болуп өзгөрүлүп кетчүдөй көрүнөт. Ал:

Тоо токол болоор,<br>
Талаа токой болоор.<br>
Токол байбиче болоор<br>
Уй бул болоор,<br>
Кул бий болоор,<br>
Тегиз жерге тегирмен жүрөр,<br>
Тексиз жерден бий чыгар, дейт.

Калыгул бул месел сөзүндө ошо кездеги феодалдык коом—курулушунун бузулаарын айткан. Чындыгында да элди бийлөө падыша өкмөтүнүн колуна өткөндөн кийин, хан, „баатырдын" колунан бийлик жарым-жартылай кетип, алардын сословие жолу анчалык жолдонбой калды. Падыша өкмөтү кээ бир хан, „баатырлардын" тукумдарын бийликтен четтетти.

Бул гана эмес, Россия капитализминин таасири менен, кыргыз арасында соода-сатык көбөйүп, феодалдык чарба бузуларын, ошого жараша коом турмушу да өзгөрөрүн Калыгул акылмандыгы менен байкап, жоруй айткан.

Падыша өкмөтүнүн бийлиги жүрүп турган кезде, жалаң эле бийлик жолу өзгөртүлбөй, эл арасына жаңы жорук-жосун жолдору кире турганын да Калыгул айта кеткен. „Тоо токол болоор, талаа токой болоор" деп, көчмөндүү кыргыз жерине шаар түшөөрүн айткан. „Тегиз жерден тегирмен жүрөөр" деп эл арасына өнөр таркарын сүйлөгөн. Бирок Калыгул буларды жакшылыктын белгиси катарында куттуктаган эмес. Муну жамандыктын белгиси катарында эсептеп, „элим, мындан сак болгун" деп, элдин эсине салып эскерткен.

Калыгул өзгөртүлгөн заманда жалаң эл бийлөө жолу жана элдин эмгек тиричилик мамилелери гана өзгөрүлбөстөн, элдин салт-санаасы да кошо өзгөрүлүп, элге жаңы нарк, жаңы нуска кире турганын айткан.

Маселен:

Кызыл, кызыл кыялар,<br>
Кыргый талга уялар.<br>
Такыясын колго алып,<br>
Кыз жигитти кубалар.

Мында мурункудай жигиттер гана кызды тандап албастан, кыздар да жигитти тандап тиерин айтат.

Калыгул акыр заманды келтирүүчү күч—кыргыз жерин басып алганы келе жаткан падыша өкмөтү деп айткан. Ошондуктан Калыгулдун меселдери падыша өкмөтүнө кыргыз элинин наразылыгын күчөтүп, ага каршы тургузган. Бирок өз ара урууруу болуп чабышып жаткан хандар, „баатырлар" баштаган эл баш кошуп, тыштан келе жаткан бул жоого каршы тура алганы жок.

Бул келе жаткан күчтүү жоонун бийлигинен кыргыз эли кутула албай турганына Калыгулдун көзү жетип, өз жериңерди таштап башка жакка качып бозбогула, биздин жер ырыскынын кени, жериңерди бек кармагыла, деп элине акыркы акыл-насаатын меселдетип:

Жай болуп, катыра ысыгы жок,<br>Кыш болуп, кашкая суугу жок<br>Ат жеткен жерден мындан артык кызыгы жок,<br>Мактанып жер жетеби,—<br>Адам мындан кетеби?<br>Ысык Көлдөн чыкпагыла, балдар!

деп, жердин асылдыгын айтып, өлсөңөр сөөгүңөр өз жериңерде калсын деп, Калыгул карыя дүйнөдөн кайткан.

Калыгулдун айткандары урукчулдук, феодалдык көз караштын негизинде айтылганы менен, ал ошо кезде өз ичинен ала болуп, өз ара чабышып жаткан уруулардын башын кошуп, жалпы кыргыз элинин сырттан келе жаткан чоң жоосуна жапа тырмак каршы турууга үндөгөн— [illegible] прогресстүү мүнөзү ушунда.

## АРЫСТАНБЕК

Колониялык доордогу акындардын тобунан Арстанбектин караны алда кайдан бөлүнүп көрүнөт. Ага мынчалык караан берген нерсе—анын бул күнгө чейин унутулбай эл оозунда айтылып жүргөн, курч ырлары. Ыр чыгаруу чебердиги жагынан Арстанбек өзүнө доордош акындардын үлгүсү деп айтууга болот. Өз заманын, ошол учурда болгон бардык окуяларды Арстанбекче таамай айтып, даана көрсөткөн чанда гана акындар болгон. Кыргыз поэзиясында болгон көп касиеттерди Арстанбектин ырларынан учуратууга болот. Арстанбектин ырлары Калыгулдун меселиндей маанилүү, Көкөтөй менен Куйручуктун сөздөрүндөй таамай жана курч, Токтогулдун ырларындай лирикалуу жана шайыр болгон.

Мына ошондуктан, эл Арстанбекти „булбулум" деп атаган. Арстанбекти көрүп, анын ырдаганын бир нече жолу уккан Талип молдо анын акындыгын мындайча мүнөздөп сүйлөйт: „Мен келсем, эл үйдүн ичи-тышын бербей, толуп чыгып кеткен экен. Отургандар Арстанбекти „мырзам, тамашаңызды сала отуруңуз" деп, жаалап калды. Арстанбек „Тар заман" деген ырынан баштады. Кары, жаш дебей отургандардын баарын ыйлатты. Анан ыйлаган элди сооротуп, кайта каткыртып күлдүрдү. Бир кезде

кара **нөшөр** жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей тышта отургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, күн күркүрөгөндөй удургутуп, бирде чайыттай ачык асмандан тийген күндүн илебиндей ырдап, элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм киргизди. Жыйылган эл Арстанбектин ырын угуп отура берип, өрүштөгү малы эстеринен чыгып кетсе керек. Арстанбек ырын токтотуп,—„кеч кирди, эми малыңарды тейлеп алгыла" деген кезде гана, эл кыңырылып зорго тароого бет алды. Мен далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок", дейт.

Чындыгында да Арстанбек колониялык доордогу кыргыз адабиятынын таңга маалкы бийик көтөрүлүп чыккан чолпон жылдызы, болуучу.

Арстанбек өтө көп ырдаган акын. Анын ырдаган ырлары негизинен өзү чыгарган төл ырлар болгон. Арстанбек тематика, жана түр жагынан чектелбестен, арышын кең таштаган. Лирикалык-сүйүү, арман ыр, кошоктордон тартып, социалдык мааниси терең болгон чоң поэмалар да чыгарган. Арстанбектин негизки поэмасы болгон „Тар заманына" окшогон анын дагы бир нече реалисттик терме поэмалары болуу керек. Бирок Арстанбектин бир да чыгармасы бизге толук жеткени жок. Анын ар кайсы поэма ырларынын үзүндүлөрү гана жетти. Ошондой болсо да, бул кичинекей үзүндүлөр Арстанбектин акындыгын мүнөздөөгө бизге толук мүмкүнчүлүк бере алат.

Арстанбек өз чыгармалары менен гана чектелбестен, бир катар сюжеттүү элдик поэмаларды да айткан. Арстанбекти көрүп калган карыялар „Кожожаш", „Бердибек", „Беш казак", „Чоро" деген жомок поэмаларды Арстанбек айтуучу эле дешет.

Булардын ичинен кайсы бирөөлөрүнө Арстанбек өзү сюжет берип, анын элестерин күчөтүп, поэмага айландырган болуу керек.

Арстанбектин ырлары кээде кишини кайратка келтирип, күчкубат берген эпикалык мүнөздө болсо, кээде жүрөктү элжиреткен лирикалык мүнөздө болгон. Кээде кишинин каңырыгын түтөткөн романтика болсо, кээде шат, күлкүлүү юмор болгон.

Арстанбек акын гана болбостон, чоң комузчу да болгон. Арстанбектин комузчулугу, анын жамакчылыгы менен кошо чыгып, бирге өсүп жетилген. Арстанбек беш жүзгө жакын күү черт-чү экен. Мунун ичинен бир далайы өзүнүн төл күүлөрү болгон. Ал кичинекей лирикалык овон күүлөрдөн тартып, чоң күүлөргө чейин черткен. Кийинки увакка чейин Арстанбектин күүсү деп бир топ күүлөрдү комузчулар чертип жүрдү, мисалы: „Арстанбектин толгоосу", „Мендирманы", „Камбарканы", „Айганы" (Чыңгызканы), „Какмасы", „Кер өзөнү", „Кой бөлөөрү", сыяктуулар.

Эл оозундагы айтылып жүргөн ылакаптарга караганда, музыкалык жанры жагынан Арстанбек виртуоз (чебер) комузчуга жакын болгон. Айткени: „ал комузчулар менен чертише келгенде, буту менен да чертип жиберип, комузчуларды жеңип алуучу" экен дешет. Кандай гана болбосун, Арстанбек кыргыз элинин музы-

калык кенчине, далай музыкалык мурас калтырган комузчу болгон.

Арстанбек, акындык менен комузчулукту кадимкидей кесип кылган акын болгон. Ушул өнөрү менен ал бала-чакасын оокат кылдырып, турмуш курган. Ал ар дайым той-тамашанын үстүндө болгон. Арстанбек эл кыдырып, кыдырганда да айлап, жайлап, кыштап ырдап жүрүп келген. Кыргыздын оң, солун түрө кыдырып, казак менен кыргызды аралай кезип ырдап, комузун черткен. Ал өзүнүн өнөрү менен элди ыйлатып да, күлдүрүп да ыраазы кылган.

Эл Арстанбекти кадимкидей ырчы деп түшүнгөн эмес. Анын ырчылыгын кереметтүү, касиеттүү ырчылык деп түшүнүшкөн. Ошентип, аны оорулардын үстүндө ырдаткан учурлары да болгон.

Арстанбек, Арстанбек болгуча акындыктын бардык татаал кыя жолун басып өткөн. Ал ырчылар менен ырдашып, комузчулар менен күү чертишкен. Тойдо, ашта, кыз оюнда ырдап, өлгөн жердин келин-кызына кошок да үйрөткөн. Күлүк атты мактап ырдаган, атты баккан ээсин да мактаган. Айтор, жамак сөздөн ар-намыс кылган киши эмес.

Арстанбек акындык жанры жагынан, өзүнүн кенже замандашы, бизге көбүрөөк тааныш болгон, Токтогулга жакын акын.

Ал өз заманын таамай мүнөздөп, элдин муңун, ой-тилегин таап айта алган. Мына ошондуктан кыргыз элине атактуу болуп, эл аны „Булбулум" деп атаган.

Арстанбек көлдүн сыртын жердеген Тынымсейт уругунан чыккан Буйлаш дегендин уулу. Буйлаш дөөлөттүү жана бий болуп жүргөн киши. Буйлаш Акшыйрактан бери тарта, Тескейдин сыртын жердеп келген. Арстанбек ушул Тескей сыртында туулган.

Буйлаш бийдин эки катыны болуп, байбичесинен беш, токолунан эки бала болот. Буйлаштын Төрөкан аттуу токол зайыбынан 1824-жылы Арстанбек төрөлөт.

Кийинчерээк Буйлаш токолу Төрөканды бала чакасы менен салбар кылып таштайт.

Арстанбек салбар уул болуп, улуу катындын балдарына тең ата боло албай чоңоё баштайт. Салбар катын Төрөкан эл көчсө, көчкө илээшпей, жыртык кара үйү, жаш балдары менен жатакта калып, же отордо мал четинде көчүп жүрөт.

Буйлаш салбар токолуна жарытылуу саан да бербейт, жана ун-талканын да камдап бербейт.

Тоё тамак ичпей, үстүнө курмушудан башка кийим кийбей, жаш Арстанбек эптеп жерден боорун көтөрүп, тестиер болуп жетилет. Салбар баласы Арстанбек оокат кылууга жарап калганда Буйлаш аны козу, анан кой артынан салат.

Арстанбек бир нече жылы койчу болот.

Арстанбек да кыргыздын бардык атактуу ырчы, комузчу жана жомокчуларындай, өзүнүн акын жана комузчулугун кайып, кызыр колдоду деп түшүндүргөн.

Арстанбек жаш кезинде ырчы, комузчулар көп келген чоң аш, тойлорго эркинче барып, эркинче катышып жүрө алган эмес.

Барса да айылына жакын жерде болгон анча-мынча аш, тойлорго барып жүргөн.

Ал уккан ыр, күүлөрүн көңүлүнө түйүп алып, ошол олжосуна гана ыраазы болгон. Бул кезде Арстанбек жаш болсо да, анча-мынча ырчы, комузчулар менен ырдашып калган. Бирок анын салбарлык турмушу кендирин кесип, арманын арылтпаган. Атасы эл арасында канчалык алымдуу киши болсо да, жалындап чыгып келе жаткан жаш баласынын кадырына жете албаган.

Буйлашты жана Тынымсейит урусунан дагы беш-алты манапты Алымбек датка саркер аскерлерин жиберип Анжиянга чакыртат.

Арстанбек атасынын Анжиянга бара жатканын угат да, „Мен да силер менен кошо барайын“ деп, атасынан суранат. „Сени ээрчиткидей биз тойго бара жатканыбыз жок“! деп, атасы Арстанбекти кагат да, жөнөп кетет. Алыска жол тартып, бир эл аралап көрсөм экен деп, көптөн бери самап жүргөн Арстанбек делөөрүп санаасы тынбайт. Атасынын айдалып баратканы менен анын иши жок. Аны атасынын артынан жөнөсөм экен деген ой чырмап, бардык аракетин кылат. Чоң үйдөгү күнү катындын балдарынын бир кунанын уурдап минип алып, комузун койнуна катып, атасынын артынан жөнөп кетет.

Буйлашты баш кылып, Тынымсейиттин „мыктыларын“ Алымбек датка ак үйлүү набакка салып, сурак кылат. Бул учурда Арстанбек да Анжиянга жете барат. Бирок атасын издебестен, шаар аралап, шаардын чет жакасындагы кыргыз айылын кыдырып, комузун чертип ырдап жүрө берет. Арстанбектин черткен комузу жана ыры бул өрөөндөгү кыргыздардын арасына бир далай даңаза болот, „Аркалык бир комузчу бала келип, эл кыдырып комуз чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуштуу чертет экен, ырдаса булбулдай сайрайт экен“ деген кабар Алымбек даткага жетет. Алымбек саркерлерин чаптырып, „аркалык комузчу баланы“ таптырып алат.

Ырчы, комузчуларды жыйнап алып чарбактын ичинде жолдош-жоролору менен тамаша кылып отурган Алымбек, а дегенде эле бул аркалык комузчу баланы өзүнүн комузчулары менен беттештирет. Арстанбек Алымбек датканын комузчуларынын тапшырган күүлөрүнүн баарын чертип кетет. Анан датканын уруксаты менен өзү күү чертип, датканын комузчуларына тапшырат. Алар Арстанбектин тапшырган күүлөрүнүн бирин да аткара алышпайт. Ошентип, Арстанбек бала болсо да, өнөрү менен даткалардын алдында бир далай сыйга жетишет. Бир топ күнү Арстанбек бар өнөрүн чыгарып, даткаларга эрмек болуп, аларды мактап, ырдап жүрөт. Ошондо даткаларды мындайча мактап ырдаган:

Баракелде, эр кыпчак!
Саадактарың бир кучак,
Саңдыргалуу хан кыпчак.
Жорголору жолдо өлгөн,

Саркерлери жоодо өлгөн.
Тобурчак жемге какаптыр,
Он алтыда Арстанбек,
Эр кыпчакты мактаптыр.

Арстанбектин ырлары даткаларга жагат. Алар Арстанбекти ырчы кылып алууга ниеттенишет.

Арстанбек ыры жана комузу менен даткалардын кадырына жеткенден кийин, Тынымсейиттин „мыктыларын“ ак үйлүү набактан чыгарууга себепчи болот. Тынымсейиттин „мыктылары“ ошентип, Алымбек датканын туткунунан бошоп, Арстанбектин тапкан олжо-буйласын артынып алышып, элине кетишет. Арстанбекти Алымбек датка жанына алып калат.

Арстанбек Алымбек датканын жанында жүрүп, той-тамашалардын үстүндө болот. Анжиян тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Далай комузчу, ырчылар менен учурашат, беттешкендерин жеңе берет.

Бир жылдан кийин Арстанбек Алымбек даткадан уруксат алып, көп олжо-буйла менен элине кайтат. Арстанбек Анжиян жакта жүргөндө, кабары элине катуу угулат. Арстанбекти эли жорго менен жолдон тозуп алып, аны урматташат. Ушундан тартып, бир да каадалуу той-тамаша Арстанбексиз өтпөй калат. Анжиян эмес, аркалыктардын ырчы, комузчуларынын эч кимиси Арстанбек менен беттеше албас болот. Ал казактын акындары менен да айтышып, казак журтуна да белгилүү болот.

Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөн бир нече оор окуяларды көрөт. Кокон хандыгынын кыргыз элине кылган бийлигин көрөт. Бугу менен сарыбагыштардын бир нече жыл созулган кандуу чабыштарынын ичинде болот. Кенeнсарынын кыргыздарга кылган чабуулу да Арстанбектин тушунда болот. Падышалык Россия кыргыздардын жерин алып, кыргыз элине бийлигин жүргүзгөн замандын да чет-жакасын көрүп, 1878-жылы, 54 жашында дүнүйөдөн кайтат.

Арстанбек замандын түрүн көрүп туруп, „Тар заман“ деген поэмасын ырдаган. Бул поэмасында Арстанбек замандын сырын өтө чебердик менен мүнөздөйт. Колониячылар келгенде элдин малы-башы, жер-суусунан айрыларын айтат. Элден мурунку нарк нускалары кетип, кийинчерээк башка эл болоорун сүйлөйт.

1850-жылдардан баштап, Арстанбек социалдык мааниси өтө терең болгон ыр, поэмалар ырдап, нускоочу акын болот. Арстанбектин „Тар заманы“ эл арасына желдей таркап жайылат. Ошондо белгилүү „мыктылардын“ бири: „Арстанбектин тилин кесип, көлгө салуу керек“, деп элге жарыялайт. Анткени—„келер жамандык бир ырчынын, бир сынчынын оозунда болот, эгер Арстанбек өлсө, анын айткан жаман заманы келбей калат“ имиш. Бирок эл андай бузукунун тилине кирип, акынына кол көтөргөн эмес, кайта аны „булбулум“ дешип барыктап, атагын асман-айга көтөрүштү.

Арстанбектин „Тар заман“ деген поэмасы менен Калыгулдун „Акыр заманы“ мүнөз жагынан өтө окшош.

Бул эки поэманын бирине-бири окшош чыгышы, Калыгул менен Арстанбек экөө тең бир доорду ырдашкан. Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, анын айткан сөздөрүн мурунтан эле баштан аяк угуп жүргөн. Калыгул „Акыр заман" меселдери менен Арстанбекке бир далай таасир кылып, нуска берген. Ошондуктан Калыгулдун „Акыр заман" сөздөрү менен Арстанбектин „Тар заман" ыры окшош чыккан.

Падышалык Россия кыргыз жерине келип, бийлигин тургузаарын Арстанбек мурунтан эле эл арасында ырдап жүргөн:

Кара жол кылаар көлүңдү,
Коруп алар жериңди.
Кайсаңдаар сенде чара жок
Капкандай чабар белиңди.

Бул ырын Арстанбек кыргыздардын урууларыы ынтымакка келип, күчтөрүн бирге жыйнап, бул күчтүү жоого каршы турса экен деген тилек менен айткан.

Бирок бай-манаптар падыша өкмөтүнүн зордугуна каршы туруунун ордуна, кайта Арстанбектин тилин кесип, көлгө салып жоготуу аракетинде болушкан.

Падыша өкмөтүнүн кыргыз элин чапканы келе жаткан аскерлеринин кабарын угуп, мындайча айткан:

„Алда кандай капырай,
Алматыдан аттанып,
Аскер келе жатыр ай!
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр ай!
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келе жатыр ай!—"

Арстанбектин бул айтканынан падыша өкмөтүнүн кабарын угуп, Балбай сыяктуу баатырлар баштаган бир топ кыргыз уруулары падыша өкмөтүнө баш ийбөөгө аракет кылат. Бирок бул аракеттер чачыранды болуп, ар кайсы жерден чыгып, туташ күчкө ээ боло албайт.

Арстанбек жалаң эле кыргыз урууларын эмес, кыргыздарга окшоп, падыша өкмөтүнөн чабылган бардык жармач элдерди ынтымакка чакырып, падыша өкмөтүнө каршы чыгууга үндөгөн.

**Мисалы:**

Казак, Кыргыз биригип
Бата кылып алсак бейм.
Кашкардагы Бакдөөлөт.
Ата кылып алсак бейм.

Падыша өкмөтүнүн кыргызга кылган жабырчылыгын Арстанбек чебердик менен көрсөтөт. Ал:

„Бээден тууган керди алды.
Ченчи келип жерди алды"

деп, элдин жер суусунан айрылып, малы таланганын айтат. „Баатырсынган эрлериң Сибирь жол көздөп кайрылды“ деп, падыша өкмөтүнө каяша кылгандар алыска айдалганын айткан. Кыргыз эмес, Оро-Төбө, Ташкенди кошо чаап, аны ордосу менен жай кылганын айтып, падыша өкмөтүнөн кыргыз эли кутулушу эң кыйын экенине көзү жетип:

„Жайлоо тургай, төр кайда,
Ачып кирер көр кайда“

деп, каңырыгы түтөйт.

1868-жылдары падыша өкмөтү кыргыздарга жаңы башкаруу бийлигин киргизет. Бул бийликтин негизинде, кыргыздын эмгекчилери кыргыздардын өзүнөн чыккан болуш, старшина, жасоолдордон катуу кордук көрүп, дагы чексиз таланат. Администрациялык—башкаруу бийлиги жолго коюлуп, ал өз ишин тактаган сайын, алардын элге кылган зулумдугу ого бетер ашына барат. Мына ушул авалдардын баары Арстанбектин „Тар заманынан“ ачык көрүнөт:

Суу-сууга салды бекетти,
Болуштарды карасаң
Катыныңдай кекетти.
Майырды* көрсөң байыңдай,
Набактыны карачы,
Атаңдын салган жайындай.
Солдаттарды карачы,
Жасаган сенин пириңдей,

Падыша өкмөтүнүн тушунда кыргыз элинин эзилгендигин Арстанбек мындай деп ырдап көрсөткөн:

„Ушу заман тар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага тар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап“

Падыша өкмөтү кыргыз элин биротоло каратып алып, кыргыз арасына зан-законун таратып, элди малдай айдаганын Арстанбек мындай, деп ырдаган:

„Карагайдын таңында
Элик болду элибиз.
Каптаган тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болду элибиз“

Арстанбектин ырлары эч качан элдик ооз адабияттан ажыраган эмес. Ошондуктан анын чыгармалары бүт дээрлик элдин мүл-

---

* Майыр—маёр

кү болуп, элдин фольклордук казанасына түшкөн. Бирок бул анын эл оозундагы ырлардын үлгүлөрүн гана туурап, ошону кураштырып, ошонун негизинде өз ырларын чыгарды деген сөз эмес. Анын чыгармаларында акындын өзүнө таандык болгон көп өзгөчөлүктөрү бар.

Арстанбектин ырларынан ошол кездеги ооз адабиятта учурабаган толуп жаткан жаңы элестерди учуратабыз.

Маселен:

„Маң-маң-маң баскан,
Чуудалары чаң баскан,
Төрт аягын тең баскан.
Айры өркөчүн ком баскан,
Тизелерин чор баскан,
„Чөк“ дегенде „бүк“ деген,
Тизесин жерге бүктөгөн,
Кош аркан салып жүктөгөн.
Калы килем жаптырган,
Ак тикен көрсө аймаган.
Тилин тикен сайбаган,
Ойсул ата малым бар“.

Бул кыргыз элинин төрт түлүк малдын ичинен төөнү өзгөчө барыктагандыгын билгизет. Бул сыяктуу ыр ошол Арстанбектин учурунда ооз адабиятка киргизилген жаңылык катарында болгон. Анткени ойсул атаны мынчалык таамай мүнөздөп ырдаган ыр ал учурда кыргыз ооз адабиятында болгон эмес. „Тар заманынан“ тартып, Арстанбектин бардык чыгармалары ошол кездеги кыргыз ооз адабиятына ушул сыяктуу толуп жаткан жаңылыктарды киргизди.

Арстанбектин негизги жанры эпос жанры. Анын ырларынын элестери, салыштырууларынын баары эпостук түрдө келет.

Маселен:

„Жолборстой жону тартылган,
Жонунан чачы артылган,
Карындашым жанымда“.

Арстанбек бул ырын катуу ооруп төшөктө жатканында ырдаган.

Арстанбектин ырынан лирика да чыга келет:

„Болбой жатып эл көчтү,
Мен чоң кызылды мингемин,
Көркөм болгон, бул башым
Көч астынан жүргөмүн.
Боз бейитти көргөмүн.
Бейитти көрүп бекиндим,
Мен да ошондой болом деп,
Өз жанымдан шекшиндим“.

Бирок бул таза лирика эмес, романтика менен аралашып келген.

Арстанбектин „Тар заманынын“ жана башка ырларынын идеалык багыты—элдин улут эркиндик талабына негизделген; ошол кезде туш-тушунан түрлүү жоолорго чабылып, таланып жаткан эл зордуктан кутулуп, өз алдынча күн көрүүнү талап кылган. Элдин ушул саясы талабы Арстанбектин ырларына идеялык негиз болуп, анын бардык ырларынан орун алган. Ошондуктан бийлиги катуу падыша өкмөтүнүн кыргыз элине кылган мээримсиз өкүмү Арстанбектин чыгармаларынан кең орун алып, андан ачык көрүнөт.

Арстанбек улам тарып бара жаткан өз учурунун түрүн байкап, „азуулуга бар заман, кедейлерге тар заман“ деп, ал заманда элге жакшылык келбесине көзү жетет. Бирок түбү элге бир жакшылык болоор деп, келечектен үмүт кылат, бирок ал жакшылык кантип, кандайча келээрине акындын көзү жетпейт.

## V КЫЛЫЧ

Бүткүл Россия боюнча черносотендик кара реакция башталып, падыша желдеттеринин кылычтары курчуган увакыт эле.

Столыпиндик реформанын негизинде алсыз дыйкандар алакандай жеринен айрылат. Бүткүл өлкөнү катын-баланын, абышка-кемпирлердин ыйы, эр азаматтын үшкүрүгү басат.

Бул учурда кыргыз эмгекчилери да чексиз жабыркайт. Бир жагынан падыша колониячылдарынын алым-салык кысмагы күчөйт, экинчи жагынан элди бийлеген болуш-старчын, бай-манаптар элди аёосуз ичип-жеп, тонойт. Өлбөс оокатын өткөргөн эл колундагы акыркы каражатын каракатып, жакырчылыктын эң акыркы чегине чейин келет. Черносотендик бийлик элди тырс эткизбей бекем кармап, кыргыз элинин мыкты уулдарын асып, айдап жоготот. Чыр-чатак, барымта, доо көбөйөт. Ууру каракчы ашынат. Эл муң-кайгынын ичинде калат. Мына так ушул увакта Кылыч чыгат.

Кылыч XX к. башындагы акыны.

Кылыч акындыгы толуп, элине таанылып, булбулдай сайрап келе жатканында, кырктан ашар-ашпас жашында тили басылат. Ошондой болсо да, Кылыч бир далай адабият мурасын калтырды. Кылыч ошол кезде кыргыз элинин сүйүктүү акыны болгон. Анткени—Кылыч кыргыз элинин эки буту бир кончуна кийилип, куурулган замандын авалын ырдап берген. Ал заманды Кылыч мындайча мүнөздөйт:

„Болжол кылып абайла,
Бул замана такылды,
Өзүң жеке билбейсиң,
Тапкан каражатыңды.
Ар бир сонун ыр чыгат,
Бул замандын калкынан.
Бей-бечара зарланды
Залымдардын зарпынан“

Кылыч зарлап ырдаган замана—кыргыз эли чексиз жабыркатан увакыт. Кыргыз эмгекчилеринин эзилиши кыйырына жетет. Жогоруда биз айткандай, бул учурда кыргыз эмгекчилеринин башына эки токмок—жергиликтүү бай-манаптардын токмогу жана падыша өкмөтүнүн токмогу—удаалаш согулган.

Бул учурда кыргыз эли коомчулук мамиле жагынан башынан чоң социалдык жылыштарды өткөрө баштайт.

Кылычтын акындыгы бул жаңы саясы курулушка карай туулат. Анын чыгармасынын көпчүлүгү саясы ыр. Кыргызды падышалык Россия колония кылып алган учурдагы курулушту ал өзүнүн ыры менен сынга алат. Эл жакырланып, элдин турмушунун начарлашын колониячылар киргизген жаңы коомдук курулуштан көрөт. Кылыч эски феодалдык мамилени самаган. Ошол увакта эл ага ырыстуу турмушта жашагандай болуп көрүнөт. Так ошол саясы көз карашынын негизинде Кылыч колониячылар жүргүзгөн жаңы курулушту жектеп сынга алган.

Анын чыгарган ырлары. „Зар Заманынан" баштап, саясы ыр. Анын „Будайыктын тою" да саясы тамсил.

Кылыч устат акын болгондуктан, бул учурдагы коомдук курулуштагы социалдык карама каршылыктарды туура көрүп, анын терең ички сырын ачып көрсөтөт.

Элдин коомдук мамилелеринин өзгөрүлө баштаганын Кылыч мындайча ырдайт:

„Эмдигинин заманын
Эстеп баарын карагын.
Алдап сырын сурагын
Үч-төрт жашар баланын;
Ууру кылса, чыгарбайт
Атасынын арамын.
Замананын шумдугу,
Сөздүн кетти чындыгы
Ага, ини жашырды,
Бир-биринен сырыны.
Мал азайып, көбөйдү
Соодагердин тыйыны,
Жайы-кышы тарылды,
Былтыркыдан быйылы.
Эл жегени күчөдү,
Жакшылардын кыйыны"

Урук-тууганды мамиленин бузула баштаганын, байлыктын, дөөлөттүн күчү ашынып, кишинин өс-дартынын баары акча, байлык болуп жатканын Кылыч мындайча ырдаган:

„Замананын шумдугу,
Байлар кылды ууруну.
Байкап туруп сөз айткан,
Жаш баланын куулугу.
Ынтымагы келишпей,
Бир атанын уругу.
Бу заманды жолдогон,
Кетти сөздүн туругу"

Кылыч төмөнкү төрт жол ыр менен капитализмдин белгисин дагы өтө чебердик менен мүнөздөйт:

„Сүткө берген соодагер,
Артык алар пайдакер.
Урундуруп мал тапкан,
Бул заманда тапан эр".

Заманы куурулуп, элдин чексиз жабыркаганын Кылыч эң эле усталык менен дагы мындай көрсөтөт:

„Бей-бечара көп берет
Бий-болушка салымын.
Жетпейди деп карабайт,
Жетим, жесир, карыбын.
Үй башына бир алат,
Оокатынын жарымын.

Антың менен иши жок,
Эмдигинин капыры*,
Малай алса, бүт бербейт,
Болгонунда акыны.
Каргап жүрөт какшанып
Жетим, жесир, бакыры".

Кылыч замандын мындай кысылып, элдин чексиз жабыркашынын себебин, биринчиден элди башкарган бай-манап, молдолордон көрөт.

Эл баштаган „мыктыларды" Кылыч тилин тартпай сөгөт.

Булар элди келген колониячылардан беш бетер жабыркатты дейт:

„Кыргыздан көрдүк залимди,
Аманат багып курудуң
Адал жыйган малыңды.
Колунан келген адамдар,
Кылганы кана сабырды?

Салып барат калкына,
Ого бетер жабырды.
Аябады, жеп койду,
Колунда жок жардыңды,
Эң залимдик мына бу
Билбеди го жардыны",

Ал заманда адилдиктин такыр жоктугун, эл бийлеген „мыктылардын" сатылгычтыгын Кылыч мындайча ырдайт:

„Жан күйөргө карабай,
„Жакшың" жеди бараны.

Жалган айтып кууланып,
Анык кылды караны".

Кылыч молдолорду өзгөчө сөгөт. Молдо баштан-аяк жегич болуп, алардын кураны, дуба-батасы пайда чыккан жерге гана айтылып калганын көрсөтөт:

„Молдолор курсун акыры,
Баарынын бузук мүнөзү.

Алкымы жаман баарынын
Агарган менен төбөсү".

Байлар барган сайын дүнүйөгө көзү тойбой, кулкулдап, ого бетер залимдиги артып бара жатканын Кылыч мындай ырдайт

„Арам дөөлөт байларың,
Малга көзү тойбоду.

Өлгөнүнүн этин жеп,
Колу менен сойбоду".

Замандын тарылып, элдин жабыркашынын экинчи себебин Кылыч падыша өкмөтүнөн көрөт.

Колонизатор-дворяндар, помещиктер кыргыз эли үчүн түрмө, замбирек, жакырчылык, запкы ала келген. Падыша желдеттери кыргыздын жер-суусун тартып алып, өзүн тоо-ташка, каяша кылганын Сибирьге айдаган. Булар менен бирге жаңы колонияны башкарып, „ээн баш" элди тескөө үчүн колониялоо аппараттарында кызмат кылуучу чиновниктер, полицейскилер,

---

* Мында эл бийлеген жегич, паракор бий-болуштарды айткан.

куралдуу казак орустар, үй-бүлөөсү менен көчө келген соодагерлер, миссионерлер болгон.

Падыша колониячылары тоо-токойду коруп, жер-сууну тарытып, алым-салык менен элди жабыркатканын Кылыч „Зар заманында“ мындайча ырдайт:

„Элибиз чыкса жайлоого,
Бир конуштан көчбөдү.
Көчкөн менен жер корук,
Жер чегинен өтпөдү.
Жайы-кышы тынчытпай,
Жан сактоосун тескеди.
Алым—салык көбөйүп,
Ар балакет күчөдү“.

Кылыч орустун маданиятын көрүп, ичи күйүп, ага суктанат. Кыргыздын артта калгандыгына катуу кейийт.

„Жатып өзүм кайгырам,
Замананын артына.
Артта калган караңгы
Кыргыз, казак калкыма,
Жапан өскөн салтына“.

Кыргыздын турмушун орустун турмушуна салыштырып, кыргыздын турмушунун эң эле карапайым экендигине арман кылып, кыргыздын тиричилигин кекээрдеп, күлүп ырдайт:

„Кыргыз, казак эчактан
Эли-журту көчмөндүү,
Үйү ормон жыгачтан,
Көрсөң, көнөк, сабалар—
Идиштери чаначтан,
Аскан казан, тулгасы,
Ичип алат кылганын—
Арпа талкан жармасы“

Кылыч элдин караңгы турмушуна кейип ырдап гана тим болбостон, эл маданияттуу жарык турмушка жетээр бекен деп, көксөп да ырдаган.

Колонизация кезинде кыргыз арасында дыйканчылык өсүп эл чала-чарпыт отурукташа баштайт. Дыйкандар көп түрлүү жаңы эгиндерди айдоого киришет.

Кылыч отурукташкан дыйканчылык турмуштун артыкчылыгын көрөт; бирок кыргызга түп атасынан бери өнөкөт болгон анын көчмөн турмушун кыялбай жаңы кейип, акырында „Мейли!“ деп көзүн жумуп, отуруктуу турмушка элди өзү үгүттөйт:

„Колдон келсе имарат,
Коргон салгын бир жерге!“

Дыйканчылыктын бир кыйла көрүнүктүү орун алгандыгы Кылычтын ырынан ачык көрүнөт:

„Илгеркидей экпеди,
Эмдигилер эгинди.

колдонду деп айтууга болбойт. Бул форма Кылычтан илгери да болгон, бул кыргыз адабиятында эски форманын бири. Бирок Кылычтан башка ошол замандагы акындардын эч бири тамсил формасын кең түрдө колдонгону учурабады.

Кылыч бул форма аркылуу, ошол замандын эл баштаган „жакшыларынын“ чирик кылыктарын көрсөткөн. Бул формада Кылычтын „Буудайыктын тою“ жазылган. Бирок ошондой болсо да, Кылыч форма жагынан негизинен терме ырчы болуп кала берген. Терме ыр кыргыздын ошо кездеги адабий чыгармачылыгынын негизки формасы болгон. Окуялуу—сюжеттүү поэма формасына өтө алган эмес.

Кылыч адабий форма жагынан кыргыз адабиятына жаңылык киргизген новатор болбосо да өзүнүн „Буудайыктык тою“, „Канаттуулар“ деген поэмалары менен ошо кездеги кыргыздын адабий формасын илгери жылдырган.

Кылычтын чыгармаларын жанр түрү жагынан негизинен экиге бөлсөк болот: санат ыр жана поэмалар. Бирок Кылычтын санат ырынын планы кадимки түшүнүктөн кең. Анын санаты, насаат-нуска сөз болуп кана келбестен, көбүнчө абалды, жайды баяндап, аны сынап, анан ушулардын негизине санат ыры курулат. Маселен, „Зар заманында“ замандын абалын, ушул айтылгандай баштан аяк терип айтып, айткандарынын ар-бирине сын берип, анан ушулардын негизинде санат ырын түзөт.

Кылыч темага өтө бай акын болгон. Ошо кезде көкүрөккө так болгон көрүнүктүү окуялардан анын каламы чийбеген эч деме калбады дээрлик. „Зар заманда“ замандын алын баяндап, куураткандарды, куурагандарды жазды. Замандын адамы—карыны, жашты, аял, эркекти сынады. Зыпылдап учкан кушту, тоодогу кайыпты, курт-кумурскадай жармачты, мөмөлүү даракты, бүрү жашыл, гүлү кызыл чөптөрдү ж. б. ырдаган.

Кылычтын адабий мурастарынан азырынча толук жыйналгандары төмөндөгүлөр: „Зар заман“, „Чүй бою“, „Канаттуулар“, „Буудайыктын тою“, „Зилзала“ жана өзү тууралу, төрт түлүк мал тууралу ырдагандарынын үзүндүлөрү бар. Кылычтын биздин колубуздагы бул ырлары анын чыгармаларынын эң ирилеринен болуу керек. Анткени—бул ырлар ошол увакта эл арасына кең таралып, ушул увакка чейин унутулбай келе жатат. Кылычтын замандаштарынын айтууна караганда, мындан башка да ырлары болуу керек. Маселен, „Кыйма чыкканда“ деген ырын абдан күчтүү жазылган ыр деп эсептешет.

„Зар заман“ көлөм жагынан болсун, кооздук жана маани жагынан болсун, абдан салмактуу поэма.

Кишичиликти кемиткен жаман мүнөз, начар сапаттарды Кылыч мында чукугандай сөз таап, жүрөккө тийгизе айтат:

„Ала көөдөн адамдар,
Куру дүрмөт мылтыктай.
Айыкпаган кулгуна,
Жамалбаган жыртыктай,
Сөзү суук адамдар,

Шамал кирген жыртыктай.
Байкабаган жамандар,
Баш билбеген торпоктой.
Эчтекени билбеген,
Иш кыла элек тумсактай.
Сүйлөгөнү дебесе,
Сүрөтү бар куурчактай"

Элди бузуп-жарып жүргөн аягы суюк, пайдасыз жигитти, сөз бербеген кургак чеченди мындайча жазат:

„Айыл бузар азамат,
Үй качырган сайгактай.
Токтоосу жок адамдар,
Оюн салган тайлактай.
Сөз бербеген жөө чечен,
Учуп жүргөн камгактай.
Пайдасы жок сөзүңүз,
Чөп чыкпаган кургактай.
Өзү жеке сөз сүйлөйт,
Ала жачкы жайдактай"

Колунан жакшылыктуу иш келбеген, куру кайрат, жел өпкө жигиттерди өтө устаттык менен сынайт:

„Боз баланын жаманы,
Чата болот кыялы.
Айткан сөзү адамга,
Урушкандай сыягы.
Куру кайрат жел өпкө,
Болбос ишти үйрөнөр,
Мен кыйынмын демекке
Эси жетпес алардын
Кургак сөздөн бөлөккө.
Минген атым күлүк деп,
Бек теминип мактанар.
Адамда жок эрсинип,
Куру бекер таптанар"

Ач көздүктү, сарандыкты Кылыч жек көрөт:

„Куну кеткен байларың
Үшүк алган арчадай.
Азаматтын ач көзү,
Журтка түшкөн каргадай"

Кишиге өнөкөт болгон жаман адат, жаман мүнөз адамдын асыл сапатын бузган көк даттай, ошондуктан жаман мүнөздөрдү баштатан өнөкөттөндүрбөө керек, дейт:

„Бир үйрөнгөн адатың
Сеңгер баскан көк даттай.

Жууган менен агарбас,
Боёп койгон жаргактай.
Жаман адат курусун,
Жүнгө кирген уйгактай"

Эр-азаматтын мыкты кылык, жакшы мүнөздөрүн элдин пайдасы үчүн ылгап, өгөөдөй курч, оор мүнөздү, кара кылды как жарган адилеттикти мактап, булар жөнүндө өчпөстөй сын элесин берет:

„Кайраты бар азамат,
Кара болот өгөөдөй.
Өнөрү бар боз бала,
Жакшы кайрак бүлөөдөй.

Увадалуу азамат,
Орус мылтык кундактай.
Эл-журтуна пайдалуу,
Жакшы бүлөө кайрактай.

Азаматтын жакшысы,
Жүк көтөргөн атандай.
Жүзү жарык эр болсо,
Кайнап турган казандай"

Акылы тунук, жөн билгич эр азаматтарды мындайча сындайт:

„Акылы бар азамат,
Зымга тарткан күмүштөй.
Айткан сөзү ширелүү
Демдеп койгон күрүчтөй.
Консоң сага жай болот,
Кол алышкан билиштей.
Көрсөң көзгө толумдуу,
Көрөңгөлүү идиштей.
Тил билгилүү азамат,
Дили жумшак жакшыдай.
Ар поруму түз болсо,
Алтын күрсү тактадай.
Ичиндеги сырыңды,
Акыл менен тапкыдай"

Ошонтип, Кылыч адамдын адамкерчиликтүү мыкты, асыл сапатын эрдик кылыкты, акылдуулукту, адилеттикти бийик чыгарып ырдаган акын.

Кылыч ырында „байлык мурат эмес, кедейлик уят эмес" деген идеяны жүргүзөт. Азаматта акыл болсо жана азаматтык сапат толук болсо, анын өзү чоң дөөлөт, дейт. Мындай колунда жок азаматты Кылыч эң элестүү түрдө сыпаттайт:

„Колунда жок эр жигит,
Жетишпеген кыскадай.
Акылы бар, малы жок,
Аспабы бар устадай".

Адам самаганына жетет, адамдын колунан келбей турган иш болбойт. Бирок ага жетишүү үчүн тилекке кошумча аракет болуу керек деп, Кылыч адамдын мүмкүнчүлүгүн жогору коёт.

„Адам ашпай коёбу,
Айры белес сеңирди“

Кылычтын поэзиясында аял маселеси да бир талай орун алган. Аял маселесинде Кылыч, ошо кездеги үстөмдүк кылган феодалдык көз караштан чыга алган эмес. Ошондой болсо да, Кылыч жакшы жана жаман аялды, кызды, жогоруда жакшы азамат менен жаман азаматты сынап айткандай, эң устаттык менен сыпаттайт:

„Жаман болсо кыз бала,
Жазгы конгон коноктой.
Үй бүлөсүн жүдөтөр,
Мизи мокок ороктой“

Жакшы кыздын сыпаты:

„Кыз баланын жакшысы,
Күзгүсү бар айнектей.
Жакшы кийим жарашар,
Жашыл моюн өрдөктөй.
Карап турсаң чырайы,
Таза жууган көйнөктөй.
Жетпей жүрөр далайы,
Күкүк менен Сейнектей“

Биздин көз караш боюнча, бул сыпатына, алардын коом-тиричиликте эркек менен бирдей алган ордун. эркектен кем эмес, кээде эмгекке, илим-билимге ашык түшкөн жарамдуулугун кошумчалар элек.

Кылыч тиричиликти ырдаган эмгектин акыны болгон. Жети терин төгүп, андан арзыбагандай ырыскы өндүргөн элге, эмгек тиричилик жолун н а с а а т кылат. Өз эмгегиң менен адал оокат кылып, ырыстуу турмушка жетиш дейт.

Кылыч өмүргө жалынып-жалбарып ага курулай кошомат кылып, аны куру бекер мактабайт. Ал өмүр деген сөздөн тиричилик, эмгек деген маанини түшүндүрөт. Ошондуктан тирүү кезинде „бардык өнөрүңдү чыгаргын“, „элиңе пайдаңды тийгиз“ деп, өнөрлүү, мыкты өмүрдү ырдайт. Көгөрүп чыгар өкүмү жок, кызарып күйөр жалыны жок, жаман өмүрдү жектейт.

„Чүй баяны“ Кылычтын баш чыгармаларынын бири. Бул ыры XIX кылымдын аяккы жылдарында жазылган болуу керек. „Чүй баяны“ Кылычтын чүйгө биринчи жолу келип анын жеринен, шаарынан, элинен биринчи алган таасири болуу керек.

„Чүй баянында“ Кылыч Чүй жеринин асылдыгын баяндап сүйлөйт. Чүй элинин кылган тиричилигинен тартып, анын өсүмдүк, илбесин, курт-кумурскасына чейин ырдап, Чүй жери жөнүндө толук түшүнүк берет.

„Ак куурайы билектей.
Кендирлерин карасаң,
Келептеген жибектей.
Калемпири, мурчу бар,
Ачуу болор түгөнгүр,
Ашка салса курчу бар.
Кең Чүй Ата өзөнү,
Кенен болот турбайбы;
Калкы журтун карасаң
Калың айдайт экен го
Кара таруу, буудайды.
Буурчак менен жүгөрү,
Бул кылууга баарысы
Жарды дебей, бай дебей,
Көп айдаптыр бедени“

„Чүй баяны“ коздук жагынан да, тарихий жагынан да кыргыздын эски адабият мурастарынын мыктыларынын катарында туруучу терме поэма.

Кылычтын „Канаттуулары“ менен „Буудайыктын тоюу“ тамсыл түрүндө жазылган. Ошол замандагы элдин коомчулук турмушун, куштун турмушуна көчүрүп, элестүү көрсөтөт. Кылычтын канаттууларга берген сынынан адамдын элеси күзгүдөй көрүнүп турат.

„Канаттууларда“ баатырлыкты, шердикти, чебердикти мактап, арам тамак, коркоктукту, жамандыкты шылдыңдап күлөт:

„Ала болот сагызган,
Жоор жылкы көрүнсө,
Канын чокуп агызган.
Асмандатып туйлатып,
Аркасына жабышкан.
Карчыганы көргөндө,
Кайраты жок кем урган,
Кара жерге жабышкан.
Айланып кет бачагар,
Чакылдаган дабыштан.
Жандан ашкан сугалак,
Кырчаңгыны кубалап,
Ону-беши жабылса,
Жаман кылат барылап“

Жору менен таскаранын чоңдугун көрсөң, кийик кармап жегидей, чындыгында, алардын колунан чычкан да келбейт, бирок тарпты көрүп калышса, өздөрү алгансып көрүнөт. Бүркүт баатыр той бермекчи болгон ою жөнүндө өзүнөн кийинки мыкты куштарга кеңеш салып, бардык куштан ынтымак сурайт, эт тартылып, балбан күрөшүп, ат чабылат. Бул тойдон калың букара куштар чабылып, бүлүккө түшөт. Баатырдын кубанычтуу тоюнан калың элдин кайсы бири башынан айрылып, кайсы бири байгеге сайылып, тонолуп, кайта кайгыргандыгы байкалат.

Тойдун мынчалык шаан-шөкөттүү боло туруп, анын эл үчүн эч кандай кубанычы болбогондугун айтып, „мыкты атанып“ той башкарган шылуундардын мында да кулкулдашып, пайда издешкенин айтат. Куштарды мүнүшкөргө сынап, укмуштуу устаттык менен көрсөтөт:

„Суранчы жолдон тозуптур,
Кайра тарткан жеринде,
Карчыга маңги озуптур.
Зуулдатты канатын,
Бирден кийин ылаачын.
Жеген жеми күч болуп,
Чүйлү келди үч болуп.
Күйүп-жанып өрт болуп,
Шамдагай болуп баарынан,
Кыргый келет артынан.
Ооп кетип этинен,
Турумтай келет жетиден.
Табы келбей семизден,
Жагалмай келет сегизден.
Жеген жеми коңуздан,
Кулаалы келет тогуздан„

Кылыч „Буудайыктын тоюнда“ да эрдикти, жоомарттыкты, адилдикти мактап ырдап, колунан иш келбестерди—жамандыкты, ач көз-сугалактыкты шылдыңдайт. Кээ бир чоркок айбандарга тойдо мындайча орун берет:

„Аюуга кемерге каз деди,
Маймылга казан ас деди.
Илек-илек жокгжокко,
Ичеги-карын жуу деди.
Жондон учкан жоруну,
Эт жедирбей куу деди.
Жумуш жөнүн билбеген,
Таскаранын башына,
Жаба сорпо куй деди“

Бул кооздугу жагынан өлбөс адабият нускасынын бири.

„Зилзала“ Кылычтын кийинки чыгармаларынан. Бул увакта Кылыч акын элге кең таанылып, акындык жагынан болсун, идея жагынан болсун, бир калыпка түшкөн. Эл Кылычты ырчы деп эсептебестен, аны акылман акын катарында эсептеп, ага чоң сый менен мамиле кылышкан.

„Зилзалада“ 1910-жылда Кыргызстанда болгон чоң жер титирөөнү ырдап жазган. Бул басмага басылган Кылычтын биринчи чыгармасы болучу. Мында тоону ой кылып, ойду тоо кылып, сууну тескери агызып, жердин титиреп бузулганын, жер титирөөнүн физикалык закону менен тааныш болбогон караңгы элдин коркуп, муну акыр заман деп бүлүк түшкөнүн жазат. Ал жер

титирөө Кылычтын өзүнө да көп элдин бириндей керемет болуу өзүнүн да шашып калгандыгы „Зилзаласынан“ байкалат.

Караңгы кыргыз эли үчүн бул укмуштуу керемет болгон. Нечен айылдар малы-башы менен тоонун алдына калышкан.

Кылыч чебер акын болгондуктан, элге бүлүк келтирген бул окуяны, ансыз эле шордогон элдин башына түшкөн дагы бир шор катарында ырдайт:

„Тоо бузулуп, таш урап,
Ит бүткөндүн баарысы,
Улуп-уңшуп чуркурап.
Жан алуучу келгендей,
Чочуп турду чыркырап.
Асман, жерлер бузулуп,
Кетеби деп быркырап.
Матоодо төө бышкырып,
Ат кишенеп, кошкуруп,
Таш короолор калдырап,
Эчки, койдун баарысы,
Үркүп чыкты чүчкүрүп.
Желеде уйлар өкүрүп,
Байлаган жиби үзүлүп.

Кылыч жер титирөөнүн себебин эл башкаруучулардын пейлинин бузулушунан, эл арасында куулук-шумдуктун көбөйүшүнөн издейт.

Адамзаттын шумунан,
Анты шерти, убада,
Баары кетти жалтайлап.
Эл кыдырып кожолор,
Амал кылбай молдолор,
Адам акын көп жеди,
Түрлүү-түрлүү пенделер,

Кылычтын бул ыры—ошол кездеги элди талаган бий-болуш, молдо, байларга каршы чыгарган үнү. Албетте, бул ошо кезде эл үчүн абдан илгери тилектүү аракет болгон.

Жылдан жылга эл бүлдүргөн залимдердин залимдиги ашынып, эл ого бетер жабыркап бара жатканын көрүп, Кылыч: „эгер заман ушундай болуп жүрүп отурса, беш-алты жыл ичинде жер титирөөдөн да чоң бир алаамат башталат“ дейт.

„Зилзалада“ Кылычтын бермет сөздөрүн, дин ышы каптай баштайт. Бирок ошондой болсо да „Зилзала“ баштан аяк дин мистикасы жана пессимизм эмес. Мындан да элдин таалайлуу күнүн тилеген акындын үнү, элди төрт аяктатып мөгдүрөткөн канкорлордун чирик кылыктарын кулгунадай жарып көрсөткөн Кылычтын үнү мурункусундай эле бийик чыгат.

Кылыч акындык жөнүндө мындайча дейт:

„Жамак деген жарандар,
Тоодон үлкөн кен экен.
Сузуп алса түгөнбөс,
Дария чалкар көл экен“.

Кылычтын бул айтканы мактанычтык эмес. Анын акындык күчү ушул өзүнүн айтканындай эле болгон. Кылычтын атын уккандар бул айтылгандын төгүн эместигине ишенет.

Кылычтын ырлары эч бир күрмөлбөй, элегендей эркин келет. Сөзгө уйкаш издеп кыйналганы эч сезилбейт. Жамакталган сөздөрү эркин келтирилип, алардын мааниси айкын. Уйкалышып жамакталган ар бир сөз каккан мыктай ордунда турат.

Кылыч ырларында салыштырууну көп пайдаланат. Анын салыштыруусу—кыргыздын турмушунда учурап, кыргыздын түшүнүгүндө жакшы же жаман элеске ээ болуучу так маанилүү сөздөр,—маселен: „майы калың учадай, ийи майда матадай, ала качкы жайдактай, оюн салган тайлактай, көрөңгөлүү идиштей“ ж. б.

Кылыч кыргыз акындарынын ыр чыгаруу традициясы боюнча комузга кошуп ырдабастан, кагазга жазып чыгарган. Ал кезде кыргыз тилинин өз имласы болбогондуктан, башка тилдин жазуусун колдонгон. Экинчиден Кылычтын ырын бастыруучулар белгисиз бир тилдин жазуу жоромолуна келтирип басып чыгарган. Мына ушу эки себеп менен Кылычтын тили бурмаланган.

Кылыч, кыргыз эли эки бөрүгө (Падышалык Россия менен жергиликтүү бай-манапка) бирдей таланып, чексиз жабыркап турган убактагы элдин зарын зардаган кыргыз элинин акыны. Кылыч ошол замандын авалын баяндап, ал замандын элин, элди боздоткон бөрүлөрдү сынап ырдап, адам жөнүндө өчпөстөй сын элестерин калтырды.

Кылыч ал замандын тардыгын ырдоо менен катар, ал тарчылыктан кутулуунун жолун да көрсөтүүгө аракет кылган. Бирок, албетте, ал туура жолду таап бере албаган. Ал, өткөн заман, өткөн замандын эли, алардын жүрүш-турушу жакшы эле ошондой заманга кайтуу керек, деп эскини көксөгөн. Бул, албетте, туура эмес, бирок Кылыч анткен менен да эл үчүн жакшы турмушту курууга умтулгандыктан, анын ырларынын элчил мүнөзү жоюлбайт.

## ЗАР ЗАМАН

Элинде жок касиет,
Эмдигинин заманы.
Жалпы журттун баарынан,
Падыша алат алымын.
Бей-бечара көп берет,
Бий, болуштун салымын.
Жетпеди деп, карабайт,
Жетим-жесир, карыбын.
Үй башына бир алат,
Оокатынын жарымын.
Замананын белгиси,
Жакшы бузду калыбын.
Илгеркинин баатыры,

Нурку момун эл экен,
Нуска болду акыры.
Антың менен иши жок,
Эмдикинин капыры.
Малай салса бүт бербейт,
Болгонунда акыны.
Каргап жүрөт какшанып,
Карып-жетим-бакыры.
Эмдикинин заманын,
Эстеп баарын карагын.
Алдап сырын сураган,
Үч-төрт жашта баланын.
Ууру кылса чыгарбайт,

Атасынын арамын.
Замананын шумдугу,
Сөздүн кетти чындыгы.
Жакшы, жаман баарынан,
Жакты опсуз кылыгы.
Мал азайып, көбөйдү
Соодагердин тыйыны.
Жайы-кышы тарыды,
Былтыргыдан быйылы.
Эл жегени күчөдү,
Жакшылардын кыйыны.
Боздотту го карыпты,
Болуштардын жыйыны.
Элдин көптүр күнөсү,
Баары бузук мүнөзү.
Арамдыкка азгырып,
Шайтан болду бүлөөсү.
Жан бергени көп болду,
Салган айгак күбөсү.
Жетим-жесир какшанып,
Эч толбоду мүдөсү.
Бир далайын жардыны,
Алым кепил түгөттү.
Эмдигинин жакшысы,
Элди журтту дүрбөттү.
Замананын поруму,
Залим болду молдосу.
Пейлин бузуп калктын,
Берекесин жоготту.
Ата сөзүн балдары,
Алды артынан торгоду.
Жарды болсоң жабыркап,
Муруңкунду жок кылба.
Ууру кылсаң, байланат,
Башың чыкпас ноктого.
Эске салсаң, заманды,
Ойлосоңуз жаманды.
Ага, ини жар-жоро,
Ынтымагы таралды.
Болбой кетип баратат,
Бир бирине каралды.
Сөзүм менин зар заман,
Уят кетти барчадан.
Убалы бар, деп карабай,
Жакшы журтту чайкады.
Бей-бечара зарланып,
Күндө какшап карганды.
Залим болду адамы,
Замананын арткысы.
Болбос ишке жан берип,
Бузук болду напсиси.
Бул падыша заманы,
Ылгатпады түгөнгүр,
Агы менен караны.
Законуна тууралап,
Кылат элге жаланы.
Заң билбеген момундар,
Зарланып байкуш калады.
Миң түтүнгө баш кылып,
Бирден болуш шайлады.
Жарым падыша үйөзү,
Ийнинде бар киреси.
Беш дубандын үстүндө,
Жандыраалы кыясы.
Сот кылганда жүйөсү,
Ар порумун карасаң,
Кыйын капыр мүнөзү.
Көрүп турат бачагар,
Ушул заман акырды.
Арабасы шалдырап,
Коңгуроосу шаңкырап,
Азыр мунун арбагы,
Жердин жүзүн жапырды.
Далай элди будагы,
Багындырып сурады.
Кытай менен румга *
Моюн бербей турады.
Кандай адам туш келип,
Жер-жерине кубады.
Казак-кыргыз элинин
Жетпедиго убалы.
Самаркан менен Бухара,
Жаңы жетти сурагы.
Үргөнч, Кокон, Ташкенди,
Баарын сурап кат берди.
Акыр заман падышага
Алда талаа бак берди.
Бул заманда жакшылар,
Бир атадан тараган.
Кылып кетер жамандык,
Ыгы келсе арадан.
Пайда чыкпай баратат,
Ичтен чыккан баладан.
Журт кармаган жакшыны,
Шайтан капыр азгырды.
Акыр заман адамы,

---

* Римге.

Тыйылбады напсиси.
Сүйлөгөнүм зар заман,
Сөзүм журтка тараган.
Кара кочкор орунум
Жерим жатык аркадан.
Байкасаңыз маанисин,
Баян кылам мен таман.
Алтын, күмүш иштеген,
Уста таптык балкадан.
Сүткө берген соодагер,
Артык алгыч пайдакер.
Урундуруп мал тапкан
Бул заманды тапкан эр.
Береке кетти замандан,
Нуска жорук жоголду,
Жакшы менен жамандан.
Замананын шумдугу,
Байлар кылды ууруну.
Байкап туруп сөз айткан,
Жаш балдардын куулугу.
Ынтымакка келишпей,
Бир атанын уругу.
Бул заманда кездешкен,
Сөздүн кетти туругу.
Куулангандан башканы,
Келтирбеди санаага.
Жүк артылат дечү эле,
Торпок менен танага.
Арстанбектин айтканы,
Билсең ушул замана.
Айтканымдай зар заман,
Акылдуулар байкаган.
Көчкөнүндө унаага,
Эли тегиз батпаган.
Жакшыларды карасаң,
Бир конушун сактаган.
Кыргыз, казак ал чакта,
Өзүн-өзү билгени.
Эми падша каратып,
Күнө кылсаң тергеди.
Мурт үстүнө болушу,
Казынадан жем жеди.
Өз пайдасын карады.
Ыстарчы менен бийлери.
Элүү башы, он башы,
Бир темгекке киргени.
Бул замана тар болду.
Душман эли бир конду.
Өкүмүнөн падшанын
Казак, кыргыз кор болду.
Молдонун түрүн карасаң,
Напсисин бузуп кууланды.
Эби келсе калкыңыз,
Карабайт го убалды.
Зар заманым сайрады,
Өнүп чыгып артынан,
Кумурскадай жайнады.
Жаман айткан суук сөз,
Сөөкө баскан тамгадай.
Ырыскысы узаса,
Бышып турган алмадай.
Эси кеткен капалуу,
Нез ооруган талмадай.
Пейлинди кең салбасаң,
Өз пайдаңа келгенде,
Убадаңа турбасаң.
Антты-шертти ойлобой,
Ата-энени булгасаң.
Зар заманым уккандай,
Сайрап берем алдыңа,
Кулагыңа жуккандай.
Байкап турсаң түрүнө,
Машинадан чыккандай.
Кызыл тилим сайрады,
Кыргый сабап учкандай.
Сыйлашпаган тууганын,
Сыр айтпаган душмандай.
Кызыганда жакшы сөз,
Кызыл алтын шыгалдай.
Кыз, келиндин жаманы,
Үй бүлдүргөн чычкандай.
Жакшы катын белгиси,
Кылган ишин кызганбай.
Сыр билгизбей бек турат,
Күнөзүнөн козголбой.
Акылы даана билимдүү
Ак кагазга жазгандай.
Жамак сөздөр куюлат
Агып жаткан дайрадай.
Илгеркинин калыбы,
Деги жакшы нарыгы.
Атасындай урматтап,
Ак сакалдуу карыны,
Эмдигинин баарысы,
Атасына бой бербейт,
Уяты жок талымы.
Пейли кетти бузулуп,
Ушул заман тарыды.

Бий болуштар бийледи
Жарды менен кедейди.
Акча төгү эсте жок
Алым-салык береди.
Өз буйругу өзүндө,
Орус жүзүн көрбөдү.
Төрөгелди, Ормондун,
Жаман эле жүргөнү,
Жакшы болду кечикпей,
Бачымырак өлгөнү.
Илгеркидей көп жакшы
Падышага көнбөдү.
Көпкө качып көрүнбөй,
Элдин жүзүн көрбөдү.
Кармап алып Маймылды,
Даргага асып жай кылды.
Кокондуктун кандары
Тактысынан айрылды.
Үмөталы баатырың
Качып барып Кашкарга,
Нечен жылда кайрылды.
Кайдан билди падыша,
Казак, кыргыз дайныңды,
Каттап алды баарысын,
Катын бала зайбыңды".

## ТОКТОГУЛ

Токтогул колониялык доордогу элдин башына түшкөн түйшүгүн кошуп ырдап, сайрап чыккан ак тандай акындарыбыздын бири. Калыгул, Арстанбек, Кылыч, Токтогулдар ошол доордогу кыргыз адабиятынын жеткен мунар учу катарындагы акындар.

Токтогул бул айтылган үч акындын катарына киргени менен ал акындардан бир топ өзгөчөлүгү бар. Токтогул биринчиден бул акындардын эң кенжеси катарында болуп, өз учурундагы падыша өкмөтүнүн ашынып турган колониялык саясатынын запкысын тарткан. Ал ошол башына түшкөн запкыны эл түйшүгү катарында өзүнүн адабияттык мурастарында калтырып кете алды. Эгер Кылыч чыгармаларында ички карама каршылыктары көп акын болсо, Токтогулдун чыгармаларынан андай идеялык карама-каршылыктарды учурата албайбыз. Токтогулдун ырлары бир беткей, түз багыттуу, пикирлери ачык, айкын. Токтогулдун өмүрү колониялык доордун эң кийинки учуруна туура келет.

Кыргыз элин, өзүнүн бай-манаптары сатканды гы аркасында падышалык самодержавие каратып алган жылдарда Токтогул туулган.

Токтогулдун бала чагы жана жигит кези колониячылыктын күчөгөн мезгилине туш келди. „Падышалык Россия элдердин түрмөсү болгон. Падышалык Россиянын көп сандуу орус эмес элдери такыр эле укуксуз болушкан, алар ар дайым эле ар түрдүү кемсинтүүлөргө жана кордоолдорго учурап келишкен. Падыша өкмөтү улут областарынын жергиликтүү элдерине төмөнкү раса катарында караган. Аларды атайы „жат уруулар“ деп атаган, аларды жек көрүүнү жана алардан жийиркенүүнү тарбиялаган. Падыша өкмөтү атайлап, улуттардын арасында бири-бири менен касташуунун отун тутандырган, бир элди экинчи элге өчөгүштүргөн... Падыша өкмөтү улут маданиятынын бардык көрүнүшүн муунтуп жок кылууга умтулган, орус эмес улуттарды зордоп „орусташтыруу“ саясатын жүргүзгөн. Пады-

шачылык орус эмес элдердин палачы (желдети) жана аларды кыйноочу катарында чыгып турган".

(„ВКП (б) Тарихинин Кыскача курсу" 1938-ж. басылган, I-глава, 6-бет).

Колониялаштыруу күчөгөн жылдарда бай-манаптар колониячыларга дыйкандардын жерлерин, мал жайыттарын жана токой-сууларын жырткычтарча сатышкан. Кыргыз кедейлери жакшы жайыттарынан, мыкты айдоо жерлеринен сүрүлүп, эгин чыкпай турган такыр чап—капчыгайларга, тоо-таштарга куулган. Колониячылар жедеп жүрөгүнүн сары суусун алган кедейлер, байыр өскөн бадалды кыйып жактыңар деген шылтоо менен катуу жазага калуудан коркушуп, коломтодогу күлүн ачык төгө албай калышкан. „Падышалык Россияда турган элдер өздөрүнүн помещиктери менен капиталисттеринин жана орус помещиктери менен капиталисттеринин экилтик эзүүсүнөн онтошкон („ВКП(б)) Тарыхинин кыскача курсу" 3-глава, 58-бет).

XIX-кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин бир катар таланттуу эл акындары менен ырчылары чыкты. Ошол мезгилде кыргыз поэзиясында баатырлык эпостордун жаңы чыгармалары баштагысындай чыга алган эмес, анын ордуна акындык майда формалардын көбүнчө лирикалык (ыр) жана сатиралык (тамсил) түрлөрү өсүп чыкканын көрөбүз.

Ошол мезгилдеги чыгашалардын темаларынын көпчүлүгү негизинен элдин кайгы-муңуна арналып жана өз элине чексиз берилген ычы акындар Калыгул, Арстанбек, Кылыч жана башкалары өздөрүнүн талантынын бардык күчү менен манап-байлардын жана падыша нөкөрлөрүнүн абийирин күлдөй төгүп, кылмышын көзгө айтышкан. Алардын поэзиялары фольклордук образ—элестер менен шайкеш келип, акылмандык жагынан элдик болгон. Алардын чыгармалары сезим, мүнөз жагынан бүткүл кыргыз элине өтө жакын—өз мүлкү катарында болгон. Ошондуктан акындардын ырлары өз эзүүчүлөрүнө каршы күрөшкө даярданып жаткан элдин күчүнө айланган.

Токтогул кыргыздын элдик поэзия чыгармачылыгынын сонун традицияларынын тике мурасы болуп эсептелет. Ошону менен катар анын лирикасы кыргыз поэзиясында бөтөнчө көрүнүктүү орунду ээлейт. Токтогулдун чыгармасы өзүнө замандаш жана өзүнөн мурда өткөн акындардан ырларынын элге түшүнүктүүлүгү, коозлугу, тилинин жатыктыгы жана мазмунунун ачыктыгы менен айырмаланган. Токтогул өзүнүн чыгармасында түгөнгүс булак болгон элдик поэзиядан күч алып, өз эли жөнүндө акыйкаттуу ырлар ырдап, анын оюн ойлоп, тилегин тилеген.

Токтогулдун чыгармаларын жогорку өзгөчөлүктөр гана толук айырмалай албайт. Ал өзүнүн тайманбай түз жана эң курч айтылган ырлары менен кыргыз поэзиясына кедейдин эң сонун образ—элесин киргизди. Бул кедей, акындын бардык чыгармаларында баш орунду алды. Токтогул кылымдар бою куураган куу турмушка, самодержавиелик эзүүгө, бай-манаптардын туткунуна каршы чыккан. Кедейлердин атынан үн салып жана кедейди эзүүчүлөргө каршы коюу менен бирге анын поэзиясы па-

дышалык колонизаторлор менен жергиликтүү бай-манаптардын астында эки жактап эзилип келген калың букаранын тилегин жана нааразылыгын объективдүү түрдө көрсөткөн.

Жабыркаган, бирок күрөшкө дайыма даяр болгон кедейдин акыйкаттуу жана ынанымдуу элесин Токтогул кокусунан чыгарганы жок. Акындын чыгармасынын негизги герою менен акындын өз турмушу бип-бирдей. Кедейдин турмушу Токтогулдун өзүнүн турмушу болгон. Токтогул ырдаган эзүүчүлөргө каршы чыккан кедейдин элеси автордун келечектеги өз турмушун жана тагдырын белгиледи.

Токтогул 1864-жылда Кетмен-Төбөдө Сасык чийдеги Узун-Акмат дариясынын боюнда Сатылган деген кедей чарбанын үй бүлөсүндө туулган.

Атасы Сатылган Кетмен-Төбөдөгү белгилүү манап Дыйканбайдын эзүүсүндө эзилип келген көп кедейлердин бири болгон. Токтогул 8 жашка чыкканда, башка кедейлердин балдарындай эле, байдын коюн кайтарган. Мына ушундай авалда койчу Токтогул өзү чапкан комузун күүлөп ырдай баштайт.

Арадан көп убакыт өтпөй эле таякташ койчу жолдоштору Токтогулдун ырларын самап уга турган болушкан. Жолдошторунун мындай кызыкканы Токтогулду ого бетер демге келтирип, ал өзүнүн тең курбуларын кошуп ырдап, андан да кызык, андан да курч, терең маанилүү ырлар чыгара баштаган.

Он беш жашар Токтогул бул кезде эң укмуштуу устаттык менен комуз черте турган болуп, өз айыл-апасы сүйгөн „шайыр" „комузчу" атка конот.

Түрдүү той-тамашалар эми Токтогулсуз өтпөйт. Жаш ырчы жөнүндөгү даңк бүт Кетмен-Төбө өрөнүнө таралат.

Ар бир чоң манаптар өзүнө ырчы-комузчу күтүшкөн. Мындай ырчылар жыйында, топто өзүнүн манабын мактап ырдашкан. Кетмен-Төбөнү бийлеген белгилүү манап Ырыскулбектин уулу Дыйканбайдын да Арзымат деген жандоочу ырчысы болгон, ал жандаган манабын, анын катын-баласын аябай мактап ырдай турган.

Сатылган деген кедейдин уулу мыкты ырчы болуптур деген кабар Арзыматка угулду. Жаш ырчыга даңкын бастырып жиберүүдөн коркуп, ал Токтогулду эл алдында баш көтөртпөй басындырып, шылдың кылуу оюнда жүргөн эле. Тамаша жыйындардын биринде Арзымат Токтогулду алдырып келип, аны менен айтышып комуз чертишкен.

Арзымат а деп эле ооз ачканда өзүнүн манабын мактап, Токтогулга каарын төгүп, шылдыңдап, анын букара уругун кордоого киришкен. Өзү ырдап болгондон кийин, жеңип чыга тургандыгына ишенген кишидей, комузун Токтогулга сунат.

Ызаланып намызына келе түшкөн Токтогул Арзыматтын жалаң куу кулкунунун айы үчүн манаптарды мактап ырдаганын тартынбай айтып, сорпого семиргенин ырдайт. Доңуздай семирген соргок (Арзымат) жоргону кайдан (өзүн) кууп жетмек эле деп Токтогул ырын бүтүргөн.

Токтогулдун мындай тартынбай ырдашына эл эбегейсиз кубанат. Арзымат жеңилет. Жаш ырчынын даңкы дагы көтөрүлөт.

Манаптар Токтогулду өздөрүнүн кол ырчысы кылмакчы болушуп, көп аракет кылышат. Бирок Токтогул буга көнгөнү жок, элинин чыныгы баласы болуп кала берди. Мурункусундай эле тайманбай бетке айтып, өзүнүн эркиндикти көксөгөн ырын ырдай берди.

Манаптар баш ийип майышпаган акындын көзүн тазалап, жоготуунун амалын издей баштады.

1898-жылы падыша өкмөтүнө каршы Анжиян козголоңу чыгат. Бул көтөрүлүш кечикпей эле падыша өкмөтү тарабынан мээримсиздик чаралар менен басылды. Жазалоочу отряддар козголоңчуларды кармай баштаганда, мунун жардамы менен Ырыскулбектин балдары өздөрүнүн душмандарын тазаламакчы болушту.

Токтогулду Анжиян козголоңуна катышкан деп падыша өкмөтүнө билдирүү Рыскулбектин балдарына анчалык кыйын жумуш эмес эле. Алар Токтогулду да каматып, буту-колун кишендетип, карматып жиберишти. Токтогулга башка камалгандардын катарында даргага асылып, өлүм жазасына тартылсын деген өкүм чыгарылган. Акырында өлүм жазасы калтырылат да, жети жылдык айдоого өкүм болуп, Токтогул Сибирге айдалган.

Саясы айып менен айдалып, көп жылдары Токтогул менен айдоодо бирге болгон Болот Жыртаков мындай дейт:

„Мен Токтогулга Анжиян түрмөсүндө учураҗым. Анжиян козголоңуна катышкандыгы үчүн айыпталган бир топ кыргыздарды да түштүктөн айдап келишкен эле. Өмүр бою бай-манапка каршы күрөшкөндүгүм үчүн мен да Токтогулдай болуп түрмөгө түштүм.

Манаптардын акыны болбой койгондугум үчүн мени камады деп Токтогул түрмөдө олтурганда айтты.

Кесилгендерди Анжияндын түрмөсүнөн Өзбекстан менен Түркменстандын жерин бастырып, Красноводскийди көздөп алып жөнөдү. Андан Астрахан аркылуу Москвага алып барды. Андан Омскидин түрмөсүнө жиберди. Анжияндын түрмөсүнөн айдалып жөнөгөнгө бир жарым жыл болду дегенде кесилгендер Иркутскийге келип, андан Александр централына жиберилди.

Алексанлр централына бара жатканда жолдон Токтогул качып кетти. Бирок Токтогулду куткарганы жок, аны эки айдан кийин кайта кармап келип, качкандыгы үчүн дагы эки жыл айдоо мээнетин кошумчалап, колуна зоолу салды. Үч жылдан кийин гана Токтогулдун колунан зоолу алынып, төрт жылдан кийин бутундагы кишени чечилип, Байкал темир жол курулушуна жиберилди. Айдоодогу турмуштун азабын Токтогулдун ырынан артык эч ким келиштирип айта албагандыгы ушу күнгө чейин эсимден кетпейт.

Бир күнү айдоодо жүргөндөр акча жыйнап, Токтогулга балалайка сатып бердик. Надзиратель көрүп коюп, Токтогулүнүн кошуп ырдаган балалайкени талкалап салды.

Кийин ошол жердеги турган бир орустун жардамы менен Токтогул экинчи жолу качып жөнөдү. Токтогулдун изин жашы-

руу үчүн айдоодо жүргөндөр, Токтогул сууга түшүп кетти деп сөз таратты.

Сибирдин жана Арал деңизинин чөлүндө далай күн, далай ай тентип жүрүп, акырында Токтогул жерине келип жетти.“

Туулуп-өскөн айылына келип жеткенде, Токтогул кайгылуу кабардын үстүнөн чыкты. Анткени—аялы көп жылы күйүп бышып күтө берип, акырында Токтогулдан үмүтүн үзүп, башкага тийип кеткен эле. Жалгыз баласы Топчубай өлгөн болучу.

Токтогул айдоодон кайтып келди деген кабар бат эле Кетмен-Төбөнүн төрт бурчун түрө кыдырат. Өздөрүнүн сүйгөн акыны менен учурашуу үчүн алыс-жакын дебей Кетмен-Төбөнүн ар тарабынан эл келет. Элдин мындай урматы Токтогулга мурункуакындык кубатын кайта кайтарат.

Бул жылдардан тартып Токтогулдун өмүрүнүн жаңы учуру башталат. Эми Токтогул бай-манаптарга мурункудан да катуу каршы чыгат. Кымындай гана мүмкүнчүлүгү болсо, Токтогул ырдап чыгып, элди бай-манаптын эзүүсүнөн кутултууга үндөгөн.

Абышкалар мындай дешип эскеришет:

„Токтогул ыйлап турган кедейге учурап, андан:

— Эмнеге ыйлайсың?—деп сураган.

Анда кедей:

— Дүнүйөдө менден да шордуу киши бар болду бекен? Болгон оокатымды такыр тартып алышты, ак уруп кайыр тилеп калдым.

— Сенин шоруң эч качан арылмак эмес,—деди акын,—бай-манап жашап турганда эч качан ырыс-кешикке жете албайсың.

Токтогул ырларына жана айткан аңгемелерине айдоодо жүргөндөрдүн турмушун усталык менен киргизип, кошуп айткан. Анын ырлары жана аңгемелери бай-манаптарга, колониячыларга каршы күчтүү үгүт болгон. 1916-жылга чейин Токтогул өзүнүн туулган жеринде жашырынып жашап келген.

Рыскулбектин балдары Токтогулдун Сибирден качып келгенин билишип, аны өкмөткө билдиришет. Ошентип акын дагы тутулуп, түрмөгө камалат. Бирок акындын санаалаштары акча жыйнашып, сүйгүнчүктүү акынын кепилдикке чыгарып алышат.

Социалисттик Улуу Октябрь Революциясынан кийин Токтогул кыргыздын акын—ырчыларынын биринчиси болуп, революциянын улуу гений жолбашчысы Владимир Ильич Ленинди кошуп ырдаган. Анын Ленин жөнүндөгү ырындай ырды ушул убакка чейин кыргыздын эл ооз адабиятында эч ким ырдай алганы жок.

„Кандай эне тууду экен Лениндей уулду“? деп ырдап, Токтогул бул ырында Ленин тууралу бардык кыргыз элинин сезимин айта алган.

Жерге орноштуруу учурунда Токтогул комузун өңөрүп, эл аралап, жаңы таалайлуу турмуш жөнүндө жана адал эмгекке элди үндөгөн насаат ырларын ырдады.

Токтогул 1933-жылы өлүп, эл анын даңкын көтөрүп, чоң урмат менен көмүштү.

Токтогулдун бардык чыгармасы элди чексиз сүйүү жана эзүүчүлөрдү жек көрүү менен мүнөздөлөт. Токтогулдун ырлары өзүнөн мурунку кайсы бир акындардын ырларындай жашык болгон эмес. Анын ырлары кедейлерди кайратына келтирип, бай-манаптардын эзүүсүнө каршы күрөшкө чакырган. Эзүүчүлөрдүн, урук башкарган арам тамак „билермендердин" айбын ачып, абийирин күлдөй төккөн:

„Бай курусун битирейт,
Малайдын акын бүт бербейт.
Манап алкы бузулду,
Мал ордуна киши жейт.
Манап менен байларга
Мындан көөнүм ишенбейт.
Букарадан тың чыкса,
Буту-колун кишендейт"

Кыргыз элинин шордогон турмушу акындын дүнүйөгө көз карашын аныктады. Бай-манап жана алардын үстөмдүгү жашап турганда элдин эркиндикке жете албастыгына акындын көзү жетти. Мына ошондуктан анын ырлары курч саясы мүнөздүү болуп, жалтайлап тайманбастан кара жүрөк канкорлордун беттерин ачты.

Букаралар уюшуп, залимдерден өздөрүнүн таптык кегин аларына, көпчүлүк элдин күчүнө Токтогул чексиз ишенип, ага тоодой сыйынган:

„Толкун суудай көпчүлүк
Толкусаң тоого күчүң тең,
. . . . . . . . . .
Көп бириксе көл болот
Көл толкуса сел болот"

деп бай-манапка каршы ырдаган. Токтогулдун ырлары падыша чиновниктерине тикендей тийген. Падышанын нөкөрлөрү, чиновниктери жөнүндө, алардын бири биринен өткөн ач көз залимдиги жөнүндө акын тайманып, тартынбастан, үнүн жашырбастан ачык ырдаган: „Баш ийбеген тентек" элди теске келтирүү үчүн түптөн келген падышанын бир чиновнигине карата акын мындайча ырдаган:

„Чыгым деп алат малдарын
Айрансыз коёт балдарын,
Алсыз кедей амал жок
Көтөрөт байдын салганын.
Улук болсоң алып бер,
Кедейден байлар алганын.
Улуктун ишин билбесең
Сен да тартып ала кет,
Букаранын калганын!"

„Жанып келбес болсом да
Жаштыгымы сеземин,
Жоголсом жалган дүйнөдөн
Жоругум айтаар өз элим“

Акындын бул айтканы орду менен чыкты. Ленин-Сталин партиясынын жетекчилиги алдында коммунизмди бет алып, шанданып бара жаткан таалайлуу кыргыз эли, улуу акынын чоң сый менен кадырдап эскерип отурат. Бүгүнкү ырыскысы ташыган Кыргызстанда, Токтогулдун калтырып кеткен ырлары, күүлөрү эл менен бирге жашап, Токтогулду тирүүдөй сездиргендигин көрөбүз. Биздин доордо Токтогулдун аты советтер союзундагы бардык элдердин мыкты акындарынын тизмесине кирди.

## ТОГОЛОКМОЛДО (АБДРАХМАНОВ БАЙЫМБЕТ).

Тоголокмолдо (Байымбет Абдрахманов) 1860-жылы теке-какшык (июнь) айында Ак-Талаа районундагы азыркы „Чоң-Арык“ колхозу турган жерде туулган. Атасы Абдрахман кедей адам болгон.

Байымбет кичинесинен чоң атасы Музоокенин колунда тарбияланат.

Музооке оң менен солдун экөөн бирдей аралаган ири комузчу, сөзмөр, ырдын да жайын билген, тамсил сөз, тарихий аңгеме, лакап, макал жана жомоктордун баарына канык, элге таанымал, билерман адамдардын бири болгон.

Байымбет он эки жашка чыккан кезде, Музоокенин жашы жетимиш сегиздерге барган болуп, атка минип эл аралоодон калып, үйгө жатып калган кези болот. Иши да, эрмеги да он эки жаштагы Байымбет болот. Музооке карыя Байымбетке комузун чертип берет, өткөн, кеткендин кебин салат, жомок айтат. Чоң атасы Музоокенин айткан жомок, лакап, ырлары жаш Байымбеттин көкүрөгүнө уюй берет. Байымбетти дин мектебине берип окутат.

Эки-үч жылдын ичинде Байымбеттин кат сабаты чыгат. Ошол кезде Байымбеттин өз атасы Абдрахман дүйнөдөн кайтат. Төрт жыл өткөндөн кийин (Байымбет он сегиз жашка чыкканда) Музооке да дүйнөдөн кайтат.

Байымбетке атасы Абдрахмандын өлүмүнөн да Музоокенин өлүшү абдан катуу тиет. Каралаша турган туугандары да кедей болуп, жокчулуктун жана жетимчиликтин чыныгы каарын тартышат.

Байымбет бала кезинде эле сергек, жалтанып, жазганып койбогон, сөзгө курч болот. Ошондой болсо да жокчулук, жетимчилик жаш баланы катуу басмырлайт.

Ошол кездерде Курткага атактуу жомокчу Тыныбек келип, бир нече күн „Манас“ жомогун айтып жүрүп калат. Эл катары Байымбет да жомокту кызыгып угат. Акырында атактуу жомокчунун жомогунун күчү, ини-карындаштарын, энесин жана чарба тиричилигин да Байымбеттин эсинен чыгарып жиберет. Ал жомокчу болууну эңсейт да, жомок үйрөнүү үчүн Тыныбекти ээрчип кетет.

Байымбеттин зээндүүлүгүнө жана анын жомок үйрөнүүгө та-

лаптуулугуна ыраазы болгон улуу жомокчу Тыныбек аны өзү менен бирге ала жүрүп, жомогун үйрөтөт. Байымбет ары кат билген „молдо", анын үстүнө чарчы бойлуу тоголок жигит болгондуктан, Тыныбек аны „Тоголокмолдо" деп атап эркелетет. Мына ошондон баштап Байымбет Тоголокмолдо атыгат.

Байымбет жомок үйрөнүп үйүнө келет да, үйрөнүп келген жомогун айланасындагы элге айтып берип, бир аз убакыт айлында жүрөт. Бирок жокчулук жомокчу баланы белинен бекем басып, жогорулатпайт. Акырында үй-бүлөсүн жөө чубатып, жан багыш үчүн Чүйгө (Токмок калаасына) көчүп келет.

Байымбет бирде ишсиз сандалып, бирде байларга жалданып, тогуз жыл өмүрүн Чүйдө өткөрөт. Ал жалданып жүрсө да, ырын, жомогун айта жүрөт. Ырына да, жомогуна да бара-бара кадик болуп дасып алат, кийинчерээк бир аз чарба күтүүгө жетишет. Ошол кезде туулган жери, туушкан эли-Куртканы карай кайта көчөт. Бул кезде, Байымбеттин жашы отузга жакындап барып калган кез.

Байымбет элине, жерине келгенден кийин кагазга жазып жигиттерге ыр, кыз-келиндерге кошок үйрөтөт. Анын акындыгын көрүп, Касымбек, Касым деген манаптар өзүбүздү мактатып даңкыбызды жаялы деген максат менен Байымбетти өздөрүнө алышат.

Ошол күндөрдүн биринде Касымбек өзүнүн Бошкой деген жалдама ырчысын Байымбет менен айтышууга күүлөйт. Бошкой ырчы Касымбектин тукуругу боюнча Байымбеттин жардылыгын козгоп, төмөнкү ырды айтат:

„Касымдан айлың бөлүнбөйт,
Карарып малың көрүнбөйт,
Касымбектин казанын
Аңдыган киши семирбейт.
Жалданып оокат кылганың,
Жакшыраак көзгө көрүнбөйт.
Какшап ырдап „Манас" деп,
Манастын жери Талас деп,
Таласка бардың бай таппай,
Такыядай жай таппай,
Жабыркап молдо жүрөсүң,
Аягың минтип сай таппай..."

Бошкойдун бул ырын угушуп, Касымбек, Касым абдан маашыр болушат. Байымбетти шылдыңдап күлүшөт. Анда Байымбет Бошкойго төмөнкү жоопту кайтарат:

„Жамантайдын Бошкойсуң,
Жардылыктан козгойсуң,
Түк күткөнгө аз гана
Кутуруп калган окшойсуң.

Жамантайдын баласы,
Көпкөн окшойт чамасы,
Жарды болсо Байымбет
Бир күнү тынар санаасы.

Сен да Бошкой кайда элең?
Каратегин жайда элең,
Кече эле кара башың калкалап,
Келдибек деген байда элең.

Жарды жүргөн жабыркап
Унуттуңбу күнүңдү?
Эки жүз кой күткөнгө,
Бузба Бошкой түрүңдү!..."

Касым, Касымбектер Бошкой менен Байымбетти айтыштыра берип, акыры экөөн айыгыштырып жиберет. Акыры Бошкой менен Байымбет бир айылга сыйыша албай, экөө эки жакка көчүп кетишет.

Ошол жылдарда Тезек, Тагай деген урууларды Чойбек, Касымбек, Калпа деген манаптар чыгым менен көз ачырбайт. Эл катуу кыйналат.

Эл менен бирге Байымбет да кыйналат. Ошол элди эзген манаптардын зулумдугуна каршы ырларды ырдайт:

„Чогулуп алып жедирдиң
Чойбектей зулумга.
Жалгыздан сааган уюңду
Кармап бердиң чыгымга.
Жүктөөрүңө унаа жок.
Урунган, күткөн ырымга.
Ушунтип жүрүп бечара,
Качан жетет тынымга.

Касымбек, Калпа капшыттан
Калың элди какшыткан,
Калтырбай алмак болду бейм,
Капка салган аштыктан.

Манаптар салды текөөрүн,
Аларсың акыр кектерин,
Адыл улук бар болсо
Айдатып ийсек ал экөөн..."

Ошентип, Байымбет адилеттүү бийликти эңсейт, эгер адилеттүү бийлик болуп, манаптарды айдатып жиберсек жан тынып калар эле дейт.

Манаптардын зулумдугун айтып гана тим болбостон, бир эркин күн тууп, кек алуучу чак жетишер деп, келечектен үмүт кылып, манаптарды кекете ырдаган:

„Ой Тезегим, Тезегим,
Келер бир күн кезегиң!
Баяналуу күн тууса,
Балдарың табар эсебиң!"

1906-жылы манап Касымбектин баласы Султангазы деген Сагындык, Эрмек деген манаптар менен болуштук талашат. Аягында кара черүү, ак черүү болуп салгылашат. Султангазы тараптан Аалы деген манапка ок тийип өлөт. „Кишимдин кунун алуучумун“ деп, Султангазы манап, жасоо курап барып, Сагындык-Эрмек жактагы элдин кедейлерин кыйратып чаап алат. Чабылган элдин алды тентип кетет. Ошол авалды көрүп туруп, акыйкат-адилдикти эңсеп жүргөн акындын жаны күйүп ырдайт:

„Миң сегиз жүз алтынчы,
Тарыхтын болгон жылында.
Аалынын өлгөн жоругу,
Маалым болду кылымга.
Кадеми каткан момундар,
Качан жетет тынымга.

Касымбектин баласы
Султангазы чоң болуш,
Эсеиздерди эсирткен,
Эсеби жок ит, доңуз!
Адамдын баарын жыйнады,
„Аттангын!“ деп кыйнады,
Калбааны бек баштады,
Жазыксыз жаткан момунду.

Узун аяк мал койбой,
Үстү бүтүн там койбой,
Ичерине дан койбой,
Ыйлабаган жан койбой,
Капка салган дан койбой,
Кайгырбаган жан койбой,
Орого көмгөн дан койбой,
Ойноп, күлгөн жан койбой,
Кайран саяк чабылды,
Калпа ажыга багынды.
Сая кылар багы жок,
Кайнатып суу ичерге
Казан, аяк дагы жок,
Кайран эл тентип кеткенде
Кабыргама таш батты,
Качканынан калганын
Калпа ажы сурап какшатты“.

Байымбет манаптарга каршы ырларды көп ырдайт. Анын бул ырлары ооздон оозго көчүп, эл ичине кенен тарайт. Ошондуктан Касымбек баш болгон манаптар Байымбетти кысмакка ала баштайт, жектешет. Акырында Байымбет Тогуз-Торого көчүп кетүүгө аргасыз болот.

1915-жылы Байымбет Тогуз-Торого көчүп кетет да, ал жерди 5 жылы жердейт. Социалисттик Улуу Октябрь революция-

сы болгондугун, 1917-жылы 60 жашка жакындап калган кезинде, Тогуз-Тородо угат. Ошондо Улуу Октябрь революциясын куттуктап бир канча ырлар жазат:

„Кегимди сактап ичиме,
Айта албай ачык кишиге,
Өзүм кедей башынан
Өрттөнүп күйгөн жашынан.
Мен дагы кедей табында,
Кең заманга жете албай,
Кейигем бирге жанында“

деп эмгекчилерди эркиндикке жеткирген Октябрь революциясын куттуктайт. Өзүнүн кедейлер менен бирге экендигин, бай-манаптарга кектүү болуп, кегин ичине сактап, ачылып адамга айта албай келгендигин жана өз ичиндеги чери революция кабары менен жазылгандыгын айтат:

„Аштык айдап, мал багып
Дыйкандыкка камындым,
Бул теңдикке жеткирген,
Ленинге жалындым“

деп, Улуу Октябрь революциясын уюштуруучу улуу Ленинге ыраазы болгондугун, жана манап-байлардын кысымчылыгы аркасында оокат-тиричиликтен аша кечип жүргөн эмгекчилердин мындан ары иштеген эмгектери өздөрүнүкү болоруна көздөрү жетип, аштык айдап, мал багууга бел байлап киришкендиктерин айтат. Ошол жылдарда „Кедейлерге насият“ деген поэмасын жазат.

Байымбеттин революцияны кулачын жайып тосо чыгышын Тогуз-Тородогу манап-байлар жактырбайт. Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде басмачылар келет да, Байымбеттин бирин эки малын, мүлкүн басып алып, байлап кетет, өзү зорго качып кутулат. Дагы бир аз убакыттан кийин басмачылар Байымбеттин калган анча-мынча малдарын экинчи жолу чаап кетет. Өзүнүн гана коколой башы калат.

1923-жылы Курткадагы туугандары Байымбеттин талан-таражка учурап, оор абалда калгандыгын угушат да, Курткага көчүрүп алышат.

1924-жыл менен 1935-жылдын арасындагы 11 жыл, Байымбеттин жеке турмушу үчүн өзгөчө жылдар болот. Анткени, ошол жылдарда белден кубат, оздон тиш кетет, эл аралап мурункусундай жүрө албай, карылыкка жеңиле баштайт. Карыганда жалгыз бойчулуктун ызасын көрүп, келининин тарбиясында калат.

Байымбет „Арман жаш“ деген поэмасын мурун ырдаган болсо да, ушул жылдардын ичинде ал поэмасын кайтадан иштеп чыгат. Ал поэмасы төмөндөгүчө башталат:

„Карылык жетип асылды,
Жерге кирген жетимиш,
Алыс кылды жакынды.
Айландырып башымды,
Айнытып салды акылды,
Жетимиш жеди акымды.
Көөдөнүмдү көтөртпөй
Көрсөттү заман акырды...“

1935-жылы Кыргыз тилинин жана адабиятынын Илим Изилдөө институту Байымбетти Фрунзе шаарына чакырып алып, „Манас“ жомогун жаздырат. Ошол күндөн тартып анын эмгеги көзгө көрүнө баштайт.

1935-жыл менен 1938-жылдын ортосунда Байымбет бул институтка 190 басма табак элдик адабияттарды жазып тапшырды. 1938-жылы Кыргызстандын жазуучулар союзуна мүчө болуп өттү. 1939-жылы май айында Москвада өткөрүлгөн Кыргызстандын искусствосунун декадасына катышты. Ал кишинин элдик адабиятка сиңирген эмгектери өкмөтүбүз тарабынан бааланып, орден менен сыйланды.

Кыргыз эли Россия падышачылыгына колония боло баштаган учурда Байымбет туулуп, колониялык доорду башынан бүт өткөргөн. Ал, советтик бийликти, социалисттик курулушту жана социализмден коммунизмге бараткан доорду да көрдү. Ошентип, Байымбет көптү көргөн жана өзү катардуу адамдарга караганда көптү да билген адам.

Ордендүү карыя акын Тоголокмолдонун (Байымбет Абдурахмановдун) 1941-жылы жайында 80 жашка чыкканына арналып юбилейлик тою болду. Тоголокмолдо кыргыз элине 60 жылдан ашуун ырчылык кызматын кылган. Анын бул кызматын биздин өкмөтүбүз туура баалап, чоң сый, чоң кадыр менен анын көкүрөгүнө орден такты. Ошону менен бирге анын чыгармачылык жагынан ийгиликтүү болгон узун өмүрүнүн мүчөөл тоюн жасады. Карыя акындын бул тою биздин өкмөтүбүз менен партиябыздын камкордугу аркасында өнүп өскөн кыргыз элинин маданият, адабиятынын бир салтанаттуу майрамы катарында болду.

Тоголокмолдо кыргыз элинин өткөндөгү муңун-зарын ырдаган сонун акындарыбыздын ичинен көзү тирүү карыябыздын бири. Анын замандаштары жаагын жанып, учурундагы элинин азаптозогун муңканып ырдап жүрүшүп, жарык көрбөй өтүп кетишти. Тоголокмолдо болсо улуу Сталин заманында таалайга жетишип, ырыскыга кенелген эли менен энчилеш болуп, ырыскыга бөлөнүп, кадыр-сыйга жетишкен таалайлуу карыя. Сексендеги Байымбет сый—урматка жетишкен өзүнүн таалайлуу күнүн мындайча кошуп ырдаган:

„Улуу Сталин атанын
Урматын көрүп жатамын.
Бактылуу болуп бул күндө
Жайылды элге атагым.

Сексендеги Байымбет
Жигит болуп жашардым.
Карымын деп турбастан
Калкыма нуска чачамын"

Мурунтан эле Тоголокмолдонун ыры угулбаган кыргыз жеринин бурч-булуңу чанда гана болгон. Анын 1913-жылдагы чыгарган „Качкан кыз" же „Каптагайдын кызынын арманы" аттуу поэмасы көпчүлүккө белгилүү. Ала-Тоонун баш аягын айланып кыдырган акындын бул сыяктуу ырлары толуп жатат. Акындын аты угулбай, элине анын ыры угулса да, бул акын үчүн чоң урмат. Ал заманда өзүнүн аты чыкпай, ырлары гана чыккан акындардын бири ушу Тоголокмолдо.

Тоголокмолдо-га дегенде сүйүү ырларын ырдаган лирик акын болуп чыгат. Анын чыгармачылыгы такшалган сайын ырларына социалдык тема кире баштайт. Жериндеги элди аёосуз канап-бутаган манаптардын өлчөөсүз кылыктарын айтып ырдайт. Жабыркаган элдин жайын кошот. Бул сыяктуу ырлары үчүн манаптар Тоголокмолдону элинен, жеринен кубалайт.

Тоголокмолдо лирик акын болгондуктан, жаштардын теңинесүйгөнүнө жетишүү темасында көп ырдаган. Жигит кезинде кедейчиликтин айынан сүйгөнүнө жете албай, замандын салтынан өзү да күйгөн. Анан „Урпукан", „Качкан кыз" поэмалары сыяктуу толуп жаткан кыздардын арман ырларын чыгарган. Мунун, баары сүйгөнүнөн айрылып, эриксизден калыңга сатылган кыздардын арман ыры.Бул турмуш кыргыз кыздарынын көпчүлүгүнүн башына түшкөн. Бул бүт кыргыз кыздарынын шордогон таалайсыз турмушу катарында болгон жана бул үстөмдүк кылуучу тап жүргүзгөн замананын саясы салты болучу. Ошондуктан бул тема жалаң эле лирикалык тема болбой, чоң социалдык темага айланган. Ошентип Тоголокмолдо эртеден эле адилетсиз никеге—кыздын калыңга сатылышына кыйкырып каршы чыга келген. Ошону менен катар, ошол замандын салтына, ошол курулуштун саясатына каршы чыккан.

Совет өкмөтүнүн биринчи күндөрүндө эмгекчи элге бийлик тийип мурунку салт талкалана баштаганда Тоголокмолдо калың берүүгө каршы бардык кыргыз жаштарына кубанып ураан салат:

„Азамат жигит, эстүү кыз
Ар кимиң жеткин теңиңе,
Атаңа калың жедирбе,
Мал жебесе таш жесин,
Байлатпа башың кебирге".

Тоголокмолдонун жана дагы бир өзгөчөлүгү—ал кошокту келиштире айткан кошокчу акын.

Кыргыз элинин адатындагы өлгөнду жоктогон кошогунан эң бийик даражада турган адабияттын үлгүлөрүн учуратууга болот. Кошок элдин адабиятынын өзүнчө бир түрү. Мында көркөм сөз менен өлгөндүн тирүү кезиндеги бардык кылык-жоругу, анын артыкчылыгы эскерилип айтылып, кошулат.

Тоголокмолдо бир катар элдин кошокторунун мыкты үлгүлөрүн жат билет. Ошону менен катар, көркөмдүк жагынан бир топ жогору турган кошокторду өзү да чыгарган. Бирок анын өзү чыгарган кошокторунун элдик кошоктордон бир топ өзгөчөлүктөрү бар. Анын бир кишинин башына гана багыштап жоктоо катарында айткан кошоктору байкалбайт. Ал көбүнчө „Дыйкандын аялынын кошогу", „Мергенчинин аялынын кошогу", „Устанын аялынын кошогу" сыяктуу кеңитилген—жалпыланган кошокторду чыгарган. Ошондуктан Тоголокмолдо кошок чыгарганда өлгөндү жоктоодон мурда, адабияттык максатты биринчи орунга койгон. Тоголокмолдо ушундай кошокторунда ошол кошкон кесиптеринин бардык өзгөчөлүк жана артыкчылыктарын өтө чебердик менен айта алган. Тоголокмолдо мергенчинин аялын мындайча коштурат:

„Асылым калы мергеним,
Тоодон теке тергеним.
Шыралга деп келгенге
Шыйрагын кеспей бергеним"

Дыйкандын аялына да күйөөсүнүн мүнөздүү артыкчылыгын өтө устаттык менен айттырып, мергенчинин аялынан кем коштурбайт:

„Керилип кетмен чапканым
Кетмендей нанды тапканым.
Кенебей жыргап жатканым,
Кейитип кеттиң арстаным"

Тоголокмолдонун башка акындардан дагы бир өзгөчөлүгү—ал өзүнчө эле жаткан элдик адабияттын тирүү казынасы катарында болгон акын. Кыргыз акындарынан өз чыгармаларынан башка элдик адабияттын бир нечесин айтпагандары болбойт. Эми Тоголокмолдо болсо, ал элдик адабияттан лакап, балдардын аңгемеси, ырлар, жөө жомоктордон тартып, чоң баатырдык жомокторго чейин билет. „Абышка кемпирдин көмөчүнөн" тартып, „Манас, Семетейге" чейин айтат.

Тоголокмолдо „Манасты" айтылуу Тыныбек жомокчудан үйрөнгөн. Үлгү алган устаты мыкты болуп жана өзүнүн акындыгы кошулуп Тоголокмолдонун айткан „Манас, Семетейлери" мыкты варианттын бири болуп эсептелет. Өзгөчө баатырлардын элесин мыкты сүрөттөп көрсөтөт. Жана Тоголокмолдонун варианты маанилүү, акыл ойго өтө бай.

Тоголокмолдо өзгөчө элдик балдар жомогун өтө келиштире айтат. Буларды айтканда ал элдик юморларды кең пайдаланып, өтө күлкүлүү кылып чыгарат. Анын юморлары маанисиз эмес, өтө орундуу айтылып, терең маанилүү келет. Жалпы адабияттык чыгармалары күлкүлүү болуп чыгуу, бул Тоголокмолдонун акындыгынын бир өзгөчөлүгү.

Ошентип ордендүү карыя Тоголокмолдо (Байымбет Абдрахманов) элдик акын, элдик акын болгондо да—элдик акындар-

дын ичинде Кылычтан кийинки өзүнүн чыгармаларын кагазга жазып чыгаруучу нускоочу акын. Ошону менен бирге, ири манасчы, элдик адабияттардын жыйноочусу, алардын бир канчаларын иштеп чыгып көрк берип, маанисин, коздугун тереңдетүүчү акын. Артыкча балдар адабияты үчүн биринчи эмгек сиңирген кыргыз эл акындарынын көрүнүктүүсү.

## ТОГОЛОКМОЛДОНУН „НАСИЯТ" ДЕГЕН ПОЭМАСЫНАН ҮЗҮНДҮ.

Калем алдым оң колго,
Кабар берем оң солго.
Кара таман кедейлер,
Жалпы түшкүн оң жолго.

Кара таман кедейсиң,
Кедейлерим не дейсиң?
Жабырыңды ойлонуп,
Жайыңдын камын жегенсиң.

Залим өкмөт тушунда,
Жабыр көрдүң ошондо.
Чокоюң жок бутуңда,
Отун алдың кышында.

Жалпы жүрдүң алданып,
Жайы, кышы жабыркап,
Ыйлап жүрдүң зарланып.
Пайда таап байлардан,
Калганың жок малданып.
Өзгөрүштүн* тушунда,
Байга жүрбө кармалып.
Кара таман, кедейлер,
Акыл ойло камданып.
Алга чыккын шаңданып.
Азаттыкты колго алып,
Бай-манаптан өчүңдү ал,
Баштагы сөзгө арданып.
Өзгөрүштү бек кармап,
Жолго түшкүн шарданып.
Карап турсун бай-манап
Как өзүңдөй жалбарып.

Өткөн күндү унутпа!
Унутуп коюп, курутпа.
Өзгөрүштөн дилиңди,
Өлмөйүнчө суутпа.

Жарды болуп жабыркап,
Байга жүрдүң кедейлер,
Шоруң катып кесимдүү,
Айга жүрдүң, кедейлер.
Бир жылдык кызмат кылмакка,
Тайга жүрдүң, кедейлер.

Раматка саттырып,
Старчын алды тайыңды.
Кеп айттырбай, коркутуп,
Кетирип туруп шайыңды,

Торпогуң кетти чыгымга,
Эки сом элүү тыйынга.
Машакатты көп тартып,
Башың түшкөн кыйынга.

Эки эчкинин сүтү үчүн,
Эгин айдап күч үчүн.
Бай менен „орток" айдадың,
Жайында чөлдү жайладың.
Мээнетиң кетип талаага,
Минтип шоруң кайнадың.

Ичкен сүтүң кээ болду,
Эгинге байың ээ болду.
Талаага кетти мээнетиң,
Кенчиттиң байдын дөөлөтүн.

Орок оруп, чөп чаптың,
Чөптү кедей көп чаптың.
Төрт түлүктүү малы бар,
Байга берем деп чаптың.

Бай акең тапты эбиңди,
Басып койду демиңди.
Эски тонун бергенсиң,
Эптеп алды чөбүңдү.

---

*) Өзгөрүш—революция деген мааниде.

Отун алып, от жактың,
Ойрон болуп кой бактың.
Кара жанга күч келип,
Катыны жок бой бактың.

Жылкычы болуп бээ бактың,
Жылас болуп төө бактың.
Жылкы минбей жөө бактың,
Жыргалсыз шордуу не бактың?

Өмүрүңчө бечара,
Байдан пайда таппадың.
Жалчы болуп жабыркап,
Бир күн тынч жатпадың.

Мурун көрдүң кордугун,
Бай залимдин зордугун.
Эстегин бүгүн кедейлер,
Манаптын кылган чоңдугун.
Өзгөрүштү билдиңби,
Кедейлер ишиң оңдугун!

Далдаланып жатпагын,
Жатып шоруң катпагын.
Көзүңдү ачып бек кара,
Азаттык таңы атканын!
Тапкан пайдаң азаттык,
Алданып байга жатпагын.

Он жетинчи жылында,
Азаттык болду кылымга.
Бай-манаптан өчүңдү ал,
Алдатпагын зулумга.

Кедейлерим сөзүмдү ук,
Өзгөрүштө алга чык.
Бастырбагын белинди,
Бай-манаптын баарын жык!

Кеңеш өкмөт түбү чоң,
Кедейим сенин ишиң оң.
Залимдерден бөлүнүп,
Жайындан көчүп журтка кон.

Жаңыдан заман айланып,
Оңолгонун көрдүңбү?
Залим өкмөт уругу,
Жоголгонун көрдүңбү?

Эмдиги заман оңолуп,
Оңолгонун көрдүңбү?
Эски өкмөт уругу,
Жоголгонун көрдүңбү?

Казал айтам калкыма,
Кара таман жалпыңа.
Кедейлер жеткин баркына,
Кеңештин түшкүн салтына.

Залимдерден өчүңдү ал,
Ибарат* болсун жалпыга.
Кантип чыдап жүрөсүң,
Бай-манаптын дартына.

Кедейлер жолду түзөткүн,
Жолуңду жакшы күзөткүн.
Өз боюңа сак болуп,
Өзгөрүштү күчөткүн.

Мындай заман келген жок,
Мурун бизге берген жок.
Мындай азат заманды,
Ата-бабаң көргөн жок.

Кеңеш өкмөт чыкканы,
Никалайды жыкканы.
Үчүнчү байналмилалды,**
Жети кылым укканы.
Кан жутуучу залимдер
Кедейден коркуп ыкканы.

Кедейим сөзгө кулак сал,
Өкүмөттү колуңа ал!
Кедейлер сага сөз келди,
Айта турган кез келди.

Өзгөрүшкө өзүңдү,
Сала турган кез келди.
Өкүмөттү колуңа,
Ала турган кез келди.

Бу заманда чык алга,
Карабагын байларга.

---

* Ибарат—үлгү деген сөз.
** Үчүнчү байналмилал — үчүнчү интернационал.

Өзүңдү сал оң жолго,
Өкмөт берген чоң жолго.
Уктап жатып кор болуп,
Учураба чоң шорго.

Кедейлер ураан чакырып,
Бай залимге асылгын.
Келген дөөлөт кезинде,
Бай-манапты качыргын.

Өзгөрүштүн түркүгүн,
Өлгөнчө бекем кармагын.
Илим-билим үйрөнүп,
Бир сөзүңдөн жанбагын.
Эзилген кедей баш кошуп,
Элден кийин калбагын.

Жалкоо болбо жатуучу,
Жаткандын шору катуучу.
Сыр айтпастан көз таңып,
Сыртыңан манап сатуучу.

Жалпы кедей баш кошуп,
Жолго кирер күн тууду.
Залим өкмөт куйругу,
Колго кирер күн тууду.

Жарак алып шанданып,
Атка минер күн тууду.
Аскер болуп камданып,
Машка кирер күн тууду.

Жалкоо болуп жан багып,
Уктап жатпас күн тууду.
Жаныңды аяп залимден,
Ыктап качпас күн тууду.

Ачкын кедей көзүңдү,
Абдан уккун сөзүмдү.
Кедейлер шоруң арылып,
Келтирди сенин кезиңди.

Бул дөөлөткө мас болбо,
Бириңе—бириң кас болбо!
Үйдө жатып кор болуп,
Үн чыкпас кара таш болбо.

Ынтымакты колго алгын,
Ыраактан болжоп жол чалгын.
Баатырдык кылып какайып,
Бай манапка кол салгын.

Өзгөрүштүн шарында,
Өткөн ишти эстетип,
Өкмөт турат жаныңда.
Жарды-жалчы кембагал,
Акың көп байдын малында.
Союзга чилен-мүчө алдың,
Даража таап күч алдың.

Бай кедейден жашынды,
Баштагы салты басылды.
Жабыркатып байларды,
Жалпы кедей асылды.

Манаптын боору эзилди,
Кедейлер кылды кесимди.
Эсине салып кылганын,
Элден айдап көчүрдү.
Бай бүткөндү коркутуп,
Манаптан алдың өчүңдү.

Аман болгун кедейим,
Кедейим сага не дейин.
Арманың жок дүйнөдө,
Аз насият берейин.

Бул дөөлөткө эсирбе,
Жолукпа кедей кесирге.
Кеңештин кылган жардыгы,
Жүрсүн кедей эсинде.

Азаттык сенин дарагың,
Колго тийген жарагың.
Куру бекер тим жатпай,
Сөзүмдүн салтын карагын.

Сайраймын сөздүн тазасын,
Залимдин бергин жазасын.
Жарык нурду көрсөткөн.
Ленин жолу жашасын.

Күнүң тууду кедейлер,
Күндөн күнгө ашасың.
Жалпы кедей кайраттан,
Бай манапты басасың.
Күн көрсөткөн кедейге,
Партия жолу жашасын.

Окууга жардык чыгарган,
Өкмөт жолу жашасын!
Балдарың окуп жетишсе,
Кедейлер шондо жашасын!
Бүттү сөзүм аягы,
Жашасын, жаштар жашасын!

III бөлүм

# КЫРГЫЗ СОВЕТ АДАБИЯТЫ

## КЫРГЫЗ СОВЕТ АДАБИЯТЫНЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

... Падышалык Россия эң эле адамгерчиликсиздик жана варвардык формада алынган бардык түрдөгү эзүүлөрдүн—капиталисттик эзүүнүн да, колониялык эзүүнүн да, согуштук эзүүнүн да—борбору болучу... Падышачылыкты—„согуштук-феодалдык империализм" деп Ленин эң туура айткан. „Падышачылык империализмдин квадратка көбөйтүлгөн эң жаман жактарынын топтолгон жери болучу" дейт жолдош Сталин. („Ленинизм маселелери" 5-бет, II-басылышы. 1940-жыл).

„Падышачылык-империализмдин... эң жаман жактарынын топтолгон жери" болсо, мурунку Кыргызстан ошо падышачылыктын" эң жаман жактарынын топтолгон жери" болучу. Мурунку Кыргызстандан таптык коомдордо болгон эзүүлөрдүн бардык формасын табууга мүмкүн эле. Кулчулуктан тартып, крепостьтук укуктун элементтерин кбштогон империалисттик эксплоатация кыргыз эмгекчилерин эзүнүн чеңгелинде кармоочу.

Баарынан мурда, кыргыз эли улут катарында эзилген болучу. Кыргыз эли Россия империализминин колониясы эле. Кыргыз эли бүткүл саясы укуктан бүт ажыратылып, экономика жана маданият жагынан чексиз кысылган эле. Өз тилин, өз маданиятын өрчүтүүгө укуксуз болучу. Революциядан мурун кыргыз тилинде окуткан бир мектеп да, жогорку маалыматтуу билимге ээ болгон бир кыргыз да болгон эмес. Кыргыз эли жерден, малдан ажыроого бет алган эле. Аны бир жактан падыша, экинчи жагынан өз бай-манаптары дайым эзип туруучу. Мунун үстүнө капиталисттер, соодагерлер, сүткорлор, өндүрүш жана соода-сатык жолу менен кыргыз эмгекчилерин тоноочу. Жер маселеси да өтө начар эле. Жердин эң жакшысын падыша өкмөтү колонизаторлорго кесип берип турду. Андан калганын манаптар ээлеп жатышты. Кыргыз эмгекчилери жерден, малдан ажырап, тоо-ташка жармашып калышты. Бул эзүүгө чыдай албай баш көтөргөн эмгекчилерди эң аёсуз түрдө кырып турушту. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жеңилиши мына бул авалды дагы начарлатты. Бул көтөрүлүштү шылтоо кылып, падыша өкмөтү 300—400 миң кыргыз эмгекчилерин кырды. Падыша өкмөтүнүн ордун баскан Керенский өкмөтү ал мыкачылыкты ого бетер күчөттү. Ачарчылыкка жолугуп, өлүм-житимге бет алып

турган кыргыз элин дагы талоого, кысууга киришти. Кыргыздарды Чүй, Исык-Көл өзөнүнөн такыр айдап чыгарууга чечим кылышты. Кыскасы кыргыз элин кырып жоюуга бет алышты. Большевиктер жардамга келбесе, октябрь революциясы падышаны жана байларды кулатпаса, кыргыз эли да, колониялардагы көп элдер катарында, дүйнө жүзүнөн такыр жоголуп, аты өчөт эле.

Бирок, эзүү муну менен гана бүтө койгон эмес. Кыргыз элининичинде чоң-күчтүү уруулар майда-алсыз урууларды эзүү бар болучу. Акын Токтогулдун „Рыскулбектин беш каманы" деген ыры мына ошол күчсүз урууну эзип туруучу күчтүү урууга каршы жазылган ыр. Солтобай менен Алдаштын „Сарбагыш менен Бугу" жөнүндө ырдаган ырлары да мына ошол эле уруулар арасындагы күрөштү көрсөтөт.

Бул гана эмес. Жалпы кыргыз бай-манаптары кыргыз эмгекчилерин эксплоатациялаганда феодалдык урууулук турмуштун, айрыкча идеологиянын калдыктарын кеңири пайдаланыша турган. Кыргыз батрагы өзүнүн уруусундагы байда иштесе, ал бай эмгек акыны, албетте, толук бербейт. Арыз кылып барар жери жок. Ал уруунун өкүмү ошо эле бай-манаптын колунда. Ал эми башка уруунун байына барып иштесе ал дагы өз билгенин кылат.

Мына ушул феодалдык-урууулук калдыктары менен тыгыз байланышкан феодалдык түрдөгү эзүү мурунку кыргыз айылкыштагында кеңири колдонулуп келди. Дыйкандарды, айрыкча кедей-батрактарды тим эле зордук менен, бийликтин күчү менен бекерге иштетүү, же башка бирөөгө малайга берип, акысын алуу кыргыз бай-манаптарынын сүйгөн методу болучу. Ошону менен катар, саан үчүн иштетүү, жер, унаа, шайман үчүн түшүмдүн жарымын алуу өңдүү феодалдык чарбанын толуп жаткан түрлөрү бар эле.

Мурунку кыргыз айыл-кыштагында жазуучу Сыдыкбеков сүрөттөгөн Самтыр өңдүү, Жантөшев сүрөттөгөн Каныбек өңдүү кулдар менен катар бүткүл кедейлердин авалы да кулдардыкынан айырмасыз дээрлик болучу. Анткени, чындап келгенде кедейлер малына гана эмес, керт башына да өзү ээ болбой калуучу. Бай-манаптар кыз алганда, кыз бергенде калың менен бирге мал катарында бир далай түтүн кедейди да кошуп бериште турган.

Эң акырында, кыргыз кедейлери, мал-мүлктөн такыр кол жууп, ачка кырыла баштаганда, калаларга, кыштактарга келип, кулак-соодагерлерге малай болуп жалдануучу. Бирок мында да кыргыз батрагынын укугун талашкан эч ким болгон эмес. Кызмат акы эң аз боло турган. Батрактын бир жылдык эмгеги, көбүнчө, 30—40 сомго бааланууч. Кожоюндар кээде шылтоо таап аны да бербей коёт. Бул жерде батрактын акысын талашуучу орган, албетте, жок. Кайра ал батрактын бай-манабы келип, анын эптеп тапкан бирин-серин сомун да алып кетип калат. Кыргыз бай-манабы менен батрагы ортосундагы ишти падыша суду текшерүүчү эмес. Ал иш бийлерге тапшырыла турган. Ошентип, форма жагынан да барып арыз кылар жер жок эле.

Өз кезегинде тарихчилер бул маселени толук талдап, иштеп чыгышар. Бирок эзүүнүн түрлөрү-багыттары мурун негизинен биз жогоруда айткандай болгондугу шексиз. Мында эскертип кете турган бир авал бар. Мурунку Кыргызстанда болгон бул эксплоатация түрлөрүнүн ар бири өз алдынча, бир биринен бөлөк жүргөнү жок. Эзүүнүн бул түрлөрү бир бири менен тыгыз байланышта болду жана негизинен бүткүл эмгекчилер бул эзүүнүн бүткүл формаларына дуушар болуп турушту жана ага каршы күрөшүп да келишти.

Кыргыз эмгекчилеринин бул мунун муңдаган, бул күрөшүн ырдаган акындары да болду. Булар прогрессивдүү — реалист акындар катарында кыргыз адабиятынан орун алып олтурушат. Булар Калыгул жана Арстанбек, Кылыч жана Солтобай, Токтогул, жана башкалар. Бул акындардын кээ бирөөлөрү совет өкмөтүн да көрүштү. Кээ бирөөлөрү азыркы күндө да иштеп турушат жана булар азыр совет жазуучулары катарында бүткүл элге белгилүү акындар.

Бул акындар мурунку заманда кыргыз элинин боштондуктан ажырагандыгын, кыргыз эмгекчилеринин эзилгендигин айтып, эзүүчүлөргө каршы, боштондук үчүн күрөшкө үндөп келишкен. Бирок булардын көпчүлүгү эски „баатырлар" заманасындагы турмушка кайтсак, боштондукка жетишебиз деп ойлоп, эскини көксөп ырдашты. Албетте, эски турмушка чакыруу туура болбогону менен да, булар кыргыз элин боштондукка чыгарууга умтулуп, ошонун жолун издегендиктен, булардын чыгармалары прогрессивдүү рольду ойноду.

Булардын ичинен Токтогулдун багыты өзгөчө болду. Ал жалпы кыргыз элинин эзилгендигин айтып гана тим болбостон, ошо кездеги адабиятта кыргыздын эмгекчилерин, кыргыздын кедейин башкы фигура кылып, аны чет өлкөлүк эзүүчүлөргө да; кыргыздын өзүнүн бай-манабына да каршы коюп ырдады. Ошону менен катар Токтогул „баатырлар" заманасын кайра орнотууга да үндөгөнү жок.

Советтер өкмөтү кыргыз эмгекчилерин, кыргыздын кедей-батрагын орус колонизаторларынан да, кыргыздын өзүнүн бай-манабынан да азат кылган өкмөт болду. Ошондуктан Токтогулдун позициясы советтик позиция болду.

Башкача айтсак, биздин азыркы кыргыз совет адабиятынын тамыры—чыккан булагы жалпы союздук коммунисттик адабият болду да, анын а дегендеги улуттук формасы Токтогулдан башталды. Токтогул эзүүнүн бардык түрүнө каршы болучу. Бирок ал эзүүдөн кантип кутулуу жагы, эски коомду кантип кыйратып, анын ордуна кандай коом куруу жагы Токтогул үчүн караңгы эле. Мына бул маселелерди чечип берген, коммунистер партиясы, советтер өкмөтү болду. Токтогулдан баштап, ушул күнгө чейин гүлдөп өсүп келе жаткан кыргыз адабиятына идеялык жана чыгармачылык жагынан дагы эле ошол коммунисттер партиясы жана анын адабияты—жалпы союздук совет адабияты жолбашчылык кылып олтурат.

Токтогул метод, тема, сюжет жагынан да эмгекчилердин

акыны болучу. Бирок эскини талкалап, таптарды жоюп, социализм, коммунизм куруу үчүн күрөшкөндө метод жагынан да, тема жагынан да, форма жагынан да жаңы шарттарга, жаңы талаптарга жараша жаңыча куралдануу керек эле. Кыргыз адабиятына бул жагынан да жетекчилик кылып, аны социалисттик реализм методу менен куралдандырган, аны кооз адабияттын жаңы түрлөрү, формалары менен байыткан дагы эле ошо жалпы союздук советтик адабият болду.

Совет өкмөтү орногон замат эле, Токтогул төмөнкү ырлары менен аны куттуктап чыкты:

„Теңчилик доор чыкканда

Териме батпай семирдим.

Тушалган темир чидерден,

Бошоткон бутун элимдин,

Атандай баккан алдайлеп

Аманын тиле Ленининдин!"

Бирок советтер позициясына кошулган жалгыз Токтогул гана болбоду. Кыргыздын жалпы реалист акындарынын бардыгы советтер өкмөтүн жактырып тосуп алышты. Анткени, өздөрүнүн көз караштарындагы айрым карама-каршылыктарга карабастан; алар да кыргыз элинин боштондукка чыгышын көксөгөн акындар эле. Кыргыз элин боштондукка чыгаруучу совет өкмөтү болду, ошондуктан алар аны жакташты жана коммунисттик партиянын, советтик адабияттын жетекчилиги жана тарбиясы астында пикирлериндеги карама-каршылыктан кутулуп, коммунистик идея менен, социалисттик реализм методу менен куралданып, советтик акындар катарына кошулушту. Маселен, Кылычтын таасиринде жүргөн Тоголок молдо революциянын башкы жылдарында эле дүйнөгө жаңы көз караш менен баа берип, кыргыздын кедейин бай-манабына каршы коюп, „Кедейлерге насыят" айтып чыкты. Ал анда:

„Залим өкмөт тушунда,
Жабыр көрдүң ушунда
Чокоюң жок бутуңда,
Отун алдың кышында.
Бай-манап сорду каныңды,
Чыгым деп алды малыңды,
Тынчытпады жаныңды.
Укпады айткан зарыңды.
Эми жеттиң максатка шаңдан кедей!
Өзгөрүштү бек кармап камдан кедей:
Кызыл тууну өзгөрүш колго берди,
Өзгөрүштүн ишине шаңдан кедей!"

деп алга чакырды.

Ошону менен катар революциянын биринчи жылдарында эле, эл ичинен бир топ жаңы совет акындары келип чыкты. Булар жөнүндө биз совет адабиятынын чыгармачылык маселелери деген бөлүмдө айтабыз.

Азыркы Кыргыз Совет адабияты Токтогул менен, эл акындары менен идея жагынан гана эмес, метод жана түр жагынан да тыгыз байланыштуу. Маселен, азыркы кыргыз совет жазуучуларынын эң карыларынан болуп эсептелип жүргөн Токомбаев Аалы менен Токобаев Молдогазыны алалы. Бул экөөнүн тең биринчи ырлары түр жагынан эл акындарынын ырларынан эч айырмасыз болучу. Аалы Ленинди ырдаганда „кошуу", „жоктоо" өңдүү эл адабиятынын жанрларын жана образдарын колдонуп ырдады. Ал эми Молдогазынын биринчи ырлары болсо, эл адабияты катарында жазылып алынып (23—24-жылы) ушу күнгө чейин Кыргызстан тил жана адабият институтунда сакталып келе жатат. Ал, „Кедей", „Бул өкмөт" деген ырларында элди—кедейлерди совет өкмөтүнүн жолуна, тап күрөшүнө үндөп чыкты. Ал ырларынын түрү менен таанышуу үчүн бир ырынан үзүндү алып көрөлү:

Тегиз тийип шооласы,
Жарык нуру чачылды,
Эзилген кедей жалчыга,
Бакыт нуру ачылды.
Жарык күн тийип жолуңа,
Ачылды кедей багыбыз.

Мына ушуга окшогон, бирок автору белгисиз болгон толуп жаткан ырлар ошо кездеги (1918—1924-жылдарда) совет адабиятын түзгөн эле. Ал эми бизге белгилүү болгон акындар да,— Токтогул, Абылкасым, Ысак, Жумаалы, Калык, Алымкул жана башкалардын бардыгы фольклордун өкүлдөрү болучу. Алар акын жана композитор, ырчы жана комузчу, жомокчу жана актёр эле. Ошентип, ал кездеги кыргыз совет адабияты фольклор түрүндө өрчүдү. Кыргыздын өз алфавити иштелип чыгып кыргыз тилинде газета, журнал жана китептер чыга баштагандан кийин (1924-жылдан кийин) гана фольклор башкы түр болуудан калып, биринчи орунду басма түрдөгү кооз басма сөз ээледи жана ошого жараша акындар пайда болду. Биз ушул күнгө чейин кыргыз совет адабиятына негиз салынган кез деп, 1924-жылды, кыргыз алфавити иштелип чыккан жана кыргызча газета чыга баштаган кезди эсептеп келдик. Чынында бул кез кыргыз адабияты үчүн чоң мааниге ээ болгон бурулуш кези болду. Бул кезден тартып, кыргыз совет адабияты жаңы түр менен өрчүй баштады. Бирок кыргыз совет адабияты андан мурун да бар эле. Ал революция менен бирге келип чыкты жана өстү, өнүктү.

## Адабият майданындагы тап күрөшү

Биз жогоруда айткандай, кыргыз элинин канчалык болсо да элге таанылган таланттуу, реалист-демократ акындары негизинен советтер өкмөтүн жактырып тосуп алышты. Бирок бул советтер өкмөтүн жактырбай, ага каршы ырдаган акындар болгон эмес деген сөзгө жатпайт. Кыргызда эзүүчүлөр болгондой, аларга тупа-туура курал болуп кызмат кылган акындар да болгон. Маселен, мурунку кыргыз айыл-кыштагында ар бир чоң манаптын, бийдин, жалпы ар бир „жакшынын" жанында жүрүп, ошонун заказы боюнча ырдаган акындар бар эле. Булар эзүүгө, эзүүчүлөргө каршы чыгуу мындай турсун, кайра эзүүчүлөрдүн данкын көтөрүп, мактап ырдаша турган. Булардын чыгармасы идеология жагынан тескери, метод жагынан апыртма болуучу. Бай-манаптар „караны ак деп ырда" десе булар так ошонтип ырдоодон кайтпай турган. Маселен, Шабдандын акыны Абдыракман молдо, Кетмен-Төбөдөгү Дыйкамбай манаптын ырчысы Арзымат сыяктуулар. Бул акындардан башка, революциядан мурун пайда боло баштаган жана бай-манаптар менен тыгыз байланышта болгон кыргыздын интеллигенциясы ичинен да бай-манапчыл акындар чыкты. Бул жаны интеллигент акындар басма сөз адабиятынын өкүлдөрү болду. Бирок бул кийинки бай-манапчыл акындар сан жагынан жокко эсе болуп, бар болгону эки-үч адам эле.

Бай-манапчыл акындардын жүргүзгөн күрөшүн, колдонгон метод жана практикаларын толук жазып олтуруу зарыл эмес. Ошондуктан негизги учурларга гана токтоп өтмөкпүз. Жалпы алганда булардын советтер өкмөтүнө каршы колдонбогон бузукчулугу, ал жөнүндө таратпаган ушагы калган эмес.

Булар каршылыгын, зыянкечтигин ачык түрдө да, жашырын түрдө да жүргүздү. Булар а дегенде советтер өкмөтүнө ачык түрдө каршы чыгышты.

Булардын кожоюндары бай-манаптар советтик бийликке каршы куралдуу көтөрүлүш жасап көрүштү. Албетте, бул кезде алардын идеология майданындагы дөбөттөрү да карап турганы жок. Булар да Советтер бийлигине каршы үрдү.

Бай-манаптар методду өзгөртүп, кой терисин жамынып, советтерди ичинен кыйратууга тырышкан кезде, алардын ырчы агенттери да өз идеологияларын боёмолдоп сүйрөп чыгышты.

Советтик органдардын ишин бузуу үчүн, партия менен өкмөттүн жолун бузуу үчүн жана өздөрүнүн контрреволюциялык иштерин жашырып-жабуу үчүн бай-манаптар уруучулук-жаатчылык күрөшүн уюштурушту. Бул үчүн феодалдык калдыктарды пайдаланышты. Бай-манап акындары да адабият майданында так ошол методдун өзүн колдонушту. Жазуучулар арасында уруучулук-жаатчылык күрөшүн козгошту. Жазуучуларды түндүктүштүк деп, көлдүк-чүйлүк деп жана башка түрлөр менен бөлүп, бирин бирине каршы тукурушту. Ошонтип, жаш жазуучуларды өз таасирлерине алууга аракет кылышты.

Бай-манаптар өз идеологияларын кантип болсо да боёмолдоп

элге жаюуга, марксизм-ленинизмди бузууга аракет кылышты. Бул жагынан бай-манапчыл акындар өз кожоюндарына чоң кызмат көрсөтүштү. Алар, „кооздугунан үлгү алуу керек“ деп, бай-манапчыл ырларды, макал-лакаптарды, айрыкча окуу китептерине кеңири киргизип турушту. Кыргыз элинин канын ичип келген Жантай, Баатыркан, Шабдан өңдүү манаптарды да Манастай кыргыз элинин эрки үчүн күрөшкөн фигура кылып көрсөтүүгө аракет кылышты. Муну биз „Академия кечелери“ деген наам менен коюлган пьесалардан көрдүк. Ал гана эмес, айыл-кыштакта бай-манапчыл „акындар“, „жарды менен бай окшош“ болду, деп элди бай-манапчыл „ынтымакка“ чакырып, тап күрөшүн таштоого үндөп жатышты.

Эң акыры, бай-манаптар кыргыз айыл-кыштагынын өрчүш жолу „бөтөнчө“ болууга тийиш, ошондуктан анда советтерге таандык эч бир жаңылык киргизилбөөгө тийиш дегендей „теориялар“ чыгарышып, айыл-кыштакты советтештирүүгө каршы күрөшүп келишти. Кыргызстанды советтер союзунан бөлүп алып, бай-манапчыл мамлекет курууга аракет кылышты. Бай-манапчыл акындар бул тактиканы адабият майданына ылайыктап колдонушту. Алар да кыргыз тилинин, кыргыз адабиятынын „түбөлүк“, „өзгөрбөс“ закондору жөнүндө „теория“ чыгарып, кыргыз тилин, кыргыз адабиятын интернационализмден, советизмдени „сактоого“ умтулушту. Тема, сюжет, образ маселелеринде да жазуучуларды кыргыз айылынын чегинен чыгарбас үчүн күрөшүп, интернациональдык темаларга, образдарга каршы болуп келишти. Жогоруда айтылгандай, Жантай, Шабдан өңдүү кан ичкичтерди баатырлар образы кылып, ошолордун заманасын кенчилик, боштондук замана кылып көрсөтүп, Кыргыздын өткөн күндөрүн—тарихин кооз адабият бетинде бузууга аракет кылышты.

Кыскасы бай-манап акындары өздөрүнүн кожоюндары жүргүзгөн күрөштү кооз адабият майданына ылайыктап жүргүзүп келишти. Бирок бай-манаптар кандай таш-талкан болуп талкаланса, алардын адабият майданындагы дөбөттөрү да ошондой эле талкаланды, жоюлду.

## Жазуучулар уюму

Кыргыз жазуучуларынын уюму эң оболу уюшулган кезде азыркыдай түрдө болгон эмес. Ал түгүл, а дегенде жалпы уюмдары болгон да эмес. Биринчи уюм, 1927-жылы „Кызыл Кыргызстан“ газетасы жанында түзүлгөн кружок болду. Аны „Кызыл-Учкун“ деп аташкан. Бул кружок дал 1930—31-жылдарга чейин жашады. Анан барып, „Кыр АПП—Кыргызстан пролетариаттык жазуучуларынын ассоциациясы“ түзүлдү. Бул 1933-жылга чейин жашап келди. Анан ВКП(б) БКнин токтомуна ылайык бул да кайра уюштурулду. Анын ордуна азыркы „Совет жазуучулар союзу“ түзүлдү.

Бул уюмдардын уюшулган убакты кыргыз адабиятынын белгилүү бир этабына туш келбейт. Бирок состав жагынан, бай-манап элементтери менен күрөшүү жагынан жана творчество ишин

жүргүзүү жагынан бул уюмдар арасында бир канчалык айырма болду.

„Кызыл-Учкун“ бир уюм тарабынан бекитилген уставы жана жол-жобосу бар уюм эмес эле. Ал адабият талапкерлеринин өздөрү түзгөн кружок болучу. Аны түзүүчү инициаторлору „Кызыл Кыргызстан“ газетасы болду жана ага идеялык-саясы жетекчилик ошо редакция тарабынан жүргүзүлдү. Бирок анын составында бай-манап элементтери көп болучу. Составды жөнгө салуу маселеси колго алынган эмес эле. Кружокко каалаган адам мүчө боло берүчү жана мүчө болбосо да, каалаган адам анын чогулушуна келе берүчү.

Кружоктун жумушу көбүнчө ошол кезде басылып чыккан кооз адабият китептерин сыноо болду. Ал эми кружоктун составында бай-манап элементтери болгондуктан, алар бай-манаптардын чырагына май тамызуучу „сындарды“ берүүгө умтулушту. Бул кезде Тыныстановдун ырлар жыйнагы жана Карачовдун „Эриксиз күндөрү“ сынга алынды. Советтик жаштар—жазуучулар бул чыгармаларга каршы болушту. Бирок бай-манапчыл „сынчылар“ ал чыгармаларды кыргыз адабиятынын үлгүсү катарына кошууга аракет кылышты. Бирок бул кезде болгон туура, большевикчил сындар, талаптар жаш жазуучулар үчүн чоң сабак болду. Алардын идеология жагынан такшалышына чоң жардам берди.

„Кыр АПП“—Жалпы союзда түзүлгөн „РАПП-тын“ бир уюму болуп, Москвадагы „РАПП“ башкармасына да эсеп берүүчү. „РАПП тарга“ ылайык уставы, жол-жобосу бар эле.

„Кыргыз АПП тын“ составы „Кызыл-Учкундукуна“ караганда бир топ такталды. Ырас, анда да бир топ „сынчылар“ бар болучу. Бирок бай-манап элементтердин маселеси—уюмда болгондорун чыгаруу маселеси „Кыр АПП“тын жумушунда көп орун алды. Бул кезде Тыныстанов баш болуп, бир топ жат элементтер чынында жазуучулар уюмунан четтеп калышты.

„Кыр АПП“ кезинде да чыккан чыгармаларга сын берүү маселеси борбор орунда турду. Бай-манап элементтеринин боёмолдоп, басма сөзгө сүйрөп чыккан контрреволюциялык чыгармаларынын бетин ачуу жана Кыргызстан совет жазуучуларынын саясы каталарын көрсөтүү—мына ал кездеги сындардын мазмуну ушул болду. Башкача айтсак, бул кезде да сын жалаң гана саясат жана идеология маселелерин көтөрүп, творчество маселелерине тийген эмес. „Правда“ газетасынын жардамы аркасында „Академия кечелеринин“ бети ачылып, бай-манап акындары талкаланган кез—ушул кез эле.

Бул кезде орус жана дуңган жазуучуларын да уюштуруу маселеси көтөрүлүп, „Кыр АПП тын“ жанында Орус жана Дуңган секциялары түзүлдү. Кыргыз жазуучулары үчүн консультант дайындалды. Кыргыз, орус, дуңган акындарына консультация берүү, чыгармаларына рецензия берүү, творчество маселелери жөнүндө докладдар уюштуруу өңдүү иштер жүргүзүлө

баштады. Бул ошо кездеги жаш жазуучулардын идея жагынан да, творчество жагынан да өсүшүнө көп жардам берди.

Бирок жалпы „РАППтын“ каталары „Кыр АППтын“ жумушунда да көрүнбөй койгону жок. Тирүү адам „теориясын“ жактоо, совет жазуучуларын пролетардык, пролетардык эмес деп жонунан бөлүү өңдүү аракеттер „Кыр АПП та“ да болду. „РАПП тарда“ болгон принципсиз жаатчылык „Кыр АППта“ да кең орун алды. Бай-манап элементтери совет жазуучуларын жер-жерине жараша жаатка бөлүүгө жана бай-манапчыл элементтерге каршы жүргүзүлгөн күрөштү жаатчылык деп көрсөтүүгө аракет кылышты.

„Кыр ССП“—„Кыргызстан совет жазуучулар союзу“. Бул ВКП(б) БКнин токтомуна ылайык түзүлүп, Бүткүл союздук Совет жазуучулар союзунун Кыргызстандагы уюму болуп саналат. Бул уюм бүткүл Кыргызстан совет жазуучуларынын биринчи съезди аркылуу (1934-ж.) формага салынды.

„ССП“ баарынан мурда өзүнүн составын тактады. Сынчы атын алып жүргөн, бирок адабиятка эч бир тиешеси болбогон адамдардын бардыгы союздан четтетилди. Жазуучулардан да советтик позициядан четке—улутчулдукка кыйшайгандары союзга алынбады. Кыскасы союзда анык жазуучулар, болгондо да анык советтик позицияда турган жазуучулар гана калдырылды. Ошону менен катар жаңы жазуучулар эсебинен жана эл акындары эсебинен союздун составы өстү жана өсүп жатат.

Азыр Кыргызстан совет жазуучулары союзунда кырктан ашык мүчө, кандидат бар. Улуттук жагынан союз кыргыз, орус, дуңган жазуучуларын бириктирет.

Азыр союздун составында революциядан мурунку Кыргыз акындарынан беш-алты адам бар. Булар: Тоголокмолдо, Саякбай, Алымкул, Ысак, Калык, Актан. Бул жолдоштор, бир жагынан, совет акындары катарында, экинчи жагынан, кыргыз фольклорунун, революциядан мурунку кыргыз адабиятынын өкүлдөрү катарында жазуучулар союзунда да, жалпы адабият майданында да чоң роль ойношот. Булар кыргыз элинин творчество байлыгын-ырларын, күүлөрүн, жомокторун, жөө жомокторун, макал-лакаптарын сактап келген казна, ошо байлыкты бизге берип турган булак. Фольклорду биз ушулардын айтуунча жазып жатабыз. Булар фольклор өкүлү катарында бир топ функцияларды аткарып турушат. Булар акын да, комузчу да жомокчу да, актёр да болуп кызмат көрсөтүп жатышат. Ошону менен катар азыркы күнгө жараша ырлар да берип турушат. Маселен, Алымкул менен Калыктын советтерге, социалисттик курулушка арнап жазган ырлары атайын жыйнак болуп бир-эки жолу басылды. Башкаларыныкы да басмага даярдалып жатат. Тоголокмолдо, Саякбай, Алымкул жана Калыкты элге көрсөткөн эмгектери үчүн өкмөтүбүз орден менен сыйлады.

Союз да дуңган, орус жазуучуларынан 5—6 мүчө бар. Дуңгандардан Ясыр Шиваза социалисттик курулушка жана Кытай эмгекчилерине арналган ырлары менен өзүн элгетаанытты. Анын ырларынын бир тобу орус жана кыргыз тилдерине которулду.

Орус жазуучуларынан акын Винников жана Чекменев жолдоштор Кыргызстан турмушунан жазган ырлары, котормолору менен белгилүү.

Жалпы Кыргыз совет жазуучулар союзунун составын алганда, анын катарында он-он беш жылдан бери жазып, ырдап келе жаткан жазуучулар менен катар, адабият майданына кечээ күнү эле чыккан жаштар да аз эмес. Жазуучулар составынын өсүш процессин карасак мына муну көрөбүз: а дегенде, башкача айтсак 23—24-жылдары Токомбаев, Токобаев, Элебаев, Баялин жолдоштор жаза башташкан. Булардан кийин 1927—28-жылдарда бир топ жазуучулар пайда болду. Булар Турсубеков, Маликов, Бөкөмбаев, Абдыкеримов, Сасыкбаев, Кырбашев, Жантөшев, Абдукаимов жолдоштор. 30—31-жылдарда да бир топ жолдоштор калем кармап чыга келишти. Булар Сыдыкбеков, Осмонов, Шамшиев, Уметалиев, Токтомушев өңдүү жолдоштор болуп, алар да өздөрүн элге толук тааныта алышты. Союздун булардан кийинки мүчөлөрү эң жаш жазуучулар болуп саналат. Булардан Аалыбаев ырлары менен, Саманчин пьесалары менен белгилүү болду.

„Кыр ССП" кезинде жумуштун борбору жазуучулардын творчестволук өсүү маселелери болду. Ал үчүн кыргыз тилинде кооз адабият журналы чыгарыла баштап, анын бетинде аздыр-көптүр творчестволук сын берген макалалар да көрүнө баштады.

## Творчество маселелери

Кыргыз совет адабияты да эң алдыңкы, эң революциячыл, эң прогрессивдүү идеяларды үгүттөгөнү шексиз. Социализм үчүн, комунизм үчүн күрөшүү, интернационализм жана советтик патриотизм идеялары, обывательдикке, мещандыкка, эскичиликке, бай-манапчыл урп-адатка, эски салт-санаага каршы, динчилге каршы, эркин, маданияттуу, жаңы турмуш үчүн күрөшүү идеялары, эпкиндүү эмгек кылуу, эр жүрөк, баатыр, каарман, ак нээт, чынчыл, адил болуу духунда тарбиялоо ж. б. мына ушуларды биз ар бир совет акын-жазуучусунун чыгармасында жолуктурабыз. Ошондуктан мында Кыргызстандын бөтөнчө шартынан келип чыккан бөтөнчөлүккө гана токтололу.

Кыргыз совет адабиятында айрыкча орун алган бир маселе уруучулук-феодалдык турмуш калдыктарына каршы күрөшүү болду. Кыргыз совет адабияты эзүүгө каршы үндөгөндө, албетте, Кыргызстандагы бул орто кылымдык калдыктарды четтеп өтө албайт жана четтеп өтүүгө тийиш эмес. Кайра, кээ бир учурларда, айрыкча революциянын башкы жылдарында, биринчи кезекте феодалдык калдыктарды айрыкча катуу согуу зарыл болду. Бул маселе азыркы күндө да өзүнүн маанисин жоё элек. Булардын ичинен аялдар теңдиги үчүн күрөшүү идеясы айрыкча көп орун алат. Бул түшүнүктүү. Эскинин калдыгы ушул маселеде баарынан күчтүүрөөк көрүнгөн болуучу.

Кыргыз совет адабиятынын методу да, албетте, жалпы совет адабиятынын методунан бөтөнчө эмес. Кыргыз совет жазуучулары да социалисттик реализм методу менен иштешет. Муну ал

орус совет адабиятынан үйрөндү. Кыргыз совет адабиятынын төл башы болгон акын Токтогул да реалист акын болучу. Жалпы кыргыздын мурунку адабиятында Батыш Европага таандык, аздыр көптүр формага салынган, бир агымдын, маселен, классицизм, сентиментализм өңдүү бир агымдын болгонун али билбейбиз. Азырынча мурунку кыргыз акындарын реалист акындар жана манап кол акындар деп гана бөлөбүз. Ошондуктан кыргыз совет адабиятына эскиден орун алган бир агым, бир метод менен күрөшүп, кайра курулууга туура келбеди. Бирок социалисттик реализмден четтөөлөр, кыйшаюулар болгону жок деп айтып болбойт. Маселен, Аалынын „Кандуу жылдарында" натуралистterче „тактык" бар. Кубанычбектин „Театр ырлары" баш болуп, бир топ ырларыбызда формализм бир кыйла роль ойнойт. Баялин жалпы сентиментализмге жакын. Булар жөнүндө ар бир чыгармага байланыштуу айтылмак. Ошондуктан мында баарын санап олтурбайбыз.

Кыргыз совет адабияты пайда болгон күндөн тартып эле, анын көтөргөн маселелери, башкача айтканда, анын тематикасы да, мазмуну да коммунисттер партиясы менен советтер өкмөтү көтөргөн маселелер болду. Партия менен өкмөт алдыбызга кандай милдеттерди койсо, кыргыз совет адабияты да ошол милдеттерди чечүү үчүн күрөштү. Анын тематикасы да негизинен кыргыз айыл-кыштагын советтештирүү маселелерине, кыргыз айыл-кыштагындагы социалисттик курулуш маселерине арналды. Ошону менен катар кыргыз элинин мурунку турмушун көрсөтүүчү темалар да башкы темалардан болуп келди.

Албетте, мында, бир жагынан, кыргыз айыл-кыштагындагы таптык күрөштүн жана социалисттик курулуштун бөтөнчөлүктөрүнө жараша, экинчи жагынан, советтик-социалисттик курулуштун өрчүү этаптарына жараша кыргыз совет адабияты да өзүнүн тематикасын өзгөртүп, өрчүтүп келди. Булардын ичинен башкы орунду алган темалар—кыргыз турмушундагы уруучулук-феодалдык калдыктардын бетин ачууга арналган темалар болду. Бөлүп айтсак, бай-манаптарга каршы үндөгөн, уруучулук-жаатчылыкка каршы үндөгөн, аялдар теңдиги үчүн күрөшкө үндөгөн, орто кылымдык, феодалдык караңгычылыкка каршы маданият үчүн, окуу-билим үчүн күрөшкө үндөгөн ырлар революциянын биринчи жылдарында башкы орунду ээлеп келишти. Ошону менен катар кыргыз совет адабияты негизги милдет үчүн—социалисттик коом куруу үчүн күрөшүп, бул негизги милдетти чечүүгө арналган темаларды да берип келди жана, албетте, бул темалар анын негизги мазмунун түзүштү. Ал темалар советтик-социалисттик курулуштун өрчүү этаптарына жараша өрчүп, өзгөрүп келди.

Бизде аз да болсо, граждандык согуш темаларындагы ырлар бар. Анан, темалардын көпчүлүгү жаңы үнөм саясаты маселелерине, Сталиндик беш жылдыктар жана тапсыз коом куруу маселелерине арналат.

Кыргыз совет адабиятынын тематикасын жалпы алып талдап көргөнүбүздө төмөнкү картинаны жолуктурабыз: салмак жагы-

нан башкы орунду алган темалар колхоздоштуруу маселелерине, аялдар теңдиги маселелерине жана кыргыз элинин өткөн турмушун көрсөтүүгө арналган темалар болду.

Тематика жагынан азыркы кыргыз адабияты негизинен туура позицияда турганы менен да, анын тематикасы негизинен социалисттик курулушка арналганы менен да, бул маселеде биз кыргызстан чегинен, кыргыз эли чегинен, болгондо да, кыргыз айыл-кыштагынын гана чегинен ары өтө элекпиз. Маселен, азыркы күндө бизде кыргызстандан башка республикалардын, кыргыздан башка элдердин турмушуна арналган чыгармалар жок. Жумушчулар турмушунан алынып жазылган чыгармалар да жок дээрлик.

Максим Горький өзүнүн „адабият жөнүндө" деген макаласында мындай деп жазган болучу: „Биздин жаш адабият... чындыкты кеңири түрдө ичине алышы менен белгиленген он гана жыл өттү, бирок ошол кыска мөөнөттүн ичинде деле биздин жаштар эң караңгы жана маданият борборунан эң ыраак турган жерлердин да турмушун ачык көрсөткөн көп китептер берди". Дагы ошондо эле мына муну да айтып кетти: „Биздин марксисттик жаштар чынында өзбек жана кыргыз менен да, чеченец жана самоед менен да катар тура билет, турганда да өзү өңдүү тең укуктуу киши менен тең укуктуу киши катар тургандай тура билет".

Максим Горький макаласын жазгандан бери дагы он жыл өттү. Бирок совет кыргыз жазуучулары ошо Максим Горький койгон талаптарды орундатты деп айта албайбыз. Биздин жазуучулардын көргөн чындыгы—тематикасы кыргыз турмушу менен гана, болгондо да кыргыз айыл-кыштагынын турмушу менен гана чектелип олтурат. Мына бул кемчиликти жоюу башкы милдет.

Айыл-кыштактан жазганда да, анда пайда болгон жаңы катмарлар такыр калемдин сыртында калып жатат. Ушул күнгө чейин чыккан роман, повесть пьесаларыбызда же агроном, же Мугалим, же тракторчу, же комбайынчы башкы баатыр боло элек. Биз ушу күнгө чейин жалпы колхоз активинен ары өтө элекпиз. Ал активди айкынырак кылып, функциясына, эмгегине, маданий ролуна жараша көрсөткөн чыгарма жок.

Азыркы кыргыз адабиятында кылымдар бою сакталып келген эл адабиятынын жанрларынан тартып, азыркы эң алдыңкы адабияттын жанрларын да таба алабыз. Албетте, кыргыз совет адабияты чыккан учурда эле ал ушу бүгүнкү күндөгүдөй жанрларга ээ болгон эмес. Жанр маселесинде да ал акырындык менен өсүп олтуруп, азыркы авалга жетишти.

Кыргыз совет адабияты а дегенде фольклор түрүндө чыккандыгын, ага негиз салган акындар жана жалпы биринчи совет акындары фольклор өкүлдөрү болгондугун биз жогоруда айтып өткөн элек. Ошого жараша, баштапкы кезинде кыргыз совет адабиятында фольклор жанрлары башкы орунду алды.

Кыргыз фольклорунда жана революциядан мурунку кыргыз адабиятында жалаң гана поэзия (ыр), болгондо да, лирика жана поэма жанрлары үстөмдүк кылып келгендей, кыргыз совет ада-

биятында да 1927—28-жылдарга чейин проза (кара сөз) болгон эмес. Поэзия болсо, көбүнчө саясы лирика жана саясы поэма түрүндө жазылып келди. Албетте, „санат ыр“, „насаат ыр“, „терме ыр“ өңдүү „кошуу“, „жоктоо“, „арноо“ өңдүү фольклор жанрлары кыргыз совет адабиятында, айрыкча анын фольклор доорунда кеңири колдонулду.

Фольклор жанрлары жана образдары бүгүнкү күндө да кыргыз совет адабиятынан чоң орун алып олтурат. „Айчүрөк“ либреттосу баш болуп, кайра иштелип чыккан эл жомоктору азыркы адабиятыбыздын алтын фонду десек болот.

Бирок кыргыз совет адабиятынын бул башкы доорунда эле, ал жанр жагынан да жалпы союздук адабияттан үйрөнө баштады. Кийин барып пайда болгон поэмалар, повесттер, романдар жана пьесалар дал мына ушул доордо иштеле баштаган болучу. Ал эми ошо кездеги ырлардын башкы формасы-түрү болсо, саясы-агитациялык ырлар эле. Бул форма азыр да бар. Мунун башкы белгиси күндөлүк окуяларга жараша үндөө, албетте, советтердин, партиянын алдыга койгон милдетине жана чийген жолуна жараша үндөө эле.

Биринчи эпос жанрлары, поэма жана повесть, "Туткун марат" жана „Ажар“ 1928-жылдарда пайда болду. Ошол эле жылдары кыргыз театры үчүн айрым пьесалар да жазыла баштады. Демек, проза жана эпос менен драматургия жанрлары ошо 1927—28-жылдардан тартып пайда боло баштады деп эсептөөгө болот. Азыр бизде эпостун жана драматургиянын эң татаал жанрлары—роман, ыр менен жазылган роман, музыкалык драма, либретторлор бар. Булар 1932—33-жылдардан тартып пайда болду. „Ажал ордуна“, „Кандуу жылдар“ жана „Кең суу“ мына ошол жылдарда жазылган болучу.

Жанр жагынан чоң кемчилигибиз, бизде али юмор-сатира-чыгармасы жокко эсе.

Творчество маселелерин жалпы алып караганда кыргыз совет адабияты шексиз чоң кадам шилтеди. Башка шарттарда кылымдар боюна созулуучу процессти—фольклор түрүнөн басма сөз түрүнө өтүү ишин беш-он жыл ичинде аяктады. Басма сөз түрүнө өткөндөн кийинки он-он беш жыл ичинде азыркы адабият жанрларынын эң татаал түрлөрүн берди. Мына мунун бардыгына ал орус совет адабиятынын жардамы жана жетекчилиги астында жетишти. Ал баарынан мурда орус совет адабиятынын, жана эл аралык адабияттын үлгүлөрүнөн үйрөнүп өстү.

Ошону менен катар кыргыз совет адабиятында творчестволук зор кемчиликтер да бар. Аларды жойбой туруп, андан ары өсүү кыйын. Булардын бир тобун биз көрсөтүп өттүк. Бирок дагы бир чоң кемчиликти айтып кетүү керек. Азыркы турмушка арнаган чыгармаларыбыздын көбүнүн сапаты да аксап келатат. Алардын образдары начар. Тилдери оор. Кыскасы коздук жактары эч алымсындырарлык эмес. Кыргыздын турмушу эң кызык, эң бай образды берүүгө тийиш эле. Анткени феодалчыл, ал гана эмес уруучулук турмушта жашаган жана илим, техника, маданият жагынан адепки коом деңгелинде жүргөн адамдарды комму-

низм куруучу, эң алдыңкы, эң маданияттуу адамга айландырдык. Мына бул оңой процесс болгону жок. Бул окуялар эң бай, эң кызык процесс. Бул процессти өткөн баатырдын образы да ошончолук бай жана кызык болууга тийиш. Биз бул процессти, бул образды көрсөтө элекпиз.

Кыргыз совет адабиятынын башкы доорундагы, башкача айтканда, фольклор түрүнөн чыга элек кезиндеги акындар жөнүндө да, чыгармалар жөнүндө да бизде толук маалымат жок. Акындардан азырынча Токтогул Сатылганов, Алымкул Үсөнбаев, Калык Акиев, Жумаалы Карасартов, Абылкасым Жутакеевдерди жана Аалы менен Молдогазыны ошо кезде эле чыккан совет акындары деп эсептеп жүрэбүз. Бирок бул эң кичине тизме экени шексиз. Анткени идеясы, мазмуну анык советчил болгон, бирок автору белгисиз толуп жаткан ырлар бар. Ал ырларды түзгөн жолдоштор да, албетте, совет акындары катарына кошулууга тийиш.

Экинчи жагынан, ал кездеги чыгармалар ушу күнгө чейин көбүрөөк архив материалы болуп келген. Алардын ичинен Токтогулдун ырлары гана басылып чыкты. Ошондуктан биз ал ырларды жалпы сүрөттөп гана өтпөстөн, алардын үзүндүлөрүн берүүгө тырыштык.

Колубуздагы ырлардын тематикасын талдап көргөндө, ал кездеги ырларды эки топко бөлүү мүмкүн. Бир тобу кыргыз элинин, кыргыз эмгекчилеринин өткөн турмушун сүрөттөөгө арналган ырлар. Экинчи тобу ошо кезде советтер бийлиги тарабынан кыргыз айыл-кыштагында өткөрүлгөн чараларга арналган жана совет өкмөтүн, анын жолун жактырып, элди ал жолго үндөгөн ырлар.

Биринчи топко Токтогулдун „Заманасы“, Жумалынын „Николай өкмөтү“, Абылкасымдын „Үч доору“ менен катар „Кыргыз турмушу“ „Жарды бай“, „Бай-манап“, „Эзген тап“ өңдүү толуп жаткан авторсуз ырлар кирет. Бул ырлар Калыгул-Кылыч мектебинин „Заманаларына“ окшоп, элди „илгеркинин адамы“ „эмдигинин адамы“ деп бөлбөстөн, бай, кедей деп бөлгөн, илгерки заман байлар, эзүүчүлөр заманы экендигин көрсөткөн ырлар эле. Маселен, Абылкасым орус падышасы келүүдөн мурунку доорду мындай сүрөттөйт:

„Сарбагыш менен бугусу,
Саяк, солто уруусу,
Моңголдор, черик азчылык
Букара экен мунусу.
Сарбагыш, бугу жааты
Залымдардын сааты,
Кадимки ушул жааттын
Калыптыр андан кааты.
Орустан мурун кандайдан,
Ормон менен Балбайдан,
Урууучулук күрөшү
Калган экен андайдан.

Көбү азын жем кылып,
Теңирге бербей кем кылып,
Манап менен баатырдын
Кылган ишин чын кылып.

. . . . . . . . . .

Манап, баатыр залымдар
Кишини берген калыңга,
Байтал үчүн баатырлар
Күйүп өлгөн жалынга.

. . . . . . . . . .

Эр өлтүрүп, кун доолап,
Өткөн экен ошолор
Найза кармап, жоо жоолоп...

. . . . . . . . .

Келиндери жүгүнүп,
Башын ийип бүгүлүп,
Жүгүнбөгөн келинден
Келген жери түңүлүп.
Май чүпөрөк шам жагып,
Мазар көрсө таң калып,
Бакшы менен молдого
Байкуш кыргыз алданып"

Башкача айтсак, илгерки заман манап, баатыр деп аталган „залымдардын" заманы эле. Баатырлары „эр өлтүрүп", „кун доолап", „найза кармап, жоо жоолоп", жаатчылык менен жашаган заман эле, аялдары жүгүнүп, эмгекчилер башын ийип бүгүлүп, эзүүнүн, караңгылыктын чеңгелинде калып, бай-манапка, бакшы, молдого жем болуп жашаган заман эле, дейт Абылкасым. Ал эми падыша бийлиги орногондон кийин кандай заман болду? Бул заманды Абылкасым мына мындай сүрөттөйт:

„Чыныбай менен Шабдан деп,
Чыныгы жакшы абдан деп,
Уруучулук күрөшү
Ошолордон калган кеп.

. . . . . . . . . .

Бий, старчын, болушу,
Бечарага чоң ушу.
Кара таман кедейдин
Кактап канын соруучу.

. . . . . . . . . .

Манап-байга балаа жок,
Букараны ыйлаткан
Полийса менен кызыл чок.

. . . . . . . . . .

Старчын, болуш, бийлери
Ат тарттырып, чапанды
Айыпка алып кийгени.

. . . . . . . . . .

Жаатташып безишип,

Букараны эзишип,
Томаяактын мойнуна
Тогуздан мал кесишип.

. . . . . . . . . . . . .

Чыгым салып кедейге
Манап, байга жалдантып,
Жардынын жалгыз атын жеп,
Таманынын акын жеп.

. . . . . . . . . . . . .

Чыныбай, Шабдан чен алып,
Багындырып эл алып,
Кан болдук деп кыргызга
Канын соруп жеп алып".

Ошол эле Николай заманын Жумаалы мына мындай сүрөттөйт:

„Бай-манаптын баарысын
Бечарага зор кылып,
Кедейлердин маңдайын
Кере карыш шор кылып.

. . . . . . . . . . . . .

Бир манапта жүз малай
Жүрө берген кем таалай,
Өтүп кетти далайы
Өмүрүнчө жыргабай.

. . . . . . . . . . . . .

Кайтарганың кой болуп
Тапталып байкуш кедейлер
Таманың кара чор болуп,

. . . . . . . . . . .

Түйшүктөн эми кутулуп,
Түш көргөндөй болдубу?"

Башкача айтсак, Николай заманында кедейлер аңдан бетер „кор болуп", „тамандары чор болуп", манаптар болсо, „чен алып", мурункудай эле „багындырып эл алып" жаткан заман эле, дешет Абылкасым менен Жумаалы. Ошондуктан булар жана буларга окшогон толуп жаткан эл акындары, Токтогул баш болуп, „Жашагын, кеңеш өкмөт"! деп ураан кыйкырып, октябрь революциясын зор кубаныч менен тосуп алышты. Анткени Абылкасым айткандай,

„Он жетинчи жылында
Ошондо болду өзгөрүш,
Өлгөнүнөн калганы
Жакшылыкты көз көрүш".

Андан ары эл акындары жакшылыкты ырдашты. Ошо жакшылыкка жеткирген большевиктер партиясы менен советтик өкмөттү куттукташты, бул партия менен өкмөттүн жолун жолдоп, ошол жолго элди үндөп ырдашты. Ошол кездеги ырлардын тематикасын текшерсек, эл акындары советтер өкмөтү ме-

нен бир жакадан баш чыгарып, анын бүткүл чараларына кол кабыш кылып келгенин көрөбүз. Ал кездеги акындарыбыздын тийбей өткөн маселеси аз. Советтерге каршы курал көтөрүп чыккан Колчакка каршы бирөөлөр ырдаса, экинчилери кыргыз эмгекчилерин жаатка бөлүп, бай-манаптардын чырагына май тамызып жаткан уруучулук-жаатчылык күрөшүнө каршы ырдашты. Үчүнчүлөрү кыргыз айылын кара булуттай каптап турган караңгылыкка, наадандыкка каршы чыгып, окуу-билим алууга үндөсө, төртүнчүлөрү мал катары сатылып, күң катары жүгүнүп жүргөн аялдар тендиги үчүн күрөшкө чакырып жатты. Ал эки ортодо пасевкомдун жумушу да, кедейлерге унаа, саан алып берүү маселеси да кооз сөзгө айланып турду. Бирок бүткүл ырлардын дээрлик мазмуну баарынан мурун бай-манап менен күрөшүүгө арналган болучу. Бай-манапты кыйраткыла, аны кыйратуу үчүн „баш кошкула! совет өкмөтүн чыңагыла!“ —мына башкы чакырык ушу болучу. Албетте, акындар ошо кезде эле бай-манаптардын эки жүздүүлүк тактикасын, тымысын арекетин элге билдирип турушту.

Маселен, „Кеңеш өкмөт“ деген ырдын бизге белгисиз автору бай-манаптардын тактикасын мындайча сүрөттөйт.

„Кагазга кат чийгендер,
Кедейдин тонун кийгендер,
Жүдөтүп жарды-жалчыны,
Жүрөгүнө тийгендер.
Өзүнчө доор сүргөндөр,
„Өкмөтүм“ деп жүргөндөр,
Манап, байдын жаатынан
Партияга киргендер.
Мурун жетип камынып,
Кой терисин жамынып
Куулуп чыкты „баатырлар“
Бетине көө жабылып...“

Мында кеп, кой терисин жамынып, партияга кирип алган бай-манап „баатырлар“ жөнүндө бара жаткандыгын көрүп олтурасыздар.

Ал кездеги ырлардын дагы бир бөтөнчөлүгү, алар толуп жаткан темаларга арналса да, мазмун жагынан бири бирине эң жакын болучу. Алардын баары дээрлик эмгекчилерге тийген боштондук жөнүндө айтып, бай-манаптар менен күрөшүүгө, советтер өкмөтүн чыңдоого үндөшө турган.

Тема жагынан ырлардын көбү „жаңы заман“, „жаңы өкмөт“— „кеңеш өкмөт“, „өзгөрүш“ деп, же „бай-манап“, „кедей-батрак“, „коммунист“ „жаштар“, „аялдар“ деп аталат. Булардан башка „кызыл аскерге“, „аз улутка“, „уруучулукка“ ж. б. арналган ырлар да бар.

Бирок жогоруда айткандай, булардын мазмуну окшош келет жана ар бир ырда өз темасына тиешелүү болбогон маселелер жөнүндө да айтыла берет. Маселен, бай-манаптардын эки жүз-

дүүлүгү жөнүндөгү жогоруда келтирилген ырды алсак, автор ошол эле ырда совет өкмөтүнүн эмгекчилерге берген боштондук, жыргал турмушун сүрөттөп өтөт. Көлөмү 250—300 жолго барган бул ыр көбүнчө мына бул жөнүндө сүйлөйт:

...„Адам бол деп үндөдү
Артта калган кыргызды.
Багын байлап баатырды.
Азат кылып катынды,
Жарыктыкка чыгарды
Жарды менен жакырды.
Батракты куткарды
Байдан жечүү тепкиден.
Жоготту кармап сойчууну,
Канын соруп тойчуну.
Жырга деп үндөйт коммунист
Жылкычы менен койчуну,
Бутуна кийген чарыкты,
Букара менен карыпты,
Акырында селбиди
Ачка менен арыкты.
Тоюндурду ачтарды,
Тарбиялап жаштарды".

Ушул эле темага Молдогазы Токобаев мына мындайча ырдаган эле.

„Көп азаптан куткарып,
Жолго салды бул өкмөт.
Ал заманды тебелеп
Орго салды бул өкмөт.
Жетим жесир байкушту
Жыйып алды бул өкмөт.
Чоң сүйлөгөн залымды
Тыйып салды бул өкмөт.
. . . . . . . . . . .
Көтөргүн жарды башың деп,
Кайрат айтты бул өкмөт.
Залымдын жолун тостуруп,
Кайра тартты бул өкмөт,
Жетишпеген жардыны
Жетиштирди бул өкмөт.
Ачылбаган жаштарды
Ачылдырды бул өкмөт.
Жаңы заман чыгарып,
Куюштурду бул өкмөт.
Жарды жалчы кайда деп,
Уюштурду бул өкмөт.
Коммунист атты күчөтүп,
Желек алды бул өкмөт.

Кадырлуу ата Ленинден
Белек алды бул өкмөт."

Ыр ушул түрдө „бул өкмөттү" кайталап олтуруп аягында

„Кеңеш өкмөт чыкканы,
Арылды кедей шорубуз,
Жылдан жылга күч алып,
Жашасын биздин чоңубуз".

деп бүтөт. Албетте, Молдогазынын азыркы ырлары кооздук жагынан да, айкындык жагынан да, бул ырдан көп жогору турат. Бирок ал кезде канчалык жалпы түрдө болсо да, өкмөттү куттуктап, кубаттап ырдоонун өзү эң чоң мааниге ээ болучу. Анткени жаңы гана пайда болгон совет адабияты, болуп жаткан окуяларды терең жана айкын кылып иштеп чыгууга үлгүрө албай турган. Бул табигий иш.

Ушул эле маселени „Уруят" деген, автору белгисиз ырда да жолуктурабыз.

Анда: „Жаңыдан кеңеш курушту,

Бай-манап иштен куулуп;
Акыйкат менен түзүктү
Адамдын баары туюнуп.

. . . . . . . . . . .

Алсыз начар сүйүнүп,
Бай-манаптар күйүнүп,
Келип турган замана."
„Адылдык сага жүгүрүп...

дейт. Ал эми „Аз улут" деген ырдын белгисиз автору да ушул түрдө ырдайт:

„Жаштык бүгүн келип тур,
Залымдын жаны күйүп тур.
Аз улутка энчилүү
Азаттыгын берип тур.

. . . . . . . . . . .

Ак сөөктүн баарысын
Айдап толук жеңип тур..."

„Батракка" арналган ыр аялдар теңдиги жөнүндө да сүйлөсө, „Аз улутка" арналган ыр ак сөөктөр жөнүндө да сүйлөп жатканын көрөбүз.

Ошону менен катар булардын бардыгы тең совет өкмөтүнүн көрсөткөн жакшылыгы, берген боштондугу жөнүндө да сүйлөйт жана советтерди чыңоого, бай-манап менен күрөшүүгө үндөйт.

Ал кездеги ырлардын мазмуну жөнүндө сүйлөгөндө мына төмөнкү учурду эске алуу керек. Ал ырлар идея жагынан, албетте, советтик духда болучу, бирок бир топ маселелерде эң жөнөкөй, чала түшүнүк көз караштарды да жолуктурабыз. Маселен, Жумаалы „Ленин такка мингени, Адил сурак баштады", дейт. Анан авторлордун көбү кыргыз элинин эзилишине башкы себеп, анын караңгычылыгы, билимсиздиги деп көрсөтүшөт. Ал-

бетте, бул башкы себеп эмес, бул эзилгендиктин натийжасы болот. Бирок ырлар негизинде советтер бийлигин кубатташат, ошонун жолуна үндөшөт.

Эң аягында коздук жана тил маселесине бир аз токтоло өтөлү. Бир аз токтоло өтөлү дегенибиз, бул маселени терең текшерип чыгууга мүмкүндүк болбоду.

Ал уактагы ырлар ичинде кыргыз адабиятына үлгү болгон Токтогулдун ырлары менен катар, жаңы гана ырдай баштаган акындардын уйкашма ырлары да бар эле. Тил жагынан революциянын биринчи күндөрүндө колдонулуп жүргөн бир топ орусча, арабча, өзбекче, татарча, казакча сөздөрдү жолуктурабыз. Кээ бир ырлардын тили „Аз улут" өңдөнүп, казак тилине кошулуп да кетет. Алар казакчадан алынган болуу тийиш. Башка улут тилдеринен „бечара", „камбагал", „уруят", „власть", „посевком", „товарыш", „бурадар" деген сөздөр көп жолугат. Булар кийинки адабиятта колдонулбай калды.

## АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВ

Эл акыны Алымкул 1894-жылы Кыргызстандын азыркы Киров районунда туулган. Атасы Үсөнбай өтө кедей адам болуп, үй бүлөсүн багуу үчүн байларга жалданып иштеп жүргөн.

Алымкул 12 жашка чыккан кезинде атасы өлөт. Анан бир аз убакыттан кийин энеси жана агасы өлөт. Ошентип Алымкул жетим калып, Салыбай деген туугандарынын колунда тарбияланат. Салыбай да байларга жалданып иштеп оокат кылган кедей адам болот. Ушундай шарттарда тарбияланган Алымкул бала кезинен эле өз эмгеги менен жашап келген. Ал 1936-жылга чейин Таластагы „Арал" колхозунун мүчөсү болуп, бир жагынан колхоз эмгегине активдүү катышып, экинчи жагынан, өзүнүн акындык талантын да советтер жолуна, колхоз курулушуна жумшап келди. 1936-жылдан тартып, ал Кыргызстандын Мамлекеттик филармониясында иштейт.

Адабият майданында сиңирген эмгеги үчүн Алымкулга СССР Жогорку Совети Эмгек Кызыл Туу орденин берип сыйлады. Алымкул азыр Кыргызстан Жогорку Советинин депутаты жана Кыргызстандын эл артисти.

Алымкул 25—26 жашка келген убакта акындыгын көрсөтүп, ырдай баштайт. Анын биринчи ырлары өзү өңдүү кедейлердин турмушуна арналып, аларда көбүнчө сүйгөндөр жана күйгөндөр жөнүндө, кедейлер тарткан азап, муң-зар жөнүндө ырдалат.

Алымкулдун акындык талантынын кеңири жайылышы Токтогулга жолуккандан кийин башталат. Токтогул Алымкулдун талантына жакшы баа берип, ага акындык искусствосунан көп таалим берет.

Ошентип, Алымкул күндөн күн өсүп, бүткүл Таласка маалым атактуу акын болот. Бирок революцияга чейин ал эң көп кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Анткени бай-манаптар аны өздөрү каалаган түрдө ырдатууга аракет кылышат. Анын кедейлерге, муңдуу турмушка арналган ырлары бай-манаптарга жак-

пайт. Алар, бай-манаптарды мактап ырда, деп талап кылышат. Алымкул бай-манаптарды мактоодон отказ кылам деп кордук көргөн учурлары көп. Бир жолу ошондой отказ кылган үчүн анын үй-жайын талап, өзүн өлтүргөндөй катуу сабап кетишет. Ал гана эмес, бай-манаптар Алымкулду басмачыларга белек кылып берүүгө да чечим кылышат. Граждандар согушу жүрүп турган кезде Таласка басмачылар келет. Бай-манаптар ал басмачыларды эң кубанычтык менен тосуп алып, бир күлүктү, бир жакшы кушту жана бир акынды—Алымкулду корбашыга тартуу кылмакчы болушат. Бирок эл Алымкулду жашырып аман алып калат.

Совет өкмөтү орногондон кийин гана Алымкул өз талантын өз оюндагыдай кылып, эмгекчил элдин жолуна кеңири жумшай баштайт. Ал Советтер өкмөтүн жана анын жолбашчысы улуу Ленинди куттуктап ырдайт. Кыргызстандан чоң манаптар айдалып, жер реформасы өткөрүлүп жаткан кездерде, Алымкул өтө шыктанып, бул окуяларга арнап атайы ырлар түзөт.

Алымкулдун акындыгы азыркы күндө да жаш кезиндегиден күчтүү болбосо, бош эмес. Ал күндөлүк темаларга арналган толуп жаткан ырларды жайнатып келетат. Анын эки ырлар жыйнагы чыккан эле. Эми азыркы Ата мекендик согушка арналган дагы бир жыйнагы чыкты.

Эл адабиятын жыйноо жагынан да Алымкулдун эмгеги зор. Ал эл жомокторун жана ырларын көп билет жана кооз кылып айтат. „Сарынжы-Бокой“, „Кожо-Жаш“, „Олжобай менен Кишимжан“ деген сонун эпостор жана „Жолборс минген адам“ деген балдарга арналган жомок Алымкулдун айтуу боюнча жазылып алынды. Алымкулдун октябрьдан кийинки ырлары бактылуу жыргал турмушту сүрөттөйт.

Ал: „Турмушту көрүп кубанып,
Турсунбу булбул сайрабай“
„Көөкөрдүн салып сүрөтүн,
Көрсөң сонун сырдаган.
Келин менен кыздары,
Эркиндик ырын ырдаган“ (Куттуктоо)

деп, турмушту сүрөттөп, ал турмушка жеткирген октябрь революциясын жана анын жолбашчылары улуу Ленин менен Сталинди куттуктап ырдайт.

Тема жагынан алганда, бул жыйнактарындагы ырларынын көбү тарихий адамдарга, тарихий окуяларга жана тарихий күндөргө арналган.

Ал: „Лениндин атын укканда,
Кубанган менин жүрөгүм.
Эл үчүн жаның аябай,
Эркиндик жолун күрөдүң.
Жанаша чыккан Сталин
Жаң дилиң менен сүрөдүң.
Ажыдаар менен арбашып,

Падыша менен кармашып,
Сындырдың кайрып билегин... „(Ленин)

деп Ленинге арнап. Анан:

„Эмгекчини баштап чыктың жарыкка,
Эрик бердиң бей бечара карыпка,
Акыл менен эмгекчиге жол баштап,
Атың чыкты бүтүн дүйнө тарихка“ (Улуу көсөм)

деп Сталинге арнап ырдайт да,

„Эй, Ала-Тоо, ачтык алтын кениңди,
Аксай, Соң-кол, Суусамырдай жериңди,
Колхоз, совхоз чарбаларын жайнатып,
Көрчү Ала-Тоо, дуулап жаткан элиңди“
(Сталиндик доордо)

деп Сталин доорундагы жеңиштерди сүрөттөйт.

Ал: „Учуп чыккан жер четинде уюлга,
Бел байлаган бенде барбас кыйынга.
Аэроплан асман менен жеткирип,
Алтын тууну жетип тиккен уюлга...“

деп түндүк уюлга биринчи баргандарды куттуктап жана

„Кабат-кабат муздарды
Каңтарышып, күч менен
Жарып келген ушулар.
Дүйнөдө киши жетпеген
Түндүктү бүтүн аралап,
Чалып келген ушулар...“

деп Папанинчилердин баатырлык эмгегин сүрөттөйт.
Ал кызыл аскерлерге арнаган ырларында, Кызыл Армиянын күч-кубатын, илим-техникасын, баатырлык-каармандыгын сүрөттөп келип,

„Бул жүрөгүм октой болуп атылат,
Бул окторум жоого каршы чачылат.
Калкым үчүн каным акса кайгырбайм,
Майдандарда бизди кимдер качырат?“

деп „Баатырдын антын“ берет.

Алымкул: „Аскасы бийик Ала-Тоо,
Атыр жыттуу жеринен,
Асыл ава, тунук суу,
Баатыр кыргыз элинен,
Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл,
Толкундаган көлүнөн,
Салам айттык Маскөөгө
Эмгекчи элдин көбүнөн“

деп Москва шаарына да арнап ырдайт.

Алымкулдун октябрьге, жаңы жылга, биринчи майга, шайлоого, Сталиндик Конституцияга, жаштарга жана аялдарга арна-

ган ырлары да ушул түрдө түзүлгөн. Булардын бардыгы тең Сталин доорундагы эркин, жыргал турмуш жөнүндө жана ал турмушту куруу үчүн жүрүп жаткан күрөш жөнүндө сүйлөп, ал күрөштү дагы эпкиндүүрөк, дагы күчтүүрөк жүргүзүүгө чакырат.

Бул жыйнактарында дагы колхоз курулушуна, табигатка жана турмуштук окуяларга арналган ырлар жана поэмалар бар.

„Таластын көрүнүшү“ деген ырында Алымкул Талас өзөнүнүн табийгат байлыгын, сулуулугун, андагы элдин жаңы турмушун сүрөттөйт. Мында ал:

„Айланасы кара тоо,
Башында аппак кары бар...
Алтай кызыл түлкүсү,
Адырында жойлогон.
Аркар менен кулжасы,
Аскасында ойногон...
Таң атканча шакылдап,
Талында булбул сайраган...

Таласта азыр „Толкуган колхоз эл орноп,
Тоо, талаасы гүлдөгөн“
экендигин, „Кар кетпес аскар салкынды,
Колхоздун малы өрдөгөн“
экендигин айтат жана:

„Камчы чаппас, чөп жебес,
Колхоздор миндиң жоргону,
Күүлөнүп жолго түшкөндө,
Оозу менен алышып,
Шофердин чарчайт колдору“

деп айылга кирген жаңы техниканы, ал техника негизинде дүрүлдөп өсүп жаткан чарбаны сүрөттөйт. Ошо сонун жерге, ошо эбегейсиз байлыкка ээ болуп, жыргал турмушта жашаган элди, ал элдин эркиндик ырын ырдаган „чолпон мандай, бото көз“ келиндерин, „алты сай бараң асынып“ жүргөн мерген жигиттерин ырдайт жана ошо элге „эрик берип... ырыс берип жыргаткан“ улуу Сталинди куттуктайт. Ошону менен катар Таластын табийгаты жайкы ысыкта, кышкы суукта, күзүндө жана жазында кандай өзгөрө тургандыгын сүрөттөп көрсөтөт. Анан Таласка „тандап келип жай салып,—Баатыр Манас жердеген“ экендигин айтып, Таластын кыргыз элинин тарихиндеги ролун да көрсөтө кетет.

„Эшектен жолборс“ деген, эл жомогунан алып түзүлгөн жана „Сайракан“ деген, турмуштук окуядан алынган поэмалары эзүүчү менен эзилүүчүнү, кедей менен байды беттештирип, кедейлердин өкүлү жеңип чыккандыгын көрсөтөт. Башкача айтканда эски турмушту сынга алып, ал кезде үстөмдүк кылган таптардын бетин ачат. Булар эмгекчилердин акыры барып жеңип чыга тургандыгын көрсөтүүчү фольклор түрүндөгү чыгармалар.

„Аккан суу“ деген ыры да эл адабиятынын образдарын кеңири колдонуп, табийгатты сүрөттөгөн сонун ыр.

Алымкулдун ырларынын үчүнчү жыйнагы орусча тилде чыкты. Бул жыйнакка кирген ырлар улуу атамекендик согушка арналган болуп, алардын кыргызчасы жазуучулар журналында жана „Кызыл Кыргызстан" газетасында басылып чыккан болучу.

Бул жыйнак „Ант" деп аталат. Ага киргизилген биринчи ырында Алымкул ата мекендин, биздин сонун өлкөнүн гүлдөгөн жерлерин, шаарларын, кыштактарын, ал жерлерде түзүлгөн ырыстуу турмушту жан-дили менен коргоого даяр экендигин билдирет. Бул жөнүндө ата мекенге, элге, улуу Сталинге ант берет.

Анан, экинчи ырында Алымкул „Согушуп жаткан баатырларды" куттуктап, аларды ата мекен үчүн каармандарча күрөшүүгө чакырат. Аларга байыркы да кыргыз элинин душмандар менен кандай кармашканын сүйлөп, баатырлыкка, каармандыкка шыктандырат. Булардан башка дагы Москвага арналган жана „Бардыгы аскерге" деген ырлар болуп, жыйнак „Биз жеңип келгенбиз жана жеңебиз" деген ыр менен бүтөт.

„Москва" деген ыры фашисттик каракчылардын Москваны алабыз деп мактанганына каршы жазылган. Бул ырында Алымкул:

„Баарчын түлөп, шумкар учкан зоосунан,
Алыстагы кыргыз Ала-Тоосунан"
Москвага кайрат айтып,
„Аябайбыз алтын жанды өзүндөн,
Кремльде каухар жылдыз мүрөгүм"

деп, кыргыз элинин Москва үчүн жанын берүүгө даяр экендигин билдирет:

„Биз жеңип келгенбиз жана жеңебиз„ деген ырында ата мекен үчүн орус элинин кылымдар боюнча баатырларча күрөшүп, родинага кол салган мыкачыларды талкалап келгендигин сүрөттөйт. Азыркы немец фашисттерине каршы жүргүзүлгөн күрөштөгү улуу орус элинин жана бүткүл совет элдеринин каармандыгын көрсөтүп фашисттерге каршы аёосуз күрөшкө чакырат.

Алымкулдун ата мекендик улуу согушка арналган ырлары өтө шыктуулук менен жазылган. Буларда ал өзүнүн бүткүл талантын жумшап, кыргыз элинин эң кооз образдарын, эң сонун салыштырмаларын колдонот. Мына бул жагынан алганда, анын биздин каарман учкучтарга арнаган, биздин учкучтарды барчынга салыштырган, „Барчын менен кулалы" деген төмөнкү ыры айрыкча үлгүлүү ыр.

„Салпылдап чыкты асманга,
Сарала моюн кулалы.
Караанын көрсө качырбай,
Кайраттуу барчын турабы.
Канатын күүлөп зыпылдап,
Качырып чыкты бул дагы...

***

Жандап берен өткөндө,
Жалп этип түштү кулаалы.

Канаттын мүрү үзүлүп,
Калдайып жерге кулады.
Текөөрү болот барчындын,
Тепкени кайра турабы...„

Алымкул эл акыны, ошондуктан анын ырларынын жанры, техникасы эл адабиятындагыдай. Анын „арноо", „мактоо" түрүндөгү түзүлгөн ырлары бул жыйнактарында башкы орунду ээлейт. Ырларында:

„Кара жерди как жарып,
Кайнап чыккан аккан суу.
Калкылдап жердин үстүнө,
Жайнап чыккан аккан суу" (Аккан суу)

дегендей кайталоо жана:

„Кол жетпес аска тоолору,
Кол менен урган коргондой,
Кар кетпес аска таштары.
Катарлап жыйып койгондой.
Кар эрип аккан суусуна,
Кара жер балкып ташкандай"... (Таластын көрүнүшү)

дегендей аллитерация көп жолугат.

## ААЛЫ ТОКОМБАЕВ

Аалы 1904-жылы Кыргызстандын азыркы Кемин району, Чоң-Кемин сельсоветинде туулган. Аалынын атасы батрак болуп, эң оор турмушта жашаган. Ошонтип, Аалы эң начар турмушту көрүп, ачтык-жылаңачтыкта өскөн. 1916-жылдагы козголоң менен байланыштуу окуялар Аалылардын үй-бүлөсүн бүт эле кыйратып кетет. Ал жылы эл менен Аалылар да үркүп, кытайга качышат. Ошо качып жүргөн убакта жана кытайдан кайткан кезде ачарчылык, оору жана башка себептер аркасында Аалы атасынан да, энесинен да, бир туушкандарынан да ажырап, бир өзү багуусуз калат. 1917—18-жылдардагы ачарчылык кезинде Аалы абдан кыйналып, ал кездеги кырсыктардын баарын башынан өткөрөт. Аалы 1923-жылга чейин көрүнгөндүн колунда малай болуп жүрөт. 1923-жылы совет органдарынын жардамы менен Ташкентке барып, окууга кирет. Аны бүткөн соң Орто Азиялык Коммунисттик Университеттин—САКУнун—даярдоо бөлүмүнө кирип, окуусун улантат. САКУну 1927-жылы бүтүрүп, Кыргызстанга келет. Ошо кезден тартып, ал адабият-маданият майданында иштеп келе жатат. Аалынын көбүрөөк иштеген жери „Кызыл Кыргызстан" газетасы, Кыргызстан мамлекет басмасы, анан Кыргызстан жазуучулар уюму болду. Ал 1928—29-жылдарда „Кызыл Кыргызстан" газетасынын редактору болуп турду. 1930—31-жылдары Кырмамбаста башкы редактор болуп иштеди. 1931-жылдан тартып 5-6 жыл Кыргызстан жазуучулар союзунда жетекчи кызматта иштеп келди. Азыркы күндө ал тил-адабият институтунда

иштеп турат. Бүткүл Союздук Совет жазуучулары уюму башкармасынын мүчөсү.

Аалы кыргыз алфавити чыга элек кезде эле жаза баштаган акындардын бири. Анын биринчи ырлары 1923-жылдары жазылган. Кыргыздын биринчи газетасы болгон „Эркин-Тоонун“ 1-санында Аалынын Ленинге арналган биринчи ыры басылган.

Аалы жогоруда айтылгандай, а деп ырдаганда фольклор өкүлү түрүндө чыкты. Анын биринчи ырлары жанр жагынан да, тил жагынан да, образ жагынан да ошо кездеги эл ырларынан эч айырмасыз болду.

Аалы эл творчествосунан чыгып өстү, бирок ал творчество менен байланышты үзгөнү жок. Ал өзүнүн творчествосунда негизинен азыркы адабият жанрларын колдонсо да, ошону менен катар эл адабиятынын жанрларын да, образдарын да эң сонун түрдө колдонуп келатат. Маселен, анын башкы чыгармасы болгон „Кандуу жылдар“ романындагы башкы баатырын түзгөндө, шексиз, эл адабиятынын түрүнөн, образынан пайдаланган. Ал эл адабиятындагыдай кылып өзүнүн башкы баатырын жана анын тулпарын кооздоп сүрөттөйт.

Жаза баштагандан бери Аалынын берген чыгармалары бир нече китеп болуп чыкты. Булардан 3-4 ырлар жыйнагы, бирөө поэма—„Туткун Марат“, бирөө роман—„Кандуу жылдар“. Ошону менен катар „Жапардын каны“ деген жазылып бүтө элек романынан үзүндүлөр да басылды. Мындан башка кийинки жылдарда „Днестр терең деңизге куят, „Жараланган жүрөк“ деген повесттерди жазды. Ал Пушкиндин айрым ырларын да кыргызчага которду.

Аалынын чыгармаларынан „Днестр терең деңизге куят“ менен „Жараланган жүрөк“ кара сөз менен жазылган. Аалыны эл проза чебери катарында эмес, поэзия чебери катарында көбүрөөк билет.

Тематика жагын алганда, Аалы—баарынан мурда, кыргыз айлынын акыны. Анын чыгармалары көбүнчө кыргыз айыл-кыштагындагы социалисттик курулушка арналган.

Аалынын тематикасы күндөлүк турмуш менен тыгыз байланыштуу, саясы жагынан эң актуалдуу. Эгер анын ырларын алып карасак, ал ырлар партия менен өкмөттүн чаралары менен кошо чыгып олтургандыгын көрөбүз. Маселен уруучулук-жаатчылык күрөшүнө каршы чыгуу эң актуалдуу болуп турган кезде, Аалы „Мен чалкан“ деп жаатчыларга каршы ырдайт. Колхоз курулушун чыңоо үчүн атка минерлер менен катуу күрөш жүрүп жаткан кезде, Аалы өзүнүн „Калпакбай“, „Атка минер“ деген ырларын жазды. Аалы өзүнүн ыры менен динге каршы пропаганданы да катуу жүргүздү. Колхоздорду чыңоого, колхоздун коомдук мүлкүнө коммунисттик мамиле кылууга, эмгекти күчөтүүгө чакыруучу ырлар жазды.

Ата мекендик согушка карата, гитлердик фашизмдин бетин ачып, аны жер жүзүнөн жок кылуу үчүн бүт бойдон көтөрүлүп, Кызыл-Армияга жардам кылгыла, партиянын тегерегине топтолуп душманды жок кылгыла, деп бир топ ырларды жана пьеса жазды.

Аалынын ырларында лирика, шексиз, чоң орун алат. Аалыдан саясы лирикадан тартып, сүйүүгө, табийгатка, өмүргө арналган лирикалык ырларды табабыз.

Анын „Кыргызстан“ „Капарга кат“ өңдүү социалисттик курулушка жана эмгекке арналган ырлары, Ленинге, Сталинге деп, партияга жана жолбашчыларга арналган ырлары, „Күн бүгүн“, „Жаш большевиктерге“ деп жазылып, революцияга жана социалисттик курулуштун авангардына арналган ырлары—негизинен, күндөлүк саясатка байланыштуу ураан көтөргөн ырлары чыгармаларында башкы орунду алат. Буларда Аалы күндөлүк милдеттерге жараша күрөштү жана турмушту сүрөттөп ырдайт. Маселен „Кыргызстан“ деген ырында:

„Кыргызстан,
Турагы кең Тянь-Шань
Алтын, пахта
Түлүккө мол, жери дан“...

деп, сүрөттөп келип:

„Эң чоң жумуш,
Саясы иш, партиянын билими.
Мүчөлөргө өтсүн,
Маркс илими,
Пролетардан
Колхозчудан торолуп,
Партияга,
Жүздөп болсун кирими.
Так ошондо
Тап күрөштүн
Билими,
Айкындалат
Ук, баатырлар
Тигини“

деп үгүттөй кетет. Же болбосо, „Жаш большевиктерге“ деген ырындагыдай:

„Биз большевик,
Жаралганбыз жеңишке,
Биз большевик,
Жеңе жүргөн жеңиште,
Биз жеңебиз,
Биз жеңгендин балдары.
Кана кайда?
Кимдер чыгат жеңишке?
Эңишебиз,
Жеңишебиз,
Жеңебиз“

деп, чакырык салат.

Аалыда табийгатка арналган бир топ ырлар бар. Аалы да баарынан мурда, табийгаттын же сулуулугун, же каардуулугун сүрөттөйт. Анын сыпатына, салтанатына токтолот. Жаз кези эң сулуу, эң сонун түрдө сүрөттөлөт („Июньдагы бир элес"). Бирок ошону менен катар Аалы „Күздүн батар күнүндө" да толуп жаткан сонундарды табат.

„Сап сары алтын, түлкү бермет,
Сансыз талаа келбети.
Сарылыкка түсүн бербейт,
Бедер беде бир чети...
Жерде жемиш, эмгектүү үн
Жер толкутат тер менен"

деп, күздөгү табийгаттын сулуулугун да, жердеги жемишти да сүрөттөйт. „Мейкин бороону" бар кыштын „чексиз долу, сыры терең" экендигин ырдаса да, аны бир түшүнүксүз, коркунуч кубулуштай көрбөйт. Кайра:

„Кең мейкин бороонум" деп оолугарсың,
Оюнча Тянь-Шаньдай тоо жыгарсың,
Жайында жаштай тамчы бербесең да,
Эмгектүү өз колуман соолугарсың" дейт.

Какшык ырлары да Аалынын творчествосунда көрүнүктүү орунду ээлешет. Айрыкча, анын „Жарамазан", „Калпакбай", „Атка минер" деген ырлары өз кезинде чоң роль ойноду жана азыркы күндө да, саясы курчтугун жоготпойт.

Аалынын сүйүү, үй-бүлө маселелерине, балдарга, эл аралык окуяларга арналган ырлары да бир топ.

Анын эл аралык окуяларга арналган ырлары, маселен, „Эне", „Байлар өлкөсүндө" өндөнүп, биринчи кезекте андагы эмгекчилердин оор турмушун сүрөттөйт жана бул турмуштан кутулууга бет алган күрөшкө үндөйт.

Аалынын „Тууган эл" деген кийинки ырлар жыйнагына жогоруда айтылган ырлардын бир катары кирген жана лирикалык ырлары атайын бөлүм кылып берилген.

Мындагы лирикалык ырларынын көбү өмүргө, сүйүүгө арналган жана акындын турмуш жөнүндөгү, өзүнүн милдети жөнүндөгү көз караштарын баяндаган ырлар.

Мында Аалы:

„Мен анда, бай чечекей — эселекмин,
Жайнаган гүл түрүнө жете элекмин.
Чырылдап, чымчык менен бирге чуркап,
Уянын саясынан кете элекмин"
(Жооп кат)

деп жаштык кезин эскерип, анан:

„Ок экен го бир атылган жашчылык,
Ошондуктан калемге айтам сырымды"
(Өмүргө)

деп ал жашчылыкты ырдайт. Бирок ал өмүрдүн—жашчылыктын өтүп баратышына арман кылып гана калбайт, кайра мындан:

„Бул турмушту гүлдөтпөсөм,
Кайда менин кымбатым?
Турмуш сырын чече албасам,
Тыйын менин сымбатым“
(Акын кыялы)

деген туура кортунду жасайт. Дагы:

„Ал — дозок күн, алыс калды кесилип,
Ал—жаш жетим, булбул болду жетилип“
(Москва жолунда)

деп азыркы жыргал турмушта өзүнүн булбулдай сайрап турганын айтат.

Кыскасы, Аалынын бул ырларда айткан арманы — турмуштан нааразылыктын арманы эмес, кайра азыркы ырыстуу турмушка көбүрөөк, активдүүрөк катышсам деген арман.

Аалы сүйүү жагынан да арман кылат. Бирок мында да анын арманы сүйүүнү танган арман эмес. Ал:

„Түбөлүк сүйүү түз болуп,
Ошентип өтсө ашыктар...
(Гүл менен булбул)

Сүйөмүн мен, өлсөм дагы танбаймын,
Сүйгөнүмө өлгөнүмчө канбаймын...
(Сүйгөнүмө)

деп түбөлүк, терең сүйүүгө чакырат.

Аалы дагы:

„Табийгат чиркин тил алса,
Кызыл гүл болуп жайнасам.
Болбосо гүлдүн ашыгы,
Жаш булбул болуп сайрасам“
(Тил алса)

деп арман кылып, анан:

„Оштонгон көйрөң сулуудай,
Бүркөйсүң аппак булутту.
Токтосоң боло тынчып жай,
Сүйбөйсүң неге турукту“...
(Айга)

деп, айды жемелеп, жана:

„Өзүмдөн өзүң жаралып,
Качасың неге көлөкө?
Качканың менен закымдап,
Кетпейсиң үчуп бөлөкө“
(Көлкө)

деп көлөкөсүн кекетип, табийгат менен айтышып, аны да бүт жеңип алмак болот.

Аалынын бул лирикалык ырлары, турмушту түп тамырынан кайра куруп, табийгатты да адам баласына кеңири багынууга бет алган биздин Сталиндик доордун духун толук көрсөткөндүгү шексиз.

## „КАНДУУ ЖЫЛАР"

**Романдын формасы жана сюжети.** Форма жагынан „Кандуу жылдар" эпос жанрынын эң жогорку түрүнө кирет. Ал—ыр менен жазылган роман.

Роман—кыргыз элинин 1916-жылдагы падышага каршы көтөрүлүшүнө арналган социалдык-тарыхий чыгарма.

Роман а дегенде көтөрүлүш алдындагы шартты сүрөттөйт. Анда, бир жагынан, согушка кыргыздан адам алуу үчүн падыша чиновниктеринин камынганы, экинчи жагынан, эзүүчүлөргө, өзүнүн турмушуна катуу наразы болгон элдин аракетке келиши, солдатка адам берүүдөн баш тартышы жана көтөрүлүшкө камданып, куралданган учуру көрсөтүлөт.

Көтөрүлүштүн башталган кези сүрөттөлөт. Мында болуштарды, бийлерди уруп, мөөрлөрүн тартып алуу, солдатка алынуучулардын тизмесин тытуу, төрөлөрдү, чиновниктерди өлтүрүү, почтолорду талоо өңдүү окуялар жөнүндө айтылат.

Анан кийин, көтөрүлүштүн жүрүшү сүрөттөлөт. Мында кол курап, орус пасёлокторуна кол салуу, падыша аскерлери менен беттешип атышуу, чабышуу учурлары көрсөтүлөт.

Андан ары, көтөрүлүштүн жеңилиши жана кытайга качуу жөнүндө айтылат. Мында чыккынчы бай-манаптардын жардамы менен падыша аскерлери көтөрүлүш колун жеңип, куралсыз элди кыргандыгын, элдин жер-сууну, мал-мүлктү таштап, кытайды көздөй качкандыгын, кыскасы жеңилүү, качуу, кырылуу картинасын көрөбүз.

Автор өзүнүн „жазуучудан" деген кириш сөзүндө өз максатын мындай деп түшүндүрөт.

„Калың эл мага замандаш,
Өнөрман, актёр, каламдаш,
Кайгылар баскан өткөн күн,
Кыргынды айтам, кандуу жаш...

*
* *

Ким билет ошол кыргынды?
Ким билип, кимге сыр кылды?
Бул эмгек элес кыла алса,
Эрмектей кетер миң жылды"...

Ошентип „кыргынды", „кандуу жашты" элестетүү автордун башкы максаты болуп, чынында чыгарма окуялардын ушу жагына көбүрөк токтолот. Токтогондо да „кыргындын" сүрөтүн натуралисттерче так кылып, майда-чүйдөсүнөн өйдө калтырбай көрсөтөт.

Кала берсе, „Коркунучтуу көрүнүш“ деп атайы бөлүм киргизип, талаада чачылып жаткан өлүктөрдү да сүрөттөп өтөт. Ошентип, автор козголоң чыгарган элдин баатырларча күрөшүн көрсөтүүгө караганда, анын кыйрашын, кыргынга учурашын көбүрөөк көрсөтөт.

**I. Тарихий фактылар жана социалдык маселелер.** Романда сүрөттөлгөн окуялардын бардыгы жазылгандай түрдө жана тартипте болгон эмес. Бирок булардын бардыгы тарихий чындыкка ылайык. „Кандуу жылдарда“ сүрөттөлгөн картинаны алып, көтөрүлүштүн жүрүшү жөнүндөгү маалыматтар менен салыштырып көрсөк, көтөрүлүштүн картинасы негизинен туура жана так берилгендигин көрөбүз. Бирок бул Кыргызстандын бүткүл райондору үчүн мүнөздүү картина эмес. Бул баарынан мурда, Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүндөгү көтөрүлүштүн картинасы. Ал эми Чүй менен Ысык-Көл өрөөндөрү көтөрүлүштүн эң кайнаган жери болгондуктан, Аалынын сүрөттөгөн картинасы жалпы көтөрүлүш үчүн типтүү картина боло алат. Ошону менен катар кээ бир айрым окуялар жана адамдар тарихий түрдө алынып көрсөтүлгөн, башкача ойтсак, ал окуялар жана ал адамдар чыныгы болгон.

Көтөрүлүштүн башталган учуру, болуштарды уруп, мөөрлөрдү тартып алуу, тизмелерди тытуу ж.б.—көтөрүлүш чыккан райондордун бардыгында негизинен Аалы жазгандай түрдө болуп өткөн.

Көтөрүлүштүн жүрүшү, жеңилиш, кытайга качуу окуялары да так Аалы жазгандай болуп өткөн иштер. Автор мында бүткүл жердеги окуялардын мүнөздүү жерлерин алып, өзүнчө тартипке салып жазган жана өзү түзгөн образдарды киргизген.

Романдагы Канат кан, Жантай, Чолпонкул, Магуев деген манаптар жана болуштар чынында болгон адамдар жана алардын көтөрүлүш менен байланышы да болгон. Көтөрүлүшчүлөрдүн колго мылтык түшүрүп алганы, Канаттын кан болгондугу, Чолпонкул менен Жантайдын падыша чиновниктерине элди кармап беришкени жана элдин Ак-Сууда кырылгандыгы болгон тарихий окуялар.

Ошентип, роман 1916-жылдагы окуялардын тарихий картинасын туура жана мүмкүн болгончо так берет. Бирок тарихий фактыларды, тарихий адамдарды көрсөткөндө да, алардын социалдык мазмунун, социалдык бетин ачып көрсөтүү керек эле. Ал эми романдагы дунган болушу Магуев солдатка алынуучулардын тизмесин берүүдөн отказ кылганы үчүн камакка алынат. Демек аздыркөптүр көтөрүлүш тарабында болуп чыгат. Чынында ал бир болуш жана эч качан эзилгендерге тилектеш болгон эмес. Ошондуктан аны романга киргизүүнүн да кереги жок эле.

Роман бизге ошо кездеги негизги социалдык маселелерди да ачып көрсөтөт. Роман баарынан мурда ошо кездеги таптардын күрөшүн жана эмгекчилердин интернационалдык байланышын сүрөттөйт. Эзүүчүлөргө каршы, орустун падышасына жана кыргыздын бай-манаптарына каршы күрөшкөн кыргыздын жана орустун эзилген эмгекчилери—көтөрүлүш чыгарган кыргыз эли жана ага тилектеш болуп жардам берген орус солдаттары менен дыйкандары романдын башкы баатырлары.

Анан, роман көтөрүлүштүн өзүн алып, анын улуттук-боштондук мүнөзүн жана анын чыгышына себеп болгон социалдык шартты көрсөтөт. Кыргыз элинин падыша тарабынан да, бай-манаптар тарабынан да чексиз эзилиши, жер-суудан, мал-мүлктөн, адамдык укуктан ажырап, чыгымдын, кысымдын астында калышы, мунун үстүнө жаштарды фронт-тыл кызматына ала баштоо—мына булар көтөрүлүштү козгогон себептер болду. Бул абалдан кутулуу үчүн биринчи кезекте падыша өкмөтүнө каршы чыгуу, мына, бул-анын мүнөзү. Муну биз романдан, айрыкча, башкы бөлүмдөрүнөн көрөбүз. Анда автор элдин өзүн сүйлөтүп, ушул себептерди санап берет.

Аалы 1916-жылдагы көтөрүлүштү туудурган шартты „Тар заман“ деп атап, эл ырчысынан да ырдатып берет. Ал заман жокчулук, тарчылык, укуксуздук заманасы. Ырчынын сөзү менен айтканда, ал өткөн заман:

„Карасак ушул тар заман,
Кайгылар баскан зар заман
Кайран эл минтип кан жутуп
Кабыктай катып чарчаган.
Айрылдык суунун шарынан,
Ажырап жердин баарынан,
Айранда болдук, темселеп,
Азапка түшүп жаңыдан...
Жалдырап жарга жабышкан,
Жарканат болду, биздин жан,
Жаралуу болгон кийиктей,
Жарылып акты кочкул кан...
Кокуйлап чийге жашынып,
Коёндой болдук, басынып,
Кожоюн чоңдор койдон көп,
Кортондоп үрөт асылып...
Чыгымдар басып калкымды,
Чыгарып жатат тарпымды,
Чынардай болгон балдарга,
Чыйралып башаа, талпынды.
Ботосу өлгөн ингендей,
Боздобой калсак болгону,

Ошентип, автор „суунун шарынан“, „жердин баарынан“ ажыраган жана „жаралуу кийиктей“ болуп, „койдон көп“ чоңдордун кысымында калган укуксуз турмушту сүрөттөп, көтөрүлүштүн чыгышына себеп болгон шартты көрсөтөт.

Роман көтөрүлүштүн жеңилишинин себептерин да көрсөтө кетет. Көтөрүлүш уюмдашпаган түрдө башталып, баш-аламан түрдө жүрөт. Көтөрүлүшчүлөрдө курал да жок, аскер ишин билген башчы да, саясы жетекчилер берген уюм да жок. Анын үстүнө бай-манаптар чыккынчылык кылат. Көтөрүлүштүн жеңилишине ушулар себеп болушкан. Муну көтөрүлүштүн жүрүшүндөгү окуялар айрыкча ачык көрсөтөт.

Романдагы окуялардын кайсынысын гана алсак да, көтөрүлүштү баштоочулар жана аны жүргүзүүчүлөр эмгекчил эл болгондугун көрөбүз. Романдын башкы баатырлары да ушуну көрсөтөт.

Эң аягында, көтөрүлүш алдынан да, көтөрүлүш мезгилинде да бай-манаптардын көтөрүлүшкө каршы болгондугун жана ага чыккынчылык кылгандыгын көрөбүз. Алардын элди падышага кармап бериши, эмгекчилерди куралсыз калдырышы өңдүү толуп жаткан фактылар муну далилдейт.

Жыйынтыктап айтканда, роман бизге көтөрүлүштүн таптык, интернационалдык жана улуттук-боштондук мүнөзүн, көтөрүлүштүн чыгышынын жана жеңилишинин себептерин, көтөрүлүштү кыймылдаткан күчтөрдү жана бул көтөрүлүштө бай-манаптардын чыккынчылык кылгандыгын көрсөтүп берет.

**Адамдардын образы.** Чыгармада башкы орунду ээлеген баатыр—көпчүлүк көтөрүлүшчүлөр массасы. Романдын сюжети ушул көпчүлүктүн кыймылын, аракетин, оюн, пикирин сүрөттөөгө арналган. Роман бул көпчүлүктүн „кемеге башында кейип" олтурганын, көтөрүлүшкө „даярдык" көрүп, „курал" камдаганын, „тартышуу" кезинде бий, болуштарды сабаганын, „туткундар" катарында кыргынга учураганын, падыша аскерлери менен „бетмебет" кармашканын, эң аягында жеңилип, „өрт ичинде" калганын сүрөттөйт.

Аалынын сүрөттөгөнүнө караганда булар „Сексендин сегизине жетсе да, жылкынын семизине мине элек" кедейлер. Булар:

„Чыгым деп толуп кетти далай мыкты
Күн санап жерден, суудан журдай болуп,
Акыры мына мындай тоого сыкты.
Мал бүтүп, дукабадай жер да кетип,
Көздө сел, жүрөк кайгы, майышты бел.

дешет. Булар.

„Башаага ат да бердик, тон да бердик,
Аргамжы, байпак, мээлей, чом да бердик,
Көпчүлүк көйнөгү жок калса дагы
Чыдабай, баарын сатып, сом да бердик".

дешет. Булар:

„Акыры асыл жанды алмак болуп,
Кайгыны кабат-кабат салмак болуп,
Боздотуп, ок оозуна жибермекчи,
Буга ким чыдай койсун, макул болуп".

деп, бай-манаптарды болуштарды талкалап, падышага каршы курал көтөрүп чыккан баатыр эл.

Булардын колдорунда:

„Чоюн баш, шылк этмелер, түркүн асапап".

„Кээсинде темири жок жалаң каскак".

болсо да, падышанын замберегинен, пулемётунан жана мылтыгынан коркпостон, „Үйөрдөй коңторулуп, каптап калган"

баатырлар. Аалы бул толуп жаткан баатырларды жеке-жеке алып көрсөтпөйт. Алардын атын атабайт, сымбатын сынабайт, мүнөзүн сүрөттөбөйт. Муну алардын башынан өткөн окуялар эле көрсөтүп турат. Чыгарма биринчи кезекте мына ушу көпчүлүктүн эзүүчүлөрдү кандай жаман көргөндүгүн, өз элин, өз журтун кандай сүйгөндүгүн, күрөштө кандай эр жүрөк жана баатыр болгондугун сүрөттөйт. Эң алдыңкы идеяларга үндөйт.

Чыгармада аздыр-көптүр толук берилген образ Алымкулдун образы. Алымкул көтөрүлүшчүлөрдүн чыныгы жетекчиси. Аалы бул образды эл адабиятынын түрүнө салган. Алымкул да эл адабиятынын баатырлары өңдөнүп, баарынан мурда сулуу, баатыр, кайраттуу „эрдин эриндей; шердин шериндей" жигит. Ал:

„Көкүрөк жайык арстан,
Көсөлдөр менен алышкан;
Сымбаты чымыр, орто бой,
Сапталып койгон барыскан.

Сүйлөсө сөзү булбулдай,
Сынтага сүйлөйт ургандай;
Алагар көзү жалтанбай,
Ажалга карап тургандай".
„Ачуусу келсе күлгөндөй,
Алышкан жоосун сүргөндөй,
Кылыгы кырдан ашкандай,
Кайраты кыян ташкандай".

Ал гана эмес, Алымкул чынчыл, ак жүрөк,

„Алысты—алыс билбеген,
Арамза сөзгө кирбеген
Искендер сурак кылса да,
Ичинде арам жатпаган"

жигит. Кыскасы:

„Алымкул эрди көргөндө,
Ар кимдер айтат дөң-дөңдө,
От жүрөк баатыр ушундай,
Ордума калса өлгөндө"

Бирок ошону менен катар Алымкул саясы күрөшчү. Ал

„Эркиндик, тендик эшигин
Эңкейип, өзү түргөндөй"

Анткени Алымкул эмгекчил үй-бүлөөдөн болуп, бийлерден көп кордук көргөн. Анын колуктусу „Кара көз, шыйкырлуу сөз" Жамалды Төлө бий тартып алып, инисине берет. Эки ортодо болгон тартыштын натийжасында Алымкул Сибирге айдалат да, „Алты кат кар эрип; алты кат гүлдөр жайнап, булбул сайрап болгондо" кайра элге келет. Ал өзү жөнүндө мындай дейт:

„Кармаштым бийлер менен он жетимден.
Күнүм жок, өмүрүмчө бир жетилген.
Туткундан качып келдим эл сактады,
Кутулбай турбаймынбы милдетимден?
Калың эл, өзүң баштап, бир жыл сактап,
Ар кимге бердирбедиң, аман сактап,
Азыр мен жыйырманын төртүндөмүн,
Өлөмүн эл эмгегин бүгүн актап!"

Чынында да, ал элдин эмгегин актайт. Ал кемеге башында эле:

„Табышмак солдат кылып алат деген,
Солдатка биздин кыргыз барат бекен?"

деп, эле кайрат айтып чыгат да, анан элди баштоочулардын бири болуп, эл четинде, жоо бетинде жүрөт.

Ал саясы жагынан да башка жигиттерден жогору турат.

Анткени сибирде жүргөндө

„Бир курдашы план сызып,
Келечек падышасыз, бийсиз болот,
Бул турмуш кыйрайт—деген—жетти бышып".

дегенин уккан.

Булар менен катар Аалы эл душмандарынын образын берет. Булар бай-манап, бий, болуш, молдолор; булар төрөлөр, чиновниктер, начальниктер, кулактар. Булар турмушта эгоист, күрөштө коркок, саясатта чыккынчыл канкорлор. Булардын кылган иши куралсыз элди кыруу, талоо, эзүү. Мында эки жүздүү, чыккынчыл бай-манаптар атайылап көрсөтүлөт. Булар адегенде көтөрүлүшкө каршы болушат. Бирок бардык жерде элдин көтөрүлгөнүн укканда:

„Бул кабар, ажы бийге октой тийди,
Жилигин чагып турган чоттой тийди.
Эзелки кандан бүткөн байлык кетип,
Колунда суралган эл жоктой тийди".

Ошондуктан алар элди алдап, окуяларды өздөрү каалаган жакка буруу үчүн, көтөрүлүшкө кошулумуш болушат. Бирок алар ар бир адымда чыккынчылык кылышат. Куралдын жакшысын ээлеп алышып, уруш кезинде колдун артында, качкан кезде көчтүн алдында жүрүшөт. Чолпонкул, Жантайлар болсо, өз элиндеги көтөрүлүшчүлөрдү падышага кармап беришет. Канат кан да өз камын жеп, калың элди отко салат.

Эң аягында, кыргыз эмгекчилерине—көтөрүлүшчүлөргө тилектеш болгон орус дыйкандары жана орус солдаттары көрсөтүлөт. Бул интернационалдык типтер толук көрсөтүлгөн эмес. Алымкулду жана айрым козголоңчуларды өлүмдөн куткарган бир нече солдат бар. Бирок булардын аты, заты, тарихи белги-

сиз. Көтөрүлүшчүлөрдүн колуна түшүп, манаптар өлтүрөбүз деген жерде, Алымкулдар аман алып калган, Антон деген бир орус дыйканы көрсөтүлөт. Ал:

„Биз дагы боштондукту сүйгөн жанбыз,
Биз дагы төрөлөрдөн күйгөн жанбыз.
Турагы мындан алыс, жерим Семей,
Темирчи баласынан, өзүм кедей.
Жан кыям силер менен кошо жүрөм,
Урушка качан кайда чыккан сайын“

деп, көтөрүлүшчүлөргө кошулуп, колунан келген, кеңешин берип жардам кылат.

**Адабият формасынын бөтөнчөлүктөрү.** Чыгарма эпос жанры болсо да, анда лирика жана драматургия элементтери көп жолугат. Маселен, автор окуяларды сүрөттөп келип, көбүнчө ал жөнүндө өз көз карашын айтып, өз баасын берип кетет жана башкалар.

Романдын творчество жагына эл адабиятынын таасири абыдан чоң. Образдар түзүүдө, согуштун жүрүшүн сүрөттөөдө, кала берсе турмушту көрсөтүү жагынан да романда эл, жомокторунун—эпостордун түрү колдонулат. Маселен, Аалы чыгармасынын башкы баатыры Алымкулду жана анын минген атын эл жомокторундагыдай кылып сүрөттөп ырдайт. Жомоктордо уруш кези сүрөттөлгөндө ар качан баатырларды атайылап бөлүп көрсөтүшөт. Аалы да падыша аскери менен беттешкен кезди сүрөттөгөн жеринде, Алымкулду баш кылып, жигиттерди—баатырларды бөлүп көрсөтөт. Анан турмушту сүрөттөгөндө, Арстанбек, Кылычтарды туурап, эл ырчысына „Тар заманды“ айттырат. Романда аллитерация да кеңири колдонулган.

Башкача айтсак, Аалы эл адабиятынын түрлөрүн алып, адабияттын эң жаңы жанры менен байланыштырып, өркүндөткөн. Бул романдын кооздугун дагы күчөтүп, аны элге дагы жакыныраак кылат.

* * *

Аалынын калган чыгармаларынан „Жапардын канына“ токтолууга азыр мүмкүнчүлүк жок. Анткени—ал толук иштелип бүткөн эмес.

## „ТУТКУН МАРАТ“

Бул чет элдик жумучулардын капиталисттерге каршы күрөшүнө арналган поэма.

Мында жумушчулардын демонстрация жасап, кызмат акыны көтөрүүнү талап кылышканы жана ал демонстратцияны таратып, жумушчуларды камакка алышканы өңдүү чет эл жумушчуларынын тап күрөшүн көрсөткөн картиналар сүрөттөлөт.

Поэманын башкы баатыры—Марат. Ал жумушчулар капиталисттерге каршы чыкканда, демонстрациялар уюштурганда көп-

чүлүктү баштоочу жетекчилердин бири. Аны байлар өкмөтү кармап, түрмөгө салат. Анан суд кесе турган болгон учурда, Маратты жолдоштору куткарып кетишет.

Чет элдеги жумушчулар кыймылынын саясы багытын жана күрөш формаларын көрсөтүү жагынан поэма шексиз кымбаттуу чыгарма. Бирок автор ал жумушчулар жашаган шарттарды атайы көрүп, үйрөнбөгөндүктөн, окуялардын социалдык мазмунун гана берген. Окуялар жана образдар турмуштагыдай кылып сүрөттөлбөгөн.

Аалынын „Днестр деңизге куят" деген повести да капиталисттердин кол астында эзилген эмгекчилердин күрөшүн сүрөттөйт. Бул чыгарма Польша пандарынын кол астында болуп, кийин советтер өкмөтү бошотуп алган райондордун турмушуна арналган.

„Жараланган жүрөк" повести кыргыздын бир эмгекчил бүлөсүнүн тарихин көрсөтөт. Анын революциядан мурунку авалын, көрсөтүп, ошо кезде „жараланган жүрөктүн" жарасын советтер өкмөтү айыктыргандыгын, советтер өкмөтү кезинде ал үй бүлөөнүн гүлдөп, жыргалдуу жарык турмушта жашагандыгын сүрөттөйт.

„Токойдун кожоюндары" деген пьеса азыркы согуш авалына байланыштуу коргоо темасына арналган. Мында Аалы совет адамдарынын душманга каршы кандай күрөшкөндүктөрүнүн бир картинасын көрсөтүп, родина үчүн жан аябай баатырларча күрөшкөн эр жүрөк кыздардын, эрлердин образын берет.

## ТОКОБАЕВ МОЛДОГАЗЫ

Молдогазы 1905-жылы Кыргызстандын азыркы Ысык-Көл районундагы „Торайгыр „деген жерде туулган. Атасы кедей-дыйкан. Молдогазы жашынан жетим калып, көрүнгөндүн кызматын кылып өскөн. Ал 1917-жылдан 1922-жылга чейин батырак болуп жүрөт. Ушул жылдарда комсомолго кирип, 1926—30-жылдары мурунку Каракол кантонунда комсомолдун жетекчилик ишинде болот. 1931—32-жылдардан тартып партия ишинде, саясы бөлүмдө, басма сөз органдарында жана филармонияда иштеп келди. Азыркы увакытта Кыргызстан Жогорку Совети президиумунун председатели.

Маданият жана искусство ишинде ийгиликтүү эмгек кылгандыгы үчүн жолдош Молдогазыны СССР Жогорку Советинин Президиуму медаль менен сыйлады.

Молдогазы эң мурун чыккан акындарыбыздын бири. Анын биринчи ырлары эл адабияты катарында жазып алынгандыгын жогоруда айткан элек. Ошондон бери калемди таштабай жазып келе жатат.

Молдогазы ырлар жана пьесалар берди. Анын 1931-жана 1938-жылы басылган ырлар жыйнактары „Какей" деген пьессасы жана „Комсомолка" деген поэмасы бар. Мындан башка, басыла элек, бирок коюлуп жүргөн, эки пьесасы бар—„Темир Болот" жана „Калийпа".

Тематика жагынан алганда, Молдогазы Кыргызстандын өткөндөгү турмушун да, азыркы социалисттик курулушун да, Кыргызстандын түштүк райондорун да, түндүк райондорун да көрсөтөт. Булардын ичинен аялдар теңдиги тематикасы башкы орунду алат. Анын бир топ ырлары, эки пьесасы („Какей" менен „Калийпа") жана эки-үч поэмасы аялдар тендиги маселесине арналган.

**Ырлары**. Молдогазынын ырлары негизинен социалисттик эмгекке, аялдар тендигине, кыргыздын өткөн турмушуна, күндөлүк саясы өнөктүктөргө, анан эл аралык окуяларга арналган.

Ал „Пахта талаасында":

„Буласы жумшак жибектей,
Паясы чымыр билектей,
Чанактары жаркырап,
Акак таштуу седептей,
Ак алтын булайт кырманда,
Ак кар жаткан белестей"
„Терчи-тер" деп шаштырып,
Тергенин гирге тарттырып,
„Ким шамдагай, ким бош" деп,
Бирин-бири чакырып",

жүргөн пактачы баатырларды ырдап, пакта талаасынын, пактачылардын образын берип, эмгек процессин көрсөтөт.

Ал эми „Малчылар" деген ырында Молдогазы эмгектин процессине караганда, малдын берген натийжасын, мал чарба майданындагы жетишкендиктерди көбүрөк ырдайт. Мында ал:

„Карачы жыргал жеримди,
Көрдүңбү аккан кенимди
Ушул конуш күн жайлоо,
Эркелетет элимди.
Элимде-жерде жаңылык,
Жаңылык күндө жаңырып,
Чирелип жылкы, кой төлдөп,
Сайрандайт малы жайылып,
Жакада беде, тоодо чөп,
Жылуулап сарай салынып..."

деп, элинин-жеринин жетишкендиктерин, турмуштагы жаңылыкты, чарбадагы өсүштү сүрөттөйт.

Кыргыз элинин өткөн турмушунан алынган „Турдунун өлүмү" деген ыры 1917-жылдагы кыргыз эмгекчилеринин көргөн күнүн айрыкча аянычтуу кылып сүрөттөйт. Турду деген кедей ачарчылыктын азабынан байдын бир коюн руксатсыз союп жейт. Ошо кой үчүн бай-манаптардын бүтүмү боюнча Турдуну муунтуп өлтүрүшөт. Бул мыкачылык Турдунун бала-чакасынын көзүнчө ишке ашырылат:

„Үңкүр көз, кара сакал, чоң боз атчан,
Семиз бай кыл арканды тартып алды,
Бүркүткө чырга тартып жүргөн өңдүү,
Теминип минген атын камчыланды,
Балам ай, кайдасың деп кары энеси
Жыгачтай катып калды карт денеси.
Жаш эмес, күчсүз көздөн кан шорголойт,
Көрүнсө көз алдына бала элеси,
Чыркырайт жетим козу, жаш бөбөктөр,
Паа.... этип, аялынын оогон эси...“.

Молдогазы „Тигилген туу жыгылбайт“ деген ырын Испан элинин баатырларча күрөшүнө арнайт. Мында ал.

„Борошолоп кар түшүп,
Бороондон куюн өткөндөй,
Зоолор урап, сел жүрүп
Ошолор мөндүр төккөндөй
Калаба түштү Испанга,
Жер солкулдап, силккендей“

деп, таптардын куралдуу кагылышы башталганын айтып келип,

„Тигилген туу жыгылбайт,
Сансыз колдор келсе да,
Чоң Мадрид бузулбайт,
Деңиз ташып кирсе да“ дейт....

Бул ырлар—ураан көтөргөн чакырык ырлар, эл аралык тематикасында да, саясы өнөктүктөр тематикасында да башкы орунду алат.

„Документ“, „Мандат“ деп, Жогорку Советтин шайлоолоруна арналган ырлары да ушу түрдө жазылган.

Молдогазынын кийинки жылдарда жазган ырлары „Эмгек булагы“ деген жыйнак болуп, 1941-жылы чыкты. Мындагы ырлары негизинен өлкөбүздүн ичиндеги тап күрөшүнө, эл аралык авалга, тагырак айтсак дүйнөлүк экинчи согушка жана Батыш Украина менен Батыш Белоруссияны азат кылууга, ырыстуу жыргал турмушту ырдоого жана сүйүү маселелерине арналган.

Мында ал:

„Адыр күйүп, суу соолуп,
Кемекей курган катарда,
Арманын айтып чал—кемпир,
Кыйналып ыйлап жатарда,
Кыргынга салбай кыргызды.
Сактап калдың сен анда...“

деп, кыргыз элин кордук-зордуктан куткарып, сактап калган улуу Сталинди ырдап, анан:

„Тоого чыксак толкушуп,
Төрт түлүк мал жайлоодо.
Ойго түшсөк шаң—майрам,
Эмгек базар кайноодо.
Купкуу чөлдөр кулпунуп,
Таңында булбул сайроодо...“

„Көмөкөй...“

деп, ал улуу көсөмдүн жетекчилиги астында курулган жыргал турмушту сүрөттөйт. Бул жыргал турмушта туулуп, жашап, өсүп жаткан жаштардын элесин берет.

Ал: „Ленин курган замандын,
Жыргалында төрөлгөн,
Күндөй балкып таңданган,
Эркин нурга бөлөнгөн...“

(Виляра)

Виляраны сүрөттөйт. Ал жыргал турмушта төрөлүп, тарбияланып өскөн „баягы тентек сары кыздын“:

„Оргуган терең эмгекте,
Тоодой толкун чачтырып,
Тоголок дан калтырбай,
Кызыл кырман бастырып...
Бурганактап кар түшүп,
Жер ак кепин кийгенде...
Турсун малды башкарып
Короого мурун чыгуучу...“

эпкиндүү болгонун айтат. Эми:

„Көп кишинин ичинен
Турсунга көңүл бөлүнөт.
Көкүрөктө ордени,
Көзгө сонун көрүнөт...“

(Турсун)

Анан: „Кара чач,
Ийнин каптап—далысын жаап:
Бото көз,
Койгут мурун, жазык маңдай...“

ырыстуу жаш Майрамкандардын „Билимдин кенчин ууздай гана жуткандыгын“ көрсөтөт (гүлүн сунду).

Анын бул жыйнактагы бир топ ырлары эски турмуштун заар тырмагынан кутулган адамдардын баскан жолун көрсөтөт.

Ал: „Уйку канбай бир мезгил,
Таң агарып атканда,
Эл козголуп туушалып,
Тоо башын күн чалганда...
Майрык басып чокойду,
Биз кой ээрчип барганда...“

„Ал кайратың...“

деп, эски турмуштун азабын тарткан жетим балдардын элесин көзгө келтирип, анан совет өкмөтү аркасында ал жетимдердин „сугарылып билимге“, „кубат кошуп өмүргө“ шат, жыргал жашай баштаганын айтат.

Мына ушинтип биздин өлкөдөгү дүркүрөп өсүп жаткан жыргал турмушту көрсөтүү менен катар, Молдогазы өзүнүн „Жаш жүрөгүм сиз менен“, „Балыкчы“ деген ырларында байлар кол астындагы эмгекчилердин муңдуу авалын жана алардын Кызыл Армияны, совет бийлигин кандай кубанычтык менен каршы алгандыгын көрсөтөт.

Ал: „Жалгыз көлдө, бир кайырмак,
Башынан чалдын эмгеги.
Туулгандан тумшук жылыбай,
Жокчулук болгон көргөнү...“

деп байлар кол астында жүргөн балыкчынын өмүр тарихин айтып келип, ал балыкчынын кызыл аскерлерди кандай кубанычтык менен тосуп алганын ырдайт.

Молдогазынын бул жыйнактагы сүйүү ырлары бир жагынан акындын сезимдерин кооз сөз менен элестетсе, экинчи жагынан сүйүү-күйүү маселесине анын кандай көз менен карагандыгын билдирет.

Ал мында сүйүү отуна күйгөн жигит менен кыздын элесин берип,

„Жүрөктүн толтосуна кыл байланып,
Бирде сыздап, бирде күйүп жатты...“

деп „Он саамай“ менен „Сүйгөн дос, шайыр жигиттин“ сезимин айтат. Ошону менен катар:

„Кадырын жоюп бүлөнүн,
Турмушун бузуп бирөөнүн,
Түлкү күлүп жаткансыйт,
Бүркүт моокун баскансыйт...“

деп жалган сүйүүгө каршы чыгат.

Бул жыйнакта дагы „Уялаштар“ деген поэмасы жана „Бай, төрө, шылуундар“ деген сатира ырлары бар.

„Уялаштар“ он алтынчы жылдагы козголушта жетим калган балдардын башынан өткөндөрүн көрсөтөт. Ата-энеден ажырап калган эки бала Каракол жактагы бир кулакта малай болуп иштешет. Алардын агасы Касым да кытайга качып барган жеринен көп кордук көрүп, көрүнгөн байлардын кызматында жүрөт. Анан бир уйгур жигит экөө кытайдан качып чыгат да, кеңештер жеринде Касым кызыл гвардия катарына кирип, актарга каршы күрөшөт. Анын бир инисин ошо кызыл гвардиячылардын бирөө кулактын колунан алып, окууга киргизет, бирок экинчи иниси кулактын чөбүн тартам деп, арабадан учуп өлгөн болот. Аягында Касым иниси менен табышат.

Молдогазы бул поэмасында революциянын башындагы тап

күрөшүнүн түрүн жана советтердин боштондукчул мүнөзүн ачып көрсөтөт.

„Бай, төрө, шылуундары" да совет шартындагы тап күрөшүнүн бир түрүн көрсөтүп, совет бийлигине каршы күрөштү тымысын гана, боёмолдонуп жүргүзүп жаткан тап душмандардын бетин ачат.

Анан Молдогазы Горькийдин өлүмүнө арнап жана аны өлтүргөн террористтерге ызырынып жазган ырларында да тап күрөшү маселелерин жаңы шартка жараша көтөрүп, тап душмандарына каршы аёосуз күрөшкө чакырат.

## „КАКЕЙ"

„Какей" Революциядан мурунку кыргыз аялынын тагдырын көрсөткөн чыгарма, бирок мында жалаң гана аялдар теңдиги маселеси эмес, жалпы ошо кездеги таптардын күрөшү да көрсөтүлөт.

Мында биз, налогдун, чыгымдын оордугу, болуш-бийлердин, бай-манаптардын зордук-зомбулугу астында калган эмгекчил чарбаны—Какейдин атасын көрөбүз. Бай-манаптардын колунда иштеп турган койчу-жылкычылар, жалпы жалданма батрактардын ал-авалы андан бетер начар. Чынында булар менен кулдардын арасында айырма жокко эсе.

Мына ушул эзилгендердин бири—Какейдин атасы чыгымдан кутулуу үчүн жалгыз кызын сатууга аргасыз болот. Какей, албетте, ыраазы эмес. Анын сүйгөнү батырак Өмүркул. Пьеса мына ушу эки жаштын муң-зарын, күрөшүн көрсөтүүгө арналган. Пьесанын аягында Өмүркул байды өлтүрсө да, Какей менен Өмүркул үчүн бул бир трагедия. Анткени бул аларды кошуучу максатка жеткирүүчү кадам эмес. Бул нааразылыктын чектен аша күчөгөндүгүн көрсөткөн өч алуу акты. Пьесанын бул түрдө бүтүшүнүн өзү эле, ошо кездеги кыргыз эмгекчилеринин, кыргыз аялдарынын авалынын аргасыз экендигин көрсөтөт.

Пьесада Какей менен Өмүркулдан кийин көбүрөк көрсөтүлгөн адамдар—батырактар. Булардын эмгек шарттары, кожоюндары менен болгон мамилеси жана булардын Какей менен Өмүркулга тилектештиги чыгармада башкы орунду алат. Байдын Өмүркулга кастык кылуу үчүн даярданып жаткандыгын билдирүүчүлөр да, Какей менен Өмүркулдун жолугушуп сүйлөшүүнө жардам бергендер да ушулар. Булар Какей менен Өмүркулдун оюн ойлоп, муңун муңдап жашашат. Бирок али бай-манаптарга каршы уюмдашкан түрдө чыгуу даражасына жетише элек. Булар ал кезде стихиялык түрдө нааразылык билдирүүдөн ары өтүшө элек.

Пьесада бай-манаптардын образы да берилет. Булар райымсыз, адамкерчиликсиз эксплоататорлор. Бирок жалпы кедей-батырактарга, эмгекчилерге гана булардын мамилеси начар эмес, булар өз үй-бүлөсүндө да чексиз зомбулук көрсөтүүчү залимдер. Айрыкча аялдар бул байлардын чеңгелинде эзилген. Бай өз аялын мал катарында, күң катарында эсептейт.

Бирок революциядан мурунку кыргыз байларын көрсөткөндө, Молдогазы жасалма образ киргизген жери бар. Мында ал тактай заводу бар бир кыргыз байын көрсөтөт. Албетте, ал заводдо иштеп жаткан кыргыз жумушчулары да көрсөтүлөт. Бирок революциядан мурун да, кийин да тактай заводго ээ болуп, бул түрдөгү өнөр жай менен байланыштуу болгон кыргыз байын билбейбиз. Өнөр жай буржуазиясы түрүнө өткөн бирин-серин кыргыз байлары, балким, түштүк райондордо болгондур. Бирок, алар да тактай завод ээлеген эмес. Жалпы кыргыз байлары баарынан мурун мал чарбачы болучу. Булардын бир тобу, соодага да бет алган эле. Анан түштүктө дыйканчылык чарбага өткөндөрү да көп болучу. Канткенде да өнөр жай иши кыргыз байлары үчүн мүнөздүү эмес.

Пьесада кыргыздын үйлөнүү, кыз берүүгө байланыштуу урп-адаттары да көрсөтүлөт. Булар калың мал берүү, күйөөлөп келүү ж. б. Бирок пьеса жалпы турмушту, урп-адатты, айрыкча үйлөнүүгө байланыштуу жөрөлгөлөрдү анчалык кеңири көрсөтпөгөн. Автор көбүрөөк Какей менен Өмүркулдун ой-пикирин, муң-зарын сүрөттөйт.

Пьесада тил айрыкча чоң роль ойнойт. Биздин „Какей" дал мына ушу маселеде аксайт. Мындагы эң башкы кемчилик революциядан мурунку эл революциядан кийинки стилге салып, кээде жаңы сөздөрдү да колдонуп сүйлөйт. Маселен, бир ырда „өлкө" деген сөз да жүрөт. Өлкөнү болсо, биз 26—27-жылдардан кийин колдоно баштадык.

Молдогазынын „Темир болот" жана „Калийпа" деген пьесалары жаңы турмушка, колхоз курулушуна арналып кийинки кездеги күрөштү жана социалисттик эмгектин жана курулуштун баатырларын көрсөтүшөт. Эл душмандарынын, колхоз эмгегин бузуучу жалкоолордун, зыянкечтердин бетин ачат. Бирок булар биротала бүтүп, басмадан чыкпагандыктан, талдап олтурууга мүмкүнчүлүк болбоду.

## ЭЛЕБАЕВ МУКАЙ

Элебаев Мукай 1905-жылы Кыргызстандын азыркы Түп районунда туулган. Жаш кезинде атадан да, энеден да ажырап, жетимчиликте өсөт. 11-12 жашынан тартып эле малай жүрөт.

Мукай да жазуучуларыбыздын көпчүлүгүндөй, Фрунзедеги педагогикалык техникумду бүтүрөт. Ошондон бери басма сөз майданында жана жазуучулар союзунда иштеп келе жатат. Ал „Кызыл Кыргызстан" газетасында жана Кыргыз Мамлекеттик басмасында кооз адабият бөлүмдөрүн башкарып келди.

Мукай эң „эски" акындарыбыздын бири. Мукай да Аалы, Молдогазы жаза баштаган кезде ырдап чыкты. Мукайдын биринчи ыры 1924-жылы „Эркин Тоо" газетасынын 2-номеринде басылган болучу. Кабарчылык жагынан да Мукай бир топ стажга ээ. Ал „Кызыл Кыргызстан", „Ленинчил жаш" газеталары тегерегинде өстү.

Мукай азыр акын да, жазуучу да катарында белгилүү. Эми

драматургия жагына да бет алып, пьеса жазып жатат. Орусчадан которгон эмгектери да бар. Толстойдун „Хажы Муратын“, Гогольдун „Шинелин“, Фурмановдун „Козголоңун“ жана Пушкиндин „Салтан падыша жөнүндө“, „Руслан жана Людмила“, „Жез атчан“, „Бахча сарай фантаны“ деген ырларын Мукай которгон.

Сан жагынан алганда Мукайдын чыгармалары көп эмес. Азыр бир эки ырлар жыйнагы, бир повестьти бар.

Мукай адегенде эле совет бийлигин тосуп, кубаттап ырдап чыкты. Бирок анын биринчи ырларында арман кылуу көбүрөөк орун алган эле. Ал муңун, зарын айтып „Зарыгам“ деп ыйлап чыкты. Ал жалпы „аз өмүрдө көптү көргөндүгүн“ ушул күнгө чейин унута албайт. Адеп ырдап чыкканда, турмуштан арманы күчтүү болучу. Мына бул жагынан алганда, анын „Жүрөк жанат“ деген ыры айрыкча мүнөздүү (1927-ж.). Анда:

„Жүрөк жанат, алып учуп асманга  
Аз өмүрдө көп кечирдим баштан да,  
Абалдан ок тилеп алган бир энчим  
Эми болбос бура тартып качканга.

***

Билим тайкы, жүрөк болбой албырат,  
Жаштайымдан ой толкунун кубалап,  
Колум жетип талаптанган тилекке,  
Азоо жүрөк качан мени кандырат?“

деп „талаптанган тилекке“ жетүүгө шашат. Мына мындан анын арманы жаңы турмушка каршы эмес экендигин көрөбүз. Бирок, ошентсе да, анын адегенде өз тегерегинде болуп жаткан өзгөрүштөрдү жакшы түшүнбөй, өзү менен өзү алек болгону көрүнөт.

Ырларынын тематикасы баарынан мурда „Өткөн күндөр“ менен „Жаңы заманга“ арналган. Ал көптү көрсөткөн“ „Өткөн күндөрдү“ сынга алып, „Техникага жөнөткөн“, „Жаңы заманды“ куттуктайт. „Өзгөрөр баары“ деп жаңы жыргал турмушту сүрөттөйт.

Анан тап душмандарына атап жазылган ырлары да Мукай үчүн мүнөздүү. Ал 1927-жылы, „Кутулбас аман-эсен ушул бойдон“ деп кыжырынса (“Байларды“) 1931-жылы „Табам канып, өчүмдү алдым“ деп жариялап, („Бай“), 1933-жылы „Капиталчыл тазарбай“ күрөш бүтпөй тургандыгын билдирди („Күрөш бүтпөйт“). Ошентип, а дегенде өч алууну гана көздөсө, бара-бара түпкү максатты да өздөштүрдү.

Мукай табийгатты, айрыкча жай мезгилин кооз сүрөттөйт. Анын „Таң атарда“, „Жыргал кеч“, „Жерим“ деген ырларында „сулуу гүлдөрдү жүгүнтүп“, „жумшак жерлерди“, „бактарды термелтип“, „булактар акырын шылдырап“ жатканын көрөбүз. Мында ал өзү өскөн көлдөгү табийгаттын сулуулугун бир топ көрсөтө алган.

Эң аягында айтарыбыз, Мукайда кээде мазмуну эң жалпы болуп, ошондуктан куру сүрөт болуп калган ырларды жолуктурууга мүмкүн. Маселен, „Өсүп“ „Эмгекчилер ыры“ „Анжыян“— булар эң эле жалпы жазылган ырлар.

## „УЗАК ЖОЛ“

Чыгарма автобиографиялык материалдан түзүлгөн. Мында сүрөттөлгөн окуялар автордун өз башынан өткөн. Ошентип, „Узак жол“ баарынан мурда очерк. Тагыраак айтсак, очерк түрүндөгү повесть. Анткени анда автордун кошумчасы да бар.

Бирок автор чыгармада өз турмушу менен гана чектелбестен, жалпы кыргыз айлынын турмушуна, айрыкча кыргыз эмгекчилеринин турмушуна токтолот. Чыгарма 1916-жылдагы көтөрүлүштөн мурунку жана көтөрүлүш кезиндеги турмушту көрсөтөт.

Чыгарма „Жалгыз тамдын түбүндөгү жалгыз кара үйдөн“, андагы алты баланын энеси өлгөнүнөн тартып, кытайга качуу жана андан кайра келүүгө чейинки турмушту сүрөттөйт. Бирок жетимдердин ичинен бирөөнө автор көбүрөөк токтолуп, анын бүткүл муң-зарын кеңири сүрөттөйт. Бул жетим автордун өзү болууга тийиш.

Чыгарманын, мындайча айтсак, башкы „баатыры“ да ушул жетим. Окуялардын бардыгы ошо „ырысы жок“ жетимдин турмушуна байланыштуу жана ошонун сөзү менен сүрөттөлгөн. Демек, окуяларга ошо жетимдин көз карашынан баа берилет.

Ал жетимдин козу кайтарганы, уй бакканы, жол чапканы, апийим тилгени ж. б. кыскасы, кыргыз, орус, уйгур, татар байларына, кулактарына, көпөстөрүнө жумуш кылганы—чыгарманын башкы мазмуну.

Чыгарма жалпы кыргыз айылынын турмушун, андагы урпадатты, чарба-өндүрүш мамилелерин, саясы бийликтин түрүн толгон айкын мисалдар менен көрсөтөт.

Биз мында „эң ардактуу тамагы талкан“ болуп, бир чөйчөк буудайга жетише албаган кедейлерди, көрөбүз. „Өйдөлөнүп өлгөн токту үчүн „кожоюндан“ таң атканча таяк жеген“ койчулар, аты баспай калган үчүн төрөлөрдүн колунан өлгөн жолчулар, кылган кызматына акы ала албай жүргөн малайлар, жалгыз атын „кызыл чокко“ тарттырып жөө калган дыйкандар көз алдынан чубап өтүп турат. Алардын муңу жер жаргыдай, бирок аны уккан адам жок. Бул кордукка, бул зордукка чыдабай, баш көтөргөн „бунтчыларды“ да көрөбүз. Алар Урманбет менен Байболот. Бирок булардын нааразылыгы азырынча натийжа бербейт. Булардын бири солдатка айдалып, бири түрмөгө камалып жок болот.

Ал кездеги кыргыз эмгекчилеринин авалын жана саясы түшүнүктөрүн автор Байболоттун катында мына мындай кылып сүрөттөйт:

„Мен түрмөдө жатам. Арыз-арманымды угар эч ким жок. Кыргызды бу жерде жан ордуна да санабайт. Пагону жаркыл-

даган полициялар бизди кеңсалардын ченине жолотпойт. Улуктарга жибербейт. Кыргыздын жакшылары болсо, бий, болуш талашуудан, бирөөнү жакыны кылып, жанына алып, бирөөнү кырына алып, кырсыгын тийгизип, пара жеп, кулкунун майлоодон бошобойт. Журтту кан-какшатып, ыйлатып, пара жеген киши, бизде мыкты... жер-суу болсо, жылдан жылга колдон кетип бүтүп барат. Алардын оюна бул кирип да чыкпайт. Ач-арыктын авалына кароо, арыз-муңуна кулак салуу, жердин камын ойлоо дегенди булар ойлоп да койбойт. Алардын бар максаты: жаат курап, мансап талашуу, элге чыгым салып, зобологун тийгизүү, кедейдин 20 коюн ашырып, жүз кылып, байдын миң коюн кемитип, эки жүз кылып каттатып, арадан жем түшүрүү, өчүккөнүн жасоолдорго, полицияга сабатып, ыза көрсөтүү, алсыздарды ыйлатуу, улуктарга, сотторго жалынуу, парага семирүү... Эми кызыл кулактарды, соодагерлерди алсак, кедейлерди бир жагынан жокчулукка учуратып, түгөтүп бараткандар ушулар эмеспи? Жайында бир сом берсе, күзүндө кой кылып алат. Бир маасылык тери берсе, бир уй алат... Пара деген кыргыздын сөөгүнө жедеп сиңген. Парасыз кылдай иш бүтүрө албайсың. Судуяга бир арыз айтуу үчүн томаяктар жалгыз уюн сатат. Жакында Сатаркул үй-бүлөсү менен чубап, арыз берем деп Караколго келиптир. Көрүнүп турат: эчкимден кайыр жок".

Мында турмуштун эзишинен абыдан жүдөгөн, бирок ал эзүүдөн кутулуунун жолун билбеген, али мыктылардын, улуктардын анык максатын түшүнө элек киши жазат. Ал „элдин муң-зарына кулак салышпайт, жердин камын ойлоп да коюшпайт" деп мыктыларды айыптайт, демек, элдин муң-зарына кулак салуучу мыктылар болот деп ойлойт. Бул кат ошо кездеги кыргыз айылындагы көпчүлүктүн көз карашын туура көрсөтөт. Бирок катты, албетте, дыйкан Байболот жазган эмес. Же ал жазса да, автор „адабиятташтырган" анткени тили—стили дыйкандыкы эмес.

Чыгарма ошо кездеги эзүүчүлөрдүн түрүн да кеңири көрсөтөт. „Тери шымдан бөлөк, өмүрдө кездеме кийип көрбөгөн" тогуз жүз койлуу Сааданбайдан тартып, чычкак улак үчүн жан берген сараң байлар эзүүчүлөрдүн бир бөлүгү. Сан жылкылуу Сарыбайдан кийин, сансыз уйлуу Башарын турат. Андан ары кетсек, Метрей көпөс жана Урманбеттин акысын төлөбөгөн өзбек байы бар. Парага семирген жакшылар, ур токмок—жинди Курман жасоолдор жүрөт. Анан булардын баарына тирек болуп жана булардын баарын өзүнө тирек кылып турган төрөлөрдү—„чоң колдорду" көрөбүз. Эзүүнүн орто кылымдагы түрлөрүн колдонуп, уруу-согуу, өлтүрүү, талап-тартып алуу—бул мыкачылардын өнөрү. Феодалдык-урууучулук калдыктар эмгекчилердин бул турмушун ого бетер чыдагысыз кылат. Маселен, урууучулук турмуштун бир калдыгы кун алуу. Мында эки уруунун „азаматтары" бозодо урушуп, арадан адам өлгөн үчүн жолчулардын жалгыз чолокторун айдап кетишет. Бирок бул „кун", албетте, жакшылардын кулкунунан башкага пайда келтирбейт.

Чыгарма кытайдагы эмгекчилердин турмушун да бир топ толук көрсөтөт.

Эң аягында, чыгарма кыргыздын уй турмушу жана урп-адаты менен да тааныштырат. Өлгөнгө өкүрүү, тирүү адам үчүн жети тыйын садага берүү өңдүү жөрөлгөлөр да айтылып кетет.

Бирок чыгарма 1916-жылдагы көтөрүлүштүн картинасын жакшы бере алган эмес. Сөз тизиминин оор болушу, майда-чуйда учурларды өтө тактап, жазышы аркасында, коoздук жагы бир топ аксайт.

## ТУРУСБЕКОВ ЖУСУП

Жусуп 1910-жылы азыркы кыргызстандын Тоң районунда туулган. Ата теги батырак болуп, өзү кедейчиликте өскөн. Жусуп 1925—1929-ж. чейин Ысык-Көлдөгү айыл-чарба техникумунда окуган. Анын кызматы басма сөз майданында болуп келди. Кийинки увактарда көбүнчө жалаң өзүнүн творчестволук ишинде гана жүрөт. Кыргыз адабияты майданында сиңирген эмгектери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан „Ардак белгиси" ордени менен сыйланган.

Жусуп лирик жана драматург. Азыр бир нече ырлар жыйнагы, „Ажал Ордуна" деген музыкалуу драмасы жана „Беш мойноктогу окуя" деген драмасы бар. Жусуп „Айчүрөк" либереттосун жазышкандардын бири.

**Ырлары**. Жусуптун 1938-жылга чейинки ырлары „Мекен" деген жыйнагында толук басылган. Анда айрым ырлары оңдолуп, аты өзгөртүлгөн.

Жусуптун ырларынын тематикасы да, баарынан мурда, социалисттик курулушка, анын баатырларына арналган. Бирок Жусупта „өткөн күндөрдөгү" муң-зарды элестөө жагы да күчтүү. Ал жыргал жаңы турмушту жазганда эскини да эске алып кетет. Ал „Мекен" жөнүндө жазса да, мурун

„Бир кезде эли мүдөөлү,
Ачарчылык мекени.
Көр оозуна алып барган
Катаалчылык мекени"

болгон экендигин эскертет. „Ак бууранын бойлоп" жүргөндө да:

„Бул өзөндүн боюнда
Далайлар жаткан кансырап"

деп муңканат. „Карындашы менен сүйлөшкөндө" да

„Сен карындаш
Эмнелер көрбөдүң,
Турмуш чөлүндө
Ташыркап мөгдөдүң".

деп баштан өткөн муң-зарды элестетет. Ал октябрь майрамына арнап ырдаганда да:

„Мына бул жер!
Муңдуулардын энеси!

Мына бул жер!
Өткөн кордук элеси!"

деп эскертип алып, анан:

„Ук, жер жүзү!
Бүгүн турмуш жаңырган"...деп жариялайт.

Анын „Энеме", „Өткөн күндө", „Толкун сырлары", „Эсиндедир", „Ак алтын өлкөсү", „Ашууда" деген ырлары дал ошо, өткөндөгү муң-зарды элестетүүгө арналган. Булардын кээ бирлери тарихий окуяларга байланыштырып жазылган. Маселен,„ Ак алтын өлкөсүндө" ал „Анжыянды тегиз мыкчып ээлеген Алымбек ханды анын „ордун басып, кандык курган Курманжанды" айтат.

Бул:

„Курманжан,
Бирин кармап, бирин сабап,
Өлкөдө, кылып жүрдү далай санат"

дейт. 1916-жылкы көтөрүлүш жөнүндөгү "Ашууда" деген ырында:

„Жардамга жанды чакырып,
„Кокуй!..„ деп бири бакырып,
Кулап барып өлгөндү
Олпок кар жатты жашырып"

деп, жеңилген элдин көргөн кордугун ырдайт. Эскини элестеткен башка ырлары белгилүү бир тарихий окуяларды сүрөттөбөсө да, негизинен, кыргыз элинин өткөн күндөрүн, өткөндөгү зордук-зомбулукту, эмгекчил элдин муң-зарын тарихий жагынан туура көрсөтөт. Айрыкча кыргыз эли көргөн бөтөнчө азапты айкын көрсөтөт.

Социалисттик родинабыздын жеңиштерин коозлоп көрсөтүүчү ырлары ичинде „Ук жер жүзү", „Биздин Кыргызстан", „Мекен", „Москвадан", „Жол ыры" дегендери биринчи орунду ээлөөгө тийиш. Айрыкча" Ук жер жүзү" өзүнүн күжүрмөн чакырыгы менен да, тилинин тактыгы, жалпы кооздугу менен да үлгү болуучу ыр. Мында ал „Муңдуулардын энеси,... эткөн кордук элеси" болгон жерде „бүгүн турмуш жаңырганын", бул жерди „большевиктер сергиткенин", „бүгүн кыргыз коммунизм жолунда" экендигин сүрөттөп берет. Ыр күжүрмөн ураандар көтөргөн чакырык түрүндө жазылып, бүткүл дүйнөгө кыйкырык салат. Жыргал заманга арналган „Курбума" деген үзүндүсү да кыргыз элине таандык салыштырманы, образды колдонуу жагынан үлгү боло алат.

Анда:

„Таптаган билет шумкарды,
Чапкан билет тулпарды.
Ой тоону койбой чабыттап,
Шумкардын учар заманы

Оздук чайнап, ажылдап,
Тулпардын чуркар заманы!..“

деп, шумкар, тулпар, ой, тоо өндүү образдарды колдонуп ырдайт.

Социалисттик эмгекке арналган ырлары „Кызыл жоолукчан“, „Терим күүсү“, „Тракторчунун ыры“, „Быйылкы жаз“, „Пактачы кызына“ ж. б. көбүнчө дыйканчылык эмгек баатырларын ырдайт.

Ырас „Паравозго“, „Ал үй завод“ деп, фабрикага, заводго, машинага арнаган жерлери да бар.

Дыйканчылык эмгекти Жусуп кеңирээк көрсөтөт.

„Бул талаага
Таза чигит төгүлгөн...
Таза чигит өнсүн деп,
Далай чара көрүлгөн.

***

Бул пакта үчүн,
Эмнелерди кылбадык...
Жайды-жайлай,
Кетмен алып тынбадык.

***

Терсең,
Терсең,
Терим күүсүн ырдасаң“

Деп айкын эмгекке чакырат. Же,

„Тээтиги зоону ураткан,
Омкоруп ташын кулаткан,
Биздин арык казгандар,
Чекеси тердеп суу аккан...“

деп, кетменчилерди ырдайт. Бул ыры „Кызыл жоолукчан“ азыр көпчүлүк эл ырлары катарынан биринчи орунду алды. Бул, мазмуну, образдары, салыштырмалары, тили жагынан көпчүлүк элге эң жагымдуу кооз ыр.

Жусуптун „Ок жана ыр“, „Каламыма“ деген ырлары акындарга, адабиятка арналган. Мында:

„Ырларым—ок, керек болсо атамын,
Газга каршы газ даярдап жатамын:

***

Көркөм сөз—ал кызылдар жарагың!
Ал кызылдар, атып байкап карагын“

деп, көркөм сөздүн таптык мүнөзүн, тап куралы экендигин айтат. Анан:

„Ал каламым, эрик күүсүн,
Илип алгын аванын!“...

деп эрк аванын ырдаганын билдирет.

Жусуп боштондукка, тендикке жеткен, мурунку кулчулук авалдан, караңгычылыктан кутулган кыргыз аялдарына да бир катар ырлар арнайт. „Кара Көз“, „Комсомолка“, „Эмгек Кызы“, „Карындашыма“ деген ырларында „сүйкүмдүү сонун караган“, „жоодураган кара көздөрдү“ эркин эмгекке, жыргал турмушка чакырат, аларды жаңыча иштеп, жаңыча жашоого, жаңыча сүйүүгө үндөйт.

„Досторуңду күлкү менен кубантып,
Душманыңды күлкү менен кубартып,
Комсомолка, күлкү, турмуш биздики,
Жаша, иште шайырдыкты узартып“

(„Комсомолка“)

деп, шайыр жашап, шайыр иштөөгө үндөйт.

Бирок карындаш

***

Кылыпсың бир иш
Адам түтпөгөн.

***

Дагы башкага
Өзүңдү сунуп,

***

Аныда сен
Сүйөм дедиң

***

Туракту жериң
Кайда сенин.

(Карындашыма)

деп, туруктуу сүйүүгө чакырат.

Жусуп лирик. Анын „Энем“, „Өткөн күндө“ деген сыяктуу поэмаларында да, эпостон көбүрөөк лирика берилет. Ырлары негизинен саясы жана турмуштук лирика.

## V. „АЖАЛ ОРДУНА“

1916-жылы кыргыз элинин падышага каршы чыгарган көтөрүлүшүнө арналган музыкалуу драма. Чыгарма көтөрүлүш чыккан учурда, көтөрүлүшчүлөрдүн падыша аскери менен беттешкенин, кытайга качкан кезди, качкындардын кытайда көргөн кордугун, анан тууган элге кайтуу учурун сүрөттөп көрсөтөт. Социалдык маселелерди көтөрүү жагынан алганда „Ажал Ордуна“ козголондун чыныгы себептерин, аны кимдер баштап, кимдер жүргүзгөнүн, бай-манаптардын чыккынчылык ролун, түрдүү улуттардын эмгекчилеринин тилектештигин, СССР бүткүл эзилгендердин родинасы экендигин ж. б. көрсөтүп берет. Ал эми „Кандуу жылдар“ менен „Азаматтар“

да негизинен ушул маселелерди чечип беришет. Бул окшоштук темаларынын окшоштугунан келип чыккан закондуу окшоштук. Бирок „Ажал Ордуна“ маселени кеңирээк коюп, СССР Кытай эмгекчилери үчүн да родина экендигин көрсөтөт (Литун-Чандын Ысык-Көлгө келиши).

Чыгарманын сюжети авторлоштурулган тарихий окуялар. Чыгарма 16-жылдагы көтөрүлүштүн картинасын тарихий жагынан туура берет. Бирок „Кандуу жылдар“ жана „Азаматтар“ өңдөнүп, айрым тарихий адамдарды, айрым тарихий окуяларды көрсөтпөйт. Көтөрүлүшкө жана ошо мезгилге байланыштуу таптардын типтүү өкүлдөрүн жана көтөрүлүшкө мүнөздүү жалпы картинаны берет.

**Эл-журт; ата мекен.**

„Аркар, кулжа төрдө ойноп,
Өрдөк чүрөк көлдө ойноп,
Жатакчылар конушат,
Ташынышып көл бойлоп“

Аркар кулжа ойногон төр, өрдөк, чүрөк ойногон көл, ошо көлдү бойлоп конгон жатакчылар чыгарманын башкы образдары. Автор, баарынан мурда мында ушул төр менен көлдүн сулуулугуна суктанат, ушул жатакчы элдин муңуна муңканат. Чыгармада эл-журтту, ата мекенди сүйүү мотиви башкы орунду алат. Бирок бул анын бөтөнчөлүгү эмес. Анткени элди, журтту, ата мекенди сүйүү жалпы совет адабиятынын башкы мотиви. Чыгарма ата мекенди атайы образ кылып алат. Андан ажыраган элдин муңун жана ага кайра келип жеткен элдин кубанчын образ менен көрсөтөт. Анын кооздук бөтөнчөлүгү мына ушунда.

„Кош, өскөн жер, касиеттүү Ысык-Көл,
Кош, капчыгай, кошкун, жайык сары төр,
Кош, чалкайган берекелүү Ала-Тоо
Кош, бардыгың, качкындардын алдын көр“

деп, Ысык-Көлдөн ажыраган элдин өзүн ырдатат.

„Орок оруп, чөп чапкан,
Отун алып мал баккан,
Балтыр эт толуп өскөнү
Саргарып түйшүк көп тарткан.
Сорсо да бизди таш кене,
Бизге болгон ата-эне.
Киндик кан төгүп өскөн жер,
Балдар, көз алдыңда тигине!

деп, жерине кайткан элдин кубанчын сүрөттөйт.

Мында элдин кубанчы эки эсе. Анткени:

„Толкуп жаткан Ысык-Көл,
Көркүнө чыккан турбайбы,
Үстүндө сүзгөн өрдөк, каз,
Эркиндеп учкан турбайбы.

Эмгекчи баатыр кол менен,
Ленин алп зор менен,
Өзүнүн темир сепилин,
Сепилин бузган турбайбы".

Бул түрдү колдонуу чыгарманын коозлугун күчөтүп, андагы патриотизм мотивин айрыкча көрүнүктүү кылат. Чыгарма сахнага коюлганда, көтөрүлүшчүлөрдүн Ысык-Көл менен коштошкон жери элге өтө таасир кылгандыгы буга далил.

„Ажал Ордуна" деле биринчи кезекте, көпчүлүк көтөрүлүшчүлөрдү көрсөтөт. Булар кимдер? Жатакчы кедейлер. Булар жөнүндө Бектур менен Искендер мындай дейт:

„Жалдыратып оокат кылган жерди алды,
Жерди албады, казып жаткан кенди алды.
Эртеңки өмүр кайгы болуп жүктөлүп,
Кедей, сага какыраган бел калды.

* * *

Күндө келип старчындар камады
Жалаа кылды, шумдуктарды жамады"

Бул азүү аз келгенсип, падыша өкмөтү байлар үчүн согушка да дал ушул кедейлерди айдамак болду. „Ак падышанын буйругу боюнча болуш, старчындар, молдолор, ардактуу бай манаптар алынбайт".

Чыгарма элдин баатырлыгына, каармандыгына арналган. Бул элдин „эл четинде, жоо бетинде" жүргөн эр жигиттерин, ал жигиттерге тирек болуп, жол баштап жүргөн карияларын көрсөтөт. Жетекчи уюму, саясы партиясы, күрөштөрдө такшалган жетекчилери болбогон элдин баш-аламан көтөрүлүшү, ошо көтөрүлүштүн жүрүшүндө өз ичинен жетекчилер чыгарышы, өз ичине тартип орнотушу чыгармада жакшы берилген. Чыгарма талкаланган, бирок жеңилбеген элди көрсөтөт. Россия падышасынан талкаланган элди, кытай канкорлору андан бетер кордукка салышат. Бирок мурункудан он эсе начар шарттарда болушуна карабастан, кыргыз эли кытайда да, зордукка каршы күрөшүн уланта берет. Душманга баш ийүү, жүгүнүү дегенди ал эл билбейт. Ошентип, бул чыгарма эл-журтту, боштондукту сүйүү жана ошол үчүн күрөшүүдөн тартып, эң алдыңкы идеяларды, адамгерчиликтин эң алдыңкы сапаттарын берген элди сүрөттөйт жана ошондой болууга үгүттөйт.

**Эмгекчилердин тилектештиги.** Боштондук үчүн күрөшкө чыккан кыргыз эли жалгыз эмес эле. Ага бүткүл элдердин эмгекчилери, баарынан мурда, пролетариаты тилектеш болучу. Бул тилектештиктин көрүнүштөрү козголоң кезинде да, козголоңдон кийин да толук байкалды. Ал тилектештиктин эң зор далили— кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн тилегин, максатын ишке ашырып берген улуу орус элинин жардамы жана жетекчилиги болду.

Чыгарма мына ушул тилектештикти, туруктуу образдар

аркылуу көрсөтүп берет. Мында кыргыз элине ок атуудан баш тартып, кайра өз офицерлерин аткан орус солдаттарын жана кыргыз качкындарына кол кабыштык кылган кытай, уйгур жумушчуларын көрөбүз. Булар кыргыз эли үчүн жандарын курбан кылып, өздөрүнүн эзүүчүлөрүнө каршы аттанышат. Демек, булардын тилектештиги сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндө. Ошентип, булар кыргыз эли менен бирге күрөшүшөт.

Бул жагынан берилген образдардын башкылары—Григорий менен Литун-Чан. Бул экөө көпчүлүктүн башында болушту жана СССР чегинде кыргыз эмгекчилери менен бирге жаңы турмуш куруп калышты.

**Бектур жана искендер.** Чыгарманын башкы баатырлары Бектур менен Искендер экендиги шексиз.

Бектур—көптү көргөн кария. Ал эмгекчил элдин муң-зарын айтып, болуш, старчындарга ачык түрдө каршы чыгат. Көтөрүлүш баштоого элди үндөйт. Элден айла кеткенде, „элди камактан өзүң өңдүү азаматтар алып чыгуучу“ деп Искендерге жол көрсөтөт.

„Азаматтар майышпай,
Жоого каршы баргыла“ деп жигиттерге кайрат айтат. Эл жеңилип, кытайды көздөй качканда,“

„Кырылбасын катын, бала, калың журт,
Жүргүлө эми көчтү узатып кетелик“

деп, элди баштап, өрт ичинде жүрөт. Кытай жеринде да, ал элдин башында, күрөштүн биринчи катарында. Ал көтөрүлүшчүлөрдүн жетекчиси, кеңешчиси, уюмдаштыруучусу. Ал акылман, эр жүрөк, ак ниет кария. Эгер Искендер „Манас“ болсо, Бектур—„Бакай“. Бүткүл татаал учурларда Искендер Бектур менен кеңешип иш кылат.

Искендерди Бектурдун өзү эле Манаска салыштырып,
„Жүрөгүндө түгү бар.
Кадимки Манас сүрү бар.

дейт. Бирок бул өтө сүйгөндүктү көрсөткөн гана салыштырма. Чынында Искендер „Манастын“ баатырларындай киши эмес, азыркы доордун кадимки адамдарынын эле бири. Ага кыргыз элинин „эр жигит эл четинде, жоо бетинде“ деген лакабын колдонсок көбүрөк туура келер. Ал эл толкуган кезде, толкунду баштаган, кандуу күрөш башталган кезде жоо бетинде жүргөн жигиттин бири. Ал көтөрүлүштүн эң башкы жетекчиси жана согуш башчысы.

Ал, эл толкуган кезде аны Максут менен Алымбайларга алдатпай, көтөрүлүштү баштайт. Искендер аркы-беркини ойлобогон жеңил адам эмес. Ал элге-журтка кеңешип иш кылат.

Ал кыйынчылыктарды эске алат, бирок аларга жүгүнбөйт. Кытайга качып барган кезде да элге акыл айтып, тирек болот.

„Зордукка мынча чыдадык,
Дагы кайрат кылалык.

Кайраттан, журтум, кайраттан,
Дагы кайрат кылалык...“

деп, кайрат айтат. Бирок элдин күчүн, кайратын орунсуз жумшоого да ал каршы. Маселен, анын өзүн Максут карматкан кезде, ачык түрдө чыгууга элди чакырбайт. Мындан пайда чыкпасын ал билет.

Эң аягында качкындарды кытай, кыргыз эзүүчүлөрүнүн чеңгелинен жулуп алып, СССР га баштап келген да, бул ишти уюштурган да Искендер. Мына ушул эл үчүн, журт үчүн, боштондук үчүн күрөштө ал нечен жолу өлүм оозунан калат. Башкача айтсак ал эрдиктин, баатырлыктын, элге берилгендиктин үлгүсүн көрсөтөт.

**Искендер жана Зулайка.** Боштондук талашкан кыргыз эли эмнелер көрбөдү. Падыша аскерлери, өз бай-манаптары, башка улуттардын да кулак, соодагер элементтери, айрыкча кытай, калмак, уйгурлардын чоңдору“, „жакшылары“ кыргыз элинин канын суудай агызышты. Мал мүлкүн талап, жер-журтун талкалашты. Эркегин кул, аялын күң кылышты. Сулуу кыздар бир чака унга, талканга сатылды. Жаш балдар тамагы үчүн кулдукка берилди. Элдин намысы жерге тепселди. Мына ушул тепселгендердин бири Зулайка. Аны атасы бир чейрек жүгөрү унга сатат. Зулайка сулуунун сатылышы кимдин болсо да жүрөгүндө таасир калтыргыдай иш. Анткени Зулайканы сатканы менен да атасы ачарчылыктын чеңгелинде өлдү. Энеси думана болуп кетти. Зулайка күң болуп калды. Ошентсе да ал өзүнүн кайраты жана Искендердин жардамы аркасында боштондукка жетишти. Бирок Зулайканын образы мунун менен гана бүтпөйт. Ал, баарынан мурда, боштондук үчүн күрөшкө өзүнүн шыбагасын берген алдыңкы кыз. Чыгарманын башында эле, Зулайка жигиттерди кайратка чакырып чыкты.

Искендер—баарыбызды тең зордук менен солдатка алып жатат.

Зулайка—Зордукка жигит чыдайт бекен?

Искендер—Зордук күч болсо, чыдабай кантесиң?

Зулайка—Анда жигиттин кайратынын жоктугу...

деп, а дегенде эле Искендердин кайратын козгоп кеткен болучу. Мына ушу алдыңкы, кайраттуу, сулуу, акылман кыз—Зулайка кимге тең? албетте, Искендерге тең. Булар бир бирин жакшы көрүшөт. Ырас, али булар бир бирине ачык айтып, убадалашкан да эмес. Булардын сүйүшү көтөрүлүштүн жалыны менен башталып, анын өртү менен өрткө айланды. Көтөрүлүш кезиндеги кандуу күрөштө бул сүйүү күчөдү жана аягында Зулайка менен Искендерди байланыштырды. Булардын сүйүшү күрөштүн, көтөрүлүштүн отунда чыңалган сүйүү, ошондуктан эң назик, бирок чын жана кубанычтуу сүйүү, элди, журтту, боштондукту жана ал үчүн күрөштү сүйүү менен бирге жүргөн, ошондуктан ошончолук күчтүү жана ошончолук терең сүйүү.

# МАЛИКОВ КУБАНЫЧБЕК

Кубанычбек 1911-жылы кыргызстандын азыркы Кант районунда туулган. Атасы кедей-дыйкан. Кубанычбек а дегенде айыл мектебинен окуп, андан кийин Фрунзедеги педагогия техникумун бүтүргөн. Окууну бүткөндөн тартып, басма сөз майданында жана жазуучулар союзунда иштеп келе жатат. Ал „Кызыл Кыргызстан", „Ленинчил жаш" газеталарында, Кырмамбаста иштеди. 1938-жылдан бери Кыргызстан жазуучулар союзунун жооптуу секретары жана президиум мүчөсү болуп келет. Кыргыз адабиятын түзүү жагынан сиңирген эмгеги үчүн Кубанычбекти СССР жогорку Советинин Президиуму „Ардак белгиси" ордени менен сыйлады.

Кубанычбектин творчество жолу, бул—кыргыз газеталарынын, бөтөнчө „Кызыл Кыргызстан" газетасынын кабарчыларынын жолу. Кубанычбек а деп чыкканда кабар жазып чыкты. Ал эң активдүү кабарчылардан болучу. 1926—27-жылдары „Кызыл Кыргызстандын „газетасынын ар бир номеринде дээрлик Кубанычбектин жазган кабары басыла турган. Мектептердин, кызыл үйлөрдүн жумушу, жаңы көпүрө салынгандыгы, калың алып, кыз саткандар, төрөчүлөр, кошоматчулар ж. о. с,—булар Кубанычбектин күндөлүк темалары эле. Ал шаарды, өзүнүн айыл арасын кыдырып, дыйкандар менен аңгемелешип, кабар „таап" келүчү. Мында анын журналисттик кабарлары менен кооз чыгармаларын ажыратуу кыйын, анткени—анын кабарлары да анын ал кездеги кооз чыгармалары эле. Бирок анын саясы лирикалык ырлары да ушул доордо жазыла баштады.

Бүгүнкү ордендүү акын—жазуучу Маликов Кубанычбек ушул түрдө өстү.

Ал азыр да газета менен байланышын үзбөй, очерктер, фельетондор берип турат.

Кубанычбек чыгармага да бай. Анын темасы турмуштун көп жагына тие кетет. Жаштар да, карылар да, балдар да унутулган эмес. Анын темасында кыргыздын революциядан мурунку турмушу да көрсөтүлгөн. Ал жанрга бай: лирикалар да, эпостук чыгармалар да, пьесалар да берди. Ал „Айчүрөк" либреттосунун авторунун бири.

Кубанычбек орустун үлгүлүү адабиятын которуу жагынан да бир топ эмгек сиңирди. Толстойдун „Кавказ туткуну", Пушкиндин „Цыгандары" жана Шевченконун „Кобзары" Маликов тарабынан которулган.

Кубанычбек а дегенде ыр менен жазды жана азыркы күндө да анын творчествосунун бир тобу ыр менен жазылат. 1939-жылы ырлар жыйнагы—„Жаңы ырлар"—чыккан эле. 1940-жылы Балбай баатырга арналган тарихий поэмасы чыкты. Ырларында кыргызстандын социалисттик курулушуна арналган саясы чакырык башкы орунду алат. Анын театр үчүн жазылган какшык ырлары да бар. Анда Кубанычбек эски турмушту, маданиятсыздыкты, обывательдикти, мещандыкты ж. б. аябай сынга алат. Кубанычбектин ырлары да жанрга бай, бирок театр үчүн жазган

ырларында формага берилгендик бар. Ал эми кийинки чыккан жыйнакта („Жаңы ырлар“) рифма жана ритм жагынан аксаган жана образдары начар ырлар учурайт. Ал ырлары техника жагынан жакшы иштелип чыкпаган. Ыр техникасы ырдын мазмунунун бир бөлүгү болот. Техника аксаса, мазмун да аксайт, демек, коозлук жагы да аксайт.

Кубанычбектин эпостук чыгармалары: Азамзаттар“—повесть; „Балбай“—поэма; „Сарала козу“ жана „Бактылуу кыз“—балдарга арналган аңгемелер жана башкалар.

## „АЗАМАТТАР“

Бул 1916-жылы падышалыкка каршы көтөрүлүшкө арналган тарихий чыгарма. Бирок мында „Кандуу жылдардагыдай“ жалпы сүрөт берилбестен, Кыргызстандын белгилүү бир району—Нарын тегереги алынып көрсөтүлгөн.

**Сюжети жана социалдык маселелер**. Чыгарма Кыргызстандан солдат алууга байланыштуу элдин толкуганын сүрөттөөдөн башталат. Анан элдин толкуну башаламан көтөрүлүшкө айланганы көрсөтүлөт. Автор элдин толкушун көрсөткөндө, солдатка алынуучу Алишер менен солдатка кармап берип жаткан Койгелди болуштун кармашканын сүрөттөөдөн баштап, анан булардын тарихин айта кетет. Булардын турмуш жагынан да бир бирине душман экендиги көрсөтүлөт. Ошентип, жеке маселе коомдук маселе менен байланыштырылат. Чыгарманын аягына чейин айрым эмгекчилер менен айрым бай-манаптардын кармашкандыгы сүрөттөлүп жүрүп олтурат. Козголушту эмгекчилер баштайт. Бай-манаптар а дегенде элди токтотууга аракет кылышат. Бирок көпчүлүк эл куралданып аттанганын көргөн соң, бай-манаптар да көтөрүлүшкө кошулумуш болушат. Көтөрүлүштүн бул жагы „Кандуу жылдар“ менен „Ажал ордуна“ деген чыгармаларда да ушундай берилген. Анан көтөрүлүштүн жүрүшү сүрөттөлөт. Мындагы башкы учурлар—төрөлөргө кол салуу, падыша аскерлери менен беттешүү, жеңилген элдин кытайга качышы. Анан качкан элдин кытайда көргөн кордуксордуктары сүрөттөлөт. Анан элдин убап-чубап, ач-жылаңач кайра келиши, кайра келген элге бай-манап, чиновник элементтеринин көрсөткөн зордугу сүрөттөлөт. Эң аягында Совет өкмөтүнөн кийинки доор берилет. Мында бай-манаптардын боёмолдонуп, партия, совет органдарына кирип алгандыгы жана эмгекчилер тарабынан алардын бети ачылгандыгы көрсөтүлөт. Чыгармада жалпы бай-манаптардын мыкачылыгын көрсөтүүгө, кыргыз айылындагы орто—кылымдык варварчылыктын, эксплоатациянын түрлөрүн көрсөтүүгө көп орун берилген. Тарихий адамдарды мисал келтирип, бай-манаптардын салт-санаасы кең сүрөттөлөт. Ошентип, автор 1916-жылдагы көтөрүлүштүн картинасын берүү менен катар, ошо кездеги кыргыз айылындагы таптык мамилелерди көрсөтүүгө чоң орун берет. Чыгарма көтөрүлүштүн картинасын сүрөттөөгө караганда, айрым таптардын күрөшүн жана көтөрүлүшкө мамилесин көбүрөөк сүрөттөйт.

Чыгармада коюлган социалдык маселелер“ Кандуу жылдардагы“ эле маселелер: көтөрүлүштүн себептери, аны жүргүзгөн күчтөр, бай-манаптардын көтөрүлүштөгү чыккынчылык ролу, көтөрүлүштүн жеңилиштеринин себептери ж. б. Бул маселелерди автор туура ачып көрсөтөт. Демек чыгарманын идеясы да эң алдыңкы идея—улуттук-колониялык, феодалдык жана капиталисттик эзүүгө каршы күрөшүү, боштондук үчүн күрөшүү идеясы.

**Тарихий чындыгы жана турмуш картинасы.** Чыгарма көтөрүлүштүн картинасын негизинен туура сүрөттөйт. Бул жагынан „Азаматтар“, „Кандуу жылдар“ жана „Ажал ордуна“ ортосунда көп окшоштук бар. Бул окшоштук бир жагынан, көтөрүлүштүн картинасынын окшоштугунан келип чыкса, экинчи жагынан, авторлор ошо картинаны бүт алып жалпы көрсөтүшкөндүгү да буга себеп. Ырас, Кубанычбек өзүнүн чыгармасында Нарын тегерегиндеги картинаны көрсөтмөк болгон. Бирок мындагы бөтөнчөлүк, көтөрүлүштүн кеч башталышы жана элдин аскер менен беттеше элек кезде эле үркүшү болбосо, башка жагы көтөрүлүштүн жалпы картинасын берет. Буга „Кандуу жылдар“ менен „Ажал ордунада“ токтолгон элек. Ошондуктан кайталап олтурууну керексиз деп таптык. Бирок Нарын шаарына көтөрүлүшчүлөрдүн кол салышы чын болгон иш эмес. Муну автордун өзү кошкон.

Чыгармада тарихий окуялар менен катар, тарихий адамдар да көрсөтүлөт. Булар кыргыздын аты чуулу манаптары. Маселен, „Ныязбектин сегизбек, телегейи тегиз бек“ тукумунан чыккан манап Алымдын кылган мыкачылыгы сүрөттөлөт. Анан Алым баш болгон Атбашы манаптарынын көтөрүлүшкө каршы күрөшкөнү көрсөтүлөт. Алым да, анын кылган кылмыштары да, алардын аскер чакыртып келишкени да чын болгон иш.

Чыгарма көтөрүлүштөн кийинки окуяларды да туура берет. Маселен, оокат беребиз демиш болуп, кытайдан кайткан элди чогултуп алып, кыргандары да, бул ишти бай-манаптар башкарымыш болуп, ач элди талагандары да болгон иш.

Чыгарма көтөрүлүштүн картинасын сүрөттөөгө караганда, айрым таптар арасындагы күрөштү жана алардын көтөрүлүшкө мамилесин көбүрөөк сүрөттөйт, деп жогоруда айткан элек. Бул кандай түрдө сүрөттөлөт: мында Алышер, Сулайман, Жапаркул өңдүү кедейлердин, Койгелди, Алым, Борбу өңдүү бай-манаптардын тарихи жана алар арасындагы чарбалык, саясы мамилелер көрсөтүлөт. Булардын көтөрүлүшкө катышуу түрү көрсөтүлөт. Демек китепте айрым кишилердин мүнөзүн, жүрүш-турушун жазууга көп орун берилген. Мында турмуштун айрым картинасын сүрөттөө аркылуу кыргыз айлындагы социалдык мамилелерди берген жери күчтүү. Маселен, Алышер менен Койгелди болуштун жана алардын аталарынын мамилелери кыргыз айылынын турмушундагы феодалдык калдыктарды кеңири ачып көрсөтөт. Бул сонун берилген. Бирок ушул өңдүү учурлар көбүрөөк берилсе жана таза турмуштук картина, турмуш, өндүрүш, урп-адат кеңирээк сүрөттөлсө болор эле.

**Баатырларынын образы.** Чыгарманын мазмуну көпчүлүк со-

циалдык окуяларга арналгандыктан анда көпчүлүк көбүрөөк көрсөтүлөт. Бирок „Азаматтарда“ көрсөтүлгөн көпчүлүк көтөрүшчүлөр анчалык активдүү, анчалык аракеттүү эмес. Булар Чүйдө Кочкордо эл көтөрүлдү дегенди угуп көтөрүлүп, ал жерлерде эл үрктү дегенди угуп үрккөн эл. Ошондуктан „Азаматтар“ „Кандуу жылдар“ менен „Ажал Ордуна“ өңдөнүп, көпчүлүктүн падыша аскерлери менен кармашкандагы эрдигин, баатырлыгын кооздоп көрсөтө албайт. „Азаматтардагы“ көпчүлүк падышанын, бай-манаптардын эзишине чыдай албай, баш көтөрөт да, чечкиндүү күрөшкө жете электе эле качып жөнөйт. Башкача айтканда, бул толкуп туруп гана төгүлө берген кыймыл. Ошентип, көпчүлүктүн аракети анча кең болбогондуктан, автор башкы баатырларга жана алардын душмандарына көбүрөк токтолот.

Башкы баатыр Алышер ким?

„Алышердин атасы Мамбетаалы балбан, баатыр, бүркүтчү киши болгон. Койгелди ат жалын тартып мингенден кийин, атасы Алматай болуш Мамбетаалыны чакыртып алып, өзүнө жигит кылат. Алматайдын колунда дагы он чакты жигити бар эле. Булар Алматай үчүн уурулук кылыша турган, Мамбетаалы жөө күрөшсө да, ат үстүнөн алышса да, ошол жигиттердин кимисин болсо да челектей көтөрүп чапчу. Болуш айткан соң Мамбетаалы жок деп айта албастан, айласыз тигил жигиттер менен кошо атганып жүрүп, Алматайга далай мал уурдап берген“...

Мамбетаалы ошол жолдо жүрүп окко учуп өлөт.

„Алышер, атасы Мамбетаалы сыяктуу балбан, кайраттуу жигит болуп чоңойду“. Бул кезде атасы өлүп, анын ордуна болуш болгон Койгелди да“ ууруларды көбөйтүүгө киришти „жана“ мага жигитке өтсө, көздөгөн максатына жеткирем“ деп Алышерге айттырды. Бирок атасынын өлүмүн жүрөгүнө түйүп жүргөн Алышер „ууру кылдырат экенго“ деп, макул болбоду. Мына Алышер менен Койгелдинин арасы бузулган жери да, жана Алышерди турмушка наразы кылган себептин бири да ушул. Ал эми Алышердин сүйгөнү Жыргалбүбүнү Койгелди болуш алган соң булардын арасы ого бетер бузулуп, Алышердин турмуштан наразылыгы ого бетер күчөйт.

„Алышер өз курбусунун ичинде кадырдуу эле, эмне айтса да кедейден чыккан теңтуштары жок дечү эмес. Ошо Алышерди жанындай көргөндөрдүн бири Жылкычы абышканын уулу Сулайман болучу. Жылкычы өзү да Алышерди көргөндө“, „бечара өлгөндөн калган бир туяк, тың-чыйрак, жакшы жигит боло турган. Бечаранын өмүрү узун болгой эле, жүрөгү курч бала көрүнөт, бир күнү жанагы камандар чалып кетпесе эле болду“ деп коюучу. Алышер менен Сулайман бирге басып баратышканын көрсө, Жылкычы аксакал, артынан көзү талыганча карап, сүйүнгөнүнөн жүрөгү ысып, „окшошкон жаман уулдарды карасаң, бул жамандар эмне иш бүтүрүп жүрөт болду экен“ деп коёр эле.

Ошентип, Алышер күчтүү, сымбаттуу, акылдуу жигит. Ал турмуштан сокку жеп, наразы болуп турган жигит, эмгекчилер ичинен чыккан жигит. Мына ушул себептер аркасында ал жө-

нөкөй көтөрүлүшчү гана эмес, көтөрүлүшчүлөрдүн башчысы-жетекчиси болду. Анын тең-тушу, ага берилген жана ага „окшошкон“ Сулайман көтөрүлүш чыгарууда анын эң жакын жардамчысы болду. Аягында барып бул экөө тең советтер үчүн күрөшкөн „азаматтар“ болушту. Экөө тең Коммунисттер партиясына мүчө болушту. Бирок Алышердин жолу башкачараак. Ал коммунисттер катарына Сулаймандан мурун кирди жана жетекчил кызматкерлерден болуп, советтер үчүн күрөшүп жүрүп, басмачылар тарабынан өлтүрүлдү. Автор Алышерди акыл жагынан да, сезим жагынан да башкалардан жогору коёт. Кала берсе, көтөрүлүштү баштаган жигиттер да, „уруш деген балакетти ким чыгарды?... качып жоголгондон оңу барбы?“ деп качууга бет алган кезде, Алышер курал таштабайт. Кайра бир топ жигиттерди үгүттөп алып, шаарга кол салат. Бирок дал ушул жерде, Алышердин такшалган жетекчи эмес, алдыңкы көтөрүлүшчү гана экендиги көрүнөт. Ал шаарга кол салганда бир максатты көздөп, белгилүү план боюнча иш кылбайт. „Куру дүбүрөп“ жүрүп гана „бастырып кете берсек, жоо бетине, эл четине чыктык деп, кайсы бетибиз менен айтабыз“ деген ой менен иш кылат.

Алышерге карама каршы турган образ—Койгелди болуш. Автор Койгелдинин образы аркылуу кыргыздын катардагы манабын көрсөтөт. Койгелдинин ата теги чоң манаптан эмес, бирок атасы да, өзү да болуштан түшпөй келишкен. Ал уурулуктан тартып, дүйнөдөгү мытаамчылыктын, бузукчулуктун баарынан кайтпаган, адамкерчиликтин жытына да жакын жүрбөгөн бир адам. Бирок ал тим адам эмес, өкүм сүрүп турган таптардын, бай-манаптардын кадырман адамы. Ал эми кадырман адамы Койгелди болсо, ал таптын өзү кандай болмок?—Мына автор окуучуну ушул пикирге алып келет.

Алым манаптын, Мусаалы Датканын образдары бул пикирди дагы күчөтөт. Булар кыргыз манаптарынын мыкачылыгын андан бетер кеңирээк көрсөтүшөт. Борбуке менен Жамалидин молдо бул картинаны аягына жеткирет.

Бирок автор кыргыз манаптарын кеңири көрсөткөнү менен да, ал манаптарга тирек болуп турган байларды, молдолорду толук көрсөтө алган эмес. Алардын схемасы гана берилип калган. Анткени автор жазган айылда жалаң бир бай (Борбу) жана бир молдо (Жамалидин) гана болушу мүмкүн эмес эле.

**Балбай А. В.** Бул чыгарма эл баатыры Балбайдын кыргыз манаптарына жана орус падышасына каршы күрөшкөнүн сүрөттөгөн тарихий поэма. Балбай—тарихий адам. Ал бугу элинен чыккан баатыр болуп, Бугу менен Сарбагыштын урушунда чоң роль ойногон киши. Ормонканды ушул Балбай баатыр өлтүргөн. Бирок кыргыз элинин тарихинин материалдары азыр толук болбогондуктан, Балбайдын кандай роль ойногонун так айтуу кыйын. Автор Балбайды эл баатыры кылып чыгарат. Биз азыр муну туура же туура эмес деп айта албайбыз.

Поэмада Балбайдын образы жакшы берилген. Ал баатыр, акылдуу, көрөгөч, саясы жетекчи, ошону менен катар ал гуманист жана демократ.

Балбайга каршы манаптардын эки жүздүүлүгү, чыккынчылыгы, мытайымдыгы ж. б. сапаттары да жакшы көрсөтүлөт.

Бирок поэма ошо кездеги көпчүлүк элдин турмуш шарттарына, үрп-адатына аз токтолот. Автор өткөн турмуш менен кеңири таанышбагандыгы байкалат.

Кубанычбектин азыр бизге белгилүү эки пьесасы бар. Булардын экөө тең колхоз турмушуна арналган.

**„Айылда“** деген пьеса колхоздор жаңы курулуп жаткан кездеги колхоз түзүү үчүн жүргөн күрөштү көрсөтөт. Мында бай-манаптардын колхозду түздүрбөө үчүн, өз адамдарын сактап калуу үчүн колдонгон тактикасы көрсөтүлөт. Алардын уруучулук-феодалдык идеология калдыктарынан пайдаланууга тырышканы көрсөтүлөт.

„Күлүйпа“ пьесасы колхоз ичиндеги тап күрөшүнө арналган. Мында тап душмандарга каршы күрөш эки маселеге тиет: колхозду зыянкечтерден тазалап чыңоо жана аялдар теңдиги. Колхоздун жетекчилигин колго алган душмандар зыянкечтик кылып, колхоз чарбасын бүлдүрүшөт жана аялдар теңдигине кол салып, жаш кыздарды зордук менен аялдыкка алмак болушат. Бул душмандарга каршы күрөшкө да, жалпы колхоз ишине да, аялдар эң активдүү катышат.

Эки пьеса тең коммунисттер жетекчилиги астындагы көпчүлүк тарабынан колхоз душмандарынын талкаланышын көрсөтөт.

## БӨКӨМБАЕВ ЖООМАРТ

Жоомарт 1910-жылы Кыргызстандын азыркы Кетмен-Төбө районунда туулган. Атасы эмгекчил дыйкан. Жоомарт педагогия техникумун, анан коммунисттик журналисттер институтун бүтүрдү. Окууну бүткөн күндөн тартып эле, басма сөз майданында иштеп келе жатат. Ал „Кызыл Кыргызстан“ газетасында бир нече жыл иштеди. „Ленинчил Жаш“ газетасына редактор болуп турду.

Жоомарт кабарчылар ичинен өсүп чыкты. Ал эң активдүү кабарчылардан болучу. Жоомарт азыр да адабият майданында иштеп, кыргызстандагы газета-журналдарга активдүү катышып турат. Жоомарт адабият майданында көрсөткөн эмгеги үчүн, Кыргызстандын 15 жылдык тоюнда „Ардак белгиси“ ордени менен сыйланды.

Жоомарт адабият майданына 1927—28-жылдары чыкты. Анын биринчи ыры—„Жер алган кедейлерге“—1927-ж. Оштогу „Жер төңкөрүшү“ газетасында басылып чыкты. Бул газета ал кезде түштүк райондордо жүргүзүлгөн жер реформасына арналган газета болучу.

Жоомартта азыркы жанрлардын бардыгы дээрлик—лириканы да, эпос да, драматургия жанрлар да бар. Бирок ал баарынан мурда акын. Анда азырынча кара сөз менен жазылган бир гана

чыгарма бар („Каргаша") десек жаңылыш болбос. Жоомарттын чыгармалары онго жакын китеп болуп чыкты. Азыркы күндө Жоомартта драматургиялык чыгармалар башкы орунду алат. Ал кийинки эки-үч жылдын ичинде эле „Алтын Кыз", „Токтогул", „Каргаша", „Семетей" өңдү эмгектерди берди. „Ай-чүрөктү" баштап жазган да Жоомарт болду. Анын „Алтын Кыз" деген чоң поэмасы жана бир топ майда поэмалары, очерктери бар. Жалпы ырлары үч-төрт жыйнак болуп чыкты.

Жоомарттын тематикасы көбүнчө түштүк райондорго арналган. Түштүк кыргыз айылындагы социалисттик курулуш, социалисттик эмгек, аны куруучулар, анын баатырлары, айрыкча пакта жана пактачылар—Жоомарттын чыгармаларында башкы орунду алат.

Жоомарт өзүнүн биринчи кадамынан тартып эле, түштүк райондордогу жумушчулардын—шахтёрлордун турмушунан жазууга да аракет кылды. Анын Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак кендерине арнаган ырлары да бар.

**Ырлары.** Жоомарттын ырлары эң көп. Бирок биз бул китепте анын творчество жолунун айрым этаптарын, анын творчестволук бетин жана күчүн көрсөткүдөй мисалдарга гана токтолсок жетишет деп ойлойбуз.

Жоомарт адеп чыкканда кай түрдө, кандай күч менен ырдаганын көрүү үчүн анын „Жер алган кедейлерге", „Жер Ташта", „Көкөш көзүн ачты", „Жаз", „Паравоз" деген ырларын алууга болот. Бул ырлар баарынан мурда эскини каралап, жаңыга чакырат:

„Сен кимдерден кем элең,
Чоң курсак байга жем элең...
Келди кедей заманың,
Колуңа тийип амалың.
Бай, манап калса жашынып,
Айдатып барып камагын"

деп кедейлерди тап күрөшүнө үндөдү. („Жер алган кедейлерге") Анан:

Кой кайтарса бутун тыткан караган,
Чарт жарылып согончогу канаган.
Бай баласы муштап кетсе желкеге,
Төгүп жашын, мөгдөп жерге караган..."

Көкөштүн „көзүн ачканын", окууга киргенин айтат. („Көкөш көзүн ачты"). Анан:

Толкуну бетин жууду аккан кандын,
Алсырап акылымдан мен да тандым.
Көтөрүп жаш туткунду аркама алып,
Түндөгү чуркап келген изге салдым.

деп, „камчылап бай үйүнөн кетирген" жаш батырактын муңун муңдап ырдады. („ЖарТашта"). Анан:

„Түрүп билек, дыйкан кошко камынды,
Агын суулар алдас уруп чамынды.

Эмгегиңи талбай кылгын тейтегим,
Эсте болсун келер күнүң эртегиң,
Мактап сени эртели кеч кашыда,
Тынбай сайрайт кубулжутуп эрмегиң".

деп, эмгек майданындагы күрөшкө да үндөп чыкты. („Жаз")

Бирок ал жалаң дыйкан эмгегин гана ырдап тим болгону жок.

„Така-така жер арытып айланып,
Бүркүп түтүн, чачып көбүк бакырып,
Күпө-күпө...күчө жолду арбыткан..."

деп „паравозду" да кошуп ырдады.

Демек, а деп чыкканда эле ал күрөшкө, эмгекке арнап ырдады. Ураан көтөрүп, күрөшкө чакырып чыкты. Жоомарт „бай уулу желкеге муштаган", „камчылап үйүнөн кетирген" жаштарга көбүрөк токтолуп, көбүрөк муң-зарга берилип ырдады. Ырас, аларды көргөндө „зарыгып" гана калганы жок, кайра көтөрүп алып жөлөдү. Аларды алып барып „жарыштардын тулпары" кылды.

Жоомарт андан ары да, шарттардын өзгөрүшүнө жараша эмгек жана күрөштү ырдап турду. Маселен, а дегенде „Орокчулар", „Коончуларды" алып, „кетмен аштап жер казган", „үндөтүп орок табышын," „эмгектин чыккан маңызын" абамдарды ырдаса, б. а. кетменди, орокту ырдаса, кийин трактор менен машинага өттү, социалисттик эмгек аркасында түрүн өзгөрткөн, техникага ээ болуп, байлыгын сансыз өрчүткөн талааларды ырдады. „Ала-тоо ичи санжыргап, адырлар малга толгон кезди" ырдады.

„Кыргыздын Ала тоосу", „Жаңы замаң", „Алай" „Жаңы Чүй" Кыргызстандын көркүн, байлыгын, өсүшүн, өзгөрүшүн көрсөтүүчү ырларынан деп эсептелүүгө тийиш.

„Күнүбүз биздин Сталин", „Адам заттын жылдызы", „Кимдин күүсүн ким чертет" деген ырлары тапка, партияга, жолбашчыларга арналып, коздук жагынан алда тура турган ырлар. Бул ырларынын бир бөтөнчөлүгү, буларда эл адабиятынын таасири чоң. Образдары, салыштырмалары көбүнчө эл адабиятынан алынган. Аллитерация да көп колдонулат. Жоомарт а деп чыкканда анын ырлары эл адабиятына анча жакын эмес эле. Кийинчерээк, айрыкча Токтогулдун эмгектерин чогулткандан кийин, Жоомартта эл адабиятынын образдары, түрлөрү көп орун алганын көрөбүз.

Жоомарттын табийгатка арналган ырлары да көп. Ал жайды эң сонун сүрөттөө менен катар, жылдын башка мезгилдерин, айрыкча кышты эң көңүлсүз, коркунучтуу кылып көрсөтөт. Муну „Жазгы тоо", „Кышкы тоо", „Күз көркү" деген ырларынан көрүүгө болот.

Жоомарттын сүйүүгө арналган ырлары да бир топ. Мында „Күмүш куру кал салган", „Күлкүсүнөн бал тамган", („Көңүл толкуп") „Ай тамактуу ардак кыздарды" („Айлуу түндө көл

бою"), „Минип алып, темир кара трактор", жаңы турмуш куруп жаткан „жаңы селкилерди" ырдайт. („Жаңы Селки", „Акын менен келинчек"). Бирок Жоомарттын жаңы селкисинин эмгек жана турмуш шарттары гана жаңы. Ал селкинин сүйүүгө, үй бүлөгө көз карашы, мамилеси канчалык жаңы экендиги көрүнбөйт.

## „АЛТЫН КЫЗ"

Басмачыларга каршы күрөшкө арналган музыкалуу драма. Кыргызстандын түштүк райондорунун турмушунан алынган.

**Турмуш жана күрөш.** Мында биз, баарынан мурда, „адамзаттын гүлдөп турган кезин", жыргалдуу колхоз турмушун,— „келин дебей, кыз дебей, кемпир дебей, чал дебей, өмүр күнүн сүрүп, өркүндөп күлүп" жаткан колхозчу элди, алардын эркин эмгегин көрөбүз.

Кубанычтуу, кайраттуу колхоз жаштары, өздөрү багып чоңойткон жигиттер менен кыздардан калышпай турган чалдар, кемпирлер, чыгарманын баатырлары. Булар—„жетимден баатыр, жесирден акыл чыгарган" большевиктердин жетекчилиги астында колхоз курушкан жана ошо колхоздо эпкиндүү эмгек кылышкан эмгекчилер.

Бирок жыргал турмуш үчүн күрөш токтобостон, кайра курчуган кез. Бай-манап, кулак, соодагер элементтери, өлүп бара жаткан таптардын өкүлдөрү өлүм ачуусу менен каршылык көрсөтүп жаткан кез. Булар, бир жагынан, басмачылык кылып, ачык түрдө курал көтөрүп чыгышса, экинчи жагынан, ичтен туруп, колхозго зыянкечтик кылуу тактикасын колдонушат.

Мына бул душмандар менен күрөшкө жигит дебей, кыз дебей, кары дебей, жаш дебей, бүткүл колхозчулар аттанышат. Душмандардын ачык түрдөгү куралдуу каршылыгы да, тымысын зыянкечтиги да талкаланат.

Чыгармада эски жана жаңы турмуш адамдар аркылуу гана эмес, урп-адат, салт-санаа аркылуу да көрсөтүлөт. Бир жагында ырым-жөрөлгө, зордук-зомбулук, эски салт-санаа четке ыргытылган, эркин жана маданияттуу турмуш. Экинчи жагында, кудай-пайгамбар, жин-шайтан, дувана, молдо, зордук-зомбулук өкүм сүргөн, ырым жөрөлгөнүн, караңгылыктын чеңгелинде калган эски турмуштун калдыгы.

Чыгарма жаңы турмуштун дагы бир жагын, болгондо да, эң назик сезимдерге байланыштуу жагын көрсөтөт. Бул—сүйүү маселеси. Жапар менен Чынардын сүйүшкөндүгү, бул бай-манапчыл зордук-зомбулукка учурабаган, жөрөлгө-шариятка байланышпаган эркин жаштардын өз эркинче сүйүшү. Бул сүйүү элди сүйүү менен, эл үчүн күрөштү сүйүү менен тыгыз байланыштуу. Жапар менен Чынардын ортосундагы сүйүү алардын коомдук ишине да, алардын күрөшүнө да тоскоолдук кылбайт. Кайра алардын активдүүлүгүн күчөтөт. Анткени алар бирин бири, баарынан мурда, эл үчүн күрөшкөндүгү үчүн сүйүшөт. Ошентип, мында коомдук учур, өзүмдүк учур менен байланыштуу. Өзүмдүк учур коомдук учурга баш иет, аны толуктайт. Бул жаңыча сүйүү, жаңы кишилердин сүйүшү.

**Адамдар**. Чыгармада беттешип турган эки лагерге жараша эки түрдөгү адамдар көрсөтүлөт. Булардын образдары да бир бирине карама-каршы. Колхозчулар жагы эркиндик-чындык үчүн күрөшкөн, кайраттуу, маданияттуу, адамгерчиликтүү эмгекчил эл. Басмачылардын катарында „дөөлөтү кетип башынан, кан төгүүгө чыгынган Токтор, Адыл, Момуш өңдүү байлар, соодагерлер; эмгекчил элди талоону кесип кылган, бир топу үчүн кан алып, жан берген бузуку элементтер.

Чыгарма башкы орунду колхоз жаштарына берет. Басмачылар менен күрөшүү ишинде да, колхоз жумушунда да, колхоз башкаруу ишинде да жаштар биринчи катарда барышат жана жетекчилик кылышат, алардын ичинде Чынар, Ажар өңдүү кыздар да бар. Ошентип, колхоз курулушунда жаштардын жана аялдардын ролу, айрыкча аялдардын толук теңдикке жетишкендиги атайылап көрсөтүлгөн.

**Башкы образдар**. Чыгарманын башкы баатырлары Чынар менен Жапар. Бул экөө тең колхоз үчүн, жаңы жыргал турмуш үчүн күрөштө жан аябай активдүү катышкан алдыңкы жаштар. Булар өздөрүнүн элге берилгендиги, активдүүлүгү аркасында эл тарабынан таанылган жетекчилер. Жапар куралдуу күрөшкө, басмачыларга каршы күрөшүүчү отрядга жетекчилик кылса, Чынар колхоздун ички ишин башкарат. Булар душмандарга ырайымсыз, күрөштө коркууну билбеген эр жүрөк, ошону менен катар эң кичи пейилдүү, эң адамгерчиликтүү жаштар—советтик активисттер, коммунисттик коомду эстүү түрдө куруучулар.

Улуу орус элинин—жумушчу табынын кыргыз эмгекчилерине берген жардамын жана жетекчилигин көрсөткөн образ—Кузнецов. Ал Иваново-Вознесенскиден келген жумушчу. Ал куралдуу күрөштө да, колхоз ичиндеги тымысын аракет кылган зыянкечтерге каршы күрөштө да, колхоз эмгегин уюштуруу ишинде да биринчи катарда жүрөт, жол көрсөтөт, акыл берет, үлгү болот. Бул колхоз, бул эл—анын колхозу, анын эли. Эми мурунку бөлүнгөн, эзилген жана эзген элдер, улуттар жок. Бир гана эркин совет эли бар. Ага орус менен кыргыз да, өзбек менен чуваш да жана башкалар да кирет. Кузнецов мына ушуну далилдеген образ.

Анан колхоз үчүн, жаңы жыргал турмуш үчүн күрөштө жаштар менен бирге катарда турган жана ошол жолдо курман болгон эненин образы да эмгекчил элдин каармандыгын көрсөтөт. „Азап тартып жашынан, зардуу болгон эне“, „зарды баштан кетирген заманды“, „ойноп-күлүп чоңойгон балдарды“, ушул жыргал турмушту берген“ таалай көлү Сталинди“ сүйөт. Мында коомдуку өзүнүкүнөн ажырабайт. Анткени энеге бул кубанычтуу турмушту берген—коом, ал коомду куруп жаткан эненин өзү. Бул коом менен энени табыштырган большевиктер, алардын улуу жолбашчысы Сталин. Ошондуктан эне өзү өңдүү „жесирден акыл чыгарган большевиктин өмүрүн тилейт“. Эненин тилеги тим тилек эмес. Ал ошо тилекти жактап, душман колунан өлөт. Бул ак нээттүүлүктүн, эр жүрөктүүлүктүн үлгүсү.

**Адабият формасынын бөтөнчөлүгү.** Чыгармада көрсөтүлгөн күрөштүн таасири аркасында, чыгарма көбүнчө күрөшкө үндөп, ураан көтөргөн чакырык ырлардан түзүлгөн. Мында революциялык романтика күчтүү жана лирика көп колдонулат. Чыгарманын кээ бир үзүндүлөрү, маселен I жана V көшөгөдө, көпчүлүк эл ырлары түрүндө түзүлгөн жана өздөрү да эл ырларынан алынган.

Жалпы чыгармага эл адабиятынын таасири чоң. Макал-лакаптарды колдонуу жана салыштырмалары жагынан эл адабиятына жакын турат. Маселен, чыгармада:

„Асмандагы туйгундун,
Учканындай жаштар ай,
Алмамбеттин сарала
Тулпарындай жаштар ай",

дегендей салыштырмалар четинен жолугат. Чыгарма „жетимден баатыр, жесирден акыл чыгарган большевиктер" дегендей лакаптар киргизет.

Чыгарманын тили күрөшкөн эки лагердин бөтөнчөлүгүнө жараша берилген. Колхозчулар советизмди—советтер кезинде чыккан жаңы сөздөрдү колдонуп, кыргыздын эл тили менен сүйлөшөт. Басмачылардын тили, дин-шарият сөзү менен, соодагерлердин, байлардын макал-лакабы, салыштырмасы менен толгон. Бул үчүн төмөнкү эки үзүндүнү салыштырып көрсөк эле жетишет. Маселен колхозчу жаштар:

„Тоту куштун жүнүндөй,
Тоонун салкын гүлүндөй
Толукшуган ай нуру
Тоодо ойногон келиндей",

деп тоту кушка, гүлгө, айга салыштырып ырдашса, басмачылар

„Шириндигиң Наманген,
Мейизиндей жан-жанай,
Кумарлыгың Ноокаттын
Насбайындай жан-жанай"

* * *

„Бай теректен бүрдүү бол,
Пайгамбардан сүрдүү бол,
Кырк периште колдосун,
Кыдыр болсун жолдошуң"

деп мейиз менен насбайга, пайгамбар менен кыдырга теңештишет.

Жоомарттын „Токтогул" деген муздрамасы жана „Каргаша" деген пьесасы да китеп болуп басылып чыгып, сахналарда коюлуп жатат.

„Токтогул"—Кыргыз элинин улуу акыны жана композитору Токтогулдун турмушуна арналган. Мында „Токтогулдун падыша

чиновниктерине жана кыргыз бай-манаптарына каяша айтып чыкканы, элди куралдуу көтөрүлүшкө даярдаганы, падыша аскерлерине кармалып Сибирьге айдалганы, Сибирьде жүргөн кези, Сибирден качып элге келгени көрсөтүлөт.

Чыгарма улуу акындын өмүр жолун негизинен туура берет. Анын падышага, бай-манаптарга каршы күрөшкөнү, ошол үчүн Сибирьге айдалганы чын. Бирок окуялардын бардыгы эле тарихий чындыкка туура келбейт. Маселен, акын Токтогул куралдуу көтөрүлүшкө жетекчилик кылган эмес, ырас, ал көтөрүлүш чыгарган элге тилектеш болгон. Муну так ошо турмушта болгондой кылып көрсөтсө, чыгарманын мааниси дагы жогоруураак болор эле. Анткени—тарихий чыгармада тарихий тенденциялар туура көрсөтүлүүгө тийиш.

Чыгарма, бир жагынан элди акындын өмүр жолу менен тааныштырса, экинчи жагынан революциялык күрөшкө үндөйт, жана кызыктырат. Чыгармада өзүнүн бүткүл талантын элге арнаган, эмгекчил элдин муң-зарын ачык түрдө ырдаган акынды, падыша чиновниктерине, бай-манаптарга ачык түрдө каршы чыккан жана ошентип, элди революциячыл күрөшкө даярдаган күрөшчү акынды көрөбүз. Албетте, чыгарма Токтогулдун образын толук берет деп айтуу мүмкүн эмес. Бул чыгарма акындын саясы күрөшүнө көбүрөөк токтолгон. Ырас, бул кемчилик эмес, бирок бул гана аз. Акынды бардык жагынан көрсөтүү — Жоомарттын мындан аркы милдети.

## ЖАНТӨШЕВ КАСЫМААЛЫ

Касымаалы Жантөшев 1904-жылы Кыргызстандын азыркы Түп районунда туулган. Анын ата теги дыйкан. Касымаалы да Фрунзедеги педагогия техникумун бүтүрүп, а дегенде Агартуу Эл Комиссариаты системасында, түштүк райондордо иштеп турду.

Ал агартуу жагынан методист болуп да иштеди. Бирок, анын башкы эмгек сиңирген жери Кыргызстан Мамлекет театры. Мында Касымаалы 1933-жылдан бери иштеп келатат. Искусство ишинде сиңирген эмгеги үчүн Касымаалы медал менен сыйланган. Касмаалынын чыгармалары жакын жылдарда гана басылып чыга баштады. Бирок ал 1928-жылдан бери жаза баштайт. Анын „Кара Чач“ деген пьесасы сахнага коюла баштаганына он жылдан ашты. Азыр сахнага коюлуп жүргөн башка пьесалары да бар.

Касымаалынын чыгармалары кара сөз—проза менен жазылган жана ал жалаң эпос жана драма жанрларын берди. Азыр анын басылып чыга элек, бирок коюлуп жүргөн бир топ пьесалары, басылып чыккан бир повести жана бир романы бар. Бул кийинки экөө тең—„Эки Жаш“ жана „Каныбек“—түштүк райондордун турмушунан алынып жазылган.

Эки чыгармасы—„Кара Чач“ жана „Эки Жаш“—революциядан мурунку жана революциядан кийинки кыргыз аялынын турмушун көрсөтүүгө арналган. „Кара Чачта“ күл катары сатылып, кордук-зордук, муң-зар ичинде жүргөн „кыргыз аялы“ көрсөтү-

лөт“ „Эки жашта“ болсо эркиндик, теңдикке жеткен, ал гана эмес, өзү ошо эркиндик, теңдик үчүн күрөшкөн, аягында барып бүт бир колхоздун жетекчиси болгон аялды көрөбүз. Ошону менен катар бул эки чыгарма тең өздөрүндө сүрөттөлгөн доорго жана шарттарга жараша, ошо кезде кыргыз айлында жүрүп жаткан тап күрөшүн да көрсөтүшөт.

„Эки жаштын“ баатыры Айнагүл, бул тап күрөшүнө сезимдүү жана активдүү түрдө катышкан, жаңыча окуган, жаңыча жашаган аял. Бирок Жантөшев Айнагүлдү „алыстан караганда, аркарсыны бар“ „турна моюн, алма баш“ деп жомоктогудай сүрөттөп, „ак жибек көйнөк, кызыл тукаба бешмант“ кийгизип, эски байбичелер түрүнө, салып коёт. А дегенде Айнагүл да күрөшүүдөн көбүрөөк ыйлоо менен убара. Анан „Эки жаштын“ сюжетинде турмуштук окуялардан көрө, басмачылардын „алды-качты“ чуулары көбүрөөк орун алат. Айрыкча Айнагүлдүн атасы туруксуз образ болуп чыккан. Анын жаңы турмушка бет алганын автор анын кемчилигиндей кылып көрсөтөт.

Жантөшевдин жазган чыгармалары 15—20 дан ашса да, алардын көбү пьеса болуп, басылып чыга элек болгондуктан, бул жерде токтолууга мүмкүнда болбоду.

## „КАНЫБЕК“

XIXкылымдын экинчи жарымындагы кыргыз айлынын турмушун көрсөтүүгө арналган чыгарма. Автордун эсеби боюнча биографиялык тарихий роман болууга тийиш. Бирок „Каныбек“ бул жанрды өзүнчө бир түрдө түзгөн. Ал роман болууга караганда, жомокко көбүрөөк жакын. Тагыраак айтсак, жомоктон романга өтүүчү форма. Мунун себеби—чыгарма социалдык экономикалык шарттарды, турмушту, үрп-адатты бир топ көрсөтөт, бул жагынан автор өзү сүрөттөгөн доорду реалисттерче берет, бирок сюжет түзүү, башкы батырларынын образы жана тили жагынан алсак, жомоктордон көп айырмасы жок.

**Социалдык-экономикалык шарттар.** Чыгармада сүрөттөлгөн шарт—бузулууга бет алган феодализмди көрсөтөт. Бул кезде кыргыз айлында натууралдык чарба кыйрап, айырбаштоо-соода күн санап, кеңейип турган кез. Канткенде да соода-айырбаштоо иши көпчүлүккө белгилүү жана тиешелүү иш болгон кез. Ал гана эмес, кыргыз феодалдарынын өздөрү да, соода капитализми жолуна өтүп, Түлкүбек өңдүү соодагерлер, Атабек өңдүү сүткорлор чыга баштаган кез. Бул бир жагы.

Экинчиден, кыргыз эли өзүнүн эркинен такыр ажырап, бир жагынан орус падышасына, экинчи жагынан кытай өкмөтүнө толук көз каранды болгон кез.

Мына бул эки учурду чыгарма толук жана туура берет. Мында соода кыргыз турмушуна канчалык сиңгени да, аны кимдер жүргүзгөнү да, чет эл соода капиталынын (Зуннахундун) кыргыз базарын колго түшүрүүгө кылган аракети да, чет жер соодагерлери менен кыргыздын өз соодагерлеринин байланышы да (Зуннахун, Түлкүбек ж. б.) сооданын зордук-талоочулук методдорун (Зуннахундун малына кайын атасы Айдарбек датканын койгон үстөмөсү) колдонуу да көрсөтүлөт. Анан, мында падыша өкмөтүнүн чексиз бийлиги, ал өкмөттүн токмоктору болгон болуш, бий, старчындар, алардын чексиз зордук-зомбулугу сүрөттөлөт.

Ошону менен катар чыгарма мына ушул экономикалык негиздеги таптык мамилелерди берет. Мында, бир жагынан, бүткүл бийликке, бүткүл байлыкка ээ болгон, элдин жерине-суусуна, мал-мүлкүнө, ал гана эмес, эмгекчилердин керт башына да толук кожоюн болгон феодалдарды көрөбүз. Экинчи жагынан бул феодалдарга бардык жагынан көз каранды болуп, бүткүл укуктан ажыратылган эл—букара турат. Бирок бул элдин составы бирдей эмес, жана бирдей болуу мүмкүн да эмес. Мында белек катарында, буюм катарында, колдон колго өтүп жүргөн Каныбек, Жолой өңдүү кулдардан тартып, Карып, Чоң койчу өңдүү жалданып оокат кылып жүргөн жумушчу батырактарды да көрөбүз. Албетте, башкы көпчүлүк ар бир феодалдын „айылы“ болуп эсептелип, ошо феодалдын бүткүл жумушун бекер иштеп берүүчү жана бекер иштөөгө аргасыз болгон „эркин“ букаралар.

Чыгармада көрсөтүлгөн эксплоатация баарынан мурда, феодалдык эксплоатация. Бийликтин күчү менен бекерге иштетүү, тартып, талап алуу—ал кездеги башкы метод. Кала берсе соода кылганда да, феодалдар өз бийлиги менен малга баа кесе коёт. Ал баадан өйдө же төмөн болууга—конкуренцияга жол жок. Мында соода „закону“ жүрбөйт, феодалдын буйругу жүрөт. Зуннахундун малына Айдарбек Датканын койгон баасы, Карыпка болгон бүтүм өңдүү окуялар муну толук көрсөтөт.

Чыгарма феодалдардын колунда, тупа-туура кул катарында же жалданган жумушчу катарында иштеп жүргөн катмарды көбүрөк көрсөтөт. Анткени, автордун башкы максаты бир кулдун турмушун көрсөтүү. Ошондуктан ал көбүнчө ошо чөйрөдөн чыкпайт. Мунун аркасында негизги таптын мал чарбачы букаралардын күрөшү толук берилбей калат. Негизги таптар арасындагы мамилелер толук ачылбай калат.

**Турмуш, урп-адат.** Чыгарма өткөндөгү турмуштун, урп-адаттын айрым көрүнүштөрүн туура жана кооз сүрөттөйт. Чыгарманын эң оңунан чыккан жагы ушул, деп айтсак жаңылыш болбос.

Мында Сансыз, Карып, Чоң койчу өңдүүлөрдүн кара алачыгындагы турмуштан тартып, Түлкүбектин чоң ак үйлөрүндөгү, Зуннахундун кооздогон тамдарындагы турмушка чейин ичине алган картинаны, кой багуу, жылкы багуу, эгин салуу, уучулук кылуу өңдүү турмуш картинасын көрөбүз.

Кой баккан кулдар, жылкычы эрлер эмне менен көңүл ачат?

Кудайга теңелген даткалар, манаптар, байлар бекерчиликте, дөңдө олтуруп, эмне жорукту башташат? Муну „Каныбек“ сонун сүрөттөйт.

Жамбы атуу, күрөшүү, эңишүү, улак тартуу, төшөк талашуу өңдүү кыргыздын эски спорт оюндарынын бардык түрүн „Каныбектен“ табууга болот.

Үйлөнүү, той кылууга байланыштуу бүткүл урп-адаттарды, айрыкча чоң манаптардын тоюн „Каныбек“ толук сүрөттөп берет.

Намыскөй даткалардын бир бири менен калжыңдашкан, шылдыңдашканынан тартып, кыргыз жаштарынын, кыз-келиндердин, жигит-уландардын оюн-тамашаларына чейин элдин жүрүш-турушу коөздук менен сүрөттөлөт. Кала берсе ошо кезде кыргыз элине дин канчалык таралгандыгын жана динчилердин элди кантип алдагандыгын чыгарма чыныгы көрсөтө алган. Мында Сансыздын жаназасын дааратсыз окуган Түлкүбектин да, элди алдап жүргөн Сабыржан өңдүү эшендердин да дини кандай экени айрыкча ачык көрүнөт. Ошону менен катар динчил жөрөлгөлөрдүн чеңгелинде калып, эшен-молдолорго жем болгон элдин караңгычылыгы ого бетер ачык көрсөтүлгөн.

Мына бул турмушка, урп-адатка, салт-санаага негиз болгон чарбанын түрү ачык сүрөттөлбөсө да, ал эң жөнөкөй жолдор менен жүргүзүлгөн көчмөндүү мал чарба экендиги ар бир кадамда көрүнүп турат. Жайыт алмаштыруу, жайлоого чыгуу, кыштоого түшүү өңдүү учурлар чыгарманын сюжетинде башкы орунду алат. Чыгарманын башкы баатырларынын кесиби да кой, жылкы багуу.

**Сюжет түзүлүшү.** Чыгарманын сюжети башкы баатыр Каныбектин өмүр жолуна байланыштырып түзүлгөн. Бул түшүнүктүү. Автор доорду Каныбек аркылуу көрсөтмөк болот. Каныбектин атасынын өлүшү, энеси менен Каныбектин качышы, жолдо Жолойго жолугуу. Жолойдун жомогу, Каныбектердин кармалышы, Каныбектин Зуннахунга берилиши, Зуннахун колундагы турмуш, Зуннахундун Каныбекти өлтүрмөк болушу жана Айдарбек даткага берип жибериши, Айдарбек датка колундагы турмуш, эшендер келгендеги жана Айымбачанын тоюндагы окуялар, Каныбектин үйлөнүшү, Айдарбек Датканыкынан качуу, кармалуу жана качуу, ж. б. Мына чыгарманын биринчи бөлүмүндө негизинен ушул окуялар жазылган. Мындай карап чыкканда сюжетте айып жоктой көрүнөт. Бирок сюжет түзгөндө автор окуяларды кантип байланыштырып, кантип чечкенин алып карасак эле, бир укмуштан экинчи укмушка кездеше беребиз.

Каныбек менен энеси качып бара жатканда эле зоодон учуп, аз жерден өлбөй калышат. Ал эки ортодо карышкырлар пайда болуп, эненин чапанына тиш салып калган кезде, буларды Жолой куткарып кетет. Жолойдун өзү да бир жаткан укмуш. Ал 40 жылдан бери жалгыз өзү тоо-ташты кыдырып, мергенчилик кылып жүрөт. Анын башынан өткөнүн сүйлөп олтурса, баштан аяк „ала качты“, „жыга чапты“ окуялар.

Ал эми Каныбектин Зуннахун колундагы турмушун алсак,

мында да сюжет, негизинен, Каныбектин эки жолу өлүмдөн аман калгандыгы жөнүндө, бир жолу качкандыгы жөнүндө сүйлөйт. Ушунтип а дегенде эле Каныбек үч-төрт жолу өлүмдүн бетине барып келди.

Анан, Каныбектин Айдарбек Датка колундагы турмушуна келели. Мында Каныбек нече жолу өлүп, нече жолу тирилгендигин санап чыгуу дагы кыйыныраак. Ал гана тургай, өлүмгө туура байланышпаган окуялары да бир топ укмуштуу. Улак тартуу, төшөк талашуу учурларында да Каныбектин кыймылы апыртылып сүрөттөлөт. Ал эми Каныбектин уурулар менен чабышкан жери, чоң атасыныкына барган учуру, Жолой менен Каныбектин энесинин жашаган шарты—мына булардын баары укмуштан өткөн укмуштуу кылып сүрөттөлөт.

Ырас, мындай окуялар турмушта ар качан жолугуу мүмкүн. Бирок турмуш жалаң ушундай окуялардан түзүлүшү мүмкүн эмес. Андай турмуш жомоктордо гана жолугат. Мына ошондуктан чыгарма бул жерде роман түрүн бербестен, жомок түрүн берет. Сюжеттин мындай „укмуштуу" болушу, башкы баатырлардын образдарына байланыштуу. Алар жасалма жана эл жомокторундагыдай бир жактуу образдар.

**Башкы баатырлардын образдары.** Башкы баатырлар, албетте, Каныбек менен Жолой. Ырас, Жолой азыркы окуяларда толук катышпайт. Бирок анын тарихин алып карасак, бул карыган Каныбек, XIX кылымдын башындагы Каныбек дешке болот. Каныбек болсо, XIX кылымдын аягындагы Жолой, жаш Жолой. Анткени—булардын өмүр жолу, жүрүш-турушу мүнөзү бир бирин кайталайт.

Каныбек да, Жолой да боштондук үчүн күрөшкөн баатырлар. Булардын күрөшү активдүү. Булар качуу, курал көтөрүп чыгуу өңдүү аракеттерге чейин барышат. Бирок булардын аракети көпчүлүк кыймылы менен байланыштуу эмес. Ал гана эмес, булар чынында көпчүлүктү, же өздөрү менен тике байланышпаган бирөөнү куткаруу үчүн аракет кылганын жалпы көрбөйбүз. Демек, булар жекечил баатырлар. Булар аркылуу ал кездеги эмгекчилердин кыймылы көрсөтүлбөйт жана көрсөтүп да болбойт. Албетте, реалисттик чыгарманын башкы баатырлары мындай болууга тийиш эмес. Дагы айтабыз, турмушта Каныбек. Жолой өңдүү адамдар да болуу мүмкүн. Бирок бул образдар азыркы учур да „типтүү шарттардагы типтүү мүнөздөрдү" көрсөтө алышпайт, окуяларды тап күрөшү тарихинен четке коюшат. Мейли, Каныбек белгилүү бир кыймылды баштоого жаш болсун, же ага шарттар жетиле элек болсун, бирок өзү өңдүү кулдар жөнүндө ооз эки гана күйбөстөн, колунан келген жерде жардам бере албайбы? Бул да жок. Башкы жагымдуу баатыр ушундай.

Ал эми Каныбектин саясы күрөшүн четке коюп, жалпы адамга таандык сапаттарын алып карасак, бул образ чындыктан дагы ырагыраак кетет. Мында биз Манас болбосо да, ошого жакын бир баатырды көрөбүз. Каныбек нечен-нечен өлүмден калат. Ага таяк өтпөйт, ага өлүмдүн колу жетпейт. Бир өзү нечен

ондогон жигиттерди жыга чаап, жеңип чыгат. Жолдошторy бир чабуудан өлүп жатканда, Каныбек аман калат. Анын колунан келбеген иш жок. Ал акын, ал композитор, ал мерген, ал баатыр, ал акылман ж. б. Кыскасы—„Жылкыдан бууданды минген, жылаажындай үн менен күлгөн, бүркүтчө тиктеп, сырттандан бетер жүргөн бул жигит биздин Каныбек баатыр эле... "дейт Жантөшев. Ал „Кызыл чырай, нур жүздүү, кырдач мурун, кара каш, кара көз". Каныбек 8—9 жашар кезинде эле „ат баспаймын деген жерин үч басат" деген макал чын болсо, келермин же сен чоңойгондо мага барарсың, Таштеке... "деп макалдатып сүйлөйт. Ал жомоктогудай жашынан баатыр, акылман. Буга Каныбектин караңгыда көрүнүүчү „ойноктогон оттуу көзүн" кошсок, анын Зуннахун атам дегендеги эрдигин ж. б. кошсок бул образ жомок түрү менен берилгендиги айкын болот.

**Тил жана сүрөттөө түрү.** Чыгарма кыргыздын эски турмушун, урп-адатын кеңири көрсөткөндөй, өзүндө сүрөттөлгөн доорго жараша кыргыздын тил байлыгын да кеңири иштеткен. Бул анын жетишкендиги. Бирок бул жерде ошо тил байлыгын туура пайдалануу жагына жана тилди роман стилине жараша берүү жагына токтолуп өтүү зарыл.

Баарынан мурда, макал-лакаптар туш келди колдонулган. Чыгармадагы эл, жети жашарынан тартып, жетимиш жашарына чейин, бүт дээрлик лакап менен сүйлөйт. Буга Каныбектин өзү эле мисал. Анын тең-тушу Сүйүмкан да, „ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет... Аман эсен чоңоюп, эр жетсең жаман эжең Сүйүмканды эсиңе ала жүр" деп коштошот. Биринчиден, бул жерде бул лакап сөз эмне маани бергени түшүнүксүз. Экинчиден аны айтып жаткан Сүйүмкан „эжеке" 10—11—эле жашар болот. Ошону менен катар, рифмалап сүйлөөдө көп колдонулат. Маселен, „ал күндөр—жетим менен жесирди, бечара менен кедейди, дыйкан менен момунду алдап өттү... Ал күндөр арам кыял мытаамга ат мингизип, агым суудан жалдап өттү. Байды чалкайтып, байбичени кампайтып өттү..." дегендей үзүндүлөр көп жолугат. Минтип рифмалап жана жалаң лакап менен сүйлөө жомоктун түрү болот. Ошондуктан тил жагынан да чыгарма романдан көрө жомокко жакын.

Ал эми мындан макал-лакапты, жомок тилин такыр жолотпоо керек, деген корутунду жасоого эч жарабайт. Ар бир чыгармада дооруна, шартына, адамдардын образына жараша макал лакап да, жалпы жомок тили да колдонулушу тийиш. Бирок жалпы тили ошо чыгарманын жанрына ылайык болууга тийиш.

Корутундулап айтканда, „Каныбек" өткөн тарихий доордогу социалдык-экономикалык шарттарды, урп-адатты, айрым турмуштук окуяларды туура жана кооз көрсөтөт. Бирок сюжет түзүлүшү, башкы баатырларынын образы жана тили жагынан алганда ал, али жомок түрүнөн чыга элек. Бул түр чыгарманы реалисттик эмгектен көбүрөк укмуштуу фантазиялык эмгектер катарына тартат. Ошондуктан аны укмуштуу окуялар романы, деп жүргөн жолдоштор да бар.

# СЫДЫКБЕКОВ ТҮГӨЛБАИ.

Түгөлбай 1912-жылы Кыргызстандын азыркы Түп районундагы Кең-суу деген жерде туулган. Атасы кедей дыйкан. Түгөлбайдын маалыматы ортодон жогору. Окуудан токтогондон бери көбүнчө басма сөз майданында иштеп келе жатат. Кийинки бир нече жылдар ичинде жазуучулар союзунда иштеп турду.

Түгөлбай 1928-жылдан баштап жаза баштайт. Анын биринчи чыгармасы эл адабиятынан алынып жазылган поэма—„Капкакбай“. Түгөлбайдын мындан кийинки чыгармалары да көбүнчө эпос жанры менен жазылган. Түгөлбай да лирика аз. Ал баарынан мурда өзүнүн романдары менен белгилүү.

Түгөлбай акын-жазуучуларыбыздын жаштарынан болсо да, бир топ эмгек берди. Анын азыр басыла элек бир романы—„Темир“, басылып чыккан бир романы—„Кең Суу“, бир очерки—„Алатоодон жетөө“, бир нече поэмасы—„Түн жарчысынан кабар“ ж. б. жана эки-үч ырлар жыйнагы бар.

**Ырлары**. Социалисттик эмгек Түгөлбайдын ырларынын башкы темасы. Аны менен катар кыргыз элинин өткөндөгү турмушуна арналган, жолбашчыларыбыз Ленинге, Сталинге арналган, табийгатка арналган ырлары да бир топ. Түгөлбай Пушкинден, Некрасовдон, Жаровдон алып да бир далай ыр которду жана акындардын элесин көрсөтүүгө да бир нече ыр арнады.

Ал: „Эмгек кылып тез чыкпай,
Эмгекчи карды тоёрбу?

***

Жапыргын терең эмгекти
Ысык жүрөк кайнасын!“

деп эмгекке үндөп, жалаң гана дээрлик дыйканчылык эмгекти, колхоз эмгегин ырдайт. Ал айылдашы менен сүйлөшкөндө да, жеңесинен сыр сураганда да, Алай менен аңгемелешкенде да „Кетменчилер күүсүн“ чертет. Түгөлбайдын „Микрафон ырдады“, „Маданият өзгөрдү“, „Аткан ок“ деген жана Алай менен Памирге арналган ырлары социалисттик курулушту, социлалисттик эмгек майданындагы жеңиштерди сүрөттөйт.

Ленинге арналган ырларында Ленинди чалдардын, жаштардын өз тили менен сүрөттөөгө тырышат. „Ленинди чалдар айтышканда“:

„Аргымак аттай күлүк,
Арымын керип жүгүргөн,
Алгыр кыраандай тийип,
Душманын жеңип бүлдүргөн“

деп эл адабияты түрүнө салып, Лениндин образын берет. Ал эми „Ленин балдарынын ырында“ ал:

„Биз балдары маштайбыз,
Дагы жолун жаттайбыз,
Атабыздын жүрөгүн
Тагынабыз сактайбыз!“

деп чакырык салат да, „Өзү жок—өрнөгү бар“ деген ырында:

„Арабызда өзү жок
Жасап кеткен жолу бар.
Бирок Ильич өлгөн жок,
Бизде өрнөгү колдо бар“

деп жариялайт.

Акын жазуучуларга, — кооз сөзгө арналган „Калам“, „Акын—булбул“, „Мең ыр жазам“, „Чабуулга“ деген ж. б. ырларында акындын образын, милдетин, максатын айтат. Кыскача айтканда, акын өз табынын булбулу, болуп ал булбулдай үнү, жумшак, жатык тили менен элине кызмат кылат. „Сен да ашкан булбулусуң элиңдин“, ошондуктан:

„Тилиң буулуп токтолбостон,
Сайра, таңшы көрүнгүн.
Кайрат менен казы тереқ,
Күчүн жумша сезимдин.
Атака кой, ураан чакыр!
Туусун көтөр сөзүңдүн!“ дейт.

„Көбөктүн өлүмү“ деген ыры өткөн күндөрдө кыргыз феодалдарынын кылган мыкачылыгын, ал кездеги эмгекчилердин такыр укуксуздугун сүрөттөйт. Феодалдар намыс талашканда эмгекчилердин жаны да, каны да тыйынчалык эсепке алынбагандыгын көрсөтөт.

Түгөлбайдын „Түн жарчысынан кабар“ деген поэмасы Совет чегин сактап турган кызыл аскерлердин каармандыгын көрсөтөт. Ал поэма чек арадан жашырын түрдө өтүп, Советтер жеринде зыянкечтик, бүлгүнчүлүк, террор ишин жүргүзмөк болгон душмандар менен күрөштүн бир картинасын сүрөттөп берет. Ошону менен катар чек арадагы табийгаттын, шарттын бөтөнчөлүктөрү да берилген.

„Алатоодон жетөө“ деген очерки Фрунзе—Москва ортосундагы лыжалык жүрүшкө арналган. Ошо жүрүшкө катышкан жолдоштордун чыдамкайлыгын, шамдагайлыгын, усталыгын сүрөттөп, бул жүрүшкө байланыштуу кыйынчылыктар менен тааныштырат.

## „КЕН СУУ“

Революциядан кийинки кыргыз айыл-кыштагынын турмушун көрсөткөн социалдык-турмуштук роман.

**Турмуш.** Чыгарма советтер кезиндеги кыргыз айылындагы турмушту, айрыкча эски жана жаңы турмуш элементтерин, эски жана

жаңы урп-адаттарды, эски жана жаңы көз караштарды, булардын бири бири менен күрөшүн, буларды алып жүрүүчү адамдарды көрсөтөт. Кыргыз айыл кыштагындагы колхоздошуу ишинин кандай өткөндүгүн, колхоз үчүн күрөш кандай жүргөндүгүн кеңири көрсөтөт.

Мында биз жайлоодо бээ байлап, кымыз ичип жаткан байларды да, жакада калып, апийим отоп, орок оруп жүргөн жатакчы кедейлерди да, жаштарды да, карыяларды да, эркектерди да, аялдарды да күндөлүк турмушунда көрөбүз.

Мында биз эгини менен жайлоосу, даны менен кымызы кызыктуу жай айларындагы турмушту жана кышында кыштоого түшүп, тамга кирип, согум союп, топ-топ болуп жоро уюштуруп жаткан айылды көрөбүз.

Мында биз улак тартып, күрөшкө түшүп, кыз кубалатып, ат чаап, айыттап жүргөн жаштарды, кыз берип, той кылып, кыз качырып, чыр баштап жүргөн „азаматтарды" көрөбүз.

Кыскасы, кыргыз айылынын турмушу эмгек жагынан да, оюн-тамаша, көңүл ачуу жагынан да, үй-бүлө, урп-адат жагынан да кеңири жана чыныгы көрсөтүлөт.

**Эски жана жаңы.** Бирок бул жайбаракат, тып-тыныч гана өтүп жаткан турмуш эмес. Мында эски менен жаңы жан аябай күрөшүп жатат. Роман, баарынан мурда, мына ушул күрөштү жандуу образдар аркылуу көрсөтөт.

Романда көрсөтүлгөн кыргыз айылында мурункудай бай-манаптардын чексиз бийлиги жок. Жер-суу, укук, бийлик эмгекчилер колунда. Бોштондукка чыккан эмгекчил эл эркин эмгек кылып, барган сайын оокаттуу, маданияттуу турмушка кадам коюуда. Бул жаңы шарт, жаңы турмуш жана ушул турмушту куруп жаткан адамдар да жаңы, жаңырган адамдар.

Бирок эски турмуш, анын өкүлдөрү, эски адамдар, айрыкча эски салт-санаа, эски урп-адат толук жоюла элек. Ал гана эмес, жер-суу, бийлик эмгекчилер колунда болгону менен да, Кашымбек, Бердибай, Василий өңдүү кан ичерлер али жайлоо жайлап, бээ байлап, намыс талашып, эл чабышып, мурункудай эле жатууда. Булар мурункудай бий, болуш болбогону менен алардын Саадат, Садыбакасов өңдүү агенттери айылда совет органдарын „башкарат".

Айылдагы коомдук турмушту кыймылдатып жүргөн күч-комсомолдор. Булар сабаттуулук, маданияттуулук үчүн күрөшүп, коммунисттик идеологияны пропогандалап, коммунисттик этиканы жайылтуучу адамдар. Бирок ошол эле комсомолдордун өзү али динчил жөрөлгөлөрдүн маанисин түшүнүп жетише элек. Алар айыт намазына толук барышат, айытка арнап оюн-тамаша уюштурушат. Алар кала берсе жоролорго да активдүү мүчө. Ал гана эмес, булардын арасында, Саадат өңдүү боёмолдонгон душмандар бар. Анын өзү калың берүү, бүтүм кылуу, элдешүү өңдүү эски урп-адаттарды кеңири колдонот, өрчүтөт. Ал—бай-манап элементтерин коргоп, элге жалган налог салып, чыгым алып, Советтер жолун бузат.

Айылда мектеп, кызыл журт ачылып, сабатсыздыкты жоюу иши

жүргүзүлүп жатат. Бирок аял-эркек дебей, топ-топ болуп жоро куруп, масчылык, уруш-талаш менен күн өткөргөн эл да аз эмес.

Мына ушул эски турмуштун калдыктарына башкы тирек—Саадат. Ал эң коркунучтуу душман. Ал боёмолдонуп ошол кезде өзү иштеп турган өкмөт уюмдарын колго алган. Совет бийлигинин органдарын элге каршы жумшайт. Ошондуктан эскиге каршы күрөшкөндөрдүн башкы соккусу Саадатка каршы жөнөтүлөт. Анын бети ачылат. Романдын биринчи бөлүгү ушуну менен токтойт.

Романдын экинчи бөлүгү ушул эски турмушту биротоло талкалаган иштиколхоздошуу ишин сүрөттөйт. Мында көпчүлүктүн колхозго тартылышы, буга бай-манаптардын кандай каршылык кылгандыгы, „солчул" атка минерлердин зыянкечтиги жана башка окуялар кеңири көрсөтүлөт.

**Адамдар**. Бул күрөштө ар эки тараптан жетекчилик кылып, алдыңкы катарда жүргөн кишилер болду. Чыгарма баарынан мурда мына ушуларды көрсөтөт. Мында бир жагында, Сапарбай Осмон, Жакып, Бүбүш өңдүү комсомолдор, экинчи жагында Кашымбек, Шоорук, Барпы, Саадат өңдүү бай-манапчыл мытаамдар турганын көрөбүз.

Тескери образдардан, бай-манапчыл элементтерден Саадат менен Кашымбектин образы башкаларынан толук берилген, булардын мыкачылыгы, мытаамдыгы, эки жүздүүлүгү, жалганчылыгы, булардын элге көрсөткөн кордугу, булардын баштаган уруучулугу, жаатчылыгы жана башкалары бир топ толук көрсөтүлөт.

Комсомолдордон Сапарбай менен Бүбүш толугураак көрсөтүлөт. Булардын Саадатка каршы элди баштап чыкканын көрөбүз. Мында Сапарбайдын образы башкалардан бөлүнүп турат. Анткени ала дегенде олку-солку болуп „кез-кез Саадатты жандап да жүрөт". Бирок аягында барып өзүнүн катасын түшүнүп, Саадатка каршы активдүү күрөшөт.

Булардан кийин күрөштүн жүрүшүндө өсүп чыккан жаңы актив көрсөтүлөт. Мына булардын өзүн да, булардын өсүш процессин да Түгөлбай башкалардан көрө толук жана кооз сүрөттөйт. Бул образдарды жалаң „Кең суудагы" эмес, жалпы азыркы кыргыз адабиятындагы толук берилген образдар деп эсептөөгө болот. Булар—Сооке, Самтыр ж. б.

**Сооке жана Самтыр**. Сооке эмгекти сүйгөн, ак нээт, элге боорукер абышка. Ал баарынан мурда жалкоочулуктун душманы. Ал бардык жерде жалкоолорду жемелейт. Отунга барган жерден кымыз уулап кетип, ат чарчатып, бош келе жаткан жатакчыларды да „сынга" алат. „Сурун урайын, ушул карагандын, ушундан мен кымызды көп ичтим. Отун да алдым" деп Сооке бош келе жаткан көк быштычанды жемелейт. Автордун айтуунча, „Бул жыртак көз, чүкөдөй болгон сары абышка адамга ак көңүл, бир топ боорукер кары эле. Ишенчилиги өткөн адамын өзүндөй көрүүчү. Колунда жоктугунан бир ишке кыжаалат болуп, кысталып калган адамдан жакшылыгын аяйын дечү эмес". Эч ким ишенбеген Ыйманбайга да качан болсо Сооке жардам кылат. Эң жок дегенде кемпиринин түйүнчөгүндөгү „асмай алдырам" деген 35 тыйынын

да Ыйманбайдын налогуна берет. Өмүрдү Саадат урдурганда да барынан мурун Соокенин боору ачыйт.

Ошону менен катар, Сооке саясы активдүү абышка. Ал айылдагы бай-манап элементтеринин кылыгын байкап жүрөт. Ал Саадатка абдан каршы. „Аккан арыктан сууну агызып салышты. Бактыны да, мансапты да Саадатка кондурушту“ деп, бай-манаптардын Саадатты көтөргөнүн айтат. Ал эми Саадат элге жалган налог салганда да муну баарынан мурда Сооке абышка түшүнүп, нааразылыгын билдирет.

— „Баягы жылдарда элге кызыл өгүз, көк сокону бекер таратып берبеди беле бул совет, ошол эле совет ушул, же Анжыян аркадан башка совет келип калды дейсиңби? Сурун урайын, ушул чаар бизге аттанды“ деп Сооке Саадатты эскерет.

Бирок Сооке абышка али өзүнүн ролун, өзүнүн мүмкүнчүлүгүн толук түшүнүп жете элек. Ал адегенде Саадатты артынан сөгүү менен гана тим болот. Аны алып ыргытуу жана бул ишти баштап уюмдаштыруу анын оюна келбейт. Окуялардын жүрүшүндө Сооке абышка пассивдүүлүктөн чыгат. Саадаттын бетин ачкан активдердин бири болуп, сельсоветке да шайланат, бирок ал өзү гана өспөйт. Соокенин демилгеси жана таасири аркасында Самтыр да активдер катарына көтөрүлөт.

Автор Соокенин образын бардык жагынан бир топ толук иштеп чыккан. Анын „сурун урайын“ менен башталуучу сөзүнүн бөтөнчөлүгү, анын бүктөй кармаган шапалак камчысынан өйдө бүткүл көрүнүшү жакшы көрсөтүлгөн.

„Самтырдын атасы Дувана деген кул экен. Кул болгондо да ушул бизге тааныш Кийизбай деген байдын атасы Чыныбек деген учурунда, дөөлөтү ашып, эрдиги ташып, учка чыгып турганда, ошол Чыныбектин жылкычысы болгон экен... „Ал эми“ Дуваннын атасы койчу, энеси кара күң. Ошентип Самтырдын „Тегин тектей келгенде, Дуванадан аркы аталары сайда саны чыкпай, кумда изи калбай табылбай кетет.“ Самтырдын аты да Самтыр эмес, Сарыкул болгон. Бирок Кийизбай Сарыкул деген атты жактырбай өзгөртөт. Ал, —О! Кайран неме! Жаман иттин аты бөрү басар. Сарыкул деп, Кыдыктан чыккын Сарыкул бүткүл көл сеңирин титиреткен. Ошондой арстандын атын жаманга тагып, сенин балаңа Сарыкул деген ат жарашабы? Салбыраган кара алачыкта туулуп, салбырап өскөн сенин балаңа Самтыр деген атта жетишет, дептир.

Мына ошентип айылдын эң эзилген катмарынан чыккан Самтыр, „жыйырма жаштын кыр ашуусун эңкейип“ түшкөнчө койчу болуп келет. Самтыр да „Абдиштей балдар, Зайрадай кыздар катарында сабатсыздыгын жоёт,“ партиянын жолуна, совет өкмөтүнүн мыйзамына негиздеп түшүнө баштайт.

„Мына Самтырдын эң кыска тарихи ушул“. Бул „чоң чокой“ „көк чокой“ Самтыр Сооке жана Өмүрлөр менен бирге Саадатка каршы чыгат. Ал Соокелердин „тапшырмасы“ боюнча, Саадаттын „сырын“ билүү үчүн, уполномочен келген үйгө да барат. Ырас, бул ишине өзү да көп түшүнүп жетпейт. Саадаттардан коркот Миң түрдүү ойго түшөт. Бирок канткени менен да, аягында барып

Саадаттын кылмыштарын ачык чогулушта айтып чыгат. Айыл Советке шайланып, окууга кетет.

Ошентип, Түгөлбай, Сооке менен Самтырдын образы аркылуу калың көпчүлүктүн, элдин төмөнкү катмарларынын саясы турмушка активдүү катыша баштагандыгын, жаңы жетекчилер, жаңы күчтөр өскөндүгүн көрсөтөт.

**Ыйманбай жана анын Сараласы.** „Кайран Ымаш менен ай сарала" бүткүл айылга маалым. Булардын бири—Ымаш жалкоолуктун аягына чыккан болсо, экинчиси—Сарала „дакиликтин бардык мектебин бүтүргөн". Ымакени мүнөздөө үчүн аялы Бүбүгө эле сөз берели:

„Бир тыйын таппай жайы-кышы делделектеп жүргөнүң жүргөн. Үйлүү-жайлуу, катын-балалуу эр ортону болгон киши сенчилеп жүрөбү? арам дардене. Отко салар отунуң жок, эки күндөн бери айылдан көң сурап келип жагып жүрөмүн, эч болбосо эл барып алып келип жаткан- кудайдын тоосундагы белен отундан алып келип берсең болбойбу. Таң күнү уулаганың бозо, өз жаныңды багып кете бересиң..." Бирок Бүбү жеңемдин бул насияты да Ымакени жолго сала албады. Эртеси отунга деп, барган жеринен дагы эле бозо уулап күндү кеч кылды. Ымаке сараласына арнап салган „суут сарайынын" үч кереге кепесинин ичин кыш чыккыча бир жолу күрөп да койбойт. Ошондуктан „кыш жарымы өткөн кезде арык сараланы кепенин оозунан жетелеп кирсе, сараланын өркөчү кепенин төбөсүнө тийип туруучу". Аны көргөн Ыйманбай, „сараланын сөөгү өсүп калган белем" деп, бул укмушка көзү жетпей, сараланын туягын бир, өркөчүн бир карап кубанат. Бирок Ыйманбайдын укмуштары муну менен гана бүтпөйт. Ыйманбай айылдагы салгылаштарга да катыша кетмейи бар. Анда да Ыйманбайдың кылыгы элден бөлөк. Ал камчы өтүп, эти ачынса четтеп чыга калат да, анан „өзүнөн өзү жулунуп, өзү менен өзү жакалашып, бир жеңин чечип жиберсе, бир жеңинен колун сууруп ала албай куудурап, тонун сүйрөп алып, жер тепкилеп жатканын" көрөсүң. Айтып олтурсаң Ыйманбайдын элден бөлөкчө кылыктары көп. Бирок канткени менен да ал кедей, бирөөгө карасанабаган ак ниет эмгекчи. Ал да Сооке, Өмүрлөргө тилектеш, бирок өзүнүн „Ыймаштыгы" аркасында эчтекеге жарап бере албайт.

Ал эми Ыймаштын баккан сараласы, албетте, „Алмамбеттин ай сараласындай" болбой амалы жок. Анткени, Ыйманбайдын „кепесине байлангандан бери сарала бир күнү кампайып жемге тоюп жана суу ичип багылган эмес". Анын „өркөчү тоодой шишиген болсо да", Ыйманбай жайдак соорусуна конуп алып, „алкынтып" жүргөнү жүргөн. Мына бул азапта жашаган сарала да, жаны үчүн күрөштө, „дакиликтин мектебин бүтүрүп", чечилип кетиштин жөнүн да, коңшулардын чөбүн уурдап жештин жөнүн да ж. б. үйрөнгөн.

Ыйманбай күлкүлүү образ. Бул образ аркылуу Түгөлбай иши оңунан чыкпаган дыйкандын түрүн көрсөтөт. Бул Шолоховдун „Көтөрүлгөн дың" деген китебиндеги Митяй деген дыйкандын образын туурайт. Демек, мында Түгөлбай Шолоховдон үлгү алган. Бирок кыргыз элинин психологиялык бөтөнчөлүгүн да эске алып,

сараланын образын кошот. Алмамбеттин атактуу сараласы менен Ыйманбайдын дакил сараласы катар коюлат. Бул эң күлкүлүү сонун салыштырма.

Ыйманбай менен сараланын образдары да усталык менен берилгендиги шексиз.

**Сюжет түзүлүшү жана тили.** Ушул материалдын баарын, ушул жогоруда айтылып өткөн окуяларды жана саналып өткөн адамдарды Түгөлбай бир сюжеттик рамкага бир топ усталык менен жайлаштырат. Ал чыныгы роман сюжетин берет. Ал ар бир окуяны, айрым образдарды тиешелүү турмуш шартына байланыштырып сүрөттөйт. Маселен, байдарды байларча кымыз ичип олтурган жерде көрсөтсө, кедейлерди отун алган, орок оргон жерде сүйлөтөт. Эски салт-санаанын көрүнүштөрүн да Кашымбек менен Саадат өңдүү эскинин өкүлдөрү баштаган айылдан көрөбүз. Элдешүү, баталашуу өңдүү иштер, кыз уурдоо жана аны кайра тартып алуу өңдүү эски адат менен бирге жүрөт. Комсомолдор менен коммунисттердин дин таасиринен чыга элек экендигин автор курман айтты сүрөттөө аркылуу көрсөтөт. Кыскасы „Кең суу" окуялардын схемасын эмес, турмуштун өзүн берет.

Роман тилге да бай. Ар бир катмардын, ар бир адамдын тил бөтөнчөлүгүн да эске алган. Бирок ошентсе да чыгарманын аксаган жери тили, тагыраак айтсак, сөз түзүмү. Буга бир эле мисал келтирели:

„Биреөлөр ташкын суудай долулугун чыгарып, көгөрүп жатып, урушкандады коркутуп жатып алса, Ыйманбай урушканда камчы же союлдун бири бир жерине өкүмүрөөк ойноп өткөндө, ал калпактай ыргып түшүп, солк этпей жатып калып, биреөлөр келип, эки колдорунан алып жогору колтуктап көтөрүшсө, кадимки ителги тийген кекиликтей мойнун шылк-шылк эттирип, тулкусу далдая түшүп, биреөлөрдүн колунда сүйрөлүп калып, жер тепкилеп, эки бутун тыбырчылатып, жалган өлүп, урушкан кишисин коркутучу."

Буга кошумча сөздүн кереги жок. Бул Сараланын тизгининдей чубалган сөз тизимин ондобой жиберүү—кылмыш. Бирок мындай үзүндүлөр көп жолугат. Ошондуктан романды эл түшүнүп окуй албастан, жеткире баа да бере элек.

---

## „АЙЧҮРЕК"

Бул кыргыз элинин атактуу жомогу—эпосу „Манастан", анын, „Семетей" деген бөлүгүнөн алынып жазылган либретто. Авторлору Маликов, Бөкөмбаев, Турусбеков. Айчүрөктүн мазмуну албетте, тарихий окуяларды көрсөтөт. Ал баатырлардын турмушун, тагыраак айтсак баатырлардын сүйүшүн көрсөтөт. Анын башкы темасы ушул, ошондуктан, ал мындан кеминде миң жыл мурунку турмуштун бир көрүнүшүн берүүгө тийиш. Ага анализ бергенде, баарынан мурда, мына ушул тарихий фактыны эске алуу керек.

**Эпос жана либретто.** Чынкожо колу менен келип Акунхандын шаарын курчап алат да, Айчүрөктү эриксизден Толтойго алып бермек болот. Айчүрөк Толтойдон кутулуу үчүн, аккуу түрүнө

кирип Семетейди издеп барат. Анда Чачыкейге жолугат. Семетей ууга барган жерде Айчүрөк аккуу болуп, ак шумкарды ала качат. Семетей, Күлчоро, Канчоро, Бакай болуп ак шумкарды издеп, Айчүрөккө келишет. Чынкожо, Толтойлор менен Семетей, Күлчоролор урушуп жеңет. Семетей Айчүрөктү алат. Башкача айтсак, бул „Семетей" эпосундагы Семетейдин Айчүрөктү алган жери. Мында эпостун мазмуну жана окуялардын хронологиялык тартиби өзгөртүлбөгөн. Бирок ырларынын түзүлүшү жана техникасы эпостогудай эмес. Бул түшүнүктүү. Мында ырлар башка овондорго, башка музыкага ылайыктап жазылган. Бирок көп образдары жана салыштырмалары эпостун өзүндөгүдөй эле. Булардын кайсы жери эпостуку, кайсы жери авторлордуку экендигин ажыратуу кыйын. Маселен, Түмөнбайдын Толтойду сүрөттөгөн жерин алалы:

„Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар;
Эки бети салаңдап,
Эки дөбөт тойгондой;
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөнүн жуткандай
Муруттарын карасаң,
Ай балтанын сабындай;...

Бул жалпы эпостордогу салыштырмалардын бир түрү экендиги шексиз. Мында Толтойдун өзү тескери образ болгондуктан, анын сүрөтү да ошондой жийиркеничтүү кылып берилет. Бул жагы да толук эл адабиятынан алынган.

Эми көрүнүктүүрөк болсун үчүн либретто менен эпостун кээ бир жерлерин салыштырып көрөлү.

Семетей ак шумкарды Айчүрөккө алдырып жибергенде ачуу менен Күлчорого мындай дейт:

„Чором, бүгүнкү күнүң шумдуктуу,
Чором, башыма салдың кордукту,
Ак була көрдүм албадың,
Ак кууга кушум салбадың,
Балыкты көрдүм, баспадың,
Тооруй түшүп, тосподуң..."

Бул жерди Тоголок молдо мына мындай берет:

„Ак була тапсам алдырбай,
Ак олпокко салдырбай,
Суудан балык алдырбай
Кууга кушум салдырбай,
Эртелеп айтып сырыңды,
Эсен аман калдырбай.
Жоболоңдуу куу туяк,
Жолумдан тосуп торгодуң,
Нээтиң менден бөлүнүп,
Не себептен коргодуң"

Мында стил башка болгону менен мазмууну жана түрү бир экендиги шексиз. Же эпостун текстине тупа-туура байланышы болбостон, авторлор тарабынан киргизилген жерлерин алалы:

Күлчоро—„Кыргый мүчө, кыпча бел,
Кыздары сонун кыргыздын"
Кыз—„Баарысы жоого шамдагай,
Балдары сонун кыргыздын".
„Саймадай жайнап ачылган,
Гүлдөрү сонун кыргыздын.
Комузга кошуп сайраган
Үндөрү сонун кыргыздын"...

Же мына бул аллитерацияны алалы:

„Ак барандын огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун,
Ак албарстын мизи урсун
Атанар Манас өзү урсун"

Бул түрлөр „Манаста" гана эмес, жалпы эле кыргыз фольклорунда кеңири колдонулат. Муну Токтогул өңдүү эл акындарынан да көп учуратуу мүмкүн.

Ошентип, биз мында сюжет жагынан да, ырлардын түрү, техникасы жагынан да эл адабиятынын байлыгы толук берилгендигин көрөбүз.

Жогоркуда келтирилген мисалдар чыгарманын тили жөнүндөгү маселени да ачып берет. Чыгарманын тили өзүндө сүрөттөлгөн окуялардын дооруна ылайык. Лексика байлыгы да, сөз түзүмдөрү да өткөн доорду элестетип турат. Маселен, бир эки ырды алып, ошо доордун мүнөзүн айкын берген сөздөрдү көрөлү:

„Саралаалуу жылкы айдап,
Санжыргалуу кылка айдап,
Айдай болгон Чүрөктүн,
Калыңына беремин.
Алтымыш качыр, кырк пилге,
Алтындан себин артасың.
Аргымак-буудан атыңды,
Алдыма туура тартасың,
Алтындуу торко тонуңду
Кийитиме жабасың,
Алтымыш эки кул берип,
Алтымыш эки күң берип,
Алдыма айдап саласың.
Аяктап шербет куйгуча,
Аяштын тоюн сойгуча,
Кош болгун, кудам, кош болгун".

Бул Чынкожонун Акун-ханга айтканы. Мында „саралаалуу жылкы, санжыргалуу кылка" айдаган, „алтымыш качыр, кырк пилге, ал-

тын себ“ артып, „буудан атты“ тартып, „алтындуу торко тон“ жаап, „кул берип“, „күң берип“ жашаган заманды көрөбүз. Мына ошо заманды көрсөтө турган бул лексика—бул сөздөр бизде азыр аз жолуга тургандыгы да талашсыз.

Ошентип, тил жагынан да, эпос менен либреттонун арасы үзүлгөн эмес.

**Доор жана турмуш.** „Айчүрөктө“ сүрөттөлгөн доор кыргыз элинин өзүнчө мамлекет куруп турган доору. Ошо кезде Енесейден тартып, Ооганстанга чейинки жерлерди ичине алган улуу кыргыз мамлекети болгон. Ал мамлекетти куруу үчүн да, аны бүт сактоо үчүн да дайым кандуу күрөш жүрүп турган. Ички душмандар менен да, тышкы душмандар менен да күрөш жүргүзүлгөн. Сырттан башка уруулардын союздары, маселен, уйгурлар, кара кытайлар кол салса, мамлекеттин ичи да тыныч болбогон. Мамлекетте үстөмдүк орунду ээлөө үчүн айрым уруулардын арасында да кандуу кагылыштар болуп турган. Чынкожо менен Семетейдин душмандыгы да, мына ушул айрым уруулар арасындагы күрөштүн бир көрүнүшү. Албетте, Чынкожо, Семетей аттуу баатырлар, дал ушул операдагыдай окуялар болгон деп айта албайбыз. Бул адамдар жана окуялар тарихий чындык негизинде түзүлгөн фантазия, болгондо да, кылымдар бою, эл тарабынан коздук менен өрчүтүлүп келген фантазия.

Чыгармада сүрөттөлгөн турмуш ошо кездеги коомдун эң жогорку катмарынын турмушу. Мында биз баатырларды, хандарды, чоролорду, ханшаарларды көрөбүз. Кол, кул, күң—ошо баатырларды толуктаган гана образдар катарында берилет. Мында биз жаркыраган сарайларды, хандардын ордосун, алтын тактарды ж. о. с. көрөбүз. Мындагы элдин урп-адаты да, кийим-кечеги да, курал-жабдыгы да, үй-жасалгасы да азыркы күндө, албетте, жолукпайт. Бул бизге түшүнүктүү, бирок чоочун турмуш. Ырас, ал кездеги кийим-кечек, курал-жабдык, үй-жасалга дал чыгармада көрсөтүлгөндөй болбоо мүмкүн. Бирок негизинен өткөн доордун элесин берет.

**Алдыңкы идеялар жана адамдар.** Эпостун—„Семетейдин“—башкы идеясы кыргыз элинин боштондугу үчүн күрөшүү. „Айчүрөктө“ болсо жалпы кыргыз элинин боштондугу үчүн күрөшүү маселеси тупа-туура коюлган эмес. Анткени—мында өз ара күрөш көрсөтүлөт. Бирок „Айчүрөктүн“ да башкы мотивдери боштондукту сүйүү жана патриотизм. Башкы баатыр—Айчүрөк—Чынкожонун зордугуна баш ийбестен, эркиндик үчүн күрөшөт. Бирок ал өзүнүн эркиндигин гана ойлобойт. Ал:

„Үшү кетти элимдин
Түгү кетти жеримдин,
Баатыр күйөөң барсачы,
Мен бейбакты алсачы,
Туткун кылбай элимди
Толтойго кыргын салсачы“

деп, өзүнүн тагдырын, элдин тагдыры менен тыгыз байланыштырат.

Чыгармада чындык менен жалган, ак жүрөктүк менен кара ниеттик, баатырлык менен коркоктук карама-каршы коюлат. Боштондук үчүн күрөшкөндөр—чынчыл, ак жүрөк, баатыр. Булар— Айчүрөк, Семетей, Күлчоро ж. б. Зордукчулар—жалганчы, эки жүздүү, коркок. Булар—Чынкожо, Толтой, Чачыкей, Канчоро Маселен, Семетей менен Күлчоро чындык менен күрөшкөн эр жүрөк баатырлар болсо, булардын душманы Чынкожо менен Толтой зордукчул кара ниеттүү коркоктор. Күлчоро ак жүрөк баатыр болсо, Канчоро кара ниеттүү, эки жүздүү коркок.

Ошентип, чыгарма боштондук жана чындык үчүн, зордукка жана калпка каршы күрөшүү идеясын, эл үчүн, журт үчүн курман болуу идеясын берет.

**Айчүрөк.** Айчүрөк Акун-хандын кызы, Семетейдин баталашкан колуктусу. Ал абдан сулуу:

„Көбүк кардай эти бар,
Кызыл кандай бети бар,
Калемден кара кашы бар,
Кундуздай сулуу чачы бар,
Журттан чыккан иши бар...“

Анын колунан келбеген иш жок.

„Айт, айтпа, асыл, не керек?
Аккуу болуп учат дейт“.

Ал—„акылман туулган жеңем“ Чынкожо менен Толтойду алдап кетүүгө да жарайт.

Ал боштондукту сүйгөн, эл үчүн күйгөн эр жүрөк. Чынкожо келип, Акун-хандын элине кыргын салмак болгондо, Айчүрөк кыпындай коркуп койбойт. Ал:

„Айланайын хан ата,
Башыңа түшсө убайым,
Элиңе кордук көрсөтпөй,
Жанымды курман кылайын“.

деп өзүн курман кылууга даярдыгын билгизет. Ал баарынан мурда, элди ойлойт, элге кордук көрсөтпөс үчүн жанын курман кылмак болот.

Ошентип, Айчүрөк Манастын уулу Семетейге да өмүрдүк жолдош болууга ылайык. Булар бир бирин толуктап турган заттар. Бири булбул болсо, бири туйгун. Алар жөнүндө кыздар:

„Эжекем булбул талдагы,
Жездекем туйгун таңдагы
Буралган кырчын бактардан,
Булбулду туйгун албайбы.
Чолпондой жанган эжекем,
Чолпондун көркү жездекем.
Жолборстой жоосун чайнаган,

Жоруктуу эрлер өрт экен.
Алышкан эрди ойрондоо
Арыстаным жездем шерти экен"

дешет.

**Семетей.** Чыгармадагы бүткүл окуялар, бүткүл адамдар Семетейдин баатырлыгын, анын сымбаттуу, сыпаттуулугун көрсөтүп турат. Бардык эл сөзү менен да, иши менен да Семетейдин адамдан бөлөкчө жан экендигин билдирип турушат. Толтой ага каршы чыгуудан баш тартат. Ал:

„Ай көлдүн уулу Семетей,
Алышкан адам жеңчү эмес, досум,
Семетей анык болгондо,
Колубуздан келчү эмес, досум,
Эй Чынкожо баатырсың,
Элирип сүйлөп жатырсың.
Хан Манастын уулуна,
Кандай адам катылсын"

дейт.

Сулуулардын сулуусу, акылмандардын акылманы, ханшалардын ханшаасы Айчүрөктү да, Семетей тең көрбөгөндөй болуп сүйлөйт:

„Жолоочу жолун тоскон күң
Сени алып нетемин?
Эр албай карып турган күң,
Ак шумкар бергин кетемин".

дейт. Бирок:

„Хан Манастын жашында,
Бакай абам башында,
Алтымыш эки нар алып,
Жоргосун бөлөк айдатып,
Башына кебез байлатып,
Бел куда болгон жери бар.
Өзүң тентип жүргөндө
Чүрөктүн,
Карый турган эби бар"

болгондуктан, „намыска туулган жеңдекем" Айчүрөктү таштап коё албайт. Ал Бакайдын:

„Өтүп кеткен жан атаң,
Кара көк жал шерибиз.
Кайран эрдин намысын,
Келтирбейли эми биз"

деген кеңеши боюнча Чынкожого каршы аттанат. Бирок чыгарманын бүткүл мазмуну Семетейди актап турат. Ал өзү барып, Чынкожо, Толтойлорго кол салбайт. Экинчиден, Айчүрөк да Семетейди каалайт жана урп-адат боюнча да ал Семетейдики

болуу тийиш. Ал Манас үчүн, Манастын намысы үчүн талашканы анын салмагын дагы күчөтөт.

**Сүйүүбү, намыс талашуубу?**, Семетей „кайран эрдин намысы“ үчүн Чынкожого каршы аттанып, Айчүрөктү куткарып алганын көрдүк. Демек, мында биринчи орунда сүйүү эмес, намыс талашуу турат. Толтой да Айчүрөктү айрыкча сүйгөнү көрүнбөйт. Ал:

„Чынкожом, элге баралы,
Эки кыз тандап алалы,
Атын Чүрөк коёлу
Аябай койду соёлу“

деп Айчүрөктөн баш тартууга даяр экенин билдирет. Толтойдун Айчүрөктү алууга умтулганына сүйүү эмес, башка себеп бар. Аны Чынкожо мына мындайча айтат.

„Ааламдан ашкан эр десем,
Ары жок Толтой белемсиң,
Чачыкейден айрылган,
Жаны жок Толтой белемсиң,
Колуктуң эле Чачыкей,
Алып алды Семетей,
Касташкан жооңо көрүнбөй,
Башыңа кийдиң. тебетей“

демек, Чынкожо Толтойлор да намыс талашып жүрүшөт. Ошентип, сүйүү экинчи орунда турат. Ал эми буга карата Семетей менен Айчүрөк бири бирин сүйбөстөн кандайдыр бир саясы максатты көздөп гана кошулушту деп түшүнсөк жаңылыш болор эле. Анткени—булар бир бирине арзый тургандыгын, булар бир бирин жактыргандыгын окуялардын бүткүл жүрүшү көрсөтүп турат. Бирок баатырлардын бардык иши алардын саясы күрөшүнө баш ийүүгө тийиш. Ошондуктан, Айчүрөктү алуу иши да Чынкожо менен болгон күрөшкө байланыштырылат. Намыс талашуу ошо күрөштүн шылтоосу. Намыс талашуу баатырлар доорундагы; феодализм доорундагы негизги идеологиялык ураандардын бири. Феодалдар жер-суу, бийлик үчүн күрөшсө да, аны „намыс талашуу“ ураны менен боёмолдошот. Намыс түрдүү болушу мүмкүн. Феодалдын „намысына“ ар түрдүү жактан кол салуу мүмкүн. Бул жерде болсо, бир биринин колуктусуна—„намысына“ кол салгандыктарын көрөбүз.

## „АЖАР“

Бул революциядан мурунку кыргыз аялдарынын укуксуздугун, эзилгендигин көрсөтүүгө арналган чыгарма. Автору Касымалы Баялин.

Чыгарманын башкы героинасы—баатыры Ажар. Ал эмгекчинин кызы. Анын атасы 1916-жылдагы көтөрүлүш кезинде окко учуп өлөт. Ажар энеси экөө атасынын туугандары менен кытай-

га качат. Кытайда ачтыктын, жокчулуктун азабынан энеси да өлөт. Ажарды бир уйгур байы зордук менен „сатып“ алат. Тууган-туушкандары кетип, Ажар ошо уйгур байынын колунда калат. Ал бай Ажарды башка бир байга сатат. О шентип, Ажар аргасыздан бир бай чалдын аялы болуп тура баштайт. Мына бул кордукка чыдабасган, кыргыздар бар жерди—Какшаалды көздөй качат. Бирок максатына жетпейт: качып бара жаткан жеринде аны карышкыр жеп коёт.

Кыскача айтканда „Ажардын“ сюжети мына ушу менен аяктайт. Ажардын сюжети 1916-жылдагы көтөрүлүшкө байланыштуу. Бирок дал ушул 16-жылдагы окуяларды көрсөтүү жагы эч канааттандыра албайт. Баялин 16-жылдагы жеңилген элдин кантип кыргынга учураганын, анан кытай жеринде кандай кордукзордуктар көргөндүгүн жазып гана тим болгон. Элдин баатырларча күрөшү көрсөтүлгөн эмес. Жалпы алганда көтөрүлүштүн себептерин, аны кимдер баштап, кимдер жүргүзгөндүгүн, жеңилишинин себептерин, айрыкча кыргыз бай-манаптарынын чыккынчылык ролун ж. б. с. көрсөтүүчү картиналарды берүү мүмкүн эле. Ырас, Баялин бай манаптар куралсыз элди падыша аскерлерине каршы айдап, бекерге кырдырганын көрсөткөн. Бирок бул учур көтөрүлүштүн жалпы картинасы менен байланыштырылбай алынгандыктан, кайра тескерирээк түшүнүк берет. Баялиндин сүрөттөөсүнө караганда падыша аскерлерине каршы куралдуу урушка эмгекчилер өздөрү тилеп аттанбастан, аларды бай-манаптар айдаган болуп чыгат. Анткени өзүн „хан“ деп жарыялаган бир манаптын элди урушка айдаганын гана көрсөтүп токтойт. Аны көрсөткөн себеби—Ажардын атасынын ошол урушта окко учуп өлгөнүн көрсөтүү болот. Мында да Баялин 1916-жылдагы окуяны көрсөтүү максатын алдыга койгон эмес. Ал китебинин сюжетин байланыштыруу үчүн гана көтөрүлүштүн айрым бир окуясын көрсөтө кеткен. Анын башкы катасы ушунда. Автор көтөрүлүштү көрсөтүүгө, албетте, милдеттүү эмес. Ал чыгармасына кандай сюжет алам десе өз ыктыяры. Бирок көтөрүлүшкө тие кеткенден кийин, туура таасир калтыргыдай кылып сүрөттөө керек эле.

„Ажардын“ сюжети адаттан тышкары окуяларга—көтөрүлүш, уруш, качуу, кырылуу өңдүү күндөлүк турмушта жолукпай турган окуяларга арналган болсо да, Баялин жалпы кыргыз элинин турмуш мамилелерин, урп-адатын бир топ көрсөтө алган. Мында айрыкча Ажардын ата-энесинин бала тилеп, молдо, бакшы, эшен, кожолорго алдаткан жери, „аппак кожомдун колдошу“ өңдүү жөрөлгөлөрдүн таасири жакшы көрсөтүлгөн.

Автор ошо кездеги кыргыз айлындагы айрым таптардын, бай-манаптар менен кедейлердин арасындагы мамилелерди да туура көрсөтө алган. Ал гана эмес уйгур, дуңган ж. б. улуттар ичиндеги таптык мамилелер да, бардык жерде эзүүчүлөрдүн түрү бирдей экендиги да жакшы берилген. Качкан кезде кыргыз бай-манаптарынын кедейлерге кылган мамилеси, качкындарга кытай, калмак, уйгур, дуңган байларынын көрсөткөн кордуктары кеңи-

ри сүрөттөлгөн. Китептин бул жерлери ошо кездеги таптык мамилелерди туура түшүндүрөт.

Баялиндин бул чыгармасынын дагы бир чоң жетишкендиги ата-эненин сезимин, ата-эненин жана баланын бир бирин сүйүү сезмин автор бир топ терең көрсөтө алган. Ажардын ата-энесинин бала тилегени, Ажар үчүн жандарын берүүгө даяр турушкандыктары, айрыкча Ажардын энесинин өлүм алдында жатып, Ажар жөнүндө муңкангандыгы жана Ажардын өзүнүн ата-энесине канчалык берилип сүйгөндүгү—мына мунун бардыгы эң назик жана эң сонун сезимдерди тарбиялайт.

Образдар жагынан, сүрөттөө жагынан алганда Баялиндин бул чыгармасында сентиментализм таасири бар экендиги шексиз. Ал Ажардын, анын ата-энесинин көргөн азабын, көргөн кордуктарын, алардын турмушунун оордугун көрсөтүп, окуучунун аларга тилектеш кылууну максат кылган. Бул туура. Бирок мунун аркасында анын баатырлары, айрыкча Ажар өтө ыйлаак болуп чыккан. Ал гана аз, Баялин жалаң адамдарды гана эмес, табийгатты да кошо ыйлатат.

## „АЙСУЛУУ“

„Айсулуу“ Темиркул Үмөталиевдин негизги чыгармаларынын бири деп эсептелүүгө тийиш. Ал сюжет жагынан кичине болгону менен темасынын актуалдуулугу жагынан Темиркулдун негизги чыгармасы боло алат.

„Айсулуу“ колхоз турмушуна арнап жазылган поэма. Эпкиндүү кыз Айсулууну эр жигит Авазбек сүйүп, кат жазат. Бирок бул Айсулууга жазылган биринчи кат эмес. Анын сулуулугуна, анын сымбатына, анын ишине, жүрүш-турушуна көңүлү түшпөгөн жигит жок. Ал ашкан сулуу:

„Өрүлүп аркасында кундуз чачы,
Ийилип турган айдай эки кашы,
Ийилип жаш чыбыктай ничке бели,
Дегенсийт он тогузда кыздын жашы.
Эки бет өзү бышкан анарга окшойт,
Эки көз күйүп турган панарга окшойт.
Кокустан жарк этип бир карап койсо,
Кайдагы сезиминдин баарын козгойт.

Ал окуп жана эпкиндүү иштең башкаларга үлгү болгон кыз. Бул жөнүндө колхозчу Эргеш аке мындай дейт:

„Айсулуу окуп жүрөт, көп жыл болду.
Өмүрдө кыз көрбөдүм эстүү мындай,
Сабактан чыккандан соң иш кылышат,
Колхоздун багында ушул кечке тынбай,
Кыздарга, бирге иштешкен, айтып турат,
Ишинде боло калса кемтик кылбай.
Ушундай Айсулуу бир чын сулуу кыз,
Балбылдап күлүп турган чолпон жылдыз.“

Ал эми Айсулууга кат жазган Авазбек да жөн жигит эмес. Жигиттин жигити:

„Авазбек дал жыйырма жашка чыккан,
Азамат күрөшкөндүн баарын жыккан
Тойбогон тамашаға оюн караак,
„Жолборс“ деп сөз кылышат даңкын уккан.
Орто бой, кырдач мурун, кара тору,
Келишкен сулуу жигит көрсөң сырттан.
Жаркырап көргөн жерде күлүп сүйлөп,
Бир башка мүнөзү бар кыз кызыккан“.

Бирок Айсулуу Авазбекке да „жок“ жообун берет. Айсулуу атайы барып, колхоз башкармасынан Авазбектин канча эмгек күнү бар экендигин текшерип көрөт. Анан:

„Он айда иштегениң кырк эмгек күн,
Жалкоого кыз айтабы тиемин деп“

деген жоопту берет. Авазбек Айсулуунун бул сөздөрүнөн кийин намыстанып эпкиндүү иштей баштайт. Айсулуу да, Авазбек да комсомолго киришет. Авазбек оңолгон соң Айсулуунун мамилеси да оңолот. Авазбек Кызыл аскер катарына алынганда, Айсулуу аны узатып калат. Авазбек чек ара коргоп турган жерде жарадар болот. Жана көрсөткөн баатырлыгы үчүн орден менен сыйланат. Айсулуу ооруканада жаткан Авазбекти издеп барат. Аягында Авазбек менен Айсулуу үй-бүлө болуп жашап калышат. Авазбек кызыл командир болот.

Поэманын кыскача сюжети ушул. Чыгарма жаңы турмушту, жаңы адамдарды жана алардын арасындагы жаңы мамилелерди көрсөтөт. Мында биз оокаттуу колхоз турмушун, ал турмушту куруучуларды, алардын арасындагы коомдук мимилелерди көрөбүз. Турмушта эң зор орун алган сүйүү маселесинин жаңы шарттарда кандайча түрдө чечилгендигин көрөбүз. Эң башкысы, колхоздун коомдук турмушунда да, ар бир колхозчунун жеке турмушунда да эмгектин кандай роль ойногондугун көрөбүз. Темиркул сүрөттөгөн турмушта бүткүл нерсе эмгек аркылуу бааланат. Айсулуу сулуу жана окуган гана кыз эмес, ал тынбай иштөөчү да кыз. Авазбек да эпкиндүү эмгек кыла баштагандан кийин гана Айсулууга тең болот. Башкача айтсак даңкка, шанга, кадырга, даражага—булардын бардыгына жалгыз эмгек аркылуу гана жетүүгө болот. Эмгек кылбаган кишини—жалкоону эл да жактырбайт, ал жалкоо канчалык шайыр жигит болсо да, Айсулуу өңдүү алдыңкы кыздар да жактырбайт. Бул көрүнүш биздин азыркы орногон жаңы мамилелердин картинасын берет. Чыгарма бизде эмгек даңктын, абийирдин, баатырлыктын, каармандыктын иши болуп калгандыгын көрсөтөт. Анын башкы мааниси мына ушунда.

Чыгармада бул идея менен катар родинаны сүйүү—патриотизм идеясы да берилген. Авазбек колхоздо гана эмес, родина коргоо ишинде да эпкиндүү болуп, каармандык көрсөтөт. Анын

бул ишине Айсулуу да тилектеш. Ошентип, колхоздун алдыңкы адамдары родина коргоо ишинде да алдыңкы катарда турушат.

Эң аягында, Авазбек менен Айсулуунун үй-бүлө курап, ырыстуу, жыргал турмушта жашагандыгын көрсөтүү менен автор биздин ырыстуу турмушту дагы көрсөтүп кетет. Бирок Авазбектин өзгөрүп, эпкиндүү иштей баштаган жерин жана Айсулуунун эпкиндүү иштегендигин автор турмуштагыдай кылып бере алган эмес. Бул жерлер сүрөттөө эмес, баяндоо болуп калган.

## АТА МЕКЕНДИК СОГУШКА АРНАЛГАН АДАБИЯТ

Кыргыз акын жазуучулары да бардык совет эли менен катар улуу ата мекенди коргоого аттанып, боец катарында улуу согуш майданына кетип жана ата мекендик улуу согушка, анын баатырларына, согуш убагындагы тылдын авалына арнап ырлар, аңгемелер, пьесалар жазып жатышат.

Алардын жазган чыгармалары газета жана журнал бетинде жарыяланып, китеп болуп басылып, пьесалары театрларда коюлуп жатат.

Ырлар 7—8 жыйнак болду. Булардын ичинде „Мекен" жана „Москва" деген жыйнактарга бир топ жазуучулардын родинаны коргоого үндөгөн жана Москва шаары коркунуч астында калганда, ага жардамга чакырган ырлары кирген. Мындан башка Алымкулдун ырлары „Ант" деген жыйнак болуп, Аалыныкы „Алга" деген, Кубанычбектики „Канга кан" деген, Жоомарттыкы „Шумкар ыры" деген, Шамшиевдики „Фронт ырлары" деген жыйнак болуп чыкты.

Анан Сыдыкбековдун, Маликовдун, Баялиндин, Элебаевдин, Токомбаевдин жана башкаларынын ата мекендик улуу согушка жана Кыргызстан эмгекчилеринин согуш кезиндеги ишине, турмушуна арналган бир топ аңгемелери чыкты. Маликов душмандын коргоосунда турган Ленинград шаарын көрсөтүп, Токомбаев, Жантөшев, Жоомарт жана Сыдыкбеков баатыр гвардейцтерди көрсөтүп очерктер ж. б. жазышты.

Дагы ата мекендик согушка арналып бир топ пьесалар жазылып, булардан, „Ант", „Азаматтар", „Кара туман" деген үч пьеса театрлар үчүн кабыл алынды.

Бул ата мекендик согушка арналган адабият а дегенде, албетте, согуш майданын да, советтик тылды да элестетип көрсөтө алганы жок. Анткени ал үчүн болуп жаткан окуяларды байкоого, өздөштүрүүгө убакыт керек эле. Ошондуктан а дегенде жазылган чыгармалар, айрыкча ырлар бир нерсени элестетип баяндабастан, тикеден-тике күрөшкө чакырып, ураан көтөргөн чыгармалар болду. Ал гана эмес, бу агитациялык чакырык духу пьесалардан да көрүнөт. Аларда терең сезимдерди ачып, татаал окуяларды байланыштырып жана чечип берүүдөн агитациялык чакырык көбүрөк. Жалпы ата мекендик согуштун сүрөтүн, анын баатырларын жанада советтик тылды айкын

элестер менен көрсөтүүчү чыгармалар кийничерек пайда боло баштады. Азыр бизде 28 баатырды, айрым панфиловчуларды, күрөшүп жаткан Ленинградды жана советтик тылдагы стахановчул эмгекти айкын көрсөткөн айрым ырлар, аңгемелер, очерктер бар.

Ал эми ырлардын тематикасын жалпы талдап карaганда төмөнкүнү көрөбүз. Баарынан мурда алар ата мекендин өзүнө арналып, аны жан аябай коргоого чакырышат. Кубанычбек Маликов айткандай:

„Мекеним кең Москва, таалай чачкан,
Мекеним—Украина, алтын баскан,
Мекеним—Памир, Алай, Тьяншандар,
Аскасы асман менен кучакташкан...“

Мына ушул Москва, Алай, Украина, Тьяншандарды коргоого улуу совет эли катарында кыргыз эли да даяр.

„Маа десе, шамал айдап, уу чачса да,
Көлкүлдөп жердин жүзүн суу басса да,
Биз жоого кол куушуруп, баш ийбейбиз,
Күңгүрөп, жер козголуп, ай батса да...“
(„Мекеним“)

Анткени кыргыз элин эл кылып, эркиндик-бостондукка, ырыстуу-жыргал турмушка жеткирген ата мекен—Советтер Союзу болду. Жусуп Турусбеков айткандай:

„Бүтүндөй көр оозуна барып калган,
Туш, тушту курчап турган азап арман,
— Келгин! деп орус эли колун берип,
Куткарган аман, эсен ошол алдан...
Фашизм өлкөбүзгө колун сунду,
Баатырлар! эне сүтүн актар кезек!...“
(„Кайда качат“)

Мында Жоомарт Бөкөмбаев айткандай:

„Сүйүшүп жүрүп кезиккен,
Жүрөктүн сырын чечишкен...“

жандай көргөн жарлары кызыл аскер катарындагы, „эл четинде, жоо бетинде“ жүргөн жигиттерди каармандарча күрөшкө чакырышат. Алар:

„Көпкүлөң душман ичпесин,
Көгүлтүр суусун дайранын.
Сагынып жүргөн жаш жарың,
Саламы ушул „Сайранын“.
(„Саламы ушул Сайранын“)

деп жигиттерге салам жиберишет.

Мында Саткын Сасыкбаев сүрөттөгөн энелер:

„Жаныңды аябай аттанып,
Өлкөңдү мыкты коргогун, уулум.
Касташкан заардуу душмандан кач пай,
Тамырын үзө толгогун, уулум..."

деп, эмчек сүтүн берип баккан уулдарын боштондук үчүн улуу күрөшкө чакырышат.

Жалпы ырлардын негизги көпчүлүгү ата мекендик улуу согушка кары дебей, жаш дебей бүт совет элинин аттанганын көрсөтүп, родинаны коргоп жаткан баатырларга арнап жазылган. Мында Мукай Элебаев айткандай, бардык эл:

„Жаш—кары жок, түп көтөрө жабыла,
Аянбаган кыйын жоону бет ала,
Жердин жүзүн каптагандай калың сел,
Көтөрүлдү чын кармашар майданга..."

Мында Түгөлбай Сыдыкбеков айткандай:

„Биздин колхоз бай колхоз,
Төрт түлүгү шай колхоз.
Ат жибердик кара жал,
Көкүлүн түйүп минип ал.
Душман сага бет бакпай,
Айласы кетип болсун дал..."

деп, колхозчу келиндердин кызыл каармандарды шыктандырганы, колхоз элинин Кызыл Армияга кеңири жардам бергени көрсөтүлөт. Мында Абдырасул Токтомушов айткандай „Кошулуп катарына партизандын", „аттанып өч алууга чыккан жапырт" балдар менен чалдардын каармандыгы айтылат.

Мында ата мекендик согуштун баатырларын жана ал баатырларга жетекчилик кылган кеменгер көсөмдөрдү кыргыздын эң сүйүктүү образдары менен салыштырып берилет. Алымкул Үсөнбаев:

„Араласаң душман кыйрап боо түшкөн,
Бала барчын, баарың кыраан, ылачын..."
„Барчындарды баштап жүргөн кырааным,
Болот текөөр, тепсе жайлап тынарым.
Машыктырган Ворошилов маршал бар,
Ачык-айкын жоону ойрон кыларың...
(„Баатырлар")

деп, кыраан ылачындарды жана машыктырган маршал Ворошиловду сүрөттөсө, Жоомарт:

„Таалайлуу элдин эрки үчүн,
Талпынын учуп чыкканмын.
Мүнүшкөр биздин Сталин,
Мүрөктүн суусун жутканмын.
Табыма келген кезегим,
Талкалайым, өлкөм, душманың...“
(„Шумкар ыры“)

деп, мүрөктүн суусун ичкен шумкарларды жана мүнүшкер Сталинди сүрөттөйт.

Анан биздин акындар азыркы ата мекендик улуу согуштун баатырларын, алардын эрдигин, каармандыгын кыргыз элинин баатырлык тарихинен алынган образдарга салыштырып ырдашат. Азыр улуу орус эли менен жана СССРдин башка элдери менен кошо боштондук үчүн кан ичер гитлерчилерге каршы жан аябай кармашып жаткан кыргыз эли, өткөн кылымдарда да четтен кол салган душмандар менен күрөшүп келген. Ал каармандык күрөштөр кыргыз элинин кооз эпосторунда ырдалып, сүрөттөлүп келет. Ал күрөштөрдүн баатырлары унутулбас образ болуп ырдалат. Мына азыркы ата мекендик улуу согуштун кезинде ал баатырлардын образдары, ал кездеги кыргыз элинин каармандык күрөшү фашисттерге каршы ыйык күрөшкө шыктандыруучу образдар жана фактылар болду. Биздин акындарыбыз, Аалы айткандай:

„Курулуш жолду бузууга,
Парашют менен келгенин,
Асмандан терип түшүрдү
Кожо Жаш өңдүү мергеним...“
(„Гитлердин өлөр мүчөлү“)

деп, биздин снайперлерди эл баатыры—мергенчи Кожожашка теңештиришет, же Жоомарт айткандай:

„Карыга найза илинген,
Кадимден баатыр эл элек,
Кан Бакай баштап жоо сайган
Кайраты ташкан эр элек...“

деп, өтмүштөгү баатырлыкты жана ошол доордун белгиси катарында эл тарабынан түзүлгөн хан Бакайдын образын элестетишет.

Аалы болсо, „Манастын жердеши“ деген ырында душмандын тогуз самолётуна каршы бир өзү кармашкан шерди—Таластан чыккан жаш учкуч Бейшенди сүрөттөп, „өлкөнүн жаңы Манасынын“ образын берди.

Үмөталиев Темиркул „Тулпар“, „Кылыч“ деген ырларында эл адабияты түрүне салып, Кызыл Армиянын курал-жарагын сүрөттөдү, ал:

„Баскын тулпар, бас атым,
Сенсиң менин кантым...“

деп, жана:

„Жалтылдаган кылычым,
Сенсиң менин ырысым“

деп „Манастын“ элестерин эске түшүрдү.

Мындан башка бир топ ырларда фашисттердин мыкачылыгы, элге көрсөткөн кордук-зордугу көрсөтүлөт. Алардын илимди, маданиятты кандай тепсеп жаткандыгы далилдеп берилет. Эң аягында, биздин акындар:

„Жан алгычка сөз жарашпайт, ок керек.
Колу, бутун куйкалоого чок керек.
Кызыл көздүү бул кутурган иттерге,
Бомба, танкы, замбиректей чот керек.
Башын кессек, асман, жерден өрттөсөк,
Дүйнө жүзү, мына ошону эп көрөт“.
(„Канга кан“)

деп, канга кан менен жооп берип, фашисттик варварларды аёосуз кырууга, фашизмди жер жүзүнөн жок кылууга чакырышат.

## „СОГУШ КҮНДӨРҮНДӨ“

Ата мекендик улуу согуштун баатырларын жана советтер тылында фронт үчүн жан аябай иштеп жаткан совет патриотторун көрсөтүүгө арналган аңгемелер жыйнагы. Автору Сыдыкбеков Түгөлбай.

Жыйнактагы „Эрдик“ деген аңгемеде Александр деген политрук менен Пётр деген боецтин башынан өткөргөн бир окуя сүрөттөлөт. Булар полктун тагдырын чечүүчү бир пакетти жеткирүү жөнүндө кужурмөн тапшырма алышат да, аны мүмкүн кадары тез жеткирүү үчүн эң жакын, бирок эң коркунучтуу жол аркылуу жөнөшөт, мындайча айтканда душмандардын катарын басып өтүшөт. Буларды немецтер байкап калып, ок астына алышат. Булар окко да, кыштын чытырдаган суугуна да карабастан, боору менен жылып олтуруп, чегинген солдаттар таштап кеткен пулемётко жетишет. Анан жолду душмандан тазалап алуу үчүн, пулемёттон немецтерди көздөй ок жаадырышат. Бул урушта баатыр боец Пётр өлөт. Александр кантип болсо да пакетти аман жеткирүү максаты менен, өлгөн адам кейпине кирип, өлүктөрдүн арасына жатып калат. Бирок кокустан немецтер жанымды аңтарып, пакетти таап алышпасын, алар жакын келсе, өзүм өлсөм да пакетти жок кылайын, деп, бир гранатаны жарылууга даярдап, бооруна баса жатат. Аягында душман аны байкабай калат да, ал пакетти өз увагында алып келип тапшырат.

Бул аңгеме Александр менен Пётрдун каармандыгы аркылуу ата мекендик ыйык согуштун майданындагы миллиондогон кы-

зыл каармандарыбыздын элесин берет. Азыркы күндөгү согушта ар бир боецтен, командирден канчалык зор туруктуулук жана жан аябаган эрдик талап кылынганын, согуш шартынын кандай татаал, кандай кыйын экендигин көрсөтөт. Александрдай, Пётрдой болууга чакырат.

„Замбирекчилер“ деген аңгеме шаңдуу панфиловчулардын согуш майданындагы турмушунан алынган очерк.

Мында Нукай жана Качкынбай деген гвардейц кыргыз жигиттери көрсөтүлөт. Булар замбирекчилер. Ошону менен катар Качкынбай байланышчы кызматын да аткарат. Булар позиция ээлеп, согушка даяр турган кезде, Нукайга сүйгөн кызынан кат келет. Тууган элден ыраак, каардуу согуш майданында үйүнөн кат алуу эң зор кубанычтуу иш. Ага бир Нукай гана эмес, баары кубанышат. Катты баары боецтер жыйналып окушат. Бирок ал жерде кат окуу да, кат жазуу да оңой иш эмес. Булар катты окуп, ага жооп жазгыча, душмандын эки—үч атакасын кайтарып, аны менен бир нече жолу кармашууга туура келет. Бул уруштарда Нукай менен Качкынбай көп эрдик көрсөтүп, замбиректи таамай атып, фашисттердин бир талай танкыларын, машиналарын талкалашат. Качкынбай байланышчылык тапшырманы аткарууга барган кездеринде бир жолу бир немец ефрейторун колго түшүрүп, экинчи жолу бир шпионду атып өлтүрүп келет.

Түгөлбайдын бул аңгемеси бизди согуш майданындагы шарт менен, андагы боецтердин күндөлүк турмушу, жүрүш-турушу эрдик-каармандыгы менен тааныштырат.

Бул аңгемедеги окуялар чынында болгон иш. Аларды Түгөлбай Нукайдын өз оозунан угуп жазган.

Жыйнактагы калган аңгемелер советтик тылдагы патриоттордун бул ата мекендик улуу согуш мезгилинде кандай жашап, кандай иштеп, фронтту кандай колдоп жатканын көрсөтөт.

„Пайдага чечилген чатак“ жана „Тарбия“ деген аңгемелер кыргыз колхоздорунун ата мекендик согуш үчүн адам жана материал резервдерин кандай камдап бергендиктерин сүрөттөйт. Колхоздор жана колхозчулар өздөрүнүн жумушун согуш талабына ылайыктап, кандай кайра кургандыгын көрсөтөт. „Пайдага чечилген чатакта“, бир бирине ызырынып жүргөн бригадир абышка менен жылкычы абышка да ата мекендик согуш үчүн жардам берүү маселесине келгенде бир пикирде болуп чыгышкандыгы жана ошентип алардын чатагы пайдага чечилгендиги айтылат.

„Тарбияда“ бир колхоздун Кызыл Армияга кандай сонун жылкыларды жана кандай туруктуу жигиттерди бергендиги көрсөтүлөт.

„Эл оозунда“ деген аңгемеде Түгөлбай фашисттердин бетбактык кылып кол салышына элдин айрым катмарлары кандай карагандыгын айтып, биздин биротала жеңишибизге элдин терең ишенгендигин жана ал жеңиш үчүн бардык ишти иштөөгө элдин даяр экендигин көрсөтөт.

## „ЛЕНИНГРАД СОГУШ КҮНДӨРҮНДӨ"

Бул душмандын курчоосунда калган Ленинград шаарынын авалын, аны коргоочулардын баатырдыгын, каармандыгын көрсөтүүгө арналган очерк.

Автору Кубанычбек Маликов. Ал Кыргызстан делегациясы катарында Ленинградга барган кезде көргөндөрүн негиз кылып жазган.

Мында автор Ленинград шаарынын сырткы көрүнүшүн, андагы элдин күндөлүк турмушун, завод-фабрикалардын жана башка уюмдардын кандай шарттарда иштеп, кандай кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жаткандыгын көрсөтөт.

Мында биз душмандын курчоосунда калып, турмуштун бардык жагынан кысымчылыкка учураган элдин каармандыгын көрөбүз. Шаар электрсиз, отунсуз, транспортсуз калат. Кала берсе суу да жетишпейт. Нанды болсо, күнүнө жан башына 125 граммдан алып турган убакыттары болот. Анын үстүнө немецтик-фашисттик мыкачылар шаарды авадан бомбалап, замбиректен атып, дайым от астында кармашат.

Мына ушул шарттарда Ленинграддыктар күн-түн дебей бир жагынан ишканаларда стахановчо иштеп, экинчи жагынан шаарды коргоо үчүн чептер жасап, элдик ополчение полкторун түзүп, фашисттерге каршы күрөшө беришет.

Электр, отун жоктугунан машиналар жүрбөй калганда, жумушчулар мотор ордуна өздөрү кыймылдатып, машиналарды кол күчү менен жүргүзүшөт. Ошондо да стахановчо иштеп, нормаларын эки—үч эсе ашырып аткарып, фронтту курал-жарак менен үзгүлтүксүз жабдып турушат. Элден түзүлгөн ополчение полктору кызыл аскерлер менен бир катарда кармашып, зор каармандык көрсөтүшөт.

Маликов бул очеркте Ленинградды жана анын элин көрсөтүү менен катар, бул улуу шаарды коргоп жаткан кызыл каармандарды да—кызыл аскерлерди жана кызыл моряктарды да көрсөтөт. Алардын ичиндеги баатырлардын каармандык иштерин көрсөткөн окуяларды сүрөттөп берет.

Ошону менен катар кыргыз делегациясын Ленинграддыктар, кызыл аскерлер жана моряктар кандай кубаныч менен тосуп алышканын, бул учурашуулар кандай терең сезимди козгоп, кандай ой-пикирлерди айттырганын жазып, бул аркылуу СССР элдеринин кажыбас бирдигин, родинаны коргоо үчүн бир адамдай баш кошуп, даяр тургандыктарын көрсөтөт.

## „ТЯНЬ-ШАНЬДЫК ЧАЛГЫНЧЫ"

Бул панфиловчу баатыр гвардейц Ашырбай Коёнкозовдун согуш майданында башынан өткөн иштерин, көрсөткөн баатырдыгын, каармандыгын сүрөттөгөн очерк. Автору Аалы Токомбаев. Очерк Ашырбайдын өз оозунан жана жолдошторунан угулуп жазылган.

Мында Аалы а дегенде Ашырбайдын кыскача өмүр баянын айтып, анан анын башынан өткөн каармандык эпизоддорду жазат.

Ашырбай 8-гвардиялык Панфилов дивизиясынын 75-полкундагы чалгынчы. Ал согуштун башынан дээрлик уруш майданында жүрүп, далай кужүрмөн тапшырмаларды аткарып, бетпак фашисттердин далайын кырып, далайын колго түшүргөн. Ал эсепке ала баштагандан бери гана 138 фашистти өлтүрүп, 15 мыкачыны тирүү кармап келген. Мындан башка эсепке кирбей калгандары да бир далай болгон. Ал караңгы түндөрдө, ызгаар суутарда, кар-муздун, жаан-жамгырдын ичинде, душмандын мөндүрдөй жаап турган огу астында жүрүп, полкко, дивизияга керектүү маалыматтарды таап, „тилдер" (туткундар) кармап келген. Аны бир танкынын жанына кароол кылып койгон кезде, ал танкыны алып кетүүгө келген бир бөлүк немец солдаттары менен бир өзү атышып, танкыны сактап калган. Бул уруштун өзүндө гана ал жыйырма фашистти жайлап салган. Мына ушундай эрдиги, баатырдыгы үчүн командование жана өкмөт аны орден менен сыйлашкан.

Ашырбайдын өзү барып турган эмгекчил бүлөдөн чыгып, өмүрүн ак ниет эмгек кылып өткөргөн жигит. Ал Пржевальск шаарында ат багуучу болуп иштеп турган жеринен аскерге алынган. Ошентип Ашырбай согушка чейин катардагы совет адамдарынын бири болгон болсо, азыр ал кыргыз элине, ал гана эмес, бүткүл Кызыл Армияга, бүткүл өлкөбүзгө белгилүү баатыр. Ашырбайдын фигурасы советтик патриотизмдин, советтик элдин баатырлыгынын үлгүсүн көрсөтөт. Ашырбай улуу ата мекен үчүн кыргыз элинин кандай баатырлык менен күрөшкөндүгүнүн тирүү белгиси болот.

## „АНТ"

Ата мекендик улуу согушка арналган драма. Автору Аалы Токомбаев.

Ант 4 көшөгөлүү драмма болуп, ата мекендик улуу согуш башталган кездеги советтик тылдын турмушун жана совет патриотторунун ыйык согуш майданында жүргүзгөн каармандык күрөшүн көрсөтөт.

Биринчи, экинчи көшөгөсү согуш башталар алдынан эркин эмгек, жыргал турмушта жаткан совет элин көрсөтөт. Мында кыргыз элинин 1916-жылы падышага каршы көтөрүлүш чыгарган кездеги баатырларынын совет кезинде кандай жашагандыгы сүрөттөлөт. Ал үчүн Аалы өзүнүн „Кандуу жылдар" деген романындагы баатырларды алат. Башкы баатыр Белек Алымкулов — 1916-жылдагы көтөрүлүштө жетекчи болгон жана „Кандуу жылдарда" көрсөтүлгөн Алымкулдун уулу. Белек эми лейтенант, ошону менен катар 16-жылдагы көтөрүлүштө катышкан Жунуш да көрсөтүлөт. Ал азыр ордендүү—активист, айыл-советтин председатели. Булардан башка 16-жылды башынан өткөргөн комузчу кария Мурат да көрсөтүлөт. Окуя Белектин үйүндө болуп, катышуучулар Белектин үй бүлөсү—энеси, иниси, колуктусу жана жакын адамдары: Жунуш, Мурат. Булардын ичинде колхоздун эсепчиси Жарбаң деген бар. Ал кийин эл душманы бо-

н, Горькийлерден таалим алат. Ошондой эле, жарадар болгон ецти өлүмдөн куткаруу үчүн, өзү өлүүгө даяр болуп, канын рген каарман Зыйнат да кыргыздын өз айылынан четке чыкган сабатсыз кызы эмес. Ал жогорку маалыматтуу врач. Эң гында 16-жылдын баатыры Жунуш да мурунку сабатсыз Жуш эмес. Ал азыр өз чөйрөсүнө жараша сабаттуу, билимдүү на илим-техникадан кабардар адам.

Ошентип, Аалы бул пьесасында биздин өлкөнүн турмушунгы мүнөздүү өзгөрүштөрдү ата мекендик улуу согушта элдин рсөткөн каармандыгы менен байланыштырып көрсөтөт.

Ырас, Аалы согуш майданында болбогондуктан, согуш учун көбүнчө схема менен берет. Согуш жүрүп жаткан кезде ецтердин кандай сезимдерди баштан өткөрүшү, алардын күнлүк турмуш шарты, жүрүш-турушу кандай экендиги көрсөлбөйт.

## „АЗАМАТТАР“

Ата мекендик улуу согушка арналган пьеса. Авторлору Жантөев менен Сарбагышев.

Кыскача сюжети төмөнкүдөй: 1-көшөгөдө старший лейтенант штан үйүнө отпускага келип, аны энеси, жолдоштору жана йгөн кызы Мария каршы алат. Бул кубанычтуу окуяга арнап, он-тамаша менен олтурган кезде, фашисттердин Советтер юзуна кол салгандыгы жөнүндө радио аркылуу кабар берилет. шо замат эле Таштанды кайра чакырган телеграмма да келет. аштан бардыгы менен коштошуп, аскер бөлүгүнө жөнөйт.

2—3-көшөгөдө ата мекендик согуштун майданы көрсөтүлөт. ында Таштан менен дагы бир командир душманга чабуул юу планын иштеп чыгышат. Таштан өзүнүн бөлүгү менен душандын мотомех бөлүгүн курчап алууга тийиш болуп, ошо тапырманы аткарып, фашисттерди талкалайт. Бул урушта анын эки олдошу Мамыт менен Сергей фашисттердин огуна учуп өлөт.

Таштан чабуулга кеткен кезде, анын сүйгөн кызы Мария менн Мамыттын сүйгөн кызы Күлүя да ошо жерге келишет. Бур мединститутту бүтүрүп, кызыл аскер катарына кирген болуат. Анан атайы сурнып Таштандын бөлүгүнө келишет. Алар едсестра болуп жарадарларды карап жүрүшөт. Мария жарадар олгон Мамыттын үстүнөн чыгып, ага жардам берип жаткан кез, жашырынып турган фашист солдаттары аны кармап кетишет. нан Мамыттын үстүнө Күлүя келип калат да, Мамыт анын коунда өлөт. Бул кезде бир топ фашист солдаттары Күлүяга да л салганда, Таштан баш болгон кызыл аскерлер келип, алар кууп жөнөшөт.

Бул эки ортодо Марияны фашисттик аскер бөлүгүнүн штабына ып барып, сурак кыла башташат. Ал эң баатырларча жооп берип, яша айтышат. Аны дарга асып жаткан кезде Таштан бир топ зыл аскерлер менен келип, куткарып алат.

Бул көшөгөлөрдө Таштан менен анын жолдошторунан баш командирлер, кызыл аскерлер, учкучтар жана бир партизан

бала көрсөтүлөт. Булардын бардыгы ошо Таштан катышкан чабуулга катышат. Партизан бала--Гриша болсо, партизандардан кызылдарга чалгынчылык кабар алып келет. Анан командирдин берген катын партизандарга алып баратканда фашисттердин колуна түшөт. Бирок ал катты фашисттерге бербес үчүн, оозуна салып жутуп жиберет. Фашисттер аны Мария менен кошо өлтүрмөк болуп турганда Таштандар куткарып алышат.

Булардан башка фашисттик солдаттар, офицерлер жана генерал көрсөтүлөт. Алардын аскерлеринин камчы астында, офицерлерден корккондуктан согушкандыгы, офицерлеринин жана генералдын мыкачылыгы жана өзүнөн жогорулларга калп айтып, кызылдарды талкалап салдык, деп рапорт бергендиги көрсөтүлгөн.

Пьеса совет элинин ырыстуу жыргал турмушун фашисттик мыкачылар кандай бетпактык менен бузгандыгын жана бүт совет эли, карысы да, жашы да, жигити да, кызы да ата мекенди коргоо үчүн ыйык согушка аттангандыгын көрсөтөт. Ал согуш майданындагы кызыл каармандардын эр жүрөктүүлүгүн, баатырлыгын сүрөттөйт.

Пьесанын баатырлары Таштан, Мария, Мамыт, Күлүя, Сергей, Зубов, Сахаров, Гриша болсо да, албетте, пьесадагы аракеттерди байланыштырып турган башкы образдар Таштан менен Мария. Булар совет кезинде өскөн, советтер тарбиялап, такшалтып чыгарган адамдар. Болгондо да жогорку маалыматка ээ болгон, маданияттуу жана ошону менен катар коммунизм идеясы үчүн күрөш жолунда жанын берүүдөн баш тартпаган советтик ак жүрөк патриоттор. Ошондуктан булар ата мекендик улуу согуштун дал кайнаган жеринде душман менен кайраттуу түрдө кармашат.

Таштан менен Мария жана пьесанын башка баатырлары советтик патриотизмдин жана жалпы советтер элинин турмушунун интернационалдыгын да көрсөтөт. Мында орус, кыргыз эмгекчилери бир тууган болуп, жыргал турмушта жашагандыгын жана душманга каршы да биримдик бир катар болуп күрөшкөндүгүн көрөбүз.

Ошону менен катар фашисттер лагеринин бүткүл иши калпка, алдоого, мыкачылыкка негизделген экендиги, алардын эзүүчүл, талоончул экендиги көрсөтүлөт.

Пьесанын кемчиликтери катарында төмөнкү учурларды көрсөтүп кетүү керек. Пьеса да жыргал турмушту көрсөтөбүз деп, авторлор ичкиликти өтө мактап жиберишкен. Кыз тууралу айтылган жеринде кыздардын жалпы граждандык сапаттары эмес, жалаң аялдарга таандык сапаттары гана айтылып калган. Ошондуктан алардын мүнөздөмөсү бир жактуу болуп чыккан. Анан авторлор советтик патриотизмди көрсөтөбүз деп, Таштанды, анын энесин, Мариянын атасы Иванды ораторго айландырып жиберишет. Таштан кетип баратканда сүйлөнгөн сөздөр, фронтко жакын адамын узатып жаткан үй бүлөнүн картинасын бербейт. Анда ораторлор сүйлөп жаткан салтанаттуу чогулуштун элеси берилет.

# „КАРА ТУМАН"

Ата мекендик улуу согушка арналган драма. Автору Касымбек Эшмамбетов.

Пьеса а дегенде Асан деген кызыл командир капитандын ата мекендик улуу согуш башталар кездеги үй бүлөсүн көрсөтөт. Асан кыргыз жигити. Ал Лиза деген орус кызына үйлөнүп, Россиянын чек арадагы бир шаарында турат. Карындашы Айша да алар менен бирге туруп, ошо жердеги жогорку окуу журтунда окуйт. Бул көрүнүштө Асан, Лиза, Айша үчөөнөн башка, аскер кызматчысы—кыргыз жигит Камбар жана Лизанын атасы Иван Кузмич, анын пионер баласы Коля, Иван Кузмичтин коңшусу Миколь, анын кызы Оксана жана Айша менен бирге окуган Валериан деген жигит көрсөтүлөт. Автор ушул эркин эмгек кылып, илим-маданият алып, ойноп, күлүп жашап жаткан совет адамдары немецтердин родинабызга кол салганын укканда, аларда кандай патриоттук сезимдин козголгондугун көрсөткөн. Бул адамдардын Миколь Захарич менен анын кызынан башкалары ата мекендик улуу согуш майданына жөнөйт. Асан, Камбар, Валериан, Лиза, Айша кызыл аскерлерге, Иван Кузмич болсо партизандыкка кетет. Бирок Миколь Захарич, мен күрөшпөсөм деле эчтеке болбос, деп өзү да үйүндө калат, кызын да жибербейт.

Андан кийин согуш майданында, Асан, Камбар, Валериан, Иван Кузмич жана башкалардын немец аскери менен кармашканы көрсөтүлөт. Согушта Валериан жарадар болуп, Асан менен Камбар колго түшөт. Жарадар болгон Валерианды Лиза менен Айша куткарып кетишет. Бул эки ортодо немецтер Мосин деген чыккынчынын көрсөтүү менен Миколь Захаричти, аялын жана кызы Оксананы кармап келип, аялы экөөн өлтүрүшөт. Кызы Оксананы алып калып, офицерлер анын намысына тийип, зордук-кордук көрсөтүшөт.

Немецтер Асан менен Камбарды да катуу жазалап, кыйнап өлтүрмөк болушат. Бирок Иван Кузмичтин пионер уулу Коля буларды көрүп калып, атасына кабар берет. Иван Кузмич партизандары менен келип, аларды куткарып кетет. Анан булар кайра келип Оксананы да куткарып кетишет.

Мындан кийин булардын бардыгы партизан болуп, немецтерге каршы күрөшөт. Аягында булар немецтердин гарнизонун талкалап, башкы офицери Фишерди жана чыккынчы Мосинди кармап алышат. Бирок Мосин колго түшө элек кезинде Айшаны пычак менен сайып жарадар кылат. Ал ошо жарасынан өлөт.

Бул окуялар менен катар немецтердин мыкачылыгын, кала берсе өздөрүнүн жарадар болгон солдаттарын да өлтүргөндүгүн көрсөткөн картиналар берилет. Анан Айша менен Валериандын жана Петро менен Оксананын бир бирин сүйүп, өмүрлүк жар болууга убада бергендиктери да көрсөтүлөт.

Касымбек бул пьесасында баатыр совет элинин сүйүктүү ата мекен үчүн жүргүзгөн күрөшүн согуш майданындагы окуялар жана совет патриотторунун элестери аркылуу көрсөтөт.

Ал кыргыз менен орустан куралган интернационалдык

үй бүлөнү алып, ошо аркылуу советтик элдин маданияттуу, оокаттуу жыргал турмушунун да, совет адамдарынын патриотизминин да интернационалдык мүнөздө экендигин баяндайт. Жалпы улуу орус элинин маданияты, баатырдыгы жана мурун эзилген элдерге кылган жардамы жөнүндө пьесада көп айтылган. Автор мына ушул жол менен совет элинин интернационалдык турмушун, кажыбас бирдигин жана улуу орус элинин жетекчи, жардамчы ролун чийип көрсөтөт.

Анан автор Миколь Захаричти мисал кылып, немецтик басып алуучуларга каршы күрөшпөгөн адамдын тагдыры не болорун көрсөтөт. Немецтик-фашисттердин анык кул ээлөөчү зордукчул мыкачылар экендигин, алар бүткүл элге зордук-кордук, кулдук алып келаткандыктарын түшүндүрөт.

Ал немец офицерлери менен солдаттарынын элеси аркылуу фашисттердин герман элин да эзип жаткан экендигин билдирет.

Анан Мосиндин фигурасы аркылуу фашисттерге жалаң гана кылмышкер таштандылардын кызмат кылгандыгын, совет жеринде немецтер ошондой таштанды элементтерге гана сүйөнгөндүгүн көрсөтөт.

Пьесанын жалпы стилин алганда ал агитка түрүндө түзүлгөн. Баатырлардын сөздөрүнүн көбү күндөлүк турмушта сүйлөнө турган кадиресе сөздөр эмес. Алар дикломация айтып жаткан актёрдой сүйлөшөт. Бул пьесаны бир топ аксатат.

Анан Асан менен Камбардын немецтер колуна түшкөн учуру да, алардын сурак кезиндеги жүрүш-турушу, берген жообу да ал баатырлардын мүнөзүнө ылайык эмес. Алар оңой гана колго түшүп беришет жана немец офицери менен сүйлөшкөндө да эң жай, жумшак жооп беришет. Бул жерде алардын артыкча бир каарданып, ызырынып турганы көрүнбөйт. Оксананы да автор толук көрсөтө албаган. Анын башына эң укмуштуу күйүттөр түшсө да, артыкча жабыркаганы сезилбейт.

## МАЗМУНУ


I бөлүм

Кыргыз фольклору—*Богданова М. И.* . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

Эпостук поэмалар—*Жакишев Ө.* . . . . . . . . . . . . . . . . . . 107

II бөлүм

Колония доорундагы адабият—*Саманчин Т.* . . . . . . . . . . . . . . 125

III бөлүм

Кыргыз совет адабияты—*Рахматуллин К. А.* . . . . . . . . . . . . . 178

Редактор коллектив. ...., Рахматул...

Терүүгө 18/XI-1942-ж. берилди. Басуу... ...лду. Бир басма табакта 47.200 тамга. Бардыгы 17½ басмакуга 11/VI 1943-ж. ...бак Д—1144
Заказ. № 3746. ...сма табак. 20,... ...ю. Тиражы 4100.

Фрунзе, ти... ...олитография 1.